А. К. Дөталиев
М. К. Иманкулов
Ө. Б. Саалаев



# ЖАҢЫ ТАРЫХ

# 8

Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик Герби




Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик Желеги



# Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

*Сөзү: Ж.Садыков, Ш.Кулуевдики.*
*Обону: Н.Давлесов, К.Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Алатоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*

Алгалай бер кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер.
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма.*

А. К. Дөталиев, М. К. Иманкулов, Ө. Б. Саалаев

# ЖАҢЫ ТАРЫХ

## 8-класс

Орто мектептер үчүн окуу китеби

*Биринчи басылышы*

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген*

«Билим-компьютер»
Бишкек – 2007

УДК 373.167.1
ББК 63.3 я 721
Д 70

Адис редакторлору: Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук академиясынын корр. мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор *О.Ж. Осмонов*; Кыргыз Билим берүү академиясынын бөлүм башчысы *А.Б.Элебесова*.

Рецензенттери: Тарых илимдеринин доктору, профессор Т.Н. Өмүрбеков; «Себат» эл аралык билим берүү мекемесинин вице-президенти, улук методист *Р. А. Асакеева*; Бишкек шаарындагы Ч. Айтматов атындагы кыргыз-түрк лицейинин тарых мугалими *Б. Р. Мамбетов*.

Бул окуу китеби сынакка 2005-ж. «Инсанат» басмасында даярдалган.

**Дөталиев А. К. ж.б.**

**Д 70** Жаңы тарых. 8-кл.: Орто мек. үчүн окуу китеби. /А.К. Дөталиев, М. К. Иманкулов, Ө.Б. Саалаев.–1-бас.–Б.: «Билим-компьютер», 2007. – 192 б.:ил.

ISBN 5978–9967–426–36–8

Окуу китеби мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлүп, дүйнөлүк тарыхтын илимий жетишкендиктери эске алынды.
Европа, Америка, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн XVII к. аягы XIX к. башындагы өнүгүшү бирдиктүү цивилизациялык прогресс катары берилди. Окуу китеби тарыхый документтер, карта жана иллюстрациялар менен жабдылды. Параграфтардын башына тема боюнча кыскача түшүнүк жана аягына өтүлгөн материалдарды талкуулоо үчүн суроолор жана тапшырмалар берилди.Андан тышкары өз алдынча жана чакан топтордо өтүлгөндөрдү бышыктоо жана анын үстүндө иштөө үчүн колдонмо дептер жазылды.

Д4306020600–07

УДК 373.167.1
ББК 63.3 я 721

© Дөталиев А. Иманкулов М., Саалаев Ө., 2005, 2007
© «Инсанат», 2005
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2007
© «Билим-компьютер», 2007

ISBN 5978–9967–426–36–8

# КИРИШ СӨЗ

Ардактуу окуучулар! Колуңардагы окуу китеби дүйнө тарыхынын өнүгүүсүндө терең бурулуш жасаган, орто кылымдык коомдук тарыхый өнүгүүдөн Жаңы капиталисттик коомго өтүүгө негиз салган Жаңы мезгилдин тарыхы. Жаңы мезгил адамзаттын тарыхындагы эң негизги орунду ээлеген тарыхый доор. Жаңы мезгилдин тарыхы Жаңы капиталисттик чарбалык укладдын жана жеке менчикке Жаңы мамилелердин орношу менен башталат. Азыркы кездеги тарыхнаамада XVII к. буржуазиялык революция жаңы мезгилдин тарыхынын алгачкы барагы болуп эсептелет деген көз караш басымдуулук кылат, анткени ал бүтүндөй өлкөнүн масштабындагы ишке ашырылган биринчи буржуазиялык революция болгон жана европалык мамлекеттер менен АКШнын тарыхына жана өнүгүүсүнө зор таасир тийгизген. Демек 1640-ж. Англиялык революция жаңы тарыхтын негизги мүнөздүү этабы, буга чейин эле Европанын бир катар өлкөлөрүндө буржуазиялык мамилелер өнүгө баштаган, бирок так ушул Англиядагы гана революция капитализимдин башатына чечкиндүү кадам койду. Ошо менен катар эле дагы бир эң негиздүү прогресске – жаңы мезгилдеги коомдун жана анын саясий структурасынын демократиялашуусунун башталышына түрткү берди.

Коомду демократиялаштыруу үчүн күрөш, б.а. анын мүчөлөрүнүн саясий, экономикалык жана юридикалык укуктарын жана эркиндиктерин кеңейтүү кийинки тарыхый этаптын мүнөздүү белгисин түзүп, ал XVIII к. аягына чейин созулду. Бул этап Жаңы мезгилдин атагы чыккан эң ири үч революция Англиялык, Американык (АКШныны көз карандысыздык үчүн согушу) жана Француздук революциялар менен даңкталат.

Тактап айтканда капитализм жана буржуазиялык коом XVIII к. аягында гана чечүүчү жеңишке жетти. Англияда өнөр жай революциясы кулач жая баштаганда, Улуу Француз революциясы феодалдык эрежелерге чечкиндүү сокку урду: андан бир аз убакыт мурда эле Түндүк Америкада көз карандысыздык үчүн согуш жеңишке жетип, бул Батыш жарым шарындагы биринчи буржуазиялык революция болду.

Англияда, андан кийин башка өлкөлөрдө өнөр жай төңкөрүшү башталды. Бул алдыңкы мамлекеттерде XIX к. биринчи жарымында аяктап, Жаңы цивилизацияны өнөр жай өндүрүшүндө машинаны кеңири колдонгон жана ага негизделген индустриялык цивилизацияны жаратты.

XVII жана өзгөчө XVIII кылым саясий, идологиялык жана экономикалык чечкиндүү өзгөрүүлөргө даярдык мезгили болуп, XVIII–XIX кк. чектеринде индустриялык цивилизациянын жаралышына алып келди. Анын түптөлүшү экономикадагы революциялык (өнөр жай төңкөрүшү) өзгөрүүлөр менен эле эмес, буржуазиялык идеологиянын өнүгүшү, саясий партия жана салттык саясий күрөштөрдүн (баарыдан мурда Англияда) пайда болушу, бүтүндөй коомдун демократияланышы менен коштолду. Машина индустриясын механикалык өркүндөтүүнүн өзү эле коомдун эски жашоосунда өндүрүштү жогорку деңгээлде көтөрө албайт эле, ошондой эле жаңы цивилизацияны да түзө албак эмес.

Ошондуктан өнөржай төңкөрүшүнүн натыйжалуу жана индустриялык цивилизациянын жаралышынын фактысынын өзү Европа жана Түндүк Америкадагы коомдогу кайра түзүүлөр өбөлгө болуп кеңири тараган

СШ №9 ... Кызыл-Октябрь село ...

Агартуу идеясы, Жаңы мезгилдеги адамдын жашоосу жана турмушунун бардык жактарына кирип, өзүнүн ишенимдүүлүгүн бекемдеп, адамзат акыл-эсин өзүнүн алгылыктуулугун ынандыра алды.

XVIII к. ортосунда Англияда башталган өнөр жай төңкөрүшү башка өлкөлөрдү да кучагына алып, индустриялык цивилизацияга негиз салган. Ал коомдун жашоосун кайра куруу, анын тынч жана гармониялуу эволюциялык өсүшүнүн өбөлгөлөрүн бекемдеди. Ошол эле мезгилде өнөр жай төңкөрүшү, өнөр жай буржуазиясы менен пролетариаттын кызыкчылыктарынын кагылышууларын жаратты. Эки таптын ортосундагы андан аркы мамиле, алардын өз ара акыйкат келишимге умтулууларына жараша болмок.

Индустриялык цивилизациянын негизи Европалык жана Түндүк Америкада калыптанып жана өнүккөн. Азия, Африка жана Латын Америкасынын ири мейкиндиктери артта калган элеттиктерди түзүп, тарыхый процесстин агымынан четте калган. Бирок бул мейкиндиктерде миллиондогон элдер отурукташып, байыркы цивилизациянын негизинде жашаган. Алардын салты европалыктарга караганда терең жана бекем болгон. Цивилизациянын очогу Европада эмес, так ушул Чыгышта жаралган. Ошондой болсо да баары бир европалык «борбор», андан тышкары АКШ бүгүнкү күнгө чейин дүйнөлүк саясатта жана экономикалык өнүгүүнүн жүрүшүндө негизги ролду ойноп келе жатат. Алардын коомдук түзүлүшү жана идеологиясы, өнөр жайы жана техникасы ошол мезгилден бери жогорку деңгээлде болуп келген. Сөз жок бул өлкөлөрдүн аскердик күчү да жогору эле. Ошондуктан Жаңы мезгилдин дээрлик баардык мезгилдеринде Азия, Африка жана Латын Америкасы түз жана кыйыр түрдө европалык «борборго» жана АКШга көз карандылыкта болушкан. Салтка айлангандай Азия, Африка жана Латын Америкасынын тарыхы Европа жана АКШнын тарыхын толуктоо катары окулуп келген.

Бирок ошондой болсо да биздин көз карашыбызда Жаңы мезгил тарыхында Азия, Африка жана Латын Америкасынын өзгөчө орду бар, буга силер окуу китебинин үчүнчү бөлүгүнөн таанышып ынанасыңар.

Ошентип Жаңы тарых окуу китебинде европалык буржуазиялык революциялар, коомду демократиялаштыруунун башталышы, өнөр жай төңкөрүшүнүн негизинде индустриялык цивилизациянын келип чыгышы, андан тышкары Европа, Азия, Африка жана Америка континенттериндеги мамлекеттердин Жаңы мезгилдеги болуп өткөн окуялары менен силерди тааныштырууга аракет кылдык.

Албетте дүйнөлүк тарыхтын чоң бөлүгүн түзгөн Жаңы тарых мезгилин билиш үчүн бул окуу куралы менен гана чектелбеш керек. Андыктан, окуучуларга илимий-популярдуу китептерди, тарыхый багыттагы көркөм адабияттарды, тарыхый энциклопедия жана интернет маалыматтарын мүмкүн болушунча көп окуп таанышып турууларын сунуштайбыз.

Ошондой эле окуучулардан, мугалимдерден, илимпоз адистерден бул Жаңы тарых окуу китеби туралуу ой-пикирлерди күтөбүз.

Калыс айтылган сын-пикир окуу китебинин кийинки басылышынын сапатын жакшыртууга чоң өбөлгө түзөөрү бышык.

Анда эмесе урматтуу окуучулар, сиздерге ийгилик каалайбыз!

Авторлор

# БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯЛАР ДООРУНДА

## § 1. XVII К. АНГЛИЯДАГЫ БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ

**Аймак:** Англия
**Мезгил:** XVII к.
**Теманын хронологиясы:**

1603 — 1640 — 1649 — 1688 — 1689

**Мезгил сызыгы**
**Негизги даталар:**

1642–1648 – Жарандык согуш
1649–1653 – Республика
1653–1658 – О. Кромвелдин протектораты
1660–1688 – Стюарттардын реставрациясы
1689 – «Даңктуу революция», Вильгельм III Оранский

**Билим:** Англия чексиз монархиядан парламенттик монархияга өтүү мезгилинде

**Түшүнүктөр:**

- чексиз монархия
- парламент
- жарандык согуш
- протекторат
- реставрация
- парламенттик монархия

**Англия XVII к. башында. Король жана парламент. Революциянын себептери**

XVII к. 40-жылдары Англия экономикалык мүнөзү боюнча агрардык өлкө болгон. Калктын көпчүлүк бөлүгү, 5 млн. адамдын 4 млн. го жакыны айыл жергесинде жашап, айыл чарбасы менен оокат кылышкан.

Англияда мурдагыдай эле феодалдык мамилелер үстөмдүк кылган. Бүткүл жер королдун менчиги болуп эсептелген. Ал эми дворяндар жердин толук ээси болушпастан, королдун жерин кармап туруучулар болуп эсептелишкен. Көпчүлүк дыйкандар дворяндарга таандык жерлерде жашашкан жана аларга туруктуу акча оброгун төлөп турушкан. Эркин жер кармоочулар (фригольдерлер) да жерди пайдалангандыгы үчүн салык төлөшкөн. Артта калган түндүк-батыш жана батыштагы райондордо дыйкандар натуралдык оброк, барщина чиркөө десятинасын

төлөп туруугa милдеттүү болуучу. Орто кылымдардагы коруктоо улантылып, анын жүрүшүндө жеринен кол жууган дыйкандар көбөйө берген. Ошого карабастан Англияда капиталисттик мамилелер жаралып, нооту жана тоо-кен тармагындагы өндүрүш мануфактуралары көбөйгөн. Өндүрүштүн өсүшү сооданын жанданышын шарттаган. Чарбанын ар түрдүү тармактарынын өнүгүшү менен өлкөнүн ичиндеги экономикалык байланыштар күчөп, ички рыноктун калыптанышы тездеген. 200 миң калкы бар Лондон шаары чоң соода борборуна айланган. Ички рыноктун өсүшү тышкы сооданы күчөтүп, Англия даяр товарларды тышка чыгарган. Өзгөчө 1600-ж. түзүлгөн Ост-Индия жана 1606-ж. пайда болгон Лондон компаниялары монополиялык роль ойногон. Өнөр жай өнүгүшүндөгү капиталисттик мамилелер айыл чарбасында да байкала баштаган. Өлкөнүн түштүк-чыгышындагы орто жана майда дворяндар, ошондой эле оокаттуу дыйкандар жалданма эмгекти пайдаланууга өтүшкөн. Өздөрүнүн кызыкчылыктары боюнча мануфактура ээлери буржуазияга жакын турган. Жалданма эмгекти пайдаланган ири жана майда жер ээлерин жаңы дворяндар деп аташкан. 1625-ж. англиялык такка ээ болгон Карл I (1600–1649) өлкөдөгү кайра куруулардын зарылдыгын түшүнбөй, өзүнүн чексиз бийлигин бекемдеген. Королдун католик динидеги француз принцессасына үйлөнүшү коомчулуктун каршылыгын туудуруп, ага элдин ишенбөөсүн күчөткөн. Өлкөдө пуритандар кыймылын жаратқан. Натыйжада англиялык коомдо саясий, социалдык жана диний каршылыктар күчөп, келечектеги революциянын бирден бир себеби болуп калган. Англиядагы революциялык күчтүн чыгышына 1640-ж. Карл I-нин парламентти таркатуусу түздөн-түз түрткү болду. Англиялык буржуазиялык революциянын негизги кыймылдаткыч күчү дыйкандар менен шаардык кедейлер эле. Буржуазия жана буржуазиялашкан жаңы дворяндар (джентри) революцияда жетекчи ролду ойногон. Элдин талабы боюнча парламент мыйзамсыз салыктарды жойгон жана мындан ары король парламенттин макулдугусуз салык киргизе албай калган, андан тышкары король парламентти таркатуу укугунан ажырады. Карл I нин 1629-жылдан 1640-жылга чейинки 11 жылдык жеке башкаруусунун күнү бүтүп, жогорку талаптарга айласыздан макул болуп, ал чечимдерге кол койгон. 1640-ж. шайланган революциялык маанайдагы парламент 1653-жылга чейин жашап, тарыхта Узак парламент деп аталып калды. Мамлекеттик бийлик барган сайын парламентке өтө баштаган. Король, феодалдык ак сөөктөр жана англикан чиркөөсү өлкөдө контрреволюциялык кутумду уюштурууга аракет кылган. Бирок эл массасынын каршылыгы менен бул идея ишке ашпай калган.

**Жарандык согуш. Республиканын түзүлүшү. Оливер Кромвель**

1642-ж. январда Карл I түндүккө кетип, эски феодалдык ак сөөктөрдүн колдоосуна ээ болгон.

Ал жакта король армия курап, парламентке каршы согуш жарыялаган. Өлкөдө жарандык согуш, тактап айтканда коомдун бири-бирине кас таптарынын ортосундагы куралдуу кармашы башталган. Революция мезгилинде (1640–1649) Англияда парламент менен королду жактоочулардын ортосунда эки жарандык согуш: 1642–1646 жана 1648-жж. болуп өткөн. Парламентти ишкерлер, соодагерлер, фермерлер, жаңы дворяндар, кол өнөрчүлөр жана жалчылар колдогон, ал эми эски түзүлүштү жактагандар роялисттер – ири жер ээлери, англикандык чиркөө жана королдук ак сөөктөр болгон. Жаңы дворяндар менен буржуазиянын кеңири чөйрөлөрү, ошондой эле дыйкандар массасы, кол өнөрчүлөр, мануфактура жумушчулары революциячыл маанайда болушкан. Алардын кызыкчылыгы бирдей болбогону менен абсолютизмге (чексиз бийликке) каршы күрөшкө бирге чыгышкан.

Жарандык согуштун алгачкы жылдарында королдук кавалерлердин армиясы жеңиштерге ээ боло баштaшкан. Кавалерлер ийгиликтүү чабуулга өтүп, ал тургай Лондонго коркунуч туудурган. Парламенттик армия революциянын жеңиши үчүн күрөшүүгө даяр ыктыярдуулардан туруп, алардын согуш ишине үйрөтүлбөгөнү көп кыйынчылыктарды алып келген.


Парламенттин эң чечкиндүү мүчөлөрүнүн ичинен көрүнүктүү орунду Оливер Кромвель (1599–1658) ээлеген. Ал көп узабай




Англия буржуазиялык революциянын мезгилинде

революциянын көрүнүктүү ишмери болуп калган. Кромвель күч-кубаттуу, эрктүү, максатка умтулган, белгилүү чечен жана уюштуруучу эле. Кийинчерээк ал кол башчылык талантын да көрсөткөн. Ал жаңы парламенттин армиясын түзүп, аны аскер иштерине мыкты машыктырган. Анын атчандары кылыч жана найза менен куралданышып, согушка темир соот кийип киришкен. Бул армия акырындык менен жеңишке жетише баштаган. Кромвелдин парламенттик «жаңы үлгүдөгү» армиясы, чыныгы революциячыл армия болуп калган. Дал ушул жаңы армия жарандык согуштун тагдырын чечкен. 1645-ж Нейзби жана 1648-ж. Престондун жанында королдук кавалерияны толук талкалап, «жаңы үлгүдөгү» армия чыныгы жеңишти камсыз кылган. Өлкөдөгү бүткүл бийлик парламенттин колуна топтолгон, бул саясий бийликтин жаңы дворяндар менен буржуазияга өткөнүн көрсөткөн. Карл I колго түшүрүлүп, түрмөгө камалган. Парламент дворяндар менен буржуазиянын бардык жерлерин алардын толук менчиги деп жарыялаган мыйзам чыгарган. Жер пайдалангандыгы үчүн алар эми королго салык төлөөгө милдеттүү болушкан эмес. Жарандык согуштан кийин парламентке караганда армия кыйла революциячыл болуп калган. Мына ошондо парламент аны таркатуу, революциячыл элди куралсыздандыруу жөнүндө чечим кабыл алган. Бирок муну парламент ишке ашыра алган эмес. Себеби 1648-ж. аягында полковник Прайд командачылардын буйругу боюнча чакан отряд менен келип, парламентке кирүүчү жерди ээлеп алышып, жыйналышка ортозаар депутаттарды киргизбей койгон. Бул революциялык күч колдонуу контрреволюциялык төңкөрүш планын үзгүлтүккө учуратты. «Прайддык тазалоодон» кийин королду жактагандарга каршылар парламентте көпчүлүк орунду ээлеп калышты. Парламент дайындаган жогорку сот Карл Іни өлүм жазасына тартууга өкүм чыгарган. Муну парламенттин көпчүлүгү жактаган. Ошен-


Оливер Кромвель



Нейзбинин алдындагы салгылашуу



Карл I Стюартты өлүм жазасына тартуу

тип 1649-ж. 30-январда Карл Інин башы алынган. Өлкөдө монархия кулатылып, республика жарыяланган.

**Кромвелдин протектораты-нын орношу. Стюарттардын саясаты жана 1689-жылдагы «даңктуу революция»**

Дыйкандардын феодалдык милдеткерлигин сактоо менен буржуазия жана дворяндар элдин колдоосунан ажырап, эми негизинен армиянын жогорку чөйрөсүнө таянышып аны Ирландияны басып алуу үчүн пайдаланышкан. 1649-ж. Кромвель армиясын өзү баштап, Дублинге келип түшкөн. Бул ырайымсыз өтө катаал баскынчылык согуш болгон. Ирландияга жасаган жортуул «жаңы үлгүдөгү» революциячыл армиянын баскынчылар армиясына айланышына алып келди. Бул революциянын андан ары өнүгүшүнө жана республиканын бекемделишине тоскоолдук кылган. 1652-ж. Кромвелдин армиясы Шотландияга да басып кирген. Шотландияны Англия күч менен кошуп алган. Англияда республика армияга таянган, бирок өлкөдө бир жагынан дворяндарга каршы дыйкандардын толкундоолору чыгып турса, экинчи жагынан монархиянын талапкерлеринин жаңы козголоңдору башталган. Ошондо армиянын жогорку чөйрөлөрү жана аны менен байланышта болгон дворяндык төбөлдөр бийликти толук бойдон Кромвелге өткөрүп берүүнү чечишти. 1653-ж. аягында республика менен революциянын күнү бүткөндүгүн билдирген контрреволюциялык төңкөрүш болгон. 1653-ж. 16-декабрда Кромвель «Англиянын, Шотландиянын жана Ирландиянын эркин мамлекеттеринин «лордпротектору» болуп жарыяланган. Толук бийлик бир адамдын колуна өтүп, Кромвелдин согуштук диктатурасы түзүлөт. Кромвель, тилекке каршы, бийликте көпкө турбастан 1658-жылы каза бо-

лот. Протектор болуп анын уулу Ричард жарыяланат. Бирок ал аскердик диктатурага ылайыгы жок адам болуп, протекторлук титулдан 1659-ж. май айында баш тартат. Жаңы дворяндар менен буржуазия өздөрү үчүн ылайыктуу шартта чектелген монархияны калыбына келтирүүнү көздөп, тактыга өлүм жазасына тартылган король Карл Інин уулун чакырышат. Ал революциялык окуялардын катышуучуларын куугунтуктобоо жана жаңы кожоюндардын колдорундагы бардык жерлерди, революциянын жылдарында аларга өткөн башка жеке менчиктерди калтырууга, ошондой эле парламенттин макулдугусуз салыктарды киргизбөөгө макулдук берген. Ушундай шартта 1660-ж. Англияда Стюарттардын династиясын реставрациялоо (калыбына келтирүү) ишке ашкан. Бирок бийликке жеткен Карл II чексиз монархияны калыбына келтирүүнү көксөгөн. Алданып калганын түшүнгөн жаңы дворяндар менен буржуазиянын Карл IIге болгон мамилелери өзгөргөн. Чексиз монархияны калыбына келтирбөө үчүн, ошондой эле элдик көтөрүлүштүн башталып кетишинен корккон жаңы дворяндардын жогорку чөйрөсү мамлекеттик төңкөрүшкө макул болушкан. Алар Англиялык такка Стюарттардын тууганы жана парламенттин эркине баш ийүүгө макул болгон Голландиялык башкаруучу Вильгельм Оранскийди чакырышкан. 1688-ж. Вильгельмдин армиясы Англияга келип түшүп, Лондонго карай бет алган. Стюарттардын династиясынан чыккан акыркы кароль Яков II Францияга качып кеткен. Такка салтанаттуу түрдө Вильгельм Оранский отургузулган. Бул тарыхта «Даңктуу революция» деп аталган. 1689-ж. парламент чектелген (конституциялык) монархия режимин бекемдеген укуктар жөнүндө билль (мыйзам) кабыл алган. Демек мамлекеттик бийликте буржуазиянын ордун бекемдеген. Ошентип революциянын башкы максаты ишке ашкан. Англияда өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүндө капиталисттик өндүрүшкө жол ачылган.

### Англиядагы буржуазиялык революциянын тарыхый мааниси

Англиядагы буржуазиялык революция чексиз монархияны жана көптөгөн феодалдык тартиптерди жойгон. Бирок ал аягына чыкпай калган. Ал дыйкандардын жер ээлерине болгон көз карандылыгын жойгон, бирок дыйкан жердин толук ээси болуп калган эмес.

Парламенттин үстөмдүк кылганына карабастан мамлекеттик түзүлүштө феодализимдин бир кыйла калдыктары: монархия, мамлекеттик чиркөө, мураска калуучу лорддор палатасы, катмарлык айырмачылыктар, дворяндык жер ээлөө, титулдар ж.б.у.с сакталып калган. Парламентте жер ээлөөчүлүк аристократия

басымдуулук кылган. Ошондой болсо да революция англиялык капитализмдин андан ары өнүгүшү үчүн чечүүчү мааниге ээ болгон жана дүйнөлүк тарыхтын жүрүшүндө капиталисттик түзүлүштүн бекемделишине түрткү болгон. Парламент бийликтин башкы органына айланып, анын саясаты өлкөнүн капиталисттик өнүгүшүнө шарт түзгөн. Феодалдык абсолюттук түзүлүштүн жеңилишинин натыйжасында андан ары, өзгөчө XVII к. айыл чарбасында капиталисттик мамилелердин дүркүрөп өсүшүнө, өнөр жай өндүрүшүндөгү төңкөрүшкө жол ачылды. Англия XVIII–XIX кылымдарда башка бардык өлкөлөрдөн озуп, өнөр жайлуу биринчи капиталисттик улуу державага айланган.

## ДОКУМЕНТҮҮ МАТЕРИАЛДАР

### 1645-ж. жайында Нейзби кыштагындагы салгылашуу

Парламенттин армиясында 14 миңге жакын жоокер бар эле, алардын ичинен 6 миңден ашыгы атчан аскер болгон, атчандарга Кромвель колбашчылык кылган. Карл Інин 8 миң аскери бар эле, алардын 4 миңи атчан аскерлер болгон. Адегенде королдун атчандары парламенттин аскерлерине күчтүү сокку урган. Парламенттин аскерлери талкаланганы калган, бирок Кромвель жана анын аскерлери абалды оңдоп кетишти. Алар катуу чабуул коюп, королдун атчандарын талкалап, андан кийин душмандын жөө аскерлеринин ташталканын чыгарды. Бул салгылашууда парламенттин армиясы 5 миңдей кишини туткундап, королдук артиллерияны бүт бойдон колго түшүрдү. Жеңгендер Карл Інин жазган каттарын да колго түшүрүп алышты, бул каттардан ал чыккынчылык кылып, француз королун жардамга чакыргандыгы билинди.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XVII к. Англиянын экономикалык абалына мүнөздөмө бер?
2. Парламент менен армиянын ортосундагы чыр-чатактын себеби эмнеде?
3. 1649-ж. Англияда республиканын орношу кандай шартта жүргөн?
4. Эмне үчүн Кромвелдин протектораты согуштук диктатура катары аныкталат?
5. 1688–1689-жж. окуялар жөнүндө эмне билесиң?
6. Протекторат, реставрация, кавалерия, жарандык согуш, революция, чектелген монархия деген түшүнүктөргө жана терминдерге түшүндүрмө бергиле.
7. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

# § 2. XVIII КЫЛЫМДАГЫ АНГЛИЯ. ӨНӨР ЖАЙ РЕВОЛЮЦИЯСЫ

**Аймак:** Англия
**Мезгил:** XVII к.
**Теманын хронологиясы:**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1660–1820 – Англиядагы өнөр жай революциясы
1707-жыл – Англия менен Шотландиянын биригүүсү
1765-жыл – Джеймс Харгривс ийирүү станогу
1784-жыл – Джеймс Уатт буу кыймылдаткыч машинаны ойлоп тапкан.

**Билим:** Парламенттик монархия жана өнөр жай революциясы мезгилиндеги Англиядагы коомдук кайра куруулар

**Түшүнүктөр:**

- парламенттик монархия
- өнөр жай төңкөрүшү
- өнөр жай цивилизациясы
- луддизм

### XVIII к. биринчи жарымындагы Англиянын саясий турмушу

XVIII к. Англияда парламенттик монархия ого бетер бекемделген. Вильгелм Оранский өлгөндөн кийин такка анын кызы Анна отурган. Анын бийликке келиши менен Англияда Ганговерлер династиясынын бийлиги башталып, алар XX к. башына чейин бийликте болуп келишти. Ушул мезгилдерде өлкөнү башкаруу парламенттин жана өкмөттүн колуна өткөн. Парламент эң жогорку мыйзам чыгаруучу орган болуп калган. Жамааттык палатасын шайлоодо жеңип чыккан палата мүчөлөрүнөн министрлер кабинети даярдалган, ал өз убагында парламентке отчет берип турууга милдеттүү болгон. Парламенттин көпчүлүгү колдоо көрсөтпөсө өкмөт отставкага кеткен. Жамааттар палатасын шайлоодо жогорку мүлктүк ценз каралгандыктан, лорддор палатасы мурдагыдай эле шайланган эмес, саясий бийлик ири жер ээлөөчү аристократтар менен жогорку буржуазиянын колунда топтолгон. Англиянын 5,5 млн. жашоочуларынын 250 миңи гана парламенттик шайлоого катыша алган. 1707-жылы Англия менен Шотландиянын биригүүсү жарыяланган. Ошондон бери мамлекет Бириккен Королдук Улуу Британия деп атала баштаган. Англиянын тышкы саясаты негизинен: Европа континентинде ири күчтүү державанын түзүлүшүнө жол бербөө жана жаңы колонияларды басып алууну улантуу милдеттерин көздөгөн. Англия

Гибралтарды алуу менен Испаниялык колония Латын Америкасына кул сатуу укугуна ээ болгон. Жети жылдык согуш мезгилинде (1756–1763) Англия Францияга тиешелүү Канаданы, андан тышкары Индиянын бир бөлүгүн басып алып, келечектеги британдык колониялык империяга негиз салган. Ошол эле убакта Англия колонияларынан да ажырайт. Түндүк Америкадагы 13 колонияда көтөрүлүш чыгып, натыйжада алар көз карандысыздыкка жетишкен.

### Өнөр жай революциясынын өбөлгөлөрү

XVIII к. ортосунда мануфактурага негизделген англиялык өнөр жай өсүп бара жаткан Англия коомчулугунун жана колониялардын керектөөлөрүн канааттандыра албай калды. Экономиканын өсүшүн тездеткен, керектөөлөрдү толук канааттандырган жаңы, прогресивдүү өндүрүш түрүнө муктаждык пайда болду. Кол эмгегин машинага алмаштырган фабрикалык-заводдук өндүрүш өнүгүүнүн жаңы түрү болуп калды. Машинаны пайдалануу менен мануфактурадан фабрикалык өндүрүшкө өтүү процесси тарыхка өнөр жай революциясы деген ат менен кирген. Англия бул революцияга негиз салды. Анын жаралышынын биринчи өбөлгөсү феодалдык абсолюттук режимдин кулашы болуп эсептелет. Экинчиси агрардык революция болуп, анын натыйжасында жеринен ажыраган англиялык дыйкандар өндүрүш үчүн арзан жумушчу күчү болуп калышты. Агрардык революция, колонияларды эксплуатациялоо жана Англия жүргүзгөн согуштар капиталдын топтолушун шарттады, индустриялаштыруу үчүн чийки заттарды камсыз кылып, англиялык товарларды сатып-өткөрүү рыногун кеңейтти.





Англиянын өнөр жай өнүгүшү. XVIII к.

Өнөр жай революциясы андан тышкары калктын санынын өсүшү, илимий ачылыштар, зарыл чийки заттардын көптүгү жана мануфактурадагы жумушчулардын адистигинин өсүшү менен да шартталган. Башкы ролду дүйнөнүн төрт бурчуна товарларды жеткирип турган ири соода флоту ойногон.



Ричард Аркрайттын фабрикасы




«Дженни» ийрүү станогу

## XVIII к. англиялык коомчулук

Өнөр жай революциясы англиялык коомдун эволюциясына зор таасир тийгизген. Экономикалык өсүштүн тездеши жана жашоо тиричиликтин жакшырышы өлкөнүн калкынын өсүшүнө өбөлгө түзүп, калк бир кылым ичинде эле 5,5 млн. дон 18 млн. адамга чейин жетти.

Өнөр жай төңкөрүшүнүн башкы натыйжасы социалдык структуралардын өзгөрүшү болуп калды. Негизги таптарды өнөр жай буржуазиясы менен жалданма жумушчулар түздү. Коомдогу жиктелүүнүн тереңдеши коомдук карама-каршылыктарды курчутту. Англиялык парламент жумушчулар союзун түзүүгө жана иш таштоолорду уюштурууга каршы, аларга тыюу салган атайын мыйзамдарды кабыл алган. Өз мезгилинде жумушчу кыймылдары да чечкиндүү формаларга өткөн. Алардын бири луддизм (машиналарды талкалоо). Аны жактоочулар бардык жумушчулардын эзилүүсүн, жакырчылыгынын жана жумушсуздуктун себептерин машиналардан көрүшкөн.

Өнөр жай революциясынын натыйжасында англиялык капитализм жаралып, ал Англияны дүйнөдөгү эң күчтүү мамлекетке айландырды. Өнөр жай революциясы Европада жаңы өнөр жай цивилизациясын жаратты.



Джеймс Уаттын буу машинеси

Алгачкы өнөр жай революциясы жеңил өнөр жай тармагын, өзгөчө текстиль өнөр жайын камтыган. Алгачкы машиналар ушул тармакта ойлонуп табылган. 1733-ж. Джон Кэмдин токуу станогу токуу өндүрүшүнүн өндүрүү мүмкүнчүлүгүн өркүндөтүп, ал ийрилген жиптин жетишсиздигине

алып келген. 1765-ж. Джеймс Харгривс ийирүү станогун ойлоп таап, аға өз кызынын атын ыйгарып «Дженни» деп атаган. Анын натыйжасында эмгек өндүрүмдүүлүгү 20 эсе өстү. Андан кийин Эдмунд Картрайттын механикалык токуу станогу эмгек өндүрүмдүүлүгүн 40 эсе көбөйттү.

1769-ж. Ричард Аркрайт дүйнөдөгү эң биринчи фабрикалык ишканалардын бирин негиздейт. Анда суу кыймылдаткычы менен иштеген машина колдонулуп, 300 адам жумушчу орду менен камсыз болгон.

Эң негизги революция Джеймс Уаттын 1784-ж. буу машинасын ойлоп табуусу болду. Машинанын пайда болуусу өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшүн тездетти.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Англияда өнөр жай революциясынын тездешине кандай фактор таасир тийгизген?
2. Өнөр жай революциясы мезгилиндеги эң ири техникалык ойлоп табууларды китептен жана энциклопедиядан таап жазып чыккыла.
3. Англиядагы өнөр жай революциясынын социалдык таасири.
4. Англиядагы коомдук өнүгүшкө өнөр жай революциясынын тийгизген таасири кандай болгон?
5. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 3. АГАРТУУ ДООРУ

**Аймак:** Батыш Европа
**Мезгил:** XVII к. ортосу XVIII к. аягы
**Билим:** Батыш Европадагы илим менен маданияттын өнүгүшү.
*Ньютон* – Бүткүл дүйнөлүк тартылуу күчү
*Галилео Галилей* – асман телолоруна байкоо жүргүзүү үчүн телескобу
*Лейбниц* – логикалык математика
*Шекспир* – «Гамлет»
*Сервантес* – «Дон Кихот»
*Мольер* – «Дон Жуан»
*Рубенс* – «Персей жана Андромад»
*Монтескье* – «Мыйзам руху жөнүндө»
*Руссо* – «Коомдук келишим»
*Мелье* – «Осуят»
*Дидро* – Энциклопедиянын редактору

**Түшүнүктөр:**
- агартуу
- барокко
- энциклопедисттер
- классицизм

**Табигий илимдердин өнүгүшү**

Табигий илимдердеги XVII кылымдагы илимий революция табият таануу жана техникалык билимдердин өнүгүшүнө өбөлгө түздү. Ал математикалык изилдөө методикасына, байкоо жүргүзүүгө жана тажрыйбага таянган. Илимдин жана техниканын өнүгүшү негизинен коомдук керектөөдөн улам пайда болуп, мануфактуралык өндүрүштүн өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. Микроскоп, телескоп, сымап барометри ойлонуп табылган.


Барометр, микроскоп, телескоп

Ири окумуштуулардын арасында англиялык Исаак Ньютон (1643–1727) көрүнүктүү роль ойногон. Ал бүткүл дүйнөлүк тартылуу күчүнүн мыйзамын ачкан. Даңкы таш жарган «Натуралдык философиянын математикалык негиздери» деген эмгегинде механика жана оптиканын классикалык мыйзамдарын калыптандырган. Немец астроному Иоганн Каплер (1571–1630) Коперниктин гелиоборбордук окуусун уланткан жана негиздеген. Коперниктин идеясын эксперменттик түрдө италиялык математик, физик жана астроном Галилео Галилей далилдеген. Ал андан тышкары асман телолоруна байкоо жүргүзүү үчүн биринчилерден болуп, телескопту ойлоп тапкан. Анын бул табылгасы астрономия илиминин өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген.

Француз окумуштуусу Рене Декарт (1596–1650) жаратылыштын өнүгүшүн түшүндүрүүгө аракет кылып, биринчи орунга акылэсти койгон. Эң башкы милдет жаратылыш кубулуштарын изилдөө жана техникалык каражаттарды ойлоп табуу деп айткан. Анын рационалдык идеясы Европадагы илим менен маданияттын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. Илимдин өнүгүшүнө эң чоң салым кошкон немец окумуштуусу Вильгельм Лейбниц (1646–1716) болгон. Ал дифференциалдык эсептөөнү ачкан, андан тышкары логикалык математиканы баштоочулардын бири болгон. Физика жаатында Лейбинц энергиянын сакталуу мыйзамын тапкан.

Табигий илимдеги өнүгүүлөр чиркөө менен өтө курч карамакаршылыкты пайда кылган. Г. Галилей, И. Каплер, Р. Декарт дин өкүлдөрү тарабынан куугунтукка кабылган. Ошого карабастан табигий илимдердин өнүгүүсү токтогон эмес.

**XVII–XVIII кк. көркөм маданият**

Дүйнөгө карата жаңы көз караштардын түзүлүшү көркөм маданиятта (адабият, живопись, музыка) өзгөрүүлөрдү жаратты. Батыш

Европалык адабиятта жана искусстводо жаңы барокко стили пайда болду. Адегенде барокко феодалдык мамилелер үстөмдүк кылган Италия, Испания, Португалия, Германия, Австрияда, андан кийин Англияга ж. б. өлкөлөргө таралган. Бул стилде Рим архитектуралык ансамбли, ири монументалдык дворецтер, сүрөтчүлөрдүн шедевр чыгармалары жаралган.

XVIII кылым адабиятта роман, новелла, поэзия, комедия жана трагедия сыяктуу ар кандай жанрлардын жаралышы менен айырмаланган. Улуу англиялык драматург Уильям Шекспир (1564–1616) театр үчүн пьесаларды жазган. Анын чыгармаларында адамды урматтоо жана сүйүү, анын жөндөмдүүлүгүнө ишенүү идеялары бекемделген. Тарыхый пьесаларда Шекспир күчтүү жана акыйкат королдук бийликти жактаган. «Гамлет», «Отелло», «Король Лир», «Ричард III» дүйнөлүк адабияттын эң көрүнүктүү чыгармалары болуп калган. Испаниялык жазуучу Мигель Сервантес (1547–1616) ошол мезгилдеги коомду эң жакшы түшүнгөн. Анын атактуу романы «Дон Кихот» Испаниянын орто кылымдагы жашоотурмушунун энциклопедиясына айланган.

Искусство жагында эң чоң жетишкендикке П. Рубенс, Х. Рембрандт, Д. Веласкес жана башка сүрөтчүлөр жеткен. Питер Рубенстин (1577–1640) чыгармаларында барокко стили өзгөчө орунду ээлеген. Анын «Персей жана Андромад», «Елен Фоурмен балдары менен» деген сүрөттөрү шедевр чыгармалары болуп калган. Харменс Рембрандттын (1606–1669) картиналарында ар түрдүү жанрлар чагылдырылган. Сүрөттө жарык түшүрүү ыкмаларын пайдаланып, сүрөтчү адамдын кулк-мүнөзүн ачып берүүгө аракет кылган. Анын чыгармалары искусстводогу голландиялык реализмдин туу чокусу катары эсептелет. Сүрөтчүнүн эң даңктуу картинасы «Адашкан уулдун кайтып келүүсү» болуп саналат. XVIII к. баш ченинде Францияда антикалык багыттагы классицизм стили бекемделген. Версаль двореци классикалык архитектуранын үлгүсү болуп эсептелет. Классикалык агым француз адабиятында да үстөмдүк ролго ээ болгон. Француздук жана Европалык классикалык агымдын ири өкүлү Жан Батист Мольер (1622–1673) эле. Анын дүйнөгө белгилүү «Тартюф», «Дон Жуан» жана башка чыгармалары классикалык стилде жазылган.

XVI–XVII кк. азыркы кездеги роялдын клавиатурасы бар алгачкы түзүлүш – клавесин аспабы кеңири жайылган. Музыкалык чыгармалардын ноталары басмаканалардан чыга баштаган, бул алардын кеңири таркалуусуна жардам берген. Ири композиторлордун бири Иоганн Себастьян Бах (1685–1750) XVIII к.



Б…ЛИ…ЕКА
СШ №3 … Кызылтоо
село Кызылтоо

биринчи жарымындагы музыка залкарларынын бири. Анын чыгармалары элдиктиги, сезимдеринин терендиги жана күчтүүлүгү менен айрымаланган.

Вольфганг Амадей Моцарт (1756–1791) музыка генийи болгон. Моцарт беш жашында пьеса, 11 жашында алгачкы операсын жазып, 14 жашында Болоньедеги академиянын (Италия) мүчөсү болуп шайланган. Анын «Дон Жуан», «Фигаронун үйлөнүшү» деген операсы өлбөс-өчпөс чыгармаларга айланган.

Ошентип XVI к. аягы XVIII к. башында илим жана техника, көркөм маданият өз деңгээлине жараша өсүп өнүккөн. Натыйжада коом жөнүндө ой жүгүрткөн прогрессивдүү интеллигенция тобу пайда болгон.

### XVIII к. француз агартуучулары жана алардын идеялары

Агартуу – орто кылымдагы наркдөөлөттөр системасын толугу менен жок кылган, Кайра жаралуу жана Реформациядан кийинки Европадагы үчүнчү рухий төңкөрүш болуп калган. Агартуучулук коомдук ой жүгүртүүнүн агымы катары – эркиндик, саясий тең укуктуулук жана бир туугандык принциптеринде, коомду кайра куруу максатын көздөгөн. Француздук агартуучулардын саясий көз караштары ар түрдүү болгон, бирок коомдун моралдык кайра жаралуусу жөнүндөгү идеялары аларды бириктирип турган.



Шарль Монтескье

Шарль Монтескье (1689–1755) «Мыйзам руху жөнүндө» деген эмгегинде мамлекетти башкаруу формасынын ичинен республикалык башкарууга өзгөчө маани берет, бирок аны практика жүзүндө ишке ашыруу мүмкүн эмес деген. Ошондуктан ал конституциялык монархияга токтолуп, анда бийлик мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигине милдеттүү түрдө бөлүнүшү керек деп жазган.



Франсуа Вольтер

Ф. Вольтер (1694–1778) өзүнүн саясий көз карашы боюнча монархист болгон. Вольтер эркиндикке, менчикке, теңдикке негизделген коомду акыйкат коом деп эсептеген. Гуманизмге жана акыйкаттуулукка, эзүүнүн жок кылынышына, крепостнойлук укуктун жоюлушуна, феодалдык артыкчылыктын алынып салынышына чакырган. Ал агартуучулук монархия үчүн күрөшкөн.



А. Лемоньер. Жоффрен айымдын салонунда энциклопедисттердин жыйналышы



Жан Жак Руссо

Жан Жак Руссо (1712–1778) өзүнүн саясий көз карашын «Коомдук келишим жөнүндө» деген эмгегинде чагылдырган. Анын идеалдуу коомунда адам укугу толук үстөмдүккө ээ болуш керек эле. Ал социалдык теңсиздикке каршы болуу менен майда менчиктүүлөрдү колдогон. Мамлекетти башкаруу формасынын эң жакшысы республика, анда ар бир коомдун мүчөсү түздөн-түз башкаруу, мыйзам чыгаруу жана сот ишине катышууга тийиш деген, Руссонун оюу боюнча ошондой гана түзүлүш жарандык тендикти толук камсыз кыла алат эле.

Ж. Мелье (1664–1729) өндүрүш каражаттарына болгон коммунисттик менчиктин зарылдыгын ырастаган. Анын «Осуят» деген кол жазмасында жерге карата жеке менчикти толугу менен жоюу көз карашы чагылдырылган. Ал жалпы орток жерге, коммунисттик негиздеги бардыгы үчүн милдеттүү эмгекке чакырган.

1751-жылдан тартып башында жазуучу жана философ Дени Дидро турган бир катар агартуучулар көптөгөн томдордон турган «Илимдин, искусствонун жана кол өнөрчүлүктүн энциклопедиясын» чыгара баштаган. Алар жашап жаткан коомду сынга алышкан, соттук реформага, катмардык артыкчылыктарды жоюуга, диний эркиндикке, дыйкандарды бошотууга, элдик өзгөчөлүккө жана башка жарандык демократиялык укуктарга жана эркиндикке чакырган.


Француз агартуучуларынын алдыңкы идеялары революцияны даярдоодо жана анын жүрүшүндө идеологиялык өбөлгө катары маанилүү роль ойногон.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XVII к. табигый илимдердин өнүгүшүнө кимдер салым кошкон?
2. Ойлоп табуулардын адам баласынын турмушуна тийгизген таасири жөнүндө ой жүгүрткүлө?
3. XVII–XVIII кк. барокко жана классицизм стилдери жөнүндө жана аларды өркүндөтүүчүлөр жөнүндө айтып бер?
4. Француз агартуучуларына мүнөздөмө бергиле?
5. Барокко, классицизм, жанр, агартуу, идея терминдеринин аныктамасын колдонмодогу бетке жазгыла.
6. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 4. ТҮНДҮК АМЕРИКА XVIII КЫЛЫМДА

**Аймак:** Түндүк Америка
**Мезгил:** XVIII к.
**Теманын хронологиясы:**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1607–1633 – Түндүк Америкада Англиянын 13 колониясынын пайда болушу
1773 – «Бостондук чай ичүү»
1775–1783 – Көз карандысыздык үчүн согуш
1776 – Көз карандысыздык декларациясы
1787 – АКШнын конституциясынын кабыл алынышы
1789 – Укуктар жөнүндөгү биллдин кабыл алынышы

**Билим:** Көз карандысыздык үчүн согуштун натыйжасында Англиянын Түндүк Америкадагы колонияларынын биригиши жана жаңы мамлекет АКШнын түзүлүшү

**Түшүнүктөр:**

- көз карандысыздык үчүн согуш
- федерация
- конституция
- индейлер
- конгресс
- декларация

### Америкадагы англиялык колониялар

1492-ж. Христофор Колумб Американы ачкандан кийин Түндүк Американын түштүк бөлүгүн испаниялыктар басып алган. Түндүк Американын калган бөлүгүндө XVIII к. башына чейин аз индей уруулары жашашкан. Американын ат-

лантика жээктерине ошол мезгилде Испаниянын ири атаандашы, тез өнүгүп келе жаткан Англиянын көзү түшө баштаган. 1588-ж. испаниялык «жеңилбес армаданы» англичандардын талкалоосу алардын деңиз ээсине айланышына жол ачты. Дүйнөлүк океанга кең-кесири, ишенимдүү чыгууга ээ болгон Англия 1607-ж. май айынан баштап Түндүк Американы колониялаштыруу саясатын баштайт. Лондондук соода компаниясы 1607-ж. америкалык жерде биринчи англиялык Виргиния колониясын негиздейт. Жаңы жерге көчүп келгенден кийин тез эле, XVII–XVIII кк. ичинде Атлантика океанынын чыгыш жээгинде англиянын 13 колониясы пайда болгон.

Адегенде көчүп келгендердин жергиликтүү индей калкы менен мамилеси жакшы болгон эле. Келгиндер алардан жер иштетүүнүн ыкмаларын жана көптөгөн жаңы өсүмдүктөрдү өстүрүүнү үйрөнүшкөн. Бирок кийинчерээк булардын ортосунда мамилелер бузулуп, согуштук абалга айланат. Буга европалык келгиндердин улам материктин ичкери жагына карай жылышы себеп болгон. Индейлер өз жерлерин сактоо үчүн күрөшкө чыккан.

Англиялык король жана парламент колонияларда феодалдык тартиптерди орнотууга умтулган. Колонисттер отуракташкан түндүк жана түштүк колонияларда өтө чоң айырмачылыктар болгон. Түштүк жактарда жер ээлери күрүч, пахта жана тамеки өстүрүүчү кеңири плантацияларга ээ болушкан. Бул плантаторлор кара кулдарды сатып алып, өз чарбаларында арзан жумушчу күчүн пайдаланышкан.

Колониялардын түндүк бөлүгүндө калктын негизги массасын чакан жер участоктору бар фермер-дыйкандар түзгөн. Алар чарбасын өз күчтөрү менен иштетип, өндүрүлгөн продукцияларына толук ээлик кылышкан. Мындан тышкары бул аймактарда кол өнөрчүлөр жана соодагерлер кендир, булгаары жана нооту мануфактураларын иштетишкен. Жалданма эмгекти талап кылган самын кайнатуучу жана шам чыгаруучу чакан заводдор курулган. Натыйжада, Американын аймагындагы англиялык колонияларда эки түрдүү экономикалык чарба: түштүктө кул эмгегине негизделген чарба, ал эми түндүктө жеке фермерлер менен жалданма эмгекти түзгөн капиталисттик чарба пайда болгон.

Англиялык король менен парламент, ошондой эле капиталисттер жаңы жерлерди басып алуу, англиялык товарларды алып келүү, алым алуу жана салыктарды салуунун натыйжасында зор пайда көрүшкөн. Англиялык даяр товарлардын үзгүлтүксүз өтүп турушу үчүн король жана парламент колонияларда темир-тесек буюмдарын, кездеме чыгарууга тыюу салган жарлык чыгарган. Мындан пайдаланган англиялык соодагерлер колониянын баш-



«Бостондук чай ичүү». 1773-ж.

ка мамлекеттер менен соода кылуусуна тыюу салынышына жетишип, товарларынын баасын өздөрү билгендей жогорулатышкан. Англия колонияларды эзүүнү күчөткөн. Ар кандай тыюу салуулар жана эзүүнүн күчөшү, эркин ишкердүүлүктүн чектелиши Америкага көчүп баргандардын наразылыгын туудуруп, Англияга көз каранды болбоо идеяларын жараткан.

### Көз карандысыздык үчүн согуштун башталышы. АКШнын түзүлүшү

Түндүк Америкада көз карандысыздык үчүн согушка метрополия менен колониянын ортосундагы карама-каршылыктын өсүшү өбөлгө болгон. Колониялар саясий жана экономикалык өз алдынчалыгы, боштондук үчүн тез күч топтоп, ачык даярдана баштаган, Англия болсо колонияларды дагы эле киреше жана чийки зат булагы катары көргөн. Карама-каршылык жети жылдык согуш бүткөндөн кийин абдан күч алган. Себеби Англия согуштардагы чыгымын колониялардын эсебинен жабууну көздөгөн.

1765-ж. Англия герб жөнүндө жаңы салык мыйзамын кабыл алат, анда ар кандай басып чыгарууга, почта аркылуу жөнөтүүгө, коммерциялык жана юридикалык документтерге казына пайдасы үчүн салык салынган. Мыйзам жалпы америкалыктардын наразылыгын туудуруп, демонстрациялык кыймылдын өнүгүшүнө түрткү берди. 1770-ж. мартта Бостондун жергиликтүү эли менен англиялык солдаттардын ортосунда куралдуу кагылышуу болуп, натыйжада солдаттар бир нече адамды өлтүрүшкөн. 1771-ж. Түндүк Каролинада англиялык армия кайтадан тынч элге ок аткан. Эркиндик күрөштүн башталышына «бостондук чай ичүү» жол салган.



«Көз каранды эместик Декларациясын кабыл алуу»

1773-ж. англиялык соодагерлер Бостонго чай алып келишкен, ага парламент тарабынан өзгөчө салык салынат. Наразы болгон бостондуктар индейчелердей кийинип, кемеге кол салып, чай таңгактарын сууга ыргытышкан. Буга жооп кылып британ бийлиги репрессия жүргүзгөн жана портту жапкан, колонияларда өзүн-өзү башкаруу жоюлган. Колонияларда бостондуктарга тилектештик кыймылы кулач жайган. 1774-ж. сентябрда Филадельфияда биринчи континенталдык конгресс болуп, колониялардагы мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтеринин милдеттерин өзүнө алган улуттук өкмөттүн жаралышына негиз салынган. Ага жооп кылып англиялык король бул козголоңду жок кылууга буйрук берген. 1775-ж. жазында Түндүктө Джордж Вашингтон жетектеген эркиндикти жактоочулар англиялык аскерлерге каршы күрөшкө көтөрүлүшкөн.



Д. Вашингтон

Эркиндик үчүн көтөрүлүш тез эле бүт колонияларга жайылган. Күрөштүн жүрүшүндө 1776-ж. 4-июлда конгресс «Көз каранды эместик декларациясын» кабыл алат. Ал декларация көз каранды эмес Америка Кошмо Штаттарынын түзүлүшүн жарыялаган.

**«Көз каранды эместик декларациясынан» үзүндү**

«Биз, Америка Кошмо Штаттарынын конгресске чогулган өкүлдөрү... бул бириктирилген колониялар чындыгында жана укук боюнча эркин жана көз каранды эмес штаттар болууга тийиштигин, алар британдык бийликтин ар кандай граждандыгынан бошотулаарын жана алар менен Улуу Британия мамлекетинин ортосундагы ар кандай байланыш таптакыр үзүлөрүн ушул колониялардын элинин атынан өкүлдүк укугубуз боюнча жарыялайбыз...»

Декларацияда бийлик элге таандык экендиги, адамдын негизги жашоо укугу, эркиндиги, менчик укугу тууралуу жарыяланган. «Декларациянын» жоболору монархияга жана колониялык эзүүгө каршы багытталган. Ал өз учурундагы көрүнүктүү, прогрессивдүү документ болгон. Документтин башкы автору – ойчул жана XVIII к. американык революциянын алдыңкы ишмери Томас Джефферсон эле.



Томас Джефферсон

### Көз каранды эместик үчүн согуштун уланышы (1775–1783)

Англиянын колониядан кол жууп калуусун король жана парламент каалаган эмес. Алар аскердик күчтөрдү Америкага жөнөтүшкөн. Бир кыйла чыңдалган англиялык жалданма армия Атлантика жээгиндеги күчтөргө кошулуп Филадельфияны басып алган. Эми Американын аймактарындагы боштондук күрөшү Англияга каршы жарандык согуш менен коштолду. Аксөөктөр, жер ээлөөчүлөр, королдук чиновниктер куралдуу бандаларды түзүп, патриоттордун үйлөрүнө кол салган. Бүткүл өлкө боюнча коопсуздук комитеттери түзүлгөн. Алар жарандарды контрреволюционерлерге каршы ыктыярдуулардын боштондук армиясына тарта баштаган. Революциячыл армияда көптөгөн кара кулдар менен эркин адамдар салгылашкан. Бир нече миңдеген кара кулдар армия түзүү үчүн кул ээлөөчүлөрдөн конгресс тарабынан сатылып алынган. Нью-Йорк штатында каралардын отряды акыркы кишиси калганга чейин багынбай коргонушкан.

Согуштун жүрүшүндө АКШнын калкы экиге – көз каранды эместиктин талапкерлерине жана анын душмандарына бөлүнүшкөн. Колониялык эзүүдөн кутулуу үчүн фермерлердин жана кол өнөрчүлөрдүн кеңири массасы көтөрүлгөн. Революциячыл буржуазия жана патриоттук маанайдагы плантаторлор королдун аскерлерине каршы күрөштүн башында турушкан.

Революциянын жана өлкөнүн көз каранды эместигинин душмандары аксөөк жер ээлөөчүлөр, англиялык чиновниктер королдук аскерлерди колдошкон. Бөлүнүп чыккан колониялар жеңишке жетүү үчүн Англиянын эски душмандары Франция жана Испания менен союз түзүшкөн. Конгресс жардам жөнүндө сүйлөшүү үчүн өзүнүн өкүлү белгилүү окумуштуу жана коомдук ишмер Бенджамин Франклинди (1706–1790) Парижге жиберген. Франциянын алдыңкы коомдук чөйрөлөрү Американын боштондук согушуна тилектеш болушкан. Аристократ Лафайет

кеме жабдып, Англияга каршы согушууга Америкага сүзүп кеткен. Париждеги королдук өкмөт америкалыктардын революциялык умтулууларынан чочулаган. Бирок аны Англиянын начарданышына жетишүү ниети жеңип чыккан. Ал АКШнын көз каранды эместигин тааныган, аны менен союздаштык жана соода келишимин түзгөн, Вашингтонго карыз берген. АКШ менен Испания да союз түзгөн. Америкага француз аскерлери согуштук кемелери жана курал-жабдыктары менен жөнөтүлгөн. Француз жана испаниялык согуштук кемелер англиялык флотко кол сала баштаган. Англиялык күчтөр бошондой баштады, ошентип америкалык жаш республика көз каранды эместикти коргоо үчүн эски колониялык державалардын – Англия менен анын атаандаштарынын ортосундагы карама-каршылыкты билгичтик менен пайдаланышкан.



Бенджамин Франклин

Англия өзүнүн союздаштарын таба алган эмес. Король Екатерина IIге орус аскерлерин Америкага алып келүү өтүнүчү менен кайрылган, бирок Екатерина II баш тарткан. Монархиялык бийликтин бузулушунан чочулап, падыша аял жаңы мамлекетти – АКШны официалдуу түрдө тааныган эмес, бирок Россия америкалыктардын көз каранды эместик үчүн согушуна жардам берип, АКШга карата достук мамилесин билдирген.

Англиялык согуш кемелеринин бейтарап мамлекеттердин Америкага бараткан соода кемелерин тинтип согуштук жүктөрдү конфискациялоо аракеттерине Россия чечкиндүү түрдө каршы чыгып, Екатерина II куралдуу күч менен, б. а. согуштук кемелердин жардамы менен деңиздеги өз соодасын коргоо чакырыгы жарыяланган «Куралдуу бейтараптык жөнүндөгү декларацияны» (1780) чыгарган.

### Согуштун аякташы

Англичандардын башкы күчтөрү Вашингтондун жана Лафайеттин аскерлери тарабынан Йорктаундун алдында курчоого алынып, 1781-ж. багынып берген. 1783-ж. Версаль келишимине ылайык Англия АКШнын көз каранды эместигин тааныган. Революциячыл согуштун жана айыгышкан таптык күрөштүн натыйжасында Англиянын колониялык үстөмдүгү кулатылган жана бийлик түндүк америкалык плантатор-кул ээлөөчүлөр менен буржуазияга өткөн. Аксөөктөр фермерлерди көз каранды дыйкандарга айландырып феодалдык тартиптерди орното албай калышкан. Согуш учурун-

да АКШдан 100 миңге жакын англиялык аксөөктөр жана алардын үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрү качкан, же куулуп жиберилген, ал эми алардын жерлери конфискацияланган жана сатууга коюлган. Монархия кулатылып республика орнотулду, мыйзам алдында тең укуктуулук жарыяланды, түндүк штаттарда кулчулукту жоюу үчүн шарттар түзүлдү. Мына ушулардын баардыгы, АКШда көз каранды эместик үчүн согуштун жүрүшүнө Улуттук-боштондук буржуазиялык революция болуп өткөндүгүн ырастаган.



Генерал Корнуэлистин англиялык аскерлеринин капитуляциясы


### АКШнын конституциясынын кабыл алынышы

Элди баш ийдирип кармоо үчүн түндүк капиталисттери менен түштүк кул ээлөөчүлөрү мамлекеттик бийликти чыңдоону, борбордук күчтүү өкмөт түзүүнү каалашкан. Бул ири жеке менчикти коргоо, акча системасын жана соода жөнүндөгү мыйзамдарды жөнгө салуу, байлардын кызыкчылыктарын көздөп, жерди чоң бөлүктөр түрүндө сатып алууну камсыз кылуу жана Батышта жаңы жерлерди басып алуу үчүн керек болгон.

1787-ж. Филадельфияда штаттардын өкүлдөрүнүн атайы чогулушу АКШнын конституциясын же мамлекеттик түзүлүш жөнүндө мыйзамды кабыл алган. Конституция боюнча АКШ президенттик республика болуп жарыяланган анда жогорку мыйзам чыгаруучу бийлик конгресске, аткаруу бийлиги президентке таандык болгон. Штаттар өз конституцияларын жана өз алдынча башкарууларын сактап калган. Федералдык принциптеги борборлошкон мамлекеттик аппарат түзүлгөн. Демократиянын өсүшү үчүн мүмкүндүк пайда болгон.

1789-ж. конституциянын негизинде АКШнын биринчи президенти болуп Джордж Вашингтон шайланган. 1791-ж. Конгресс Конституцияга он түзөтүү киргизип, анда сөз эркиндиги, чогулуш, басма сөз, инсандын эркиндигине кол тийгизбестик укуктары кабыл алынып, ал тарыхта «укуктар жөнүндө билль» деп аталган.

Өзүнүн таптык чектелгендигине карабастан, түндүк америкалык буржуазиялык революция буржуазиялык түзүлүштүн мо-




1775–1783-жылдарда Түндүк Америкадагы революциялык согуш

нархия менен колониялык эзүүнүн үстүнөн болгон көрүнүктүү жеңиши болгон жана АКШнын өсүп-өнүгүүсүн тездеткен.

XVIII к. түндүк америкалык революция эл аралык эң чоң мааниге ээ болгон. Ал Жаңы Дүйнөдө буржуазиялык кул ээлөөчүлүк

өз алдынча чоң мамлекеттин – АКШнын түзүлүшүнө алып келген жана Европадагы революциялык кыймылга таасирин тийгизген.

## ДОКУМЕНТТҮҮ МАТЕРИАЛДАР

Түндүк Американын англиялык колонияларынын элдеринин өкүлдөрү 1640-ж. индейлердин бүткүл жерин тартып алмакчы болушат.

### Алар төмөндөгүдөй токтом кабыл алышкан:

1. Жер жана ага таандык болгондордун баары – кудайдыкы. (Кабыл алынды)
2. Кудай жерди же анын ар кандай бөлүгүн өзү тандаган элге бере алат. (Кабыл алынды)
3. Биз анын тандамал эли болуп саналабыз. (Кабыл алынды)

### «Көз каранды эместик үчүн декларациядан»

(1776-жылы 4-июлда Континенталдык конгресс тарабынан кабыл алынган)

Эгерде окуялардын жүрүшү кайсы бир элди башка эл менен болгон саясий байланышын үзүүгө жана калган державалар менен бирдей көз каранды эмес абалды ээлөөгө аргасыз кылса... анда адамзаттын пикирине карата болгон кадимки урмат анын бөлүнүп чыгышына түрткү болгон себептерди баяндоого аны милдеттендирет.

Биз төмөндөгү чындыктарды талашсыз деп эсептейбиз: бардык адам бирдей болуп жаралган жана алардын бардыгына Жараткандын тартып алгыс укуктарынын айрымдары энчиленип берилген, аларга өмүр, эркиндик жана бактылуу болууга умтулуу кирет. Бул укуктарды камсыз кылуу үчүн адамдардын арасынан башкаруучулардын макулдугу менен адилеттүү бийлик түрүндөгү өкмөт түзүлгөн. Эгерде башкаруунун бул формасы алардын максаттары үчүн өлүмгө алып бара турган болсо, анда элдин аны өзгөртүүгө же жоюуга жана жаңы өкмөттү түзүүгө акысы бар.

... Бул колониялар... узак мезгил бою чыдамдуулук менен ар кандай кысымчылыктарды баштарынан өткөрүштү, ошентип эми зарылчылык гана башкаруунун азыркы формасын өзгөртүүгө аларды мажбур кылып отурат. Бул штаттарда түздөн-түз зомбулукту орнотуу максатын көздөгөн Улуу Британиянын азыркы королунун тарыхы чексиз адилетсиздиктерге толгон...

Далилдөө үчүн адилеттүү (калыс) дүйнөнүн пикирине төмөндөгүдөй фактыларды коебуз:

Ал, Англиянын королу, жалпынын жыргалчылыгы үчүн жогорку деңгээлдеги пайдалуу жана зарыл мыйзамдарды бекитүүдөн баш тарткан...

Ал бул штаттарга элдин отурукташуусуна тоскоолдук кылган.

Ал... бул жакка элди жакырдаткан жана алардын канын соргон өз чиновниктеринин топ-тобу менен жөнөткөн.

Ал... төмөнкү актыларды бекиткен:

Дүйнөнүн ар кайсы бөлүктөрү менен болгон биздин сооданы токтотуу.

Биздин макулдугубузсуз эле бизге салыктарды салуу...

Бизди өзүнүн колдоосунан ажыратты жана бизге согуш жарыялап, бизди башкаруудан баш тартты.

Ал бизди деңизде тоноду, биздин жээктерди бүлгүнгө учуратты, биздин шаарларды өрттөдү жана биздин элди өлтүрдү...


Ошондуктан биз Америка Кошмо Штаттарынын конгресске чогулган өкүлдөрү... бул бириктирилген колониялар чындыгында жана укук боюнча эркин жана көз каранды эмес штаттар болууга тийиштигин, алар британдык бийликтин ар кандай жарандарынан бошотулаарын жана алар менен Улуу Британия мамлекетинин ортосундагы ар кандай байланыш таптакыр үзүлөөрүн ушул колониялардын элинин атынан өкүлдүк укугубуз боюнча жарыялайбыз...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Европалыктардын Түндүк Американы колониялаштыруусу качан башталган?
2. Келгиндер менен индейлердин мамилелери кандай өзгөргөн?
3. «Көз каранды эместик декларациясынын» мааниси эмнеде?
4. Конституциянын кабыл алынышы анын мааниси жөнүндө айтып бергиле?
5. АКШнын жогорку бийлик органдары кандай түзүлгөн?
6. Колдонмо дептердеги тема боюнча тапшырмаларды аткаргыла.

## § 5–6. XVIII К. УЛУУ ФРАНЦУЗ БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯСЫ

**Аймак:** Франция
**Мезгил:** XVIII к. аягы
**Теманын хронологиясы:**




**Мезгил сызыгы**

**Билим:** Франциядагы революциялык окуялар жана алардын тарыхый мааниси

**Негизги даталар:**

1789-ж. 05.05 – Генералдык штаттын чакырылышы
1789-ж. 14.07 – Бастилиянын кулашы. Революциянын башталышы.
1789-ж. 26.08 – «Адамдын жана жарандардын укуктарынын декларациясы»
1791-ж. 13.09 – Конституциянын кабыл алынышы
1792-ж. 10.08 – Монархиянын кулашы
1792-ж. 22.09 – Францияда биринчи республиканын жарыяланышы
1792-ж. 20.09 – Вальма салгылашуусу
1793-ж. 21.01 – Людовик XVI өлтүрүлүшү
1793-ж. 31.05–02.06 – Якобиндик диктатуранын орношу
1793-ж. 24.06 – Жаңы Конституциянын кабыл алынышы
1794-ж. 27.07 – Термидордук төңкөрүш

**Түшүнүктөр:**

- республика
- якобиндер
- улуттук чогулуш
- мыйзам чыгаруу чогулушу
- жирондисттер
- диктатура
- уюштуруу чогулушу

### Абсолютизмдин кризиси

XVIII к. 80-жж. Францияда феодалдык абсолюттук түзүлүш кризиске учурай баштаган. Франция агрардык өлкө бойдон калуу менен чексиз монархиялык бийлик өзүнүн үстөмдүгүн жүргүзүп келген. Ал мамлекеттин экономикасына терең таасир берген. Фео-

далдык тартиптер айыл чарбасынын өсүшүндөгү башкы тоскоолдука айлана баштаган, өнөр жайынын андан ары өнүгүшүн кыйындаткан. Бул анык феодалдык абсолюттук түзүлүш кризиси болгон. 1780-ж. Францияда 25–26 млн. калк жашаса, анын 22 млн. дыйкандар эле. Айыл чарбасы бардык кирешенин 3/4 бөлүгүнөн көбүн берген. Дээрлик бардык жер дворяндардын жана чиркөөнүн жери болгон.

Жергиликтүү шарттарга жараша жердин 1/5 бөлүгүнөн 4/5 бөлүгүнө чейинкисин феодалдарга же монастрларга таандык майда участоктор түрүндө, дыйкандардын мурастык пайдалануусунда болгон. Жеринен такыр ажыратылган ижарачылар менен дыйкандар айыл калкынын жарымынан көбүн түзгөн. Түшүм жыйноо учурунда жалчы жалдаган дыйкандар аз болгон. Фермерлер түндүктө гана болгон. Дыйкандар феодалдар менен чиркөөнүн пайдасына көптөгөн милдеттерди аткарышкан, оброк жана барщина, андан тышкары чиркөө десятинасын төлөп турушкан. Феодалдардан кетип калууга же анын үстүнөн даттанууга мүмкүн эмес эле. Феодал дыйкандарды өзү соттогон же ишти өзүнүн эркин аткарган сотторго берген.

Мамлекеттик салыктар: жыл сайын төлөнүүчү түшүмдүн 1/20 бөлүгүнөн алынуучу салык жана тузга салынган салык дыйкандарды бүлүндүргөн. Феодалдык тартиптердин бекемделиши айыл чарбасына тоскоолдук келтирип, дыйкандардын бийликке карата нааразылыгы өскөн.

Ал эми өнөр жайында жана соодада Франциядагы феодалдык үстөмдүккө карабастан капиталисттик мамилелер жандана баштаган. Королдук сарай курал-жарактар менен асемдик буюмдарды чыгаруу боюнча мануфактуралардын жаралышына кызыккан. Артыкча укуктары бар соодагерлер компанияларды башка өлкөлөр жана колониялар менен соода кылуу үчүн колдоого ээ болушкан. Булардын баардыгы пайда болуп келе жаткан буржуазия үчүн пайдалуу болгон, өлкөнүн түндүк чыгышында болотнай, тор, жүндөн токулган кездемелерди өндүрүү өскөн. Лион шаары жибек токуунун борбору болгон. Брест жана Тулондо буу машиналары бар, дворян-ишкана ээлерине таандык болгон металлургиялык заводдор иштеген. Кол өнөрчүлүк өлкөдө өндүрүштүн басымдуу бөлүгүн ээлеген, бирок бул кол өнөрчүлөрдүн көпчүлүгү капиталисттерге-сатып алуучуларга жана чийки зат таратуучуларга көз каранды болушкан.

Өнөр жайдын жана сооданын жанданышы менен буржуазия чыңдалган жана ар кандай жеңилдиктерге, эркин ишкердүүлүккө умтулган. Буржуазия өнөр жайы менен соода иштеринин толук эркин болушун, бүткүл соодада жана колонияларда дворяндар менен эң бай соодагерлердин артыкча укуктуу

компанияларынын жоюлушун, өлкөнүн ар кайсы региондорундагы узундук менен салмактын ар кандай өлчөмдөрүн алып таштоону, көптөгөн бажыканаларды жоюуну талап кылган.

Буржуазиянын феодалдык тартиптерди жоюуга, жерди эркин сатып алууга жана сатууга, нан, шарап жана айыл чарбасынын башка продуктулары менен соода кылууга кызыгуусу буржуазиянын эл массасы менен, биринчи кезекте дыйкандар менен абсолютизм менен феодализмге каршы союз түзүүсүнө шарт түзгөн.

XVIII к. Франциядагы коомдук өнүгүүгө феодалдык тартиптер эле тоскоолдук келтирген эмес. Ага дворяндар менен дин кызматкерлеринин артыкчылыктары, чексиз монархия, бүткүл феодалдык абсолюттук түзүлүш тоскоолдук кылган.

Францияда калктын орто кылымдык сословиеге бөлүүсү сакталып калган. Биринчиси дворяндар, экинчиси дин кызматкерлери болгон. Үчүнчү катмарга – буржуазия, дыйкандар, кол өнөрчүлөр, жумушчулар кирген. Сословиелик түзүлүш да абсолюттук кризистин күчөшүнө түрткү берген.

### Революциянын себеби жана башталышы

Айыл чарбасында, өнөр жайда жана соодада өндүргүч күчтөрдүн өсүшүнө тоскоолдук келтирген эскирип калган феодалдык тартиптерди жоюу зарылдыгы бышып жетилген. Өндүргүч күчтөрдүн өсүшү менен феодалдык өндүрүштүк мамилелердин карама-каршылыгы XVIII к. аягындагы Франциядагы буржуазиялык революциянын негизги себеби болуп калган. Францияда абсолютизмге жана феодализмге каршы буржуазиянын эл массасы менен биргелешкен күрөшү үчүн шарт түзүлдү. Бирок буржуазия менен элдин төмөнкү катмарларынын максаттары эки башка болгон. Буржуазия эч кандай чектөөлөрсүз баюу эркиндигине умтулган. Ал эми элдин төмөнкү катмарлары феодалдык тартиптерди жок кылууга жана ошол эле мезгилде ири мүлктүүлөрдүн байлыгын чектөөнү көздөшкөн.


1789-ж. карай Францияда революциялык кырдаал түзүлгөн.

*«Жогоркулар» – король менен үстөмдүк кылуучу катмарлар мурдагыдай башкара албай калышкан;*

*элдин муктаждыктары жана жакырчылыктары күчөгөн;*

*массанын саясий активдүүлүгү жогорулаган.*

Финансылык абалдын өтө начарлыгынан король 175 жылдан бери чогула элек (1614-ж. тартып) Генералдык штатты чакырууну чечкен. 1789-ж. 5-майда Версалда Генералдык штат ачылган. Людивик XVI «жаңылык киргизүүгө өтө эле умтулгандарды» айыптаган жана жаңы салыктарды бекитүүгө буйрук кылган.



Улуу француз буржуазиялык революциясынын башталышы

Шайлоо сословиелер боюнча жүргүзүлөрү б. а. ар бир сословиеге бирден добуш берилери жарыяланган болуучу, демек дворяндар менен дин кызматкерлерине өздөрүнүн эркин аткарууга мажбурлоо мүмкүнчүлүгү берилген. Бирок үчүнчү сословиенин депутаттары буга көнүшкөн эмес. Версалга король менен ак сөөктөргө макул болбоону талап кылышкан париждиктер чогулушкан. Июнда үчүнчү сословиенин депутаттары чогулушкан жана катмар боюнча шайлоону кабыл албай коюшкан. Алардын өз катмар-


Улуттук чогулуш

ларынын өкүлү катары эле эмес, бардык улуттун Улуттук чогулуштун өкүлү катары жарыялашкан токтомдорун король жокко чыгарууга да, токтотууга да укуктуу болгон эмес. Улуттук чогулуш өлкөдө жогорку бийлик болуп эсептелээрин жана королдук жеке бийликти жоё тургандыгын билдирген. Үчүнчү сословиеге дворяндардын алдыңкы бөлүктөрү кошулган.


Бастилияга чабуул

Улуттук чогулуш өзүн уюштуруу чогулушу деп жарыялаган, тактап айтканда өзүнүн конституциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу же мамлекеттик жаңы түзүлүштү түзүү укугун салтанаттуу жарыялаган. Анда шайлоо сословиелик эмес жалпы элдик шайлоого айланышу каралган.

Людовик XVI Версалга куралдуу дворяндарды чогулта баштады. Парижде король Уюштуруу чогулушун кууп таратууга даярданып жаткандыгы белгилүү болду. Эл массасы абсолюттук монархияга каршы күрөшкө көтөрүлдү.

1789-ж. 14-июлда куралданган эл массасы чабуул коюу менен Бастилия чебин алган. Бастилиянын алынышы революциянын башталышы жана анын алгачкы жеңиши болгон. Ушул эле күнү эл массасы революциячыл күч катары көтөрүлүшкө чыккан жана абсолютизмдин үстүнөн чечкиндүү жеңишке ээ болгон. Король Генералдык штаттын Уюштуруу чогулушуна айланышына макул болууга аргасыз болду. Францияда революциянын жүрүшүндө абсолюттук монархия конституциялык монархияга айланган.

## Алгачкы революциялык иш-чаралар

Парижде 1789-ж. абсолютизмди жеңген элдин жеңишинин үзүрүн буржуазия көргөн. Алар бийликти өз колуна ала баштаган. Король мамлекеттин башкаруучусу болуп калганы менен мыйзамдарды үчүнчү сословиенин депутаттары жетекчилик ролду ээлеген Улуттук чогулуш гана чыгарган. Борбордо буржуазиялык Улуттук гвардия түзүлгөн.

Дыйкандардын революциялык кыймылынын таасири астында Улуттук Уюштуруу чогулушу 1789-ж. августта феодалдык мамилелердин жоюлушун жарыялаган. Парижде жана башка шаарларда жумушчулар менен кол өнөрчүлөрдүн турмушун жакшыртуу боюнча иш-чаралар көрүлө баштаган.

Уюштуруу чогулушу 1789-ж. 26-августта «Адамдын жана жарандын укуктарынын декларациясын» кабыл алды. Анда жогорку бийликтин булагы болуп улут жарыяланган. Декларацияда «адамдар эркин жана тең, укуктуу болуп туулат жана ошол бойдон калат» деп салтанаттуу түрдө жарыяланган. Бул прогрессивдүү чоң мааниге ээ болгон. Адамдардын тең укуктуулугу феодалдык артыкчылыктар менен зомбулуктарды жоюуну билдирген. «Декларацияда» бардык жарандардын өздөрүнүн же өздөрүнүн өкүлдөрү аркылуу мыйзамдарды кабыл алууга, салыктарды киргизүүгө катышуу укугу каралган, сөз, басма сөз, эркин жүрүү эркиндиги жарыяланган. 1791-ж. 13-сентябрда Уюштуруу чогулушу тарабынан иштелип чыккан конституция кабыл алынган. Конституцияга ылайык Францияда монархиялык бийлик сакталып калган, бирок королдун бийлиги мыйзам чыгаруучу чогулуш тарабынан чектелген. Мыйзам чыгаруу чогулушунда ири буржуазия үстөмдүккө ээ болгон. Жирондисттер деген атка ээ болгон Жиронда департаментинин депутаттар тобу Мыйзам чыгаруучу чогулушта бара-бара өтө таасирлүү боло баштаган. Алар оокаттуу соода жана өнөр жай буржуазиясынын кызыкчылыктарын коргогон.

1792-ж. февралда австриялык-пруссиялык аскерлер союзунун 20 миң аскери Францияга жөнөгөн. Өлкөдө контрреволюциялык интервенция коркунучу пайда болгон. Алар абсолюттук монархияны калыбына келтирүү шартын коюшкан. 1792-ж. июлда Мыйзам чыгаруучу чогулуш элге «Ата Мекен коркунучта!» деген чакырык менен кайрылган. Борборго бардык департаменттен миңдеген куралдуу ыктыярдуулар чогулган. Революцияны жеңип алгандарын коргоо үчүн интервенттерге каршы француз эли адилеттүү согуш жүргүзгөн.

### Монархияны кулатуу

Мыйзам чыгаруучу чогулуштун көпчүлүк депутаттары элден, революциянын андан ары өнүгүшүнөн коркуп, король менен жең ичинен сүйлөшүүгө барышкан. Бирок эл массасы революцияны бүтө элек деп эсептеген. Монархияга каршы күрөшкө революциялык клубдар, газеталар, париж секциялары жетекчилик кылышкан. Республиканы жарыялоо боюнча агитация жүргүзүлгөн, өзгөчө ыйык Яков монастрынын имаратына чогулган саясий клубдун ролу зор болгон. Алар якобинчилер деп аталып, көрү-



Максимилиан Робеспьер

нүктүү жетекчилери Максимилиан Робеспьер жана Жан Поль Марат болгон.



Жан Поль Марат

Чет өлкөлүк контрреволюциялык армиянын чабуулу жаңы революциялык чыгууну тездеткен. Робеспьер якобиндик клубда Францияда республиканын жарыяланышын талап кылып сөз сүйлөгөн. Марат Париждин чыгыш секцияларында монархияга каршы күрөшкө көтөрүлүүгө чакырган.

1792-ж. 10-августта 20 миңге жакын көтөрүлүшчүлөр королдун сарайын курчап алышкан. Эл штурм менен сарайды алган. Коркуп кеткен король Мыйзам чыгаруучуларга барып баш калкалаган, өлкөдө монархиянын акыркы таянычы кулаган. Элдин кысымы астында Мыйзам чыгаруучу чогулуш королду бийликтен ажыратууга жана үй-бүлөсү менен түрмөгө камоого аргасыз болгон, өлкөдө бийлик башына соода, өнөр-жай буржуазиясы – жирондисттер келген.

Монархияны кулатуу революциянын жаңы мезгилинин башталышын көрсөткөн. Монархия кулатылгандан кийин Улуттук конвентке шайлоо белгиленген, ал конституцияны кайра карап чыгууга тийиш болгон. Мүлк цензи жоюлган, ал эми шайлоочулардын жашы 21 жашка чейин төмөндөгөн. Душманга сокку берүү эч кечиктирилгис милдет болгон. Ыктыярдуулардан массалык кабыл алуу жарыяланган. Патриоттук маанайдагы революциячыл армия 1792-ж. 20-сентябрда Вальма кыштагынын жанында пруссиялык жөө аскерлердин чабуулун токтоткон. Ата Мекенди коргоодо өзгөчө Дантон зор роль ойногон, анын жалындуу патриоттук сөздөрү ар бир жоокердин жүрөгүнөн түнөк тапкан. Пруссиялык армия чегинген жана чек арадан алыс сүрүлүп ташталган.

Конвент Вальманын жанындагы салгылашуунун күнүндө 1792-ж. 22-сентябрда ачылган жана Францияны республика деп жарыялаган. 1793-ж. 21-январда Конвенттин чечими менен Людовик XVI нин башы алынган. Королдун өлтүрүлүшү европалык монархтардын жинин келтирген. Австрия менен Пруссиянын Франциядагы революцияга каршы коалициясына эми Англия жана Испания кошулган. Алар




Вальманын жанындагы салгылашуу




Революциячыл Франциянын 1792–1794-жж. тышкы жана ички контрреволюцияга каршы күрөшү

жаңы күч менен түздөн-түз революциянын жеңиштерине коркунуч туудурган. Жирондисттердин күнөөсү боюнча Француз революциялык аскерлеринин тышкы фронттогу ийгиликсиздиги, экономикалык оорчулук, салыктын өсүшү элдин арасында жирондисттердин кадыр-баркын бошондотту, өлкөдө жирондисттердин бийлигине наарзычылыктар күчөдү.

### Якобиндик диктатура

1793-ж. 31-майынан 12-июнуна чейин элдик көтөрүлүш болуп, бийлик демократиялык күчтөргө – элдин кеңири массасына, шаардык төмөнкү катмарлар менен дыйкандарга таянган, буржуазиянын бир кыйла революциячыл катмары яко-

бинчилерге өткөн. 1793-ж. 24-июнда Конвент эл бийлигин жана адамдын тең, укуктуулугун жарыялаган жаңы конституция кабыл алды. Франция бирдиктүү жана бөлүнгүс республика болуп жарыяланды. Адамдын тең укуктуулугу жарыяланган, мүлктүк цензге карабастан 21 жашка чыккан эркектерге шайлоо укугу берилген. 1789-ж. «Декларацияда» жарыяланган укуктар менен эркиндиктерге: коомдогу колунда жокторго иш берүү жана эмгекке жараксыздарга жардам берүү, бардык жарандардын билим алуусу жөнүндө камкордук көрүү милдети кошулган.

Якобиндик диктатура революция үчүн эң коркунучтуу абал түзүлүп турган кезде орногон. Революциялык Франция кас мамлекеттердин курчоосунда калган, ички контрреволюция көтөрүлгөн. Революцияны сактап калуу үчүн 1793-ж. 4–5-сентябрда бийлик толук бойдон Конвент тарабынан шайланган Коомдук сактап калуу комитетине өткөн. Өлкөдө Якобиндик диктатура орноду. Бул өтө зарылдыктан келип чыккан эле. Анын башында Робеспьер турган. 1793-ж. июлда кабыл алынган бардык феодалдык милдеткерликтерди толук жана акысыз жоюу тууралуу декрет башкы ролду ойногон. Дыйкандар толук бойдон эркин жана өздөрүнүн үлүштөрүнүн көз каранды эмес кожоюндары болуп калышкан. Ошентип Якобиндик диктатура кыштактардагы феодалдык тартиптерди биротоло жойду жана XVIII к. француз революциясы жерге болгон феодалдык жеке менчикти жоюу жөнүндөгү негизги маселени чечти, өтө зарыл буюмдардын баасына чек коюулду. Кызыл кулактыкты жоюу үчүн өтө катаал мыйзам чыгарылды. Революцияны интервенттерден сактап калуу үчүн 600 миң адамдан ашкан массалык революциялык армия түзүлдү. «Жеңиш же өлүм!» деген сөздөр революциялык согуштун урааны болуп калган. 1794-ж. башында Франция коалициялык аскерлерден тазаланган. 1794-ж. июнда Австриялык аскерлердин башкы күчтөрү талкаланып, коалиция жеңилген. Якобинчилердин катуу тартиби жана карапайым элди күрөшкө көтөрө билүүсү жеңишти камсыз кылды. Бирок өлкөдөгү катаал мыйзамдар жана мыйзамга баш ийбегендердин массалык репрессияланышы наараэылыктарды пайда кылып Конвенттин ичинде контрреволюциячыл кутум түзүлгөн. Алар бийликти алуу үчүн өз талапкерлерин чогулта баштаган.

Робеспьер кутумдук коркунучту көрө билген жана коомду сактап калуу комитетинин кээ бир адамдары бузукулар тарабына өткөндүктөн комитеттин курамын жаңыртууну талап кылып сөз сүйлөгөн. Ошондо кутумдагылар шашылыш аракетке өтүштү.

1794-ж. 27-июлда (9-термидорунда) алар Конвентте чуу чыгарышып жана Робеспьерге сөз беришпей, аны жана анын та-

лапкерлерин камакка алуу туралуу токтом чыгарышкан. 10-июлда Робеспьер жана анын шериктери өлүм жазасына кириптер болушкан.

Якобиндик бийлик кулаган. Бийлик толук бойдон буржуазиянын колуна өткөн. Францияда парламенттик республиканын түзүлүшүнө негиз салынган.

**Француз революциясынын натыйжасы жана тарыхый мааниси.**

XVIII к. Улуу Француз революциясынын негизги натыйжалары төмөндөгүдөй болгон:

1. Революция бардык сословиелик тоскоолдуктарды жойгон, дворян жана дин өкүлдөрүнүн артыкчылыктарын алмаштырган. Бардык жарандардын социалдык теңдигинин мүмкүнчүлүгүн киргизген;

2. Жаңы мамлекеттик түзүлүш – парламенттик республиканы жарыялаган;

3. Бардык жарандардын тең укуктуулугу мамлекет тарабынан кепилдикке алынган;

4. Дворяндардын жерлери 10 жылдык мөөнөт менен майда бөлүктөргө бөлүнүп дыйкандарга сатылган;

5. Финансылык системада кайра куруулар болгон.

Улуу Француз буржуазиялык демократиялык революциясы бүткүл дүйнөлүк тарыхый мааниге ээ болгон. Ал Европанын башка өлкөлөрү менен Американын элдерине да буржуазиянын феодализмге каршы күрөшүнүн үлгүсүн берип, бүткүл дүйнөлүк тарыхтын андан ары өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген.

Революция саясий эркиндиктердин принциптерин, адамдын жана жарандардын демократиялык укуктарын, элдин суверенитетин, жетиле элек түрүндө болсо да көтөрүп чыгып практикада колдонуп, жалпы адамзаттык мааниге ээ болгон.

## ДОКУМЕНТТҮҮ МАТЕРИАЛДАР

**«Адамдын жана жарандардын укуктарынын декларациясы»**

Улуттук чогулуш жогоркулардын алдында жана алардын колдоосу менен адамдын жана жарандардын төмөнкү укуктарын тааныйт жана жарыялайт:

1. Адамдар эркин жана тең, укуктуу болуп туулат. Коомдук айырмачылыктар жалпы кызыкчылыктарга гана негизделиши керек.

2. Адамдын табигый жана ажырагыс укуктарын сактоо бардык саясий союздун максаты болуп эсептелет. Бул укуктар: эркиндик, жеке менчик, коопсуздук жана эзүүгө каршылык көрсөтүү.

3. Бүткүл жогорку бийликтин булагы ар дайым улуттун колунда. Түздөн-түз улуттан чыкпаган эч бир мекеме, эч бир адам бийликти иш жүзүнө ашыра албайт.

4. Эркиндик деген башка бирөөгө зыян келтирбей, бардыгын жасоо укугунда турат...

6. Мыйзам жалпы эркти билдиргендик. Мыйзам бардыгы үчүн бирдей болууга тийиш.

10. Өзүнүн көз караштары үчүн, эгерде алардын көрүнүштөрү мыйзам тарабынан белгиленген коомдук тартиптерди бузбаса, ал түгүл диндик көз караштар болсун, эч кимдин тынчын албоого тийиш...

17. Менчик деген бузулбас жана ыйык укук болот, мыйзам тарабынан ырасталган жана адилеттүү, алдынала иштелген акы төлөөнүн шартында коомдук зарылчылык ачык талап кылган учурлардан тышкары андан эч ким ажыратылбаш керек.

### 1793-ж. 17-июлдагы феодалдык укуктарды толук жана акы төлөөсүз жоюу тууралуу декреттен

1. Укуктар менен байланыштуу болгон сеньордук мурдагы бардык алык-салыктар, оброктор, туруктуусу да, ошондой эле кокусунан киргизилгени да, акы төлөөсүз жок кылынат.

5. Мурдагы сеньорлор ушул декрет боюнча же мурда болуп өткөн чогулуштарда бекитилген декреттер боюнча өз укуктарын белгилеген же аныктаган документтердин ээлери, ушул декрет жарыялангaнга чейинки ээлери, үч айлык мөөнөттүн ичинде документтерин көрсөтүүгө милдеттүү... 10-августка чейин көрсөтүлгөн документтер ошол күнү өрттөлүүгө тийиш... калган бардык документтер 3 ай өткөндөн кийин өрттөлөт.

6. Өрттөлүүгө тийиш болгон документтердин нак өзүн же көчүрмөсүн катып алгандыгы, жашырып койгондугу үчүн бети ачылган адам мурдагы статьяга ылайык 5 жылдык сүргүнгө жазаланат.

### Суроолор жана тапшырмалар:

1. Францияда XVIII к. абсолютизмдин кризиси эмнеден көрүнгөн?
2. Айыл чарба, өнөр жайы жана соодадагы чарбачылыктарына мүнөздөмө бергиле.
3. Сословиелик артыкчылыктар деген эмне?
4. Революциянын себебин жана башталышын айтып бер.
5. Революциянын улам өйдө карай өркүндөшүн схема түрүндө көргөз.
6. Силер үчүн революциялык кайсы иш-чара өтө маанилүү болгон.
7. Контрреволюция жана интервенция, алардын айырмасы эмнеде жана алар революцияга кандай коркунуч туудурган?
8. Якобинчилердин диктатурасы анын орношу ошол мезгилде туура болгонбу өз оюңду айтып бер.
9. Якобинчилердин ички саясатынын эң жакшы жактары жана терс жактары эмнеде болгон?
10. Эмне үчүн эл массасы Робеспьерди кутумчулардан сактап калган жок?
11. Революцияда адам укуктары жана конституция кандай ролду ойноду?
12. Улуу Француз Революциясынын натыйжасы жана тарыхый мааниси эмнеде?
13. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 7. ТЕРМИДОРЛОР МЕЗГИЛИНДЕГИ ФРАНЦИЯ ЖАНА БИРИНЧИ ИМПЕРИЯНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

**Аймак:** Европа
**Мезгил:** XVIII к. аягы XIX к. башы
**Теманын хронологиясы:**




Мезгил сызыгы

**Негизги даталар:**

1794. 27.07 – Термидордук төңкөрүш
1795 – Жаңы конституциянын кабыл алынышы
1795–1799 – Директориянын башкаруусу
1796–1797 – Наполеондун Италияга биринчи жүрүшү
1799. 31.11 – Мамлекеттик төңкөрүш. Консулдуктун жарыяланышы
1804 – Францияда биринчи империянын жарыяланышы
1807 – Тильзит тынчтык келишими

**Билим:** Директория, Франциядагы консулдук мезгил жана биринчи империя

**Түшүнүктөр:**

- термидордук конвент
- директория
- мамлекеттик төңкөрүш
- бонапартизм
- наполеондун кодекси
- империя
- континентик блокада

### Термидордук конвент

Термидорчулар эң биринчи кезекте экономикалык эркиндикти калыбына келтирүүгө умтулган. Террордук методду колдонуу менен термидордук конвент якобинчилерди катуу жазага тарткан. Диктатура жоюлган, радикалдуу саясий клуб жана Париж Коммунасына тыюу салынган. Баа минимуму жана террорго тийиштүү өтө курч декреттер алмаштырылган, бирок экономикалык эркиндик жана бардык чектөөлөрдү алып салуу инфляциянын жана социалдык теңсиздиктин күчөшүнө алып келген.

### 1975-жылкы Конституция. Директория.

Өлкөнү стабилдештирүү максатында мээлүүн буржуазия 1795-жылы жаңы конституцияны иштеп чыкты. Мыйзам чыгаруучу бийлик ценздик система менен шайланган эки палаталуу депутаттардын колуна топтолгон, ал эми аткаруу бийлиги 5 адамдан турган директорияга берилген, анын башында генерал Поль Баррас турган.

Конституция революциянын жетишкендиктерин мыйзамдаштырды, биринчи кезекте феодалдык көз карандылыктар жоюу-


луп королдун, контрреволюционер эмиграцттардын мүлкү конфискацияланды жана сатылды. Тышкы саясатта Директория Батыш Европада жана Италияда Франциянын үстөмдүгүн орнотуу максатын көздөгөн. Франция республиканын чек арасын кеңейтүүгө жетишкен андан тышкары Россия, Испания жана Голландия менен тынчтык келишимин түзүүнүн аркасында антифранцуздук коалициянын күчүн төмөндөткөн. Франциянын тышкы саясаты уламдан улам экспансионисттик мүнөзгө өтө баштаган.

Генералдар Жордан жана Маронун колбашчылыгы астындагы француздардын эки армиясы Рейн үчүн Герман мамлекетинин аскерлерине чабуул жасады, ошол эле убакта жаш, таланттуу генерал Наполеон Бонаparттын армиясы Австриянын таасириндеги Италияга жүрүш жасоонун алдында турган.



Наполеон Бонапарт

Наполеон Бонапарт 1769-жылы Корсика аралындагы Аяччо шаарында жакырланган дворяндын үй-бүлөсүндө туулган. Бриенна жана Париждеги аскерлик окуу жайын эң жакшы окуп бүтүп, артиллериялык тармак боюнча поручик деген чинге ээ болот. Жыйырма жаштагы поручик революциялык жол башчылар менен жакындашып алардын катарына тартылган. Ал биринчи аскердик талантын 1793-жылы Тулонду душман курчап турган кезде көрсөткөн. Наполеон Бонапарт артиллерияны өзү иштеп чыккан схема боюнча жайгаштырганда ок атуу ийгиликтүү болуп, интервент – англичандар, испан жана неополитан аскерлери талкаланып Тулон шаары курчоодон бошотулган. Ушул жеңиш үчүн Конвент жыйырма төрт жаштагы Бонапартка генерал деген наам берген. 1795-жылы Парижде козголоң чыгарган монархисттер Конвентке коркунуч туудурганда генерал Поль Баррас Бонапартка артиллериялык корпусту толук өткөрүп берген. Мындан пайдаланган Бонапарт 40 миң куралдуу козголоңчуларды жалпы ок атуу менен кыйратып Конвентти сактап калган, бул эрдиги үчүн ал бригадалык генерал наамына жеткен.




Франциядагы революциялык согуштар

Поль Баррастын талабы менен Директория жыйырма жети жаштагы Бонапартты Италия жана Австриялык союздаштарга каршы согушуучу армиянын кол башчысы кылып дайындайт. Наполеон Пьемонт жана Ломбардияны ээлеп, Венага чабуул баштаган. Гасбругдар тарабынан эзилген италиялыктар жаш генералды боштондукка чыгаруучу катары кабыл алышкан. 1797-ж. 18-октябрда Компо-Формио тынчтык келишиминин натыйжасында австриялыктар Францияга көптөгөн аймактарды берүүгө мажбур болушкан.

Италиядагы аскердик жеңиш, Бонапартты атак-даңкка бөлөгөн. Анын сунушу менен 1798-ж. майда Египетке аскердик экспедиция уюштурулган. 38 миң аскерден турган 350 корабль Наполеондун жетекчилигинде Египетке багыт алган. Наполеон эч тоскоолдуксуз Александрияга келип түшкөн. Египетти ээлеген Наполеон Сирияга багыт алган. Бирок бир нече жеңиштерден кийин француздардын чабуулу токтотулган. Наполеон Парижге кайтуу чечимине келген, ал убакта Францияда жана Европада терең өзгөрүүлөр болгон.

**18-брюмер төңкөрүшү. Бонапарттык режим**

Директориялык режим терең кризиске туш болгон. Мамлекеттик аппараттагы коррупция, экономикадагы башаламандык, инфляциянын өсүшү, калктын калың катмарынын бийликке наразылы-

гын туудурду. Убактылуу аскердик ийгиликтер акырындык менен жеңилүүлөргө айланды.

Буржуазия жана башка социалдык катмарлар түзүлгөн абалдан чыгыш үчүн диктатордук режимди зарыл экендигин туюп-сезе баштапты. Бул максатта 1799-ж. 18-брюмеринде Наполеон Парижге кайтып келет да буржуазиянын колдоосу алдында армиянын күчү менен мамлекеттик төңкөрүш жасайт.

1799-ж. 18-брюмериндеги мамлекеттик төңкөрүш Франциядагы диктатураны консулдук формага айландырды, ал эми 1804-жылдан баштап империянын башында Наполеон Бонапарт турган. Жаңы режимдин максатынын негизин Европада жана француздук коомдо буржуазиянын үстөмдүгүн күчөтүү түзгөн. Парламенттик конституциялык түзүлүштүн ролунун төмөндөшү менен бул диктатура мүнөзү жагынан борборлошкон бюрократизмге окшоп кеткен. Өзгөчө ролду полиция, жандармерия жана армия ойногон. Армияга өтө жакшы көңүл бөлүнгөн, аскердик кызмат үчүн атайы сыйлыктар берилген, ал эми армия акырындык менен башкаруучунун эркине баш ийе баштаган. 1801-ж. Наполеон папа Пий VII менен конкордат (келишим) түзүп, католик дини «көпчүлүк француздардын дини» катары жарыялаган.

Билим берүү катуу цензурага алынган жана бийлик тарабынан катаал көзөмөлдөнгөн. Мектептердин максаты: «жарандарды ишенимге, императорго, ата-мекен жана үй-бүлөгө берилүүгө тарбиялоо» болгон. Газета жана журналдарды басып чыгаруу кыскартылган. Агартуу идеясын, өткөн революциялык окуяларды даңктоого, Франциянын ички жана тышкы маалыматтарын кабарлоого тыюу салынган.

Мыйзамдуулук жана укуктук нормалар жаңы капиталисттик система наполеондук кодексте чагылдырылган:1804-ж. Жарандык кодекс, 1808-ж. Соода, 1811-ж. Кылмыш кодекстери жазылып, буларда француз революциясынын негизги принциптери чагылдырылган.

Буржуазиянын экономикадагы толук үстөмдүгү орнотулуп, бул жеке менчиктин бекемделишин шарттады. Наполеондук өкмөттүн экономикалык саясаты Францияда капитализмдин тез өнүгүшүнө багытталган. Айыл чарбасы жогорулаган. Өкмөт өнөр жайдын өнүгүшүнө көңүл бөлүп, протекционизм саясаты жүргүзүлгөн. Бул жылдары өнөр жай революциясы кулач жайган.

**Тышкы саясат (1799–1807)**

Империялык бийликти бекемдеп жана жогорудагы реформаларды иш жүзүнө ашыруу менен 1805-ж. Наполеон экспансионисттик саясатын жаңырткан. Ал Ла-Манш кысыгына ири армия топтоп, Англияга кол

салууга даярданган. Топтолгон армияны колдоо үчүн Жер Ортолук деңизинен француздук эбегейсиз зор эскадраны жөнөткөн. Бул эскадра Гибралтардан өтүп Атлантика океанында Испаниянын жээктеринен анча алыс эмес жердеги Трафальгар тумшугунун жанынан 1805-жылы 21-октябрда адмирал Нельсондун командасы астындагы англиялык флотту кездештирди. Атактуу адмирал Нельсон үчүн бул 140-жана эң акыркы салгылашуу болду. Атактуу адмирал Нельсон командалык кылган англиялык флот, француздук флотту өтө укмуштай талкаланууга дуушар кылды. Наполеондун Англияны басып алуу планы үзгүлтүккө учурады. Анын үстүнө Англия үчүн болгон согушка Австрия жана Россия тартылды. Француздук армия эми чыгышка бет алды. Французадар деңизде жеңилгени менен кургакта жеңилишкен эмес.

1805-жылы октябрда австриялык армия капитуляцияланып, француздук аскерлер Венага киришкен. Андан кийин 1805-жылы 2-декабрда Наполеон пруссиялык, австриялык жана орус армиясы менен Аустерлицтеги салгылашта даңктуу жеңишке жетишип, Австрия менен Франциянын ортосунда тынчтык келишими түзүлдү. Бул келишим боюнча Австрия Наполеонду Италия королу катары таанып, эң чоң өлчөмдөгү контрибуция төлөгөн. Австрия Францияга Венеция, Истрия жана Далмацияны өткөрүп берген.

Неаполитан тактысын Наполеон өзүнүн тууганы Жозефиге ыйгарган. Агасы Людовик 1806-жылы вассалдык Голландиянын королу болуп калган. Француздук өкмөт Түштүк жана Батыш Германияда өзүнүн позициясын бекемдеген. 1806-жылы Наполеон Бонапарттын протектораттыгы астында он алты германдык мамлекет Рейин союзун түзгөн. Франциянын үстөмдүгү астында император Франц «Ыйык Рим империясынын» императордук титулунан баш тартууга жана Австриянын гана императору болуп калууга гана тийиш болду. 1806-жылы Наполеон Бонапарт тарабынан Улуу Карлдын мезгилиндегидей ири империя түзүлгөн. Наполеон I нин бийлиги Рейнде гана эмес Рейн жана Эльбанын ортосуна ошондой эле Италия, андан ары Балканга таасири күчөй баштаган. 1806-жылы Австрия талкалангандан кийин наполеондук Францияга каршы Европада жаңы коалиция түзүлүп, ага Англия, Пруссия, Россия жана Швеция кирген. Бул мезгилге чейин Пруссия Францияга каршы бир да коалицияга кирген эмес, себеби Австриянын жеңилүүсүнөн пайдаланып Түндүк Германияда өзүнүн үстөмдүгүн бекемдөөнү көздөп келген. Бирок 1806-жылы француз аскерлери Пруссиянын чек арасында турганда ал наполеондук армия менен жападан жал-

гыз калбаш үчүн жаңы коалицияга кирүүгө аргасыз болгон. Ошентсе да Йен жана Ауэрштед жанындагы салгылашууларда Пруссиянын тагдыры чечилип калды. 1806-жылы октябрдын аягында Пруссия армиясы талкаланып, Наполеон Берлинге салтанаттуу кирген. Берлинде Наполеон 1806-ж. 21-ноябрда европалык өлкөлөрдүн тагдырында чоң роль ойногон континенталдык блокада жөнүндө декретке кол койгон. Декрет боюнча француз империясына жана ага көз каранды өлкөлөргө Англия менен соода жүргүзүүгө катуу тыюу салынган. Блокаданы иш жүзүнө ашырыш үчүн бүтүндөй континенталдык Европаны Франциянын алдында бириктириш керек болуучу. Турциянын талкаланышы жаңы коалициянын жеңилиши болуп эсептелген эмес. Россия согушту улантып жаткан. 1807-жылы Чыгыш Пруссиядагы эң ири кан төгүлгөн Прейсиш-Эйлау жана Фридланддын алдындагы салгылашууларда Франция үстөмдүккө ээ болсо да, көптөгөн жоготууларга учураган. Россия жана Франция үчүн өтө керектүү тынчтык келишим жөнүндө сүйлөшүүлөр башталды. Наполеон Бонапарт эң башкы милдетти – Англиянын чөгөлөтүү жана Франциянын тынчтык гегемондуулугун орнотуу үчүн Россия менен компромисске барууну чечкен.

1807-жылы 7-июлда Тильзит шаарында Россия менен Франциянын ортосунда тынчтык жана союздук келишим түзүлүп ага императорлор Александр I жана Наполеон I кол коюшкан. Россия Наполеондун Европадагы бардык басып алууларын тааныды жана континенталдык блокадага кошулду. Россия болсо өз кызыкчылыгы үчүн Турция жана Швецияга каршы эркин күрөш жүргүзүүгө мүмкүндүк алды. Ошентип Францияга каршы түзүлгөн жаңы коалиция ушундайча жок болду. Тильзит тынчтык кели-



П. Бержере. Наполеон жана Александр I

шими бекем болгон эмес. Наполеон Европага абсолюттук үстөмдүгүн орното албай калгандыгы менен келишкиси келген эмес. Ал эми орус өкмөтү Франция тарабынан дайыма согуштук коркунучту күтүү менен Европада өз таасиринин төмөндөгөнү менен келише алган жок. Андан тышкары континенталдык блокада Россия империясынын экономикасына катуу сокку урган.

Россиядагы ири мамлекеттик ишмер М. Сперанский 1811-жылы эле мындайча жазган: «Россия менен Франциянын ортосундагы болуучу жаңы согуш чындыгы Тильзит тынчтык келишими менен бирге эле жаралган. Анткени тынчтык келишим өз ичине бир нече согуштук элементтерди камтыган».

## ДОКУМЕНТТҮҮ МАТЕРИАЛДАР

### «1807-жылкы Тильзит келишиминен»

Жалпы тынчтык жана элдердин бактысы үчүн эки империя бир туугандык менен дүйнөнү бөлүп алыш керек.

### Наполеондун Жозефинага жазган катынан


Аустерлиц алдындагы салгылаш – менин салгылашуумдагы эң сонун салгылаш: анда душмандардын 45 туусу, 150 жакын замбиреги колго түшүрүлүп, 20 генерал, 30 миң аскерлер туткундалды жана 20 миң адам каза болду.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Якобиндик диктатура кулагандан кийин термидорчулар кандай иш-аракетке өтүштү?
2. 1795-ж. конституциянын зарылчылыгы эмнеде?
3. Директориянын тышкы экспансиясынын багытын картадан аныктагыла.
4. Консулдуктун саясий режими кандай шарттарда орнотулган?
5. Наполеондун социалдык-экономикалык саясатына анализ жүргүз жана бонаparттык режимдин маңызын ачып бер.
6. Континенттик блокада Англияга жана Европага кандай таасир тийгизди?
7. 1799-жылдарга чейин Наполеондун Европадагы басып алууларын картадан көрсөткүлө?
8. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 8–9. РОССИЯ МАМЛЕКЕТИ XVII–XVIII КЫЛЫМДАРДА

**Аймак:** Россия
**Мезгил:**XVII–XVIII кк.
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1606–1607 – Иван Болотниковдун көтөрүлүшү
1649 – Собордук уложения жыйнагынын кабыл алынышы
1696 – Петр Iдин падыша болушу
1709 – Полтава салгылашуусу
1711 – Сенаттын түзүлүшү
1721 – Петр Iдин император болушу

**Билим:** Россияда абсолюттук монархиянын күч алышы жана реформалардын башталышы

**Түшүнүктөр:**

- крепостнойлук
- сенат
- земство
- мануфактура

### Коомдук-саясий жана экономикалык өнүгүү

Иван IV Грозный өлгөндөн кийин 1584-жылы, анын уулу Федор Иванович орус падышасы болуп калды. Ал Рюриктер династиясынан чыккан акыркы падыша эле. Ал падышалык тактыга отурган мезгилден тартып Михаил Федорович Романов падыша болуп шайланганга чейинки мезгилди *«Кымкуут учур»* деп атап коюшкан. Мураскери жок падыша Федор Иванович каза болгондон кийин, 1598-жылы Борис Годунов падыша болуп шайланды.

XVII кылымдын башында орус мамлекетинин абалы бир кыйла начарлады. 1601–1602-жж. түшүм болбой, нандын баасы кыйла жогорулады. Россиянын бир катар борбордук чөлкөмдөрүн камтыган эпидемия абалды бир кыйла оорлотту. Кырдаалды ондоо боюнча өкмөттүн аракеттери натыйжа берген жок. Калктын нааразылыгы дыйкандардын көтөрүлүшүнүн тутанышына алып келди. Алардын эң ириси Иван Болотниковдун (1606–1607-жж.) көтөрүлүшү болуп саналат. Ага дыйкандар, холоптор, посаддык кишилер, аткычтар, ошондой эле, айрым дворяндар катышты. Дыйкандар согушу Россиянын түштүк-батышын жана түштүгүн, Төмөнкү жана Ортоңку Волга боюн (70 ке жакын шаар) камтыды. Көтөрүлүшчүлөр Василий Шуйскийдин аскерлерин кыйратышып, Москваны камалоого алышты, бирок ич-ара ырк келишпегендиктен Тулага чегинүүгө аргасыз болушту. Падыша аскер-

лери тарабына Туланы камалоо төрт айга созулуп, акыр-аягында шаар алынып, көтөрүлүш басылды.

Ушул учурда өзүн кокусунан тирүү калган Дмитриймин деп атаган, качкын монах Григорий Отрепьев поляк шляхтасынын жардамы менен Москваны карай жөнөдү. Польшалык магнаттар, мурда Литва Улуу княздыгынын курамына кирген Смоленск жана Түндүк жерлерин ээлеп алууга умтулган. 1605-жылы капысынан Борис Годунов каза болду. Армия жалган падыша тарабына өтүп кетти жана ал 1605-жылдын июнунда Москваны ээлеп алды. Бирок, ал өз саясаты менен аны колдогон күчтөрдүн үмүтүн актабай, ошондой эле, жерди поляк шляхтасына таратып берип, дворяндардын наразылыгын пайда кылды. 1606-жылдын май айындагы көтөрүлүштүн натыйжасында жалган Дмитрий I кулатылып, өлтүрүлдү.

Боярин Василий Шуйский падыша болуп шайланды. Польша жалган Дмитрий II жетекчилиги астында 1607-жылы күзүндө Москвага дагы бир жортуул уюштурду. Жаңы падыша согуштук жардам сурап Швецияга кайрылды. Согуш аракеттеринин натыйжасында жалган падыша талкаланып, Калугага качып кетти жана ал жакта көп өтпөй өлтүрүлдү. Бирок швед аскерлери айлык акы төлөөнү талап кылып, талап-тоноого киришти.

Польша Россияга каршы согуш баштады. Орус аскерлери бир катар жеңилиштерге учурагандан кийин, Василий Шуйскийге каршы кутумдук уюшулуп, тактыдан кулатылды. Москвалык боярлар Польша королу Сигизмунд III баласы Владиславды тактыга отурууга чакырды жана поляк аскерлерин Москвага киргизди. Мындан тышкары, Россиядан Псковду, Новгородду, түндүк-батыш жана түндүк областтарды ээлеп алуу максатында швед интервенциясы башталды.

Бүткүл орус эли күрөшкө көтөрүлдү, өлкөнүн түштүк райондорунда элдик кошуундар түзүлө баштады. Ага посаддык адамдар, дворяндар, орус аскерлеринин бир бөлүгү кирген. 1611-жылы мартта ополчение Москвага жакындап келип, аны камалоого алды. Ушул учурда өз ич-ара пикир келишпестиктер пайда болуп, ополчение тарап кетти. Бирок муну менен элдин боштондук күрөшү басандаган жок. Эми Нижний Новгород


Поляктарды кууп чыгуу

анын борбору болуп калды. Бул жерде земстволук староста К. Мининдин демилгеси менен Д. Пожарский жетекчилик кылган экинчи ополчение түзүлдү. 1612-жылдын августунда ополчениенин отряддары Москваны камалоого алып, октябрдын аягында шаарды ээледи.

1613-жылы Земстволук собор 17 жаштагы Михаил Федорович Романовду орус падышалыгына шайлады. Бул мезгилде баскынчыларга каршы күрөш аяктай элек болчу. 1617-жылы Швеция менен келишим түзүлүп, ага ылайык Россияга бир катар жерлер кайтарылып берилди. Ошондой болсо да көптөгөн шаарлар шведдердин кол астында калып, Россиянын Балтика деңизине чыга турган жолу жабылды. Польша да орус жерлеринин бир кыйласын ээлеп алды. Поляк-швед интервенциясынын кесептери Россия үчүн өтө оор болду, бирок, мамлекет сакталып калды жана ал өзүнүн өнүгүшүнүн жаңы этабына кирди.

### VIII кылымдагы Россиянын экономикасы

XVII кылымдын аягында Россиянын аймактары дээрлик эки эсе чоңоюп, калкы 10,5 миллионго жакындады. Өлкөдөгү шаарлардын саны 335 ке жетип, алардын эң чоңу Москва шаары болгон. Калган чоңураак шаарларынын катарына Новгород, Псков, Ярославль, Казань, Калуга, Астрахань, Тула, Нижний Новгород шаарлары кирген.

Барщиналык чарба XVII кылымдагы агрардык Россиянын экономикасынын негизин түзгөн. Анын негизги белгилери төмөндөгүлөр:

1. Натуралдык чарбанын үстөмдүгү – базар менен байланыш начар болуп зарыл продуктылардын көпчүлүгү өз чарбасында өндүрүлөт.

2. Дыйкан феодалдын менчиги деп эсептелген жер үлүшүнө ээлик кылат. Дыйкан үлүштү иштетүү укугун алуу үчүн оброк төлөйт же барщинада иштеп берет.

3. Дыйкан феодалга жеке көз карандылыкта турат.

4. Жер иштетүү техникасы жана эмгек куралдары кыйла жөнөкөй.

Кол өнөрчүлүктө олуттуу жылыштар болду: үй чарбачылыгы кенири таралып, кол өнөрчүлүк майда товардык өндүрүшкө айланды, өлкөнүн чөлкөмдөрү боюнча өнөр жайлык адистешүү пайда болду. Металл иштетүүдө эле адистиктердин саны 50 гө (куралжарак, жез ж. б.) жетти. Айыл чарба азыктарын кайра иштетүүнүн базасында өндүрүш өнүгө баштады. Ээлик чарбаларда шарап жасоо, кездеме токуу, тегирменчилик жана тери иштетүү ишканалары пайда болду.

4-264

Эмгекти бөлүштүрүүгө негизделген өндүрүштүн жаңы формасы мануфактура жаралды. Алгачкы мануфактура кара металлургияда, андан кийин туз жана булгаары өндүрүшүндө пайда болду. XVII кылымда Россияда 55 мануфактура болгон.

Россияда капиталды алгачкы топтоо процесси башталып, Англиядан айырмаланып, ал феодалдык формада өткөн – байлык ири жер ээлөөчүлөрдүн колуна топтолгон. Калктын арасында жиктелүү жүрүп, байлар жана кедейлер, өндүрүш каражаттарынан ажыраган жалданып иштеген адамдар пайда болду. Мунун баары капиталисттик мамилелердин жарала баштагандыгынын күбөсү эле.

XVII кылымда европалык жана азиялык мамлекеттер менен товар алмашуу кеңейди жана чыңдалды. Россиялык рынок дүйнөлүк экономикалык байланыштардын системасына кошулду. Батыш өлкөлөрүнө Россия жыгач, аң тери ж. б. саткан. Архангельск Европа менен байланышуу үчүн негизги порт болуп, ал аркылуу өлкөнүн товар айлануусунун 75 % өткөн. Батыш менен соода ошондой эле, Смоленск, Псков, Новгород аркылуу да жүргөн. Чыгыш өлкөлөрү менен соода негизинен Астрахань аркылуу жүргүзүлгөн. Дагестандын жана Азербайжандын шаарлары башкы ролду ойногон. XVII кылымда Индия менен соода мамилелери башталган. Чыгыш өлкөлөрүнө Россия сырьёлук товарлар жана өзүнүн кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн буюмдарын, ошондой эле, батыш европалык айрым товарларды саткан. Орто Азиядан Россияга коздук буюмдары, килем, чай, чыгыштын шербеттери ж. б. келген.

Ички сооданын өнүгүшүндө да олуттуу жылыштар болду. Жыл сайын өткөрүлүүчү жарманкелердин ролу улам көбүрөөк өсө баштады. Көпөстөр сатуучулар катары чыккан феодалдарды, кол өнөрчүлөрдү жана дыйкандарды экинчи орунга сүрүп чыкты. Соода мамилелери рыноктук мүнөзгө ээ болуп, бүткүл россиялык рынок түзүлө баштады. Москва эң ири соода борбору болуп калды. Бул жерде 120 адистешкен соода катарлары жана 4 миңдей соода жайлары болгон.

XVII кылымдагы көпөсчүлүктүн өсүп-өнүгүшү үчүн Россия өкмөтүнүн саясаты чоң роль ойноду. Орус көпөстөрүн чет өлкөлүк атаандаштыктардан коргогон атайын мыйзам кабыл алынды. Сооданын кеңейишине Сибирди активдүү өздөштүрүү да шарт түздү. Орустар Тынч океандын жээгине, Камчаткага, Куриль аралдарына чыгышты.

Сибирге акырындап отурукташуу, аны колониялаштыруу жүрүп, андан ары жылуу үчүн таяныч пункт катары кызмат кылган чеп-шаарлар негизделди. Борбордук областтардын Урал, Сибирь, Ыраакы Чыгыш менен соодасы кеңейди. Бүткүл россия-

лык мааниге ээ болгон Макарьев, Ирбит, Свенск ж. б. ири жарманкелер соода борборлору болуп калды. Мунун баары жалпы россиялык улуттук рыноктун түзүлө баштагандыгынын күбөсү. Капиталисттик мамилелердин пайда болуп келе жаткан элементтери крепостнойлук системанын чегинде өнүккөн.

**Абсолюттук монархиянын калыптанышы**

«Кымкуут учурдун» кесепеттери XVIII кылымдын аягына чейин сезилип турган. Борбордо жана жер-жерлерде мамлекеттик мекемелердин иши бузулган, өкмөттүк топтордун бийлик үчүн күрөшү токтолгон эмес. Ошондуктан, Россия үчүн жеке бийликти чыңдоо жана мамлекеттик аппаратты күчөтүү зарыл милдет болгон.

1649-жылы мыйзамдардын жалпы мамлекеттик жыйнагынын – Собордук Уложениенин кабыл алынышы бул багыттагы эң ири чара болуп калды. Анын биринчи главалары падышалык бийликтин кадыр-баркы жана ага каршы кылмыштар тууралуу статьяларды камтыган. Собордук Уложениеде падышанын, падыша сарайынын ар-намысы, православие жана бүтүндөй феодалдык түзүлүш корголгон. Жер ээлөөчүлүк үстөмдүк кылуучу феодалдык таптын артыкчылыгы катары бекемделген, чиркөөлүк жер ээлөөчүлүк чектелген. Крепостнойлук укук мыйзамдаштырылды. Юрьевдик күн алынып салынды. Эми феодалдар дыйкандын мүлкүнө, эмгегине, керт башына кожоюндук кылып калышты.

Монархтын бийлиги күчөдү. Чыңдалып бара жаткан жеке бийлик мындан ары сословиелик-өкүлчүлүк орган болгон Земстволук Соборго муктаж болбой калды. Бирок орус падышалары дагы эле Боярдык дума менен эсептешүүгө аргасыз болушкан.

XVII кылымда аткаруу бийлиги да бир кыйла чыңдалып, анда приказдарга (мекемелерге) маанилүү роль таандык болгон. Жалпысынан алганда ал учурда 80 приказ иштеп, алардын маанилүүлөрү Посолдук, Поместьелик, Жашыруун иштердин, Аткычтар ж. б. болгон. Падыша сарайынын жана Патриархтык, ошондой эле, өлкөнүн айрым региондору менен иш алып барган аймактык приказдар болгон. Башкаруу аппараты кыйла өсүп, 4,5 миңге жетти. Жергиликтүү башкарууну уюштурууда да бир катар өзгөрүүлөр болду. Уезддердеги бийлик борбор тарабынан дайындалган воеводалардын колуна топтолду.

Армияны кайра куруу боюнча да аракеттер жасалды. Чет өлкөлүк офицерлердин жетекчилиги астында аскердик машыгуудан өткөн «берилүүчү кишилерден» (жүз дыйкан түтүндөн бир

солдат өмүр бою кызмат өтөөгө берилген) жаңы үлгүдөгү полктор түзүлгөн.

Ошентип, XVII кылымда Россия самодержавиелик-земстволук мамлекеттен самодержавиелик-бюрократиялык мамлекетке айланып, бийлик чектелбеген мүнөзгө ээ боло баштады.

Падышалык бийликтин күчөшү менен чиркөө бийлиги начарлай баштады. Анткени бул учурда чиркөөлүк кызматтын биримдиги болгон эмес. Патриарх Никон 1653–1660-жж. чиркөөлүк реформа жүргүздү. Грек үлгүсү боюнча чиркөөлүк ырым-жырымдар тартипке салынды жана бардык православиелик чиркөөлөр үчүн кудайга сыйынуу бир түргө келтирилген. Бирок реформага падышанын жан-жөкөрлөрү жана жогорку дин кызматчылары («эски ырым-жырымчылар») каршы чыкты. Протопоп Аввакум алардын идеологу болуп калды. Чиркөө бөлүнүп калды. Аввакумдун тарапкерлери бөлүп-жаруучулар деп атала баштады. 1654–1656-жж. Земстволук соборлор реформанын бардык жоболорун жактырышып, бөлүп-жаруучуларды сынга алышып, аларды чиркөөдөн чыгарды. Аввакумду Байкалдын жээгине сүргүнгө айдашып, андан кийин Москвага кайтарып келишип, өрттөп жиберишти.

Өз абалын бекемдеп, патриарх Никон мамлекеттин ички жана тышкы саясий иштерине такай кийлигише турган болуп калды. Бул падыша менен кол үзүүгө алып келди. 1666–1667-жж. Земстволук собор Никонду патриархтыктан ажыратып, сүргүнгө айдап жиберди.

Падыша Алексей өлгөндөн кийин 1682–1696-жж. орус тактысын анын балдары ээледи. Алар жаш болгондуктан, алардын эжеси Софья башкарып калды. 1689-ж. жайында Софья менен Петрдун ортосунда жаңжал чыкты. Софьяны кутумга катышты деп шек санашып, аны Новодевичий монастырына камашты. 1696-ж. Иван V каза болуп, Петр бирден-бир башкаруучу болуп калды.


Улуу Петр I
(1689–1725)

Мамлекеттик аппаратты реформалоо эң маанилүү маселе болгон. Россияда мамлекет ал мезгилде коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө өзгөчө чоң роль ойноп, ал эми идеологияда абсолюттук мамлекетке сыйынуу калыптана баштады.

1711-ж. 22-февралда Петр I Боярдык Думаны алмаштырган Башкаруучу Сенатты түздү. Сенат 9 кишиден турган жана өлкөдөгү жогорку өкмөттүк мекеме болуп кал-

ган. Бирок бардык мыйзам чыгаруу бийлиги падышага тиешелүү болгон. 1715-ж. Сенаттын өзүн көзөмөлдөп туруу үчүн атайын генерал-текшерүүчү дайындалган.

1718-ж. эски приказдар жоюлуп алардын ордуна коллегиялар киргизилди. Мындай 12 коллегия түзүлгөн. Мурдагы баш аламан приказдык башкаруунун ордуна тармактык типтеги жаңы борбордук мекеме келди. Ар бир коллегиянын башында президент туруп, анда вице-президент, бир нече коллегиялык кеңешчи жана асессорлор болгон. Ар бир коллегияда коллегиялык асессор жана архивариусу башында турган канцеляриясы (кеңеши) болгон. «Кабинет» деп аталган Петрдун жеке канцеляриясы чоң мааниге ээ болгон.

Областтык башкаруу да чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду. 1708-ж. өлкө сегиз губернияга бөлүнүп, кийинчерээк дагы үчөө түзүлгөн. Провинция негизги административдик бирдик болуп калды. Бардыгы болуп 50 провинция түзүлүп, алардын башында губернаторго баш ийген воеводалар турган.

1712-ж. патриархчылык жоюлуп, анын ордуна Синод (иш жүзүндө дин иштери боюнча коллегия) киргизилген. Диний бийликтин үстүнөн толук жеңишке жетишилип, жеке бийлик ого бетер чыңдалды. 1721-ж. Сенат Петр I император деп жарыялады, Россия империя болуп калды.

### Россиянын XVII–XVIII кк. Тышкы саясаты

XVII кылымдын биринчи жарымындагы Россиянын тышкы саясатынын негизги милдеттери: батышта жана түндүк-батышта – «Кымкуут мезгилде» жоготкон жерлерди кайтарып алуу, түштүктө болсо миңдеген орус жана украин туткундарын алып кетип жаткан Крым хандарынын чабуулдарына каршы күрөшүү болгон.

Россия 1632-ж. европалык мамлекеттер Отуз жылдык согуш менен алектенип, а Польшада болсо король каза болуп мураскерлери такты үчүн күрөшүп жаткандан пайдаланып, Речь Посполитага каршы согуш баштады. Бирок Смоленскини камалоо ийгиликсиз болду. Польшанын жаңы королу Владислав IV орус аскерлерин курчап алды. 1634-ж. Полянов тынчтык келишими түзүлүп, ал боюнча Польшага согуш аракеттери башталгандан бери басылып алынган шаарлар кайтарылып берилди.

Речь Посполита менен Россиянын ортосундагы жаңы кагылышуулар 1654-ж. башталды. Орус аскерлери Смоленскини жана Чыгыш Белоруссиядагы дагы 33 шаарды ээлеп алды. Ушул эле учурда Польшанын аймагына шведдер басып кирип, анын көп

бөлүгүн басып алды. 1656-ж. октябрда Россия Речь Посполита менен жарашуу келишимин түзүп, Балтика боюндагы территориядан Швецияга каршы согуш баштады. Россия бир катар чептерди алууга жетишти, бирок Польша тарабынан согуш аракеттеринин башталышы орустарды алгач шведдер менен жарашууга, андан кийин 1661-ж. Кардисс келишимин түзүүгө аргасыз кылды. Ал боюнча Балтиканын жээктеринин бардыгы Швециянын колунда калды.

Польша менен болгон согушта эки тарап алмак-салмак ийгиликке жетишип, 1667-ж. 13 жылга Андрусов жарашуу келишимин түзүү менен аяктады. Ал боюнча Россияга Смоленск жана Днепрдин чыгышындагы бардык жерлер өттү. 1686-ж. «Түбөлүк тынчтык» түзүлүп, ал боюнча Киев түбөлүк Россияга өттү.

Речь Посполита – менен тынчтык келишимин түзүп, Россия Осмон империясына жана Крым хандыгына каршы багытталган саясатын күчөттү. Ал ийгиликтүү болгон учурда Кара деңизге жол ачмак. Бирок В. В. Голицындын Крымга жасаган эки жортуулу ийгиликсиз аяктады. Ошентип, негизги тышкы саясий милдет – деңизге чыгуу – XVII кылымдын аягында чечилбей калды.

Петр I нин тышкы саясаты алгач мурунку мезгилдегидей эле багытта болгон. Түштүккө эки жолу жортуул уюштурулуп, анын натыйжасында 1696-ж. түрктөрдүн Азов чеби кулады. Бирок тез эле Россия өкмөтүнүн тышкы саясий багыты өзгөрдү. Балтика деңизине чыгуу негизги милдет болуп калды. Швеция менен күрөшүү үчүн Россияга союздаштардын табылышы (Дания, Речь Посполита) буга шарт түздү.

«Түндүк согушу» деп аталып, 21 жылга созулган Швеция менен болгон согуш 1700-ж. Нарванын алдындагы жеңилүү менен башталды. Башталган согуш Россия мамлекетинин ички түзүлүшүн кайра курууда абдан чоң роль ойноду. Согуштун жүрүшүндө ошол мезгилдеги мыкты курал-жарак, замбиректер менен куралданган күчтүү армия жана аскер деңиз флоту түзүлдү. Швед королу Карл XII согуштун алгач этабында Россиянын союздаштары болгон Данияны, андан кийин Речь Посполитаны катардан чыгарды. Негизги согуш аракеттери Украинага которулду. Бул жерде 1709-ж. Түндүк согушундагы бурулуш учур болуп калган атактуу Полтава салгылашуусу болуп, швед аскерлери жеңилүүгө учурады.

Согуш аракеттери кайрадан Балтика боюна көчүрүлдү. 1713-ж. Петр шведдерди Таммерфорстун адындагы салгылашууда талкалап, дээрлик бүткүл Финляндияны ээлеп алды. 1714-ж. орус флоту Гангут тумшугунун алдында жеңишке жетишип, Аланд



А.В.Суворов Альпыда

аралдарын ээледи. Экинчи жолу швед флоту 1720-ж. Гренгаманын алдында жеңилишке учурады. 1721-ж. Финляндиянын аймагындагы Ништадт шаарында тынчтык келишими түзүлдү. Анын шарты боюнча Финляндиянын жана Карелиянын бир бөлүгү, Эстляндия жана Лифляндия Россияга кошулду, өлкөнүн Балтика деңизине жолу ачылды.

XVIII кылымдын ортосунан тартып эки маанилүү милдет: түрк жана поляк маселеси алдыңкы орунга чыкты. Россия менен Түркиянын ортосундагы курчуган мамиле 1768-ж. согушка алып келди. 1770-ж. П. А. Румянцев колбашчылык кылган орус аскерлери Ларганын жана Кагуланын алдында, андан кийин А. В. Суворовдун колбашчылыгы алдында Козлуджанынын ал-




дына түрк аскерлерин жеңип алды. 1770-ж. 5-июлда Чесма бухтасында орус флоту түрк флотун талкалады. Бирок Россиянын күчтөнүп кетишинен чочулаган айрым европалык мамлекеттердин каршы туруусунан улам, 1774-ж. Күчүк-Кайнар тынчтык келишимин түзүүгө аргасыз болду. Россия Түркиядан Буг дарыясынын түштүк агымындагы кыйла жерлерди, Азов деңи-

зине чыкчу жолдогу – Керчь чебин алды. Кабарда Россия мамлекетинин курамына кирип, Крым өз алдынча деп жарыяланды.

1783-ж. Россия Крымды өз аймагы деп жарыялады. Ал Түркия өкмөтүнүн нааразылыгын пайда кылды. Күчүк-Кайнар келишиминин шарттарын аткаруудан ачык эле баш тартып, Россияга каршы согуш жарыялады. Бул согушта орус аскерлери чоң ийгиликтерге жетишти. А. В. Суворовдун жетекчилиги астында Очаков чеби алынып, түрк аскерлери Фокшананын жана Рымниктин алдында жеңилишке учурады. Измаилди алуу бул согуштун көрүнүктүү окуясы болуп калды. 1791-ж. тынчтык келишими түзүлүп, ал боюнча Түркия мурдагы келишимдин шарттарын кыйшаюусуз аткарууга милдеттенип, Россиянын Днестр боюнча жаңы чек арасын жана Крымдын кошулгандыгын тааныды.

XVIII кылымдын аягында Россия өз алдынча мамлекет катары Речь Посполитанын жоюлушуна жигердүү катышуучулардан болуп калды. Екатерина II 1768-ж. Польшаны иш жүзүндө өзүнүн вассалдык мамлекетине айланышына жетишти. Польшага көз артып жүргөн Австрия жана Пруссия 1770-ж. анын аймагынын бир бөлүгүн басып алды жана 1772-ж. Речь Посполитаны биринчи бөлүүгө макул болууга аргасыз кылышты. Польша өз аймагынын төрттөн бирин жоготту (Россияга чыгыш Белоруссия өттү).

Польшадагы мамлекеттүүлүктү чыңдоо, саясий жана экономикалык кыйроодон сактап калуу боюнча аракеттер, ал жерде 1791-ж. королдук бийликти күчөткөн жана шляхтанын укуктарын чектеген Конституциянын кабыл алынышына алып келди. Польшанын бул кадамы Россия менен Пруссиянын кызыкчылыктарына карама-каршы келгендиктен, Польшага аскерлерин киргизишти жана аны 1792-ж. экинчи жолу бөлүштү. Россия оң жээк Украинаны жана Минск шаары менен кошо Борбордук Белоруссияны алды. Буга жооп катары генерал Тадеуш Костюшко башында турган улуттук-боштондук көтөрүлүш тутанып, ал А. В. Суворов колбашчылык кылган орус аскерлери тарабынан 1794-ж. басылды. 1795-ж. Речь Посполитаны үчүнчү бөлүштүрүү, анын жашоосунун токтолушуна алып келди. Король тактыдан баш тартты. Россияга Батыш Белоруссия, Волынь, Литва жана Курляндия өттү.

Европалык монархтардын Француз революциясына каршы күрөшүнө да Россия жигердүү катышты. 1793-ж. Россия Англия жана Австрия менен Францияга каршы күрөшкө акчалай жана аскердик жардам берүү тууралуу келишим түздү. 1798-ж. Павел I антифранцуздук коалицияга катышып, Ф. Ф. Ушаков башында турган флотту жана А. В. Суворов кол-

башчылык кылган аскерлерди согушуу үчүн жиберди. Флот Жер ортолук деңизинде, аскерлер Европанын борбордук бөлүгүндө ийгиликтүү аракеттенип, согуш искусствосунун жогорку деңгээлин көрсөттү.

### XVII–XVIII кылымдардагы Россиянын маданияты

XVII к. орус маданиятынын тарыхындагы орто кылым доору, байыркы орус маданиятынын жаңы мезгилдин маданиятына өтүүсүн билдирген маданий төңкөрүш жүргөн мезгил болуп калды. Турмуштун бардык чөйрөлөрүндө диний эмес көрүнүштөр байкала баштады. Диний эмес портреттик живопись пайда болду. С. Ушаков иштеген Кремлдин Курал-жарак палатасы көркөм өнөр борбору болуп калды.

Бул мезгилде фольклор менен жазма маданияттын ортосундагы ажырым бир кыйла деңгээлде кыскартылды. Оозеки элдик чыгармаларды жазуу пайда болду. Адабиятта жаңы жанр – турмуштук сатира жаралды. Анда соттор жана чиркөө келекеге алынган.

Кол өнөрчүлүктүн жана сооданын өнүгүшү, негизинен колдонмо, практикалык мүнөздөгү илимий билимдердин топтолушуна алып келди. Жаңы жерлерди өздөштүрүү жана ички аймактарды колониялаштыруу географиялык билимдердин өнүгүшүнө шарт түздү. Чет өлкөлөр, алардын калкы, каада-салты жана мыйзамдары, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү тууралуу жазма маалыматтар, алгачкы тарыхый изилдөөлөр пайда болду.

Кол жазмалар менен катар эле, Москва басма үйүндө даярдалган басма продукциясы күндөлүк турмушка улам көбүрөөк кире баштады. XVII кылымдын биринчи жарымында түрдүү аталыштагы 200 ке жакын китептер чыгарылды. Айрым адамдар жеке китепканаларды түзө башташты. 1672-ж. Москвада биринчи китеп дүкөнү ачылды. Китеп басып чыгаруу грамматика жана арифметика боюнча колдонмолорду массалык тираж менен басып чыгарууга мүмкүнчүлүк берди. 1634-ж. басылган алиппе («Букварь»), кийин бир нече жолу басылды. Кылымдын аягында Карион Истоминдин көркөмдөлгөн, түстүү алиппеси, 1682-ж. көбөйтүү таблицасы пайда болду.

Мурда балдарды үйүндө же дин кызматкерлеринин жардамы менен кат сабатка үйрөтүшсө, эми атайын мектептер пайда боло баштады. XVII кылымдын 40-жж. мамлекеттик ишмер Ф. М. Ртишевдин демилгеси менен Москвадагы Андреев монастырында мектеп ачылды. Алгачкы мектептер 80-жж. ортосунда биринчи жогорку окуу жайдын – Славян-грек-латын академиясынын ачылышына шарт түздү. Академиядагы окутуу жогорку

дин кызматкерлерин жана мамлекеттик кызматкерлерди даярдоого арналган.



М. Ломоносов

XVII кылымдагы маданияттагы жаңы көрүнүштөр, чиркөө колдогон орто кылымдагы үстөмдүк кылуучу көз караш менен күрөштө бекемделген. Чиркөө кызматкерлери Батыш Европа менен маданий байланыштардын кеңейишине тоскоолдук кылышкан. Патриарх Иоаким падышанын сарайынын алдындагы театрдын жабылышына жетишкен.

Петрдун тушунда көптөгөн диний эмес мектептер, ошонун ичинде, Навигациялык жана Артиллериялык мектептер ачылган. Дворяндарды чет өлкөлөргө окууга жиберишип, Петрдун атайын указы менен сабатсыз дворяндарга үйлөнүүгө тыюу салынган. 1725-ж. мамлекеттик бюджеттен каржыланган Петербург илимдер Академиясы түзүлгөн. Окуу китептер, календарлар пайда болду. 1708-ж. тартып китеп басып чыгаруу үчүн жөнөкөйлөштүрүлгөн жарандык арип жана араб цифрасы киргизилди.

Турмуш-тиричиликти европалаштыруу жүрүп: сакалдарын алдырып, европалыктардыкындай кийим-кечек кийилип, кофе, тамеки, газеталар күндөлүк турмушка кире баштады.

XVIII кылымдын экинчи жарымындагы маданий турмуш Агартуучулук идеяларына – билим берүүнүн жана илимдин өнүгүшүнө чоң маани берген багыттарга жык толгон. Н. И. Новиков орус агартуучулугунун көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири.

Билим берүүнүн өнүгүшүндө эки тенденция байкалды: биринчиден, элдик мектептердин санынын өсүшү (8 ден 288 ге чейин); экинчиден, билим берүүдө сословиелүүлүктүн бекемделиши (кадеттик корпустардын саны бешке жетип, сыпайычылык пансиондору пайда болду, сыпайы кыздардын Смольный институту ачылды).

Илимдер Академиясы илимий иштердин башкы борбору болгон. Ага 1755-ж. Москва университети, 1773-ж. Петербургдагы Тоо-кен окуу жайы, 1783-ж. орус тили жана грамматикасын окуп-үйрөнгөн Россия академиясы кошулду. М. В. Ломоносов ата-мекендик илимдин өнүгүшүнө көрүнүктүү салым кошту. Ал материянын сакталуу мыйзамын ачып, түстөр жөнүндөгү окууну көтөрүп, электрди жана салмактуулук күчүн изилдеп, Венерадагы атмосфераны ж. б. ачты.

Техникалык ойдун өсүшү универсалдуу буу машинасын ойлоп тапкан И. И. Ползуновдун, механик-ойлоп табуучу И. П.

Кулибиндин (лифт, прожектор, инвалиддер үчүн протездер) аты менен байланышкан.

Адабиятта классицизм үстөмдүк кылса (А. П. Сумароков), аны романтизм (Н. М. Карамзиндин «Байкуш Лизасы») алмаштырды. Поэзия (Г. Р. Державин, В. В. Капнист) олуттуу багыт катары бекемделди. Архитектурада барокко стилин (Растреллинин Кышкы сарайы жана Смольный монастыры) классицизм алмаштырды. В. И. Баженов орус классицизминин улуу мастери болгон. Ал Москвадагы Пашковдун үйүн, Петербургдагы Михайлов ак сарайын курган. М. Ф. Казаков москвалык мектептин көрүнүктүү өкүлү болуп саналат. Анын белгилүү эмгектерине – Кремлдик Сенат, эски Москва университети, Колонналар залы, Филипп Митрополит чиркөөсү кирет.

XVIII кылымдын экинчи жарымында орус скульптурасынын чыныгы гүлдөп-өнүгүшү башталды. Скульптуралык портрет жанрындагы кыйла ийгиликтер Ф. Шубиндин (Д. Голицындын, Павел I нин, М. Ломоносовдун, З. Чернышеванын портреттери) аты менен байланышкан. Орус портреттик живописинин гүлдөп-өнүгүшү Ф. С. Рокотовдун ( А. Струйскийдин портрети), Д. Г. Левицкийдин (П. Демидовдун, В. Дьякованын портрети), В. Боровиковскийдин (М. И. Лопухинанын портрети) аты менен байланышкан. Ярославлдик көпөс Ф. Волков туруктуу иштөөчү кесиптик биринчи орус театрынын түзүүчүсү болуп калды.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XVII к. Россиянын саясий бийлиги эмне үчүн туруксуз болгон?
2. Россиянын экономикасынын негизги белгилерин айтып бер.
3. Абсолюттук монархия деген эмне?
4. Петр I дин реформаларына мүнөздөмө бер
5. XVIII к. Россиянын тышкы саясаты кандай өнүккөн?
6. Россиянын маданияты XVII–XVIII кк.
7. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

# II бөлүм
# ЕВРОПА ЖАНА ТҮНДҮК АМЕРИКА ӨЛКӨЛӨРҮ XIX К.

## § 10–11. ЕВРОПАЛЫК ӨЛКӨЛӨРДҮН ӨНҮГҮШҮНҮН ЖАЛПЫ БАГЫТТАРЫ

**Аймак:** Батыш Европа
**Мезгил:** XIX–XX кк.
**Теманын хронологиясы:**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**
1825 – Англиядагы алгачкы темир жол
1830 – Франциядагы алгачкы шоссе жолу
1844 – телеграф аппараты
1895 – радионун ойлонуп табылышы

**Билим:** Батыш өлкөлөрүндөгү илим жана ойлоп табуулар. Мартен Г. – болот эритүүчү машинанын жасалышы

**Түшүнүктөр:**
- рынок
- монополиялык капитализм
- дүйнө устаканасы

### Өнөр жай төңкөрүшү жана анын натыйжалары

Табият таануудагы – физика, математика, биология, химия илимдериндеги ири ачылыштар өнөр жайдагы техникалык прогресске негиз салды. Энергиянын сакталуу жана айлануу, электромагниттик индукция мыйзамдары ачылып, илимий изилдөөлөрдү интеграциялоо багыттары пайда болду. Илимий-техникалык жана өндүрүштүк иштердин ортосундагы байланыштардын пайда болушу жаңы көрүнүш болуп калды.

Англиялык инженер Г. Бессемер тарабынан чоюнду болотко кайра иштетүүчү мешти, француз Г. Мартен кыйла жогорку сапаттагы болот эритүүчү мешти жасап чыгышты. Күчтүү буу кыймылдаткычы – буу турбинасы түзүлдү. Электрди пайдала-

нуу энергетикадагы чыныгы революцияга айланды. Электр кыймылдаткычы катары пайдаланылуучу динамомашинанын түзүлүшү техникалык прогресс үчүн чоң мааниге ээ болду.


Англиядагы биринчи темир жол (1825-ж.)

Байланыш каражаттары да өркүндөдү. АКШда 1844-ж. телеграф аппараты, 1876-ж. телефон жасалды. Немец физиги Г. Герц электромагниттик толкундарды жасалма кыймылга келтирүү мүмкүнчүлүгүн ачты. 1895-ж. орус окумуштуусу А. С. Попов радиону ойлоп тапты.

XIX к. жашоого темир жол кирди. 1825-ж. Англияда темир жол транспорту пайда болду. XIX к. экинчи жарымында темир жол курулушу АКШда кеңири кулач жайды. 1830-ж. кийин Францияда биринчи шоссе курулду. XIX к. аягында ат-көлүк транспорту трамвайлар менен алмашты. Буу кемелери да курулуп жатты.

Техникалык ачылыштар жана аларды өндүрүштө колдонуу өнөр жай төңкөрүшүнүн башталышына жол ачты. Ал кол эмгегине негизделген мануфактуралык өндүрүштү машиналык өндүрүш менен алмаштырууга мүмкүнчүлүк берди. Машина куруу – машиналарды машиналардын жардамы менен жасоо өндүрүшү өнөр жай төңкөрүшүнүн аяктоочу этабы болуп калды. Төмөндөгүлөр: мануфактуралык өндүрүш аркылуу капитал топтоо;


Эссендеги завод (Германия)

жумушчу күчүнүн рыногу; өнөр жай өндүрүшүнө суроо-талап; протекция саясаты өнөр жай төңкөрүшүнө өбөлгө түздү. Бул XIX кылым ичинде Европанын, Түндүк Американын түрдүү өлкөлөрү жана Япония басып өткөн, капиталисттик түзүлүштүн калыптанышындагы жана өнүгүшүндөгү жалпы тарыхый, мыйзам ченемдүү этап болгон.

Англия биринчи индустриялык өлкө болуп калды. Бул жерде өнөр жай төңкөрүшү XVIII к. 80-жж. башталып XIX к. 30-жж. аяктады. Анын натыйжасында өлкө «дүйнөнүн устаканасына» айланып, 30-жж. аягында анда металлдын теңи өндүрүлүп, бүткүл машина анда жасалып, Европадагы көмүрдүн 80 пайызы казылып алынган.

Көз каранды эместик үчүн согуш аяктагандан кийин АКШнын түндүк региондорунда капиталисттик мамилелер чыңдала баштады. Ал жерде феодалдык мамилелердин, кол өнөрчүлөрдүн цехтик системасынын жок болушу, англиялык өнөр жайдын жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүү жана өзүнүн техникалык ачылыштарын колдонуу өнөр жай революциясынын өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарт түздү. XIX к. 50–60-жж. өнөр жайга буу машиналарын массалык киргизүү жүзөгө ашырылды. Америкалык-мексикалык согуштагы жеңиштер капиталисттик мамилелердин Америка континентинин кеңири аймактарына жайылышына шарт түздү.

Францияда фабрикаларды түзүү алгач текстиль өндүрүшүндө башталды. Жибек өндүрүү боюнча Франция дүйнөдө биринчи орунга чыгып, ал кездемелер өлкөнүн ичинде да, сыртында да кеңири суроо-талапка ээ болду. Фабрикалык өндүрүш акырындап металлургияда жана машина курууда чыңдалды. Экинчи империянын жылдарында (1852–1870-жж.) экономика өзгөчө тез өнүктү.

Герман мамлекеттеринде өнөр жай төңкөрүшү XIX к. 30-жж. күч алды. Мануфактурадан машина өндүрүшүнө өтүүнүн кечеңдеши феодалдык коомдун саркындыларынын күчтүүлүгү жана немец жерлеринин бытырандылыгы менен түшүндүрүлгөн. Бирок өндүрүштүн тармактык структурасы өнөр жай төңкөрүшү башталганда эле Англияга караганда бир кыйла мыкты болгон. Бул өнөр жай төңкөрүшүнүн жогорку темпин кам-



Металлургиялык цех (Франция)

сыз кылды. Өндүрүштүк структуранын андан ары өркүндөшү жана согуштук жана оор өнөр жайдын өсүшү Германиядагы өнөр жай төңкөрүшүнүн аяктоочу этабы үчүн мүнөздүү болгон.

Японияда өнөр жай төңкөрүшү европалык технологияны өндүрүшкө киргизүү аркылуу жүргөн. Анда үч стадия – мануфактура, өнөр жайлык жана монополиялык өндүрүш катарлашып өнүккөн. XIX к. 90-жж. өнөр жай төңкөрүшү аяктады. Бирок феодалдык коомдун калдыктарынын сакталып турушу жана өнөр жайдын начар сырьёлук базасы ири ишканалардын пайда болушун кыйындатты.

Чехияда, Төмөнкү Австрияда, Италиялык жерлерде, Испанияда машиналарды колдонуу кыйла ургаалдуу жүрө баштады. Өндүрүштүн орто кылымдык формасынан капиталисттик формага өтүү металлургияга караганда текстиль өнөр жайында тезирээк жүрдү.

Өнөр жай революциясы агрардык коомду индустриялык коомго кайра түзүүгө шарт түздү. Англияда, Голландияда, Францияда, Германияда, Италиянын түндүгүндөгү айыл чарбасында өндүрүштүн капиталисттик формалары түзүлдү. Айыл чарбачылыгында темирден жасалган эмгек куралдары, жер семирткичтер кеңири колдонулуп, короруштуруп айдоо жакшыртылып, алгачкы айыл чарба машиналары колдонула баштады.

Өнөр жай төңкөрүшү капиталисттик коомдун негизги таптары – буржуазия менен пролетариаттын түзүлүшүнө алып келди. Шаарлардын жана шаар калкынын саны бир кыйла өстү. Эгерде Англияда 1750-ж. 50 минден ашык калкы бар эки эле шаар болсо, XIX к. аягында шаар калкы өлкөнүн калкынын 75%ин түзүп калды. Францияда болсо 1870-ж. карата шаар калкы бир жарым эсе өсүп, өлкөнүн калкынын үчтөн бирин түзгөн. АКШда шаар калкынын өсүшү XIX к. 60–70-жж. индустриялык жогорулоо учурунда өзгөчө тездеди.

Эгерде XIX к. башында дүйнөнүн шаарларында 29,3 млн. адам жашаса, 1900-ж. 224,4 млн. адам жашаган.

**Монополиялык капитализм**

Капитализмдин тушунда кол өнөрчүлөр менен майда устаканалардын ээлери жакындаша баштаган, ири ишканалар майдаларын сүрүп чыгарышып өндүрүштү топтоштуруу (концентрациялоо) жүргөн. Өндүрүштүн топтоштурулушу капиталдын андан ары топтоштурулушуна шарт түзгөн. Ири ишканалардын ээлери майда жана орто ишкана ээлерин сүрүп чыгарышкан. Ич ара конкуренттик күрөш – капиталисттер үчүн зор зыян алып кел-

ген жана аларды өз ара сүйлөшүүгө барууга, бирикмелерди түзүүгө аргасыз кылган. Бирикмелер болсо уламдан улам капиталисттик монополиялардын формасын кабыл алган. Монополиялар экономиканын белгилүү бир тармактарынын басымдуу бөлүгүн көзөмөлдөшкөн. Монополиялар эмгекчилерди эксплуатациялоону күчөтүү жана чыгарылган товарлардын бааларын жогорулатуу аркылуу, өз пайдаларын көбөйтүшкөн.

XIX к. аягы XX к. башында, ар кандай жол менен пайда болгон капиталисттик монополиялар бир кыйла күч алды жана капиталисттик чарбаларда чечүүчү роль ойной баштады.

**XIX к.–XX к. башында Батыш Европа мамлекеттеринин саясий өнүгүүсү**

XIX к. биринчи чейрегинде көпчүлүк Европа өлкөлөрүндө феодалдык түзүлүш сакталып турган. Ошол эле мезгилде капиталисттик мамилелердин өнүгүүгө багыт алуусу да күчтүү эле. Мамлекеттик башкарууда маанилүү өзгөрүүлөр жүрдү. Чексиз монархиялуу мамлекеттерде бийлик мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтерине бөлүнүп, конституциялык, парламенттик монархияларга айланышты.

XIX к. 70-жж. Батыш Европада улуттук-боштондук кыймылдарынын жана революциялардын мезгили аяктады. Республика же конституциялык монархия формасындагы буржуазиялык улуттук мамлекеттер түзүлдү. Социалдык-саясий өнүгүүнүн эволюциялык мүнөзү басымдуулук кыла баштады. Парламенттик система түзүлүп, буржуазиялык укуктун жана ой жүгүртүүнүн өз алдынчалуулугун камтыган жарандык коом калыптана баштады.

Англияда XIX кылымдын башында монархтын бийлиги парламент тарабынан кыйла чектелген. Бирок парламенттик шайлоолор системасы жеткиликтүү болбогондуктан, буржуазия жумушчулар менен бирдикте парламенттик реформалар үчүн дайыма күрөш жүргүзүп келди. XIX к. жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында парламенттик монархия чыңдалып, шайлоо укуктары кеңейип, шайлоочулардын саны өстү. Өлкөдө эки партиялуу система түзүлдү. Бийликте либералдар менен консерваторлор кезектешип турушту. Аткаруу бийлиги чыңдалды.

Францияда XIX к. башында бийлиги эки палаталуу парламент тарабынан анча-мынча чектелген монархия өкүм сүрдү. 1830-ж. революциянын натыйжасында шайлоочулардын саны өсүп, дворяндар мурунку таасирин жоготушту. 1848–1849-жж. революциянын жүрүшүндө Экинчи республика жарыяланды жана

264

республикалык конституция кабыл алынды. Бирок 1851-ж. мамлекеттик төңкөрүш жасалып, Экинчи империя бекитилди. 1870-ж. 4-сентябрдагы буржуазиялык революциянын натыйжасында Үчүнчү республика орнотулду. Ошого карабастан, ал кезде Францияда монархтардын позициясы кыйла күчтүү эле. Ошондуктан буржуазия демократиялык күчтөргө таянып, республиканы чыңдоо үчүн күрөшкө жетекчилик кылды. 1875-ж. Үчүнчү республиканын конституциясы кабыл алынган. Анда эки палаталуу парламентти түзүү каралган. Парламенттин палаталары тарабынан шайланган президент мамлекет башчысы деп жарыяланган. Ал кеңири укуктарга ээ болгон. Ушуну менен эле республиканы чыңдоо, аны демократташтыруу боюнча күрөш токтоп калган жок.

Германия XIX к. биринчи жарымында бытыранды бойдон калып, жалпы мыйзамдары, башкаруу органдары болгон эмес. Иш жүзүндө анын бардык аймактарында феодалдык тартиптер үстөмдүк кылган. 1848–1849-жж. революциянын учурунда феодалдык тартиптерди жоюу аракеттери ийгиликке жетишкен жок. Немец жерлерин бириктирүү Пруссиянын жетекчилиги астында 70-жж. гана аяктады. 1871-ж. конституция кабыл алынган. Ал боюнча аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигинин бир бөлүгү императордун колуна топтолгон. Жалпыга бирдей шайлоо укугунун негизинде шайланган рейхстаг жогорку өкүлчүлүк органы болгон.

Кол эмгегинен машиналык, фабрикалык-заводдук өндүрүшкө өтүү жумушчулардын абалынын жакшырышына алып келген жок. Дагы эле алардын эмгегинин натыйжаларынын кыйла бөлүгүн өндүрүш каражаттарынын ээлери өздөрүнө ыйгарып алып турушкан. 60–70-жж. чейин жумушчулардын материалдык деңгээли өтө төмөн болуп, жумуш убактысы 14–16 саатка созулган. Эмгек жана тиричилик шарттары оор болуп, аялдардын жана балдардын эмгеги кеңири колдонулган. Мисалы, XIX к. ортосундагы англиялык өнөр жайдагы иштегендердин 50–60 %ин аялдар жана балдар түзгөн. Бир катар өлкөлөрдүн бүткүл өнөр жайын жана айыл чарбасын камтыган экономикалык кризистердин тушунда жумушчулардын абалы бир кыйла оорлоп кеткен.

Саясий укуксуздук, ачарчылык, ooру-сыркоолор, оор эмгек жана өлүм-житимдердин көптүгү жумушчулардын иш берүүчүлөргө каршы наразылыгын пайда кылды. Бирок алгачкы мезгилде жумушчулардын эзүүгө каршы чыгуулары чаржайыт формада болуп, ишканаларды өрттөө, ачарчылык козголондору, машиналарды кыйратуу менен чектелген. Жумушчулардын

алгачкы ири чыгуулары Англиядагы Манчестер шаарында 1819-ж., Франциядагы Лион шаарында 1831-ж. жана 1834-ж. болду. Буга Силезия токуучуларынын көтөрүлүшүн да кошууга болот. 1838–1842-жж. Англияда чартисттик кыймыл пайда болуп, анын жүрүшүндө биринчи массалык жумушчу партиясы – Улуттук чартисттик ассоциация түзүлдү. Чартисттер өкмөттү жарым-жартылай эпке келүү саясатына өтүүгө аргасыз кылды. 1847-ж. он сааттык жумушчу күнү тууралуу мыйзам кабыл алынды, жумушчулардын айрым категорияларынын айлык акылары жогорулатылды.

Машиналык өндүрүштүн өнүгүшү жана квалификациялуу жумушчулардын катмарынын өсүшү менен кесиптик союз кыймылы пайда болду. XIX к. башында алардын ишине бардык жерде тыюу салынган. Алгач алар Англияда, АКШда андан кийин Европанын өлкөлөрүндө ачыкка чыкты.

XIX к. 80–90-жж. кесиптик союздардын үч тиби түзүлдү. Биринчиси, англис тилдүү өлкөлөрдөгү тредюниондор (Англия, Канада, АКШ, Австралия). Экинчиси, жумушчулардын саясий партияларынын таасири астындагы, социализмдин түрдүү платформаларында турган кесиптик бирикмелер (Австрия, Бельгия, Германия ж. б.). Үчүнчүсү, капитализмди кулатуу, өндүрүш каражаттарын ортоктоштуруучу жана социалисттик кайра куруууларды жүргүзүүнү өз милдети катары койгон анархиялык-синдикалисттик кесиптик союздар.

Жумушчулардын аянычтуу абалы интеллигенциянын бир бөлүгүнүн үстөмдүк кылган тартиптерге карата наразылыгын пайда кылып, келечектеги жакшы коом тууралуу ой пикирлердин пайда болушуна алып келди. Социалисттик (лат. Socialis коомдук) идеялар пайда болду. Англиялык ойчул Р. Оуэн, француз социалисттери Ш. Фурье жана А. Сен-Симон капитализмди кескин сынга алышып, социалисттик коомду курууга чакырышкан. Бирок алар социалисттик коомго өтүүнүн жолдорун негиздей алышкан эмес.

К. Маркс жана Ф. Энгельс пролетариаттын күрөшүнө илимий негиз беришкен. Алар капиталисттик түзүлүш өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчикке негизделгендиктен, ал коомду адилетсиз коом деп эсептешип, өндүрүштүк күчтөрдүн жана өндүрүш каражаттарынын ортосундагы карама-каршылыктардан социалисттик революциянын негизин көрүшкөн. Революциялык теория менен куралданган жумушчулар дыйкандар менен бирдикте саясий бийликти колуна алып, жеке менчикти коомдук менчик менен алмаштырат жана эзүүсү жок жаңы коомду

кура алат. Бул максаттарга жетүү үчүн жумушчу табына күчтүү уюм, өздөрүнүн саясий партиясы керек дешкен.

1847-ж. Германияда биринчи марксисттик уюм – Коммунисттер союзу түзүлгөн. К. Маркс жана Ф. Энгельс тарабынан жазылган «Коммунисттик партиянын манифести», анын программалык документи болуп калды. «Буржуазияны кулатуу, пролетариаттын үстөмдүгүн орнотуу, карама-каршылыктарга негизделген буржуазиялык коомду жок кылуу жана тапсыз, жеке менчиксиз жаңы коомду куруу» – Коммунисттер союзунун мүчөлөрү өз максаттарын ушундайча белгилешкен.

Жумушчу кыймылынын жогорулашы жана ар кайсы өлкөлөрдүн жумушчуларынын ортосундагы байланыштардын өсүшү социалисттердин эл аралык уюмун түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. 1864-ж. 28-сентябрда Лондондо жумушчулардын эл аралык шериктештиги I Интернационал түзүлдү. Бир аз мезгилден кийин Европа өлкөлөрүндө жана АКШда I Интернационалдын секциялары пайда болду. Алар газеталарды, баракчаларды, адабияттарды басып чыгарышып, улуттук негиздеги өз алдынча жумушчу партияларынын түзүлүшүнө шарт түзүштү. I Интернационал жумушчуларды саясий күрөштүн тажрыйбасы менен байытты жана 1876-ж. Генералдык Советтин чечими менен таркатылды.

I Интернационалдын түздөн-түз таасиринде, 1869-ж. Эйзенах шаарында жумушчу коомдорунун өкүлдөрүнүн съездинде Германиянын социал-демократиялык жумушчу партиясы (ГСДЖП) түзүлгөн. Ал буржуазиялык демократ жана утопиялык социалист Лассалдын жолун жолдоочулардын бир бөлүгү менен саксониялык жумушчу коомдорунун кошулушунан пайда болду. ГСДЖП немец жумушчуларынын алгачкы массалык марксисттик саясий партиясы болгон. 1875-ж. Эйзенахчылар менен Лассалчылар биригишти да бирдиктүү социалисттик партияны түзүштү.

Бир катар өлкөлөрдө: Германияда – 1875-ж., АКШда – 1876-ж., Францияда – 1879-ж. социалисттик партиялар пайда болду. Пролетардык саясий уюмдар Англияда, Италияда, Австрия-Венгрияда, Голландияда ж. б. өлкөлөрдө пайда болду. II Интернационалды түзүү зарылчылыгы келип чыкты. Ал 1889-ж. 14-июлда Парижде негизделди. II Интернационал жумушчулардын күрөшүнүн формаларын жана методдорун иштеп чыгууга чоң салым кошту, бирок ал негизделгенден тартып эле ичара жиктелүү башталды. II Интернационалдын ичинде үч агым: революциялык (негиздөөчүсү К. Маркс), реформисттик (негиздөөчүсү


Э. Бернштейн) жана центристтик (негиздөөчүсү К. Каутский) агымдар болгон.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XIX к. аягы Европада кандай ойлоп табуулар өрүш алды?
2. Алар өндүрүштүн өнүгүшүнө кандай таасир берген?
3. «Дүйнөнүн устаканасы» деген наамга Англия кандайча татыктуу болду?
4. Европадагы өнүгүү деңгээли бардык мамлекеттерде бирдей болгонбу?
5. Жумушчулардын уюмдаша башташына эмне таасир берген?
6. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 12–13. ЕВРОПАДАГЫ 1848–1849-ЖЫЛДАРДАГЫ РЕВОЛЮЦИЯЛАР. ФРАНЦИЯДАГЫ 1848-ЖЫЛДАГЫ ФЕВРАЛЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫ

**Аймак:** Европа
**Мезгил:** XIXк. ортосу
**Теманын хронологиясы:**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1848-ж. февраль – Парижде революциянын башталышы
1848-ж. февраль – 1849-ж. июнь – Германия мамлекетиндеги революциялар
1848-ж. март – 1849-ж. август – Италиядагы революция
1852-ж. – экинчи француз империясынын түзүлүшү

**Билим:** Демократия үчүн абсолютизмге каршы күрөш, коомдук прогресс жана улуттук биригүү.

**Түшүнүктөр:**

- революция
- улуттук биримдик
- республика
- убактылуу өкмөт
- улуттук чогулуш

**Революция босогосунда** 1840-жылдын ортосунда Францияда социалдык жана экономикалык кризистин белгилери байкалган. Өнөр жай өнүккөнү менен жумушсуздардын саны көбөйүп, баа өскөн. 1845–1847-жылдар түшүмсүз жылдар болгон. Король эми карапайым элге эле эмес, буржуазияга да жакпай калды. Ошол жылдары король Луи Филиппке кол салуулар жасалган. Июль монархиясына жана анын башчысына наразылык ачык көрүнүп калды.

### 1848-жылдагы февраль революциясы

1848-жылы 22-февралда өткөрүлө турган чоң чогулушка тыюу салынган. (Бул чогулушта оппозициянын шайлоо реформасынын долбоору каралмак). Ошондо париждиктер көчөлөрдө баррикадаларды кура баштады. Көптөгөн жумушчулар курал-жарак сакталган дүкөндөргө кирип барышып, курал-жарактарды тартып алышты. Өкмөттүн көтөрүлүшкө чыккандарды улуттук гвардия менен таркатам дегенинен эч нерсе чыккан жок. Гвардиячылар элге ок атуудан баш тартты. Алардын бир бөлүгү көтөрүлүшчүлөр тарапка өтүп кетти. Коркуп кеткен Луи Филипп 23-февралда өкмөттү отставкага жөнөтүп, жаңы министрлер кабинетин түзөөрүн жарыялады. Бирок, кеч болуп калган. Көтөрүлүшкө чыккандар королдун сарайын көздөй жөнөшүп, королдун Карл X артынан Англияга кетишин талап кылышкан. Небереси Генрихтин пайдасына тактыдан баш тарткан Луи Филипп так ошондой кылды. Депутаттардын Генрихти «Король» деп жарыялай тургандыгын угуп калган көтөрүлүшчүлөр түз эле палаталардын жыйналышына кирип барышкан. Курал астында депутаттар буржуазиялык-демократиялык республикалык өкмөттү түзүштү. Өкмөткө эки социалист: атактуу тарыхчы жана публицист Луи Блан жана жумушчу Александр Альбер кирген.

Чындыганда алар бир иш-чараларын жүзөгө ашыргылары келишсе, анда аны башка өкмөт мүчөлөрү менен биргелешип аткарышкан. Ошондой иш-чараларынын бири – ишкерлер менен жумушчулардын ортосундагы чыр-чатактарды чечүүчү атайын комиссияны түзүү болгон. Комиссиянын жыйыны Люксембург залында өткөндүктөн ал, «Люксембург комиссиясы» деп аталды. Бирок, ишкерлер менен жумушчулардын ортосунда дооматтар көп болгондуктан, бир нече айдан кийин комиссия таркатылган. Убактылуу өкмөттүн эң маанилүү кадамдарынын бири, эркектер үчүн 21 жаштан баштап, шайлоого жалпы катышуу укугун киргизиши болгон. Башка маанилүү иш-чаралардын бири, жумушсуздар үчүн аз болсо да туруктуу эмгек акы төлөнүүчү улуттук мастерскойлордун ачылышы эсептелген.

### Июнь көтөрүлүшү

Революциянын натыйжасында республикалык-демократиялык коомдор жана клубдар жанданды. Ошол арада мастерскойлорду кармоо, өкмөт үчүн өтө кымбатка турган. Күн сайын көп каражат жумшоо талап кылынды. Ал эми мастерскойдо иштеген жумушчулардын саны көбөйө берген. Акырында 21-июнда өкмөттүн демилгеси менен

улуттук мастерскойлорду таркатышты. 18–25 жаштагы эркектерге армияда кызмат өтөө, калгандарына жер казуу иштерине баруу сунуш кылынды. 23–26 июнда Парижде тартипсиздик башталды. Шаарда кайрадан баррикадалар курулуп, аскерлерди киргизүүгө туура келди. Жетекчиликтин тапшыруусу боюнча аскер министри Луи Ежен Кавеньяк козголоңчуларды тынчтандырууга аракет кылды. Бирок, тартипсиздик басылган жок жана Кавеньяк козголоңчуларды басып жок кылууга буйрук берди. Сент-Антуан жана Ла-Тампль таяныч пункттарын алууда бир нече миң адам курман болгон. Июнь көтөрүлүшүнүн улуттук мастерскойлорун талап кылгандан бөлөк эч кандай максаты болгон эмес. Бул жумушчулардын жашоо турмушунун төмөндүгүнөн, жумушсуздуктан, мастерскойлордун жабылышынан ж. б. себептерден улам келип чыккан козголоң болгон.

### Германиядагы 1848–1849 жылдагы революция. Көтөрүлүштүн башталышы жана себептери

Францияда болуп өткөн экинчи революциянын толкуну Европаны каптап, 1847-жылдагы экономикалык кризис Германиянын ар кайсы областтарында элдин жашоо деңгээлине тескери таасирин тийгизген. Акыркы жылдардагы көптөгөн райондордогу түшүмсүздүк абалды оордотуп жиберди. Ачка болгон эл дүкөндөрдү жана азык-түлүк кампаларын талкалап, тамак-ашты талап алып жатышты. Ачкалык өзгөчө Бранденбургда күч алган. Дал ошол жакта Пруссиянын Герман мамлекетиндеги ички карама-каршылыктардын түйүнү чаташып жатты. Бирок толкундоолор Бранденбургда эмес, батышта, өнөр жайы өнүккөн Рейн областында башталды. Анын башкы шаары болгон Кёльнде 1848-жылы марттын башында, тезинен демократиялык реформаларды жүргүзүүнү талап кылган, шаардык «төмөнкүлөрдүн» көчө чогулуштары болуп өттү. 7-мартта элдик толкун борборго – Берлинге чейин жетти. 10 күн бою бул жерде демонстрациялар өткөрүлүп шаардыктар менен полициялардын кагылышуулары болуп турду. Курч абалдан корккон Пруссиянын королу Фридрих Вильгельм либералдык конституция киргизилип, басма сөз цензурасын жоголо тургандыгын жарыялады. Муну уккан берлиндиктердин бир бөлүгү королдун сарайына ыраазылыгын билдирүүгө жөнөштү. Башка шаардыктар сарайга кирип, өз талаптарын коюу үчүн келишкен. Жыйынтыгында кароолдо тургандар чогулган элге ок атышкан.

18–19 мартта көчө согуштары жүрүп, 200дөй адам курман болгон. Бир нече күндөн кийин буржуазиялык-либералдык өкмөт түзүлдү. Ошол эле мезгилде Германиянын башка жерлеринде,




Европадагы 1848–1849-жж. революциялар

Баварияда, Баденде, Ганноверде жана Вюртенбергде толкундоолор болуп өттү. Бирок, Германиядагы революцияны төмөнтөн ишке ашырууга болгон аракет эч нерсеге алып келген жок. Элдик чыгуулар Германиялык буржуазиянын колдоосуна ээ болгон эмес. Германиялык буржуазия Франциядагыдай күчтүү эмес эле. Германия мамлекетинде Франциядагыдай радикалдык

революциячыл уюмдар болгон эмес. Ошондуктан жетик даярдалган революция жөнүндө сөз да болууга тийиш эмес эле. 1848-жылы декабрда Пруссиялык король мурда сөз бергендей конституцияны кабыл алды. Анда дворяндардын артыкчылыктары сакталып, буржуазияга кээ бир укуктар берилди.

### Австрия империясындагы 1848–1849-жж. революциялар

Германиядагы гегемония үчүн башкы атаандаштар Австрия менен Пруссиянын жана болочок бириккен Германиянын тарыхый тагдыры ар башкача болуп чыкты. Бул өлкөлөрдүн улуттук курамы да ар башкача эле. Эгерде Пруссия өз көзөмөлүнө Германиянын гана жерлерин каратууга аракеттенсе, Австрия империясынын курамына Польшанын, Чехиянын, Венгриянын, Түштүк славяндарынын жана Италиянын аймактары кирген.

1848-жылы Европага Франциядагы революция жөнүндөгү кабар тараганда Австриянын Чехиядагы жана Италиядагы ээликтеринде, ал эми 13-мартта Венанын өзүндө элдик толкундоолор башталган. Император Фердинанд I аскерлерине көтөрүлүшчүлөрдү таратууга буйрук берген, бирок бул толкундоолордун күчөшүнө гана алып келген. Ошондо император көтөрүлүшчүлөрдүн талабы боюнча Меттернихти отставкага жөнөткөн. Ал жазалоодон коркуп, Англияга аялдын кийимин кийинип, качып кеткен. Фердинанд I цензураны алып салып, бюргерлерге (оокаттуу шаардыктарга) жана студенттерге куралдуу отряддарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Буржуазиянын жана дворяндардын өкүлдөрүн конституцияны иштеп чыгуу үчүн чакырууга сөз берген. Апрелдин аягында конституция жарыяланганда, анда мүлктүк ценздин эң жогорулугу шайлоочулардын санынын кескин азайышына алып келе тургандыгы байкалган.

Венада кайрадан толкундоолор башталган. Ага жооп ирээтинде өкмөт 26-майда студенттик отряддарды таркатууга аракет кылды. Бул окуядан кийин Венанын көчөлөрү куралдуу адамдарга толуп кетти. Чочуган өкмөт борбордон аскерлерди чыгарып кетүүгө буйрук кылды. Ал тургай конституцияга карабастан, шайлоо укуктарынын кеңейтилишин жарыялады. Ошол учурда империянын улуттук райондорунда, Прагада (июнь 1848-ж.) Чехиянын башка областтарында толкундоолор күч менен басылды.

Венгриядагы көтөрүлүшчүлөр Венгриялык өз алдынча өкмөт түзүүгө императордун макулдугун алууга жетишишкен (март 1848-ж. ). Бирок, Прага көтөрүлүшүн баскандан кийин Ферди-

нанд I венгрлерди да жазалоону чечти. Будапештке хорваттык жана сербиялык отряддарды жиберүүнү тапшырды. Венада венгрлерди колдогон толкундоолор башталды. Ал мезгилде венгрлер серб-хорваттык бөлүктөрдүн биринчи чабуулуна сокку урушкан болчу. Венгрлер Веналык көтөрүлүшчүлөргө жардам берүүгө аракеттенишкен. Бирок, борборду аскерлер курчап алган эле. Алар 1-ноябрда артиллериялык атуудан кийин шаарга кирип, көтөрүлүштү басышты. Фердинанд I тактыдан баш тартып, аны 18 жаштагы жээни Франк Иосифке өткөрүп берди жана ага Венгриялык революционерлерди жазалоону тапшырды. 1848-жылы январда австриялык аскерлер Будапештке басып киришти. Март айында империяда Венгриянын автономиясын жойгон жаңы конституция киргизилди. Бирок, венгриялык революция аяктаган жок. 1849-жылы 14-апрелде Дебрецен шаарына келген Венгриялык Сейм (парламент) өлкөнүн көз каранды эместигин жарыялады. Май айында венгриялык аскерлер австриялыктарды өз аймактарынан сүрүп чыгарышты. Июндун башында Франц Иосифтин сураныччы менен Россия Венгрияга 150 миң армиясын жөнөттү. Ошол эле убакта австриялыктар дагы чабуулга өтө баштады. Венгриялык армия талкаланып, орус армиясынын генералы И. Ф. Паскевичке багынып берди. Революциячыл өкмөттүн көпчүлүгү өкмөт башчысы Лайош Кошут баш болуп, Түркияга качып кетти. Аскердик жана саясий жетекчилер жазаланды. Австрия империясындагы революция жеңилип калды, бирок Германиядагыдай эле буржуазиянын чыңдалышына алып келди.

### Италиядагы 1848–1849-жылдардагы революция

1848–1849-жылдары бир катар италиялык мамлекеттерде көтөрүлүш чыккан. 1848-жылы январда Сицилияда көтөрүлүш ийгиликтүү башталып, аны континенттен жиберилген аскерлер да баса алган эмес. Толкундоолор Италиянын түштүгү Неаполго чейин жетти. Натыйжада король Фердинанд II буржуазиялык конституцияны кабыл алууга аргасыз болду. Марттын башында Сардиния королу Карл Альберт да конституцияны жарыялоого аргасыз болду. Толкундоолор Папа областына өттү. Италиялык патриоттор бул областка өзгөчө маани беришкен. Анткени, анда байыркы борбор Рим жайгашкан. 1846-жылы Папа тактысына Пий IX отурду. Ал Папа областына конституцияны кабыл алууга, саясий камактагыларга мунапыс берүүгө, цензураны жоюуга убада берди. Сицилия менен Пьемонттогу көтөрүлүштөн кийин жана Францияда революция башталганда Пий IX да Папа областында консти-

туция киргизилгенин жарыялады. Толкундоолор бүткүл Италияны кучагына алды. Италиялыктарга австриялык аскерлер каршы коюлган болчу. 1848-жылы марттын ортосунда Австрия империясында башталган революция жөнүндө кабар жеткенде, Миланда (Ломбардия) да көтөрүлүш башталды. 5 күндүк согуштан кийин Робецкойдун аскерлери австриялык аскерлерди шаардан сүрүп чыгышты. Толкундоолор Түндүк Италиянын бир катар шаарларына жана айылдарына да жайылды. Австриялык аскерлер чегинип, жер-жерлерде бийлик патриоттордун колуна өтүп жатты. Өз өлкөсүнүн улуттук биригүүсү үчүн болгон күрөштү Италиянын элдери Рисорджименто (кайра жаралуу) деп аташкан. Көтөрүлүшчүлөрдүн кысымы алдында Пьемонт өкмөтүнүн боштондук күрөшүнө жетекчилик кылууну чечиши Рисорджиментонун маанилүү учурунун бири болуп калды. Ал 1848-жылы 25-мартта Австрияга согуш жарыялады. Ломбардияга жөнөгөн пьемонттук аскерлерге Рисорджиментонун баатырларынын бири Джузеппе Гарибальдинин ыктыярдуу отряды келип кошулду. Эр жүрөк Гарибальди (1807–1887) суучулдун уулу болгон, ал 10 жашынан тартып кемеде кызмат өтөй баштаган. 1833-жылы орус порту Таганрогдо ал «Жаш Италия» коомунун мүчөлөрүнүн бири менен таанышып, аны жактоочулардын бири болуп калган. Жаш Италия патриоттук коомун Джузеппе Мадзини түзгөн. Король Карл Альберт австриялыктарга каршы согушуп жаткан Ломбардия-Венеция областына колдоо көргөзүү үчүн өз армиясын жиберген. Аларга Тосканадан, Римден жана Неополдон да аскердик бөлүктөр кошулган. Австрияга расмий түрдө согуш жарыялоого батынбаган Пий IX дагы Австрияга каршы өз отряддарын жиберген. Алар согушка катышкан эмес. Иш жүзүндө Австрияга каршы чыккан аскерлер ар түрдүү көз караштарда болгон. Ошондуктан Пий IX менен Фридрих II өз аскерлерин согуштан алып кетишкен. Согушту Гарибальдинин отрядынын колдоосу менен Пьемонттуктар гана улантышкан. Ушундан пайдаланган Австрия кайра чабуулга өтүп, Венецияны ээлеген.


Джузеппе Гарибальди

Пьемонт армиясы австриялыктар тарабынан талкаланган. Милан шаары австриялык генерал Радецкийдин аскерлери тарабынан басып алынган жана 9-августта өз ара келишим түзүүгө кол коюлган. Анын шарты боюнча Ломбардия австралиялыктарга кайтарылып берилген (Венецияны алар мурда эле ээлеп

алышкан), ал эми Моден жана Пармдагы тактыга Габсбург династиясындагы герцогдор кайрадан келишкен. Ошого карабастан италиялыктардын улуттук-боштондук кыймылы муну менен токтогон эмес. Толкундоолор Флоренцияга Тоскания герцогуна жана Римге чейин жеткен.

Папа Пий IX швейцариялык жалданма аскерлерден турган гвардиясынын толкундоолорду басууга жасаган аракети эч натыйжа берген эмес. Аягында Пий IX бийликке буржуазиялык демократтардын шайлануусуна макул болгон, бирок бир нече күндөн кийин Римден Бурбондордун кол астында турган Гаэта Сепилине качып кеткен. Көтөрүлүш кулач жая баштаган. Көтөрүлүшчүлөргө жардам берүү үчүн Папа областына өзүнүн ыктыярдуу бөлүктөрү менен Гарибальди келген. Анын сунушу боюнча 1849-жылы 9-февралда Рим республика болуп жарыяланган. Ошол мезгилде чакырылган уюштуруу чогулушу папанын бийликтен ажырагандыгы жөнүндө жарыялаган.

Римдеги бийлигин калыбына келтирүү үчүн Пий IX февраль айында Франциянын, Австриянын жана Испаниянын католиктер чөйрөсүнө согуштук жардам сурап кайрылган. 24-апрелде Чивитавеккьеге 10 миң аскерден турган армияны жайгаштырып, француздар Римге чукулдап келип артиллериялык атууну башташкан. Римге түштүктөн Фердинанд II нин аскерлери, Түндүктөн май айында Болоньяны ээлеп алышкан австриялыктар кол салган. Ал кезде Рим республикасын триумвират (б. а. бир мезгилде 3 лидер) башкарган. Триумвирлердин бирөө Мадзини болгон. Дыйкандар чиркөөдөн конфискацияланып алынган жер үлүштөрүн бөлүп берүүнү талап кылышкан. Мурунку достор Мадзини жана Гарибальдинин ортосунда пикир келишпестик келип чыккан. Гарибальди өзүнө диктатордук укуктарды берүүнү жана дыйкандарды куралдандырууну талап кылган. Гарибальди башкы командачы (бирок диктатор эмес) болуп дайындалган, бирок дыйкандардын куралданышына Мадзини чечкиндүүлүк менен каршы турган. Ал дыйкандар куралды жерди өз алдынча конфискациялоого колдонот, – деп корккон. 1849-жылы Римге кол салышкан.

Гарибальди башында турган республикачылар Рим шаарын баатырдык менен коргошкон. Бирок француздук артиллерия окту жамгырдай жаадырып, алардын каршылыгынын мизин кайтарган. Ошол эле убакта неополитандык король швейцариялык жалданма аскерлердин жардамы менен Сицилиядагы көтөрүлүштү баскан жана өз ээликтериндеги конституцияны жоюп салган. Гарбальдини Пьемонтко түрмөгө камап, кийин Италиядан айдап жиберишкен.

**Европадагы 1848–49-жж. революциялардын жыйынтыктары, тарыхый мааниси жана сабактары**

Италияда болуп өткөн 1848-ж. революция буржуазиялык-демократия революция болгон. Башка өлкөлөрдөгүдөй эле революция аягына чыкпай жеңилип калган. Анын себептери австриялыктардын жана эл массасынан көбүрөөк корккон либерал буржуазия менен помещиктердин революцияга чыккынчылык кылып кетиши болгон. Бирок Италиядагы революция эл массасына революциялык чоң тажрыйба жана улуттук биригүү алып келген. Өлкөнү буржуазиялык кайра куруу үчүн революциялык бош тондук кыймылдын андан ары өнүгүшүнө түрткү берди.

Францияда 1848-ж. жумушчу табы менен буржуазиянын ортосунда алгачкы граждандык согуш чыккан. Жумушчулардын начар уюмдашкандыгы, революциячыл аң-сезимдеринин жетишсиздиги, саясий партиясынын жоктугу Париждеги июнь көтөрүлүшүн жеңилүүгө алып келген. Ошондой эле дыйкандар тарабынан колдоонун жоктугу жана либерал буржуазиянын контрреволюциянын жолунан түшүшү дагы буга кошумча болгон.

Германияда буржуазия башынан эле революциячыл болгон эмес, элге чыккынчылык кылган, монархия жана помещиктер менен келишүүчүлүккө барган. Ал эми жумушчу табы революцияга жетекчилик кылуу, уюмдашуу жагынан аң-сезимдүүлүгү жетишсиз болгон. Пруссиялык армия Германиянын кичинекей мамлекеттериндеги революциялык толкундоолорду басып койгон.

Австрия империясында да либерал буржуазиясынын чыккынчылыгынын, жумушчу табынын начардыгынын, улуттук чыр-чатактардын жана падышачылыктын контрреволюциялык интервенциянын натыйжасында революция жеңилип калган.

1848–1849-жж. буржуазия XVII кылымдагы буржуазиялык революционерлерден якобинчилерден айырмаланып, эл менен бирге күрөшкөн эмес, тескерисинче жумушчулар менен дыйкандарга каршы немецтер жана монархиялык бийлик менен келишүүчүлүккө барган. Мунун себеби – XIX кылымдын орто ченинде жумушчу табы буржуазиянын коркунучтуу душманы болуп калган. Ошондуктан буржуазия жумушчулар менен дыйкандардын жеңишинен корккон жана помещиктер менен бирге элдик кыймылдарды баскан. 1848–49-жылдардагы революциялар жеңилгендигине карабастан алар жакшы натыйжаларга ээ болушкан. Жумушчу табы революциялык зор тажрыйбага ээ болгон жана үстөмдүк кылуучу таптарды айрым реформаларга барууга аргасыз кылган. Пруссияга, Австрия империясына жана Пьемонтко конституция киргизүүгө, дыйкандардын помещик-

терге көз карандылыгын начарлатууга жетишилген, өнөр жайларды өнүктүрүү үчүн иш-чараларды көрүүгө мажбур кылган. Революция коомдун илгери карай өнүгүшүн тездеткен. Маркс – революциялар тарыхтын локомотивдери десе, В. И. Ленин, революциялар – бул эзилгендер менен эксплуатациялангандардын майрамы деп бекер айткан эмес. Ал түгүл жеңилип калган революциялар да зор мааниге ээ болгон. Ф. Энгельс: «Туруктуу салгылашуудан кийинки жеңилүү – оңой жерден жетишкен жеңишке караганда революциялык чоң мааниси бар фактынын бири» деп белгилеген.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Францияда революциянын чыгышынын себептери.
2. Буржуазиялык демократиялык өкмөттүн түзүлүшү.
3. Германиядагы революциянын себептери.
4. Венгриянын көз каранды эместигине ээ болушу.
5. Италиядагы революциялардын жүрүшү жөнүндө айтып бергиле?
6. Джузеппе Мадзини жана Джузеппе Гарибальди жөнүндө эссе жазгыла.
7. 1848–49-жж. Европадагы буржуазиялык революциялардын жыйынтыгы жана тарыхый мааниси жөнүндө реферат даярдагыла.
8. Колдонмо дептердеги тапшырманы аткаргыла.

## § 14. УЛУУ БРИТАНИЯ

**Аймак:** Улуу Британия
**Мезгил:** XIX к. биринчи жарымы
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1832 – Парламенттик реформа
1837 – Королева Викториянын такка отуруусу
1839, 1840, 1848 – Чартисттердин парламентке петиция берүүсү

**Билим:** Англиядагы саясий окуялар жана анын дүйнөдөгү эң өнүккөн ири мамлекетке айланышы.

**Түшүнүктөр:**

- «дүйнөнүн устаканасы»
- ашыра өндүрүү крисизи
- чартисттик кыймыл

**Саясий социалдык абалы**

XIX кылымдын биринчи жарымында Францияда жана Европанын бир катар өлкөлөрүндө революциялык толкундоолор болуп өткөн. Англияда кээде гана кооголандар өкүм сүрбөсө, мындай толкун-

доолор болуп өткөн жок. Мында өлкөнүн географиялык абалы дагы чоң роль ойногон. Бирок ал деле эмне үчүн Англияда буржуазиялык түзүлүш радикалдуу, революциялык жол менен эмес, эволюциялык тынчтык жол менен орногондугун аныктай албайт. Муну жакшы түшүнүү үчүн Англия кантип өнүккөндүгүн, бул өлкөдө ички чыр-чатактар кандайча чечилип келгенин эске салышыбыз керек. Англияда орто кылымдардагы мезгилде эле парламент чоң роль ойноп келген. XVII кылымдагы буржуазиялык революциядан кийин парламент андан да чоң мааниге ээ болду. Англияда эң чоң ыйгарым укуктары бар парламенттин болушу, өлкө алдында турган негизги маселелерди сөзгө келүү, талкуулоо жолу менен чыр-чатаксыз тынч чечүүгө мүмкүндүк берген. XVIII кылымдын аягында ишкана ээлерине каршы биргелешкен күрөш жүргүзүү үчүн кесиптик союздарды тредюниондорду түзүүгө жумушчуларга тыюу салышкан болчу. 1824-жылы Парламент ошол 25 жыл мурда тыюу салынган мыйзамды жойду. Ошондон тартып тредюниондор көбөйүп, жумушчулардын эмгек шартын жакшыртуу, эмгек акыны жогорулатуу үчүн күрөш жүргүзө башташты.

**1832-жылдагы реформа**

Англиядагы шайлоо системасы жер ээлерин жана эски соода – финансылык буржуазияны парламенттеги орун менен камсыз кылган. Өнөр жай буржуазиясы болсо мамлекетти башкаруу иштеринен четтетилген. Ошондуктан Англияда парламенттик реформа үчүн күрөш жүргөн. Анын лидерлери – реформисттер «чирик орундарды» жоюуга жана шайлоо системасын кайрадан кароого жетишүүгө аракет кылышкан. Реформа үчүн күрөш элдин калың катмарын кучагына алды. 1810-жылдын аягында алар бир нече жолу Лондонго жүрүшкө чыгышкан. Алар жаңы өнөр жай райондорунун жумушчулары менен жумушсуздар эле. Төшөнчү-орунчусун, азык-түлүктөрүн алышып, шайлоо укуктарын кеңейтүү, ошондой эле сөз эркиндигине жана чогулушка тыюу салган мыйзамдарды жоюу жөнүндө талап койгон петицияны парламентке берүү үчүн шаарга жөнөшкөн. Буга бийликтегилер тезинен көңүл буруп, толкундоолордун күчөп кетишине жол берген эмес. Парламент шайлоо жөнүндө реформага макул болду. 1831-жылы жамааттар палатасы реформа жөнүндөгү Биллди бекитти. Ал бир аз каршылык көргөзүү менен 1832-жылы Лорддор палатасы тарабынан кабыл алынды.

**Чартисттик кыймыл**

Англиядагы шайлоо реформасы үчүн болгон күрөш акырындап жалпы улуттук

мүнөзгө ээ болду. 1836-жылы июлда утопист социалист жыгач уста Ловеттин демилгеси менен жумушчулардын ассоциациясы түзүлгөн. Ловетт жана анын жактоочулар 21 жашка чыккан эркектердин жалпы шайлоого катышуу укугун киргизүүнү камтыган жана парламентке шайлоодогу жана башка чектөөлөрдү алып таштоо жөнүндөгү алты талаптан турган программаны жарыялашты. Ассоциация мындан башка «чирик оруңдарды» жоюуну аягына чыгарууну жана парламенттик өкүлчүлүктөгү толук теңдикти талап кылышты. Бул эл ичинде кеңири колдоого ээ болгон программа элдик Хартия деген наам алган. Аны жактоочуларды чартисттер ал эми кыймылдын өзүн чартизм деп аташты. Чартисттик программанын кабыл алынышы үчүн күрөш Бүткүл өлкөгө тарады. Бардык жерде митинг демонстрациялар өткөрүлүп, Хартиянын кабыл алынышы үчүн кол чогултуулар жүрүп жатты. 1839-жылы июлда 1 млн. 28 миң кол чогултушуп, жааматтар палатасына салтанаттуу түрдө өткөрүлүп берилген. Бирок парламенттин төмөнкү палатасы аны четке какты.

### Чартисттик партиянын түзүлүшү, экинчи Хартия

Хартия четке кагылгандан кийин 1840-жылы июлда алар биринчи жумушчу партиясын – Чартисттердин Улуттук ассоциациясын түзүштү. 1842-жылы чартисттик партия 3,3 млн. адам кол койгон, чоң үкөккө салынган Хартияны 16 адам Лондондун көчөсү аркылуу парламентке алып жөнөйт. Бирок жамааттар палатасы аны кабыл алуудан баш тартат. Мында




Чартисттердин парламентке петиция алып бараткан учуру

жумушчулардын саясий үстөмдүк үчүн күрөшүүсү жөнүндөгү жобо кошумчаланган болчу. Бул баш тартууга жумушчулар массалык иш таштоолор менен жооп беришти. Ошондо чартисттер куралсыз демонстрацияны жана курал колдонууну жактагандарга бөлүнүштү. Күч колдонууну жактагандардын башында талanttуу публицист жана чечен Ф. О. Хоннор турган. О. Хоннор болсо моралдык күчтөр жетишсиз болгондо гана күч колдонуу керек деп эсептеген. Бирок Чартисттердин арасында стачкалык кыймылдарды куралдуу көтөрүлүшкө айландырууга чакырган радикалдар дагы болгон. Бактыга жараша Англияда мындай чакырыктар колдоого алынбай, жаңжал чыккан жок. Бирок бийликтегилерге көптөгөн радикалдык ниеттеги чартисттерди камоого туура келди. Ушундай жооптуу абалда парламент Чартисттердин үчүнчү петициясынан дагы баш тартты (1848-ж. 18-июль). Бул жолу петицияга кол койгондордун саны 2 млн. го да жеткен жок. Чартисттердин өздөрү эле 5 млн. го жакын деп айтышкан. Маркс менен Энгельс англиялык жумушчулар көтөрүлүшкө чыгышат деп үмүттөнүп, чартисттерди туруктуулук менен багынбоого чакырып жатышты. Ошону менен чартисттик кыймыл аяктады. Британдык бийликтин билгичтик менен аракеттениши Англиянын эволюциялык нукта өнүгүүсүнүн улантышына мүмкүндүк берди. Бул өлкөнүн калкынын абалынын жакшырышына жана экономиканын өнүгүшүнө эң ыңгайлуу жагдай түзгөн.

### Англия дүйнөнүн устаканасы

XIX кылымдын экинчи жарымында Англиянын өнөр жайы жана соодасы тез өнүгүп жатты. Чындыгында, экономикалык кризис (өзгөчө 1857-жана 1866-жж.) мындай өнүгүүнү бир азга болсо да басаңдатты. Толугу менен машина өндүрүшүнө өткөрүлгөн жеңил өнөр жай тармактарында нооту өндүрүү чыңдалды. 1870-жылы британиялык текстиль өнөр жайында 37 млн. механикалык жип ийрүүчү чыгырыктарды 450 миң жумушчу тейлеген. Оор өнөр жайында да англичандар үстөмдүк кылган. Чоюн эритүү 1840-жылы 1,4 млн. тоннаны түзсө, 1870-жылы 6 млн. ашык тоннага жеткен. Таш көмүр казып алуу 1855-жылы 61,5 млн. тоннаны түзсө, 1870-жылы 123,7 млн. тоннага жеткен. Бардык өнөр жай тармактарында жаңы ачылыштар жана ойлоп табуулар ишке ашырылган. Дал ошол мезгилде Англияга дүйнөнүн устакансы деген наам берилген. Лондондогу өнөр жай көргөзмөсүндө Англиянын өнөр жайынын артыкчылыгы өзгөчө көрүнгөн. Англия арзан жана сапаттуу товарларды сунуш кы-



Виккер заводундагы чоюн эритүүчү цех

луу менен өз атаандаштарын дүйнөлүк рыноктон сүрүп чыгарып турган. Англиянын жана анын компанияларынын үлүшүнө дүйнөлүк сооданын жалпы көлөмүнүн үчтөн биринен көбүрөөгү туура келген. Албетте колониялык ээликтеринде Индия, Канада, Жаңы Зеландия, Ав тралия, Кап колониясынын жана башка ушу сыяктуу бай жерлердин болушу да чоң мааниге ээ болгон. Ошондой болсо да колонияларды ээлөө дайыма эле кирешелердин түшүүсүн камсыз кылган эмес.

Англиянын ийгилигин баарыдан мурда бир кыйла алдыңкы буржуазиялык өндүрүштүн ыкмасы жана бул өлкөдө дүйнөдө биринчи болуп өнөр жай төңкөрүшү ишке ашырылгандыгы камсыз кылган. Британдык саясатчылардын, ички чыр-чатактарды билгичтик менен чечүүсү чоң роль ойногон.

### Англиянын XIX к. аягындагы жана XX к. башындагы экономикалык өнүгүшү

1860–1870-жж. Англияга өнөр жай өнүгүшүнүн темпин кармап туруу кыйын болгон. Англия мүмкүн өзүнүн биринчилигин сактап кала алмак. Бирок Англиянын экономикасынын өсүү темпинин төмөндөшү экономикасы күчтүү өнүгүп келе жаткан АКШнын жана 1871-жылы биригип, экономикасы жаңыдан өнүгүп келе жаткан Германиянын мезгилине туш болгон. Бул эки өлкө негизги экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча акырындап Англияны кууп жете баш-

таган. XIX–XX кылымдарда АКШнын, Германиянын өнөр жайында жана башка өлкөлөрдө электр энергиясы кеңири колдонулса, Британиянын өнөр жайында дагы эле буунун күчү колдонулган. 1880-жылы Германиянын товарлары Англиянын товарларын Түштүк Америкада, Россияда, Италияда, Балканда, Кытайда, Японияда, акырында Англиянын өзүндө жана анын колонияларында да сүрүп чыгара баштады. Сапаты боюнча Германиянын товарлары Британиянын товарларына жеткен эмес, бирок арзан болгон. Ошондой эле немецтер дүңүнөн сатып, алуучуларга жеңилдетилген узак мөөнөттүү кредиттерди берип турушкан. Алар англичандардан айрымаланып ар кайсы өлкөлөрдүн рынок талабын, керектөөлөрүн, муктаждыктарын үйрөнүшкөн.

**Колониялык саясаты**

Өзүнүн өнөр жай жана финансылык кубаттуулугун пайдаланып, Англия колонияларга болгон үстөмдүгүн чыңдоону жана деңиздин ары жагындагы колонияларын кеңейтүүнү уланта берген. XVIII кылымда жана XIX кылымдын биринчи жарымында англиялык колонизаторлор деңиздер жана океандар аркылуу өтүүчү дүйнөлүк суу жолдорундагы таяныч пункттарын басып алышкан. Согуштук базаларына жана аскердик деңиз флотунун зор артыкчылыгына таянып, Англия XIX кылымдын ортосунда эң ири колониялык держава болуп калган. Англиянын өзүнөн 10 эсе чоң болгон 300 млн. ашык калкы бар Индия Англиялык колониялардын эң ириси болгон. Индиядагы элдик чыгууларды аёосуз басып турушкан. Колониялардын үстүнөн болгон үстөмдүгүн Англиянын башкаруучу чөйрөлөрү куралдын күчү менен гана эмес, дипломаттык жана саясий мамилелер аркылуу да камсыз кылышкан. Алар уруулар ортосундагы жана диний чыр чатактарды пайдаланышкан. Чыгыш элдеринин ортосунда касчылык отун тутандырышып колониялардын өз элдеринин күчү менен жаңы колонияларды басып алышкан. Англиялык буржуазия өзүнүн колониялык саясатында «ак колонияларга» зор көңүл бурган. Улуу Британиядан жана Европалык башка өлкөлөрдөн көчүп келгендер тарабынан өздөштүрүлгөн, бирок англиялык бийликке баш ийген Америкадагы, Африкадагы, Австралиядагы аймактар *ак колониялар* деп аталган. Көчүп келгендерден түзүлгөн мындай ак колониялар экономикалык жана саясий көптөгөн милдеттерди чечүүгө жардам берген. Көчүп келгендерден колонияларды түзүү жергиликтүү урууларды жана элдерди кырып жок кылуу менен коштолгон. Австралияда, Жаңы Зеландияда да ушундай көрүнүштөр болгон.

**Колониялардын өзүн-өзү башкаруу үчүн күрөшү**


Капиталисттик мамилелер Англиянын эски колонияларынын бири болгон Канадада да өнүккөн. XVIII кылымдын ортосунда Франциядан тартып алынган Канадага, Европадан феодалдык түзүлүштүн көп белгилери кошо келген. Айрым колонияларда бийлик жергиликтүү жер ээлери болгон ак сөөктөргө, дин кызматкерлерине, ири соодагерлерге таандык болгон. Бирок бул бийлик жергиликтүү парламент тарабынан ишке ашырылганы менен өтө чектелүү болгон. Ар кандай маселелерди Лондондо дайындалган губернатор чечкен. Канада менен Австралияда эл массасы жана буржуазия демократиялык реформаларды жүргүзүүдө өз алдынчалыкка жетишишкен. Эки өлкөдө тең – Канадада 1836–1837-жж., Австралияда 1840-жылы Викториядагы алтын изилдөөчүлөрдүн куралдуу көтөрүлүшү чечүүчү роль ойногон. Саясий жактан зор тажрыйбасы бар Улуу Британиянын башкаруучу чөйрөлөрү австралиялык колонияларга айрым жеңилдиктерди беришкен. Анда Англиялык губернатордун көзөмөлү астында өзүн-өзү башкаруунун элементтери киргизилген болуучу. Канададагы колониялар менен Англиялык өкмөттүн өкүлдөрүнүн узакка созулган сүйлөшүүлөрү «Британдык Түндүк Америка жөнүндө актынын» чыгышы менен аякталган (1867-ж). Чындыгында бул бириккен Канаданын конституциясы болгон. Анда бирдиктүү парламент жана анын алдында жооптуу болгон өкмөт түзүлгөн. Бирок Канадалык парламент кабыл алган мыйзамдарды Англиялык генерал-губернатор бекитиш керек болгон. Канаданын жарандары англиялык бийлик астында болушкан, Канада башка мамлекеттер менен дипломаттык мамиле түзө алган эмес. Ошентип Канада доминиондук англис тили ээлик деңгээлде көз каранды эместикке жетишкен.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Англиядагы парламенттик реформа качан жүргүзүлгөн?
2. Чартисттик партиянын пайда болушу жана анын тарыхый мааниси.
3. Англиянын «дүйнөнүн устаканасы» деп аталышынын себебин айтып бергиле.
4. Англиянын колониялык саясаты жөнүндө эссе жазгыла.
5. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 15–16. ФРАНЦИЯ

**Аймак:** Франция
**Мезгил:** XIX к. биринчи жарымы
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1814–1824 – Людовик XVIII башкаруусу
1824–1830 – Карл X башкаруусу
1830 – июль монархиясы
1831, 1834 – Лиондогу жумушчулардын көтөрүлүшү
1852 – экинчи империянын орношу
1870–71 – Франция-Пруссия согушу
1870, сентябрь – Париждеги көтөрүлүш жана Республиканын жарыяланышы
1871, март – Париж коммунасынын пайда болушу

**Билим:** Франция реставрация жана Июль монархиясы мезгилинде
**Түшүнүктөр:**

- реставрация
- баррикада
- монархиялык режим
- бонапартизм
- республика
- коммуна

### Июль революциясынын алдында

Король Людовик XVIII кылымда дүйнөдөн кайтканда (1824-ж) Граф д Артуа Карл X деген ат менен Франциянын королу болуп дайындалган жана «эмиграниттардын королу» деген атка конгон. Ал эмигрант аристократтардын мурдагы конфискацияланган жерлерин кайтарып бере албасын түшүнүп, анын баасын төлөп берүүнү чечкен. Бул буржуазиялык кызыкчылыктарга каршы болгон. 1827-жылы шайлоодо жеңишке ээ болгон буржуазиялык-либералдык оппозиция, өнөр жайчылардын жана финансычылардын кызыкчылыктарына жооп берген саясатчылардан турган министрлер кабинетин түзүүнү талап кылган. Оппозицияны басууга аракеттенген Карл X 1830-жылы мартта жана июлда депутаттар палатасын таркатты. Басма сөз эркиндигин жойду жана «мындан ары ири жер ээлери гана добуш берүү укугуна ээ» деп жарыялады. Ал иш жүзүндө революцияга алып келген мамлекеттик төңкөрүш болгон. Парижде наразылык демонстрациялары болуп, 27–29 июлдарда көчө согуштары болуп өткөн. Бардык шаар боюнча баррикадалар курулган. Көтөрүлүштүн борбору Сент-Антуан кол өнөрчүлөр менен жумушчулардын району болгон. Шаардын борбордук аянты жана ко-



Сен-Дени дарбазасынын жанындагы салгылашуу (Париж 1830-ж. 28-июль)

ролдун сарайы басып алуучулардын колунда калганда, Карл X үй-бүлөсү менен Англияга качып кеткен. Ошондо кайрадан чогулган депутаттар буржуазиялык убактылуу өкмөттү түзүштү. Тактыны Бурбондор династиясынын кичи Орлеандык бутагынын герцогу Луи Филипке берүүнү чечишти. Францияда Бурбондор монархиясынын талкаланышы, өлкөнү башкаруу буржуазиянын колуна өткөндүгүн билдирген. 1830-жылы Конституцияга оңдоолор киргизилген жана цензура жоюлган, жыйналыш эркиндигин жана кесиптик союздарды түзүүнү чектөө басаңдаган.

**Июль монархиясы. Өнөр жай төңкөрүшүнүн аякташы**

1830-жылы июль революциясында бийликке келгендиктен, Луи Филиптин башкаруусу «июль монархиясы» деп аталган. Буржуазиянын бийликке келиши, Франциянын экономикасынын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизген. XIX кылымдын ортосуна карай негизги өнөр жай тармактарында массалык түрдө машина техникаларын колдонууга өтүшкөн. Негизинен Францияда өнөр жай төңкөрүшү аяктаган. Өнөр жайларда иштеген буу машиналарынын саны 1847-жылы 65 миңге жеткен. Механикалык токуучу машиналар 1834-жылы 5 миңге, 1846-жылы 31 миңге жеткен. Темир кендерин жана таш көмүр казып алуу, чоюн жана темир өндүрүү көбөйгөн. Бирок, өнөр жайдын жогорулашы жумушчулардын ал-абалын

жакшырта алган эмес. Луи Филиптин тушунда финансы жана биржа ээлери артыкчылыкка ээ болгондугуна байланыштуу, өнөр жай буржуазиясы наараз болгон. Жыйынтыгында, өлкөдө республикалык жашыруун коом пайда болуп, ал оокаттуу буржуазияга, интеллигенцияга, шаардык төмөнкүлөргө таянган.

### Экинчи империянын орнотулушу

Убактылуу өкмөт баштаган буржуазиялык кайра түзүүлөр июнь козголоңунун натыйжасында токтотулду. Бийликтегилер радикалдык газеталарды, коомдорду, клубдарды жабууга аргасыз болду. Бирок, шайлоо укугу сакталып калды. Бул 1848-жылы Бүткүл элдик шайлоо өткөрүүгө мүмкүндүк берген. Анда, Наполеондун жээни Луи Бонопарт президент болуп дайындалган. Аны негизинен дыйкандар, жумушчулар, шаардык буржуазиянын бир бөлүгү колдогон. Муну ал ар Наполеондун аты менен байланыштырышкан. «Жаңы президент да Наполеон сыяктуу жөнөкөй, француздарга көңүл бурат» деп ойлошкон. 1851-жылы 2-декабрдын түнүндө Луи Бонапарт Париж гарнизонунун жардамы менен мыйзам чыгаруу жыйынынын алдыңкы депутаттарын камакка алган жана өзүн эл алдында гана жоопкерчиликтүүмүн деп жарыялаган. 21-декабрда жалпы элдик Плебисцит (шайлоо) болуп, анда көпчүлүк добуш менен президенттин иш-аракети колдоого алынган. 1852-жылы 2-декабрда Луи Бонапарт түзгөн «конституцияны коргоо» сенаты аны Наполеон III деген ат менен император деп жарыялады. Франциянын тарыхында 1870-жылга чейин жашаган II империянын мезгили башталды.



Луи Бонапарт

### Франция-Германия согушу

Пруссиянын күч алышы текебер, бирок коркок Наполеон III нүн тынчын алган. Ал Бельгиянын, Люксембургдун, Саарбрюкендин жана Рейндин сол жээгиндеги Германиянын бир катар жерлерин Францияга кошуп алууну көздөгөн. Императордун ою боюнча бул – Пруссиянын мындан ары күч алышына жолтоо болмок. Пруссия буга макул болгон жок. Ошол эле учурда канцлер Бисмарк дагы келечектеги Германияга француз жеринен Эльзас жана Лотарингияны кошуп алууга үмүттөнгөн. 1870-жылы жайында франк-пруссия мамилелери өтө эле курчуп кеткен.

Анткени, испандык тактыга пруссиялык Гогенцоллерлер династиясынын бир бутагынан чыккан принц Леопольд тандалган. Ошентип, пруссиялык династия Францияга чыгыштан гана эмес, батыштан дагы коркунуч туудурган. Француз коомчулугу жана мамлекеттик ишмерлер Пруссияны оздуктоону талап кылышкан. Бул Бисмаркка жаккан, анткени Франция Пруссияга согуш баштаса, ага башка мамлекеттер, баарыдан мурда дайыма Бисмарктын тынчын алып келген Россия жардам бермек эмес. Бирок, согушту каалабаган Пруссиянын королу өз тууганы Леопольддун испандык тактыдан баш тартуусуна жетишти. Согуш коркунучу азайганы менен муну Пруссиянын начарлашы деп эсептеген Наполеон III, чоң жаңылыштык кетирди. Ал Пруссиянын королуна эки кескин талап койду: анда Вильгельм Іге кат түрүндө Леопольд кайрадан испандык тактыга өзүн көргөзбөйт жана Пруссия эч качан Франциянын кызыкчылыгына жана ар-намысына шек келтирбейт, деп сөз берүүсү сунуш кылынган. Бисмарк бул кырдаалдан пайдаланып, Наполеон IIIнүн кыжырына тийүүчү аракеттерди жасаган. Наполеон III өкмөтү 1870-жылы 19-июлда Пруссияга согуш жарыялаган. Биринчи эле согушта Пруссиянын армиясы француз армиясынан теңдешсиз күчтүү экендиги көрүндү. Пруссиялыктар курал-жарактары, согуштук тактикалары жактан алдыда болгон. Француздар болсо, бардык аскердик бөлүктөрдү курал-жарактар менен камсыз кыла алган эмес. Көпчүлүк офицерлерге тапанча сатып алуу үчүн 60 франктан беришкен. Француздарды чек арадан сүрүп чыгарганда, пруссиялыктар алардын аскерлери толук эмес экендигин байкап калышкан. Алардын бир бөлүгү Мец чебине бекинишкен болчу. Башка бөлүгүн 1870-жылы 2-сентябрда Седан шаарынын жанында талкалашкан. Башында император турган 80 миң француз аскерлери жана офицерлери туткунга алынган. Бул кыйроо жөнүндөгү кабар Парижде бүткүл элдин кыжырдануусун пайда кылган.

1870-жылы 4-сентябрда Парижде элдик толкундоолор башталган. Натыйжада, Францияда экинчи империя кулады, өлкөдө республика деп жарыяланды. Бийликке буржуазиялык келди.

**Үчүнчү республика**

1870-жылы сентябрь айында өлкө «Республика» деп жарыялангандыктан, кийин «сентябрь республикасы» деп аталды. Кийинчирээк, аны Үчүнчү республика деп атай башташты. Бул мезгилде өлкөнүн экономикасынын өнүгүү темпи (Биринчи дүйнөлүк согушка чейин) дагы эле жогору бойдон кала берген. Бирок, экинчи империянын мезгилинен төмөнүрөөк болгон. Өнөр жай өндүрүшү боюнча

Франция XX кылымдын башында дүйнөдө IV орунду ээлеген (АКШ, Германия, Англиядан кийин) жана алдыңкы өлкөлөрдү кууп жетүүгө мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Экинчи империянын мезгилине салыштырганда, өлкөдөгү саясий абалдын курчушу төмөндөдү. Буга карама-каршылыгын ачык айкын билдирүү мүмкүнчүлүгүнүн кеңейиши шарт түздү.

Мисалы, өлкөнүн президенти маршал Мак Магондун (1873–1879) саясатында монархияга карай ык алуу пайда болгондо, республикалык кыймыл тез жандана баштаган. 1877-жылы шайлоодо республикачылар таң калаарлык добушка ээ болушкан. Бул Үчүнчү республиканын режимин андан ары либералдаштырууга алып келген. 1880-жылы июлда Париж коммунасынын соттолгон мүчөлөрүнө мунапыс берилген, басма сөз эркиндиги кеңейтилген, легалдуу жумушчу союздарын түзүүгө уруксат берилген (кээ бир чектөөлөрү менен).

**Париж коммунасы. Коммунанын пайда болушу**

Пруссиядан талкаланган учурда Франциянын экономикасы негизинен айыл чарбасынан жана майда жеке менчик ээлеринен турган. Ошол учурда Ла-Манш кысыгынын аркы өйүзүндө күчтүү индустриялуу, элинин жашоо деңгээли жогору болгон Англия турган. Ал эми түндүкчыгыш чек арасында улам күч алып бара жаткан Пруссия орун алган. Булардын бардыгы катардагы миллиондогон француздардын кыжырдануусун, наразылыгын пайда кылган. Бардыгына өкмөттү күнөөлөшкөн. Мына ушундай маанайдан пайдаланган француздук радикалдар Улуттук Гвардиянын отряддарын өз жактарына тарта алышкан. 1871-жылы жазында бул отряддардын саны 300 миңге жеткен. Аларга париждик жумушчулар, кол өнөрчүлөр, студенттер, майда буржуазия кирген. Согуш бүткөндөн кийин курал-жаракчан улуттук гвардия бир катар кыйынчылыктарды жараткан. Бул кыйынчылыктарды 29-январда Франция менен жаңы эле бириккен Германиянын алдын ала жарашып алышы, ого бетер курчуткан. Пруссия чабуул койгондо Бордого көчүп кеткен улуттук чогулуш кайрадан көчүп келди. Бирок, тынчы жок Парижге эмес, Версалга көчүп келген. Согуш бүткөндүгүнө байланыштуу, Улуттук Гвардияга акы төлөө токтотулуп, курал-жарактарын тапшырып, өздөрүнүн жумуштарына кайтуу сунушталган. Буга наразы болгон гвардиячылар андан чечкиндүүлүк менен баш тартышты. Ошол эле мезгилде, башында атактуу тарыхчы, XVIII кылымдын аягындагы Француз революциясы боюнча адис 74 жаштагы



Париж көчөлөрүндөгү кармашуулар

Адольф Тьер турган өкмөт Париж жумушчуларына 2 жуманын ичинде квартира акысын төлөшпөсө, квартирадан көчүрүлөөрүн эскертишти. Эч кандай жооп болбогондуктан, туруктуу армия Парижди көздөй алынып келе баштаган. 1871-жылы 18-мартка караган түнү Версалдан келген Тьердин буйругу менен аскерлер Монмартр дөңсөөсүндө турган замбиректерди алып кетүүгө аракет кылышты. Бирок, таңкы 4кө карай нандын кезегинде турган аялдар көрүп калышып, гвардиячыларды ойготушту. Солдаттардын бир бөлүгү аларга кошулуп, башкалары курал-жарактарын таштashты. Анткени аларды курал-жаракчан эл курчап алган болчу. 18-мартта бүтүндөй шаар, өкмөттүк мекемелери менен кошо көтөрүлүшчүлөрдүн колунда калды. Өкмөт жана туруктуу аскерлер Версалга кайтышты. Гвардиячылар шайлаган Борбордук комитет өлкөдөгү саясий бийликти өз колуна алгандыгын жарыялады. 1871-жылы 26-мартта комитет шаардык өзүн-өзү башкаруу органына – коммуналар кеңешине шайлоону уюштурушкан. Париж коммунасы ушундайча пайда болду.

**Коммунанын иши. Париж коммунасы 1872-ж. март–май айларында**

Маркс, Энгельс жана алардын жолун жолдоочулар айткандай, бул окуялар биринчи пролетардык рево-

люция болгон эмес. Бул, кадимкидей эле майда буржуазиянын (дүкөнчүлөр, үй ээлери, финансисттер жана майда кирешелүү ишкерлер), шаардык «төмөнкүлөр» жана жумушчулар катышкан көтөрүлүшү болгон. Иш жүзүндө бул кыймыл Париж менен гана чектелген. Чындыгында, коммуначылардын чакырыгы боюнча Тулузда, Лиондо, Марселде, дагы 2–3 анча чоң эмес шаарларда ошол сыяктуу органдарды түзүүгө далалат жасалган. Бирок, бул органдар көпкө жашай албаган жана көрүнүктүү роль ойной алган эмес. Коммунанын өзүн да, «пролетариат диктатурасы» деп атоо туура эмес. Коммуна кеңешине 85 адам шайланса, анын 25 гана жумушчулар болгон (болжол менен 29%). Француз өкмөтү коммунадан коюлган талаптарды аткарууну жана курал жарактарын тапшырууну талап кылганда, коммунарлар барымтага алынган бир нече жүз оокаттуу париждиктерди атып салышкан. Мына ушундан кийин Тьер аскерлерге Парижге кирүүгө буйрук берген. Коммунарлар буга да барымтадагыларды атуу менен жооп беришкен.

**Коммунанын жеңилиши**

Ошентсе да Тьер өз борборуна чабуул коюуга батынган жок. Солдаттар да өз мекендештери менен согушуудан жалтайлашкан. Аскерлер эч атышуусуз эле, көтөрүлүшчүлөрдү баррикададан сүрүп чыгышып, Парижге жакындашты. Балким, бардык иш тынчтык менен эле бүтмөк, бирок коммуна кеңешиндеги радикалдар жана 1864-жылы Европа коммунисттери түзгөн «жумушчулардын эл аралык шериктештигинин лидерлери» көтөрүлүшчүлөрдөн чечкиндүү аракеттерди талап кылышкан. Маркс өз байланышчылары аркылуу, тезирээк жарандык согушту баштоону талап кылган. Ага чейин коммунарлардын каардуу иш-аракетине наразы болгон көптөгөн француздар гвардиянын катарынан чыгып калышкан. Коммунарлар барымтадагыларды дагы атышкандан кийин, Тьер 20-майда Парижге сокку урууга буйрук берген. Коммунарлардын жаңы террордук иштерине жинденишкен солдаттар, алардын таяныч пунктун 28-майда ээлеп алышкан. Чегинишкен коммунарлар солдаттардын жүрүшүнө тоскоолдук кылыш үчүн, тынч жаткан элдин үйлөрүн өрттөшкөн. Ага жооп кылып, туруктуу армиянын солдаттары куралдуу көтөрүлүштү каардуулук менен басышты.


**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Экинчи империянын мезгили качан, кандайча башталган?
2. Франко-Пруссия согушунун себептери жана натыйжалары.
3. Францияда Үчүнчү республика качан жарыяланган?

4. Коммунанын пайда болушу жана анын иши жөнүндө эссе жазгыла.
5. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 17. ИТАЛИЯНЫН УЛУТТУК БИРИГҮҮСҮ

**Аймак:** Европа
**Мезгил:** XIX к. экинчи жарымы
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1858 – француз жана пьемонттук аскерлердин Австрияга каршы күрөшү
1860 – Сицилиядагы көтөрүлүш
1861 – Италия королдугунун түзүлүшү
1866 – Венециянын Италияга өтүшү
1870 – Италиянын бирдиктүү мамлекетке айланышы

**Билим:** Италиянын улуттук биригүүсү

**Түшүнүктөр:**

- улуттук биригүү
- рисорджименто
- капитализм

### Италиянын улуттук биригүүсү. Улуттук боштондук кыймылындагы эки агым

XIX к. 50-жж. аягында Италияда улуттук биригүү үчүн күрөш кайрадан күчөгөн жана анда революциялык: демократиялык жана мээлүүн (олку-солку) агымдар аракет кылган. Революциячыл демократтар кол өнөрчүлөргө дыйкандарга, жумушчуларга жана майда буржуазиячыл интеллигенцияга таянган. Алар Италияны элдик революция жолу менен бирдиктүү демократиялык республикага бириктирүүнү жакташкан. Бул агымдын көрүнүктүү ишмери эмиграцияда жүргөн Дж. Гарибальди болгон.

Мээлүүн агымга либерал помещиктер менен буржуазия жетекчилик кылган. Алар өлкөнү конституциялык монархияга бириктирүүнү каалашкан жана улуттук бириктирүү үчүн күрөшкө Сардиния королдугу жетекчилик кылат деп ишенишкен. Экономикалык жактан Италиянын алдыңкы бөлүгү болгон Пьемонтко таянган Сардиния королдугу өзүнүн экономикалык жана саясий абалын, ошо менен бирге эле армияны күчөткөн. Ал Италиядагы конституциясы бар жалгыз мамлекет болгон. Мээлүүндөр

агымынын жетекчиси К.Кавур Ломбардия менен Венеция областтарын Австриядан бошотуп, аларды Пьемонтко кошууну Италияны бириктирүүдөгү алгачкы кадам деп белгилеген. Бирок Сардиния королдугунун армиясы начар болгондуктан жеңе алмак эмес. Ал эми эл массасын боштондук үчүн күрөшкө көтөрүүдөн корккон, ошондуктан Кавур союздашты тыштан издеп, Франциянын императору Наполеон III менен байланышкан. Ал 1858-ж. июнь айында француз курорту Пломбьерде Наполеон III менен жашыруун келишим түзгөн. Анда Кавур Вена конгрессинин чечими боюнча Франциядан алынган Савойа жана Нецца провинцияларын кайтарып берүүгө убада берген. Ал үчүн Наполеон III Пьемонт королу Виктор Эммануил II менен келишим түзүүгө жана Ломбардиядан, Венециядан австриялыктарды кууп чыгууга макул болгон. Бирок Кавур бул кырдаалда таң калаарлык көрөгөчтүгүн көрсөткөн. Ал француз жана пьемонт армиясынын начардыгы, король чыккынчылыгы үчүн сотко берилип жаткандыгы жөнүндө жалган кабар тараткан. Австриялыктар бул кайырмакка илинүү менен 1859-жылы апрелде Пьемонтко согуш ачышкан. Француз жана Италия (пьемонт) армиясы аларга бир катар олуттуу соккуларды беришип Ломбардияны басып алышкан. 24-июнда Соль-Феринонун жанындагы салгылашууда Австриянын аскерлерин талкалашкан. Жеңиш жакындап калгандай сезилген, бирок күтүлбөгөн окуя болгон: 8-июлда Наполеон III пьемонттук союздаштарына маалымдабай туруп, Австралиялыктар менен келишим түзгөн. Анткени Француз императору италиялыктарды жактырган эмес, өзгөчө 1858-жылы радикал-италиялык Ф. Орсини аны Парижде өлтүрүүгө аракет кылгандан кийин жек көрүүсү күчөгөн. Ошону менен бирге ал Пруссия Австрияга жардам берет деп корккон. Венеция республикасы башкаларга караганда көпкө чейин сакталган, бирок августтун аягында аны австриялык аскерлер ээлеп алышкан. Ошентип Рисорджиментонун кезектеги этабы аяктаган. Улуттук боштондук кыймылы жеңилүүгө учураган, бирок анын жүрүшүндө көпчүлүк италиялыктардын улуттук биригүүгө умтулгандыгы аныкталган.


Камилло Кавур

**Рисорджиментонун акыркы этабы (кайра жаралуу)**

1840-жылдын аягында, Италиядагы боштондукка чыгуу революция жылдарында Рисорджиментонун лидерлеринин бири, Рисорджименто либералдык-патриоттук га-



1860-ж. Гарибальди менен король Эммануилдин кездешүүсү

зетасынын редактору граф Камилло Кавур (1820–1861) болгон. Кавур буржуазиялык реформалар боюнча долбоорун жана радикализмди кескин сындагандыгы менен белгилүү болгон. Бир аз мезгил ал чет өлкөдө жашаган жана 1848-жылы Француз революциясынын алдында жергиликтүү журналга «Коммунисттик идеялар жана алар менен күрөшүүнүн жолдору» аттуу макаласын жазган. 1852-жылы Кавур Пьемонттун премьер министри болуп шайланган. Бул орунда ал бир катар буржуазиялык реформаларды жүргүзгөн жана Пьемонттун башчылыгы менен Италияны бириктирүү идеясын активдүү түрдө пропагандалаган. Франция жана Австриянын келишиминен кийин Венециянын Австриянын карамагында калгандыгы, (Ломбардия Пьемонтко караган) ал эми герцогдукка эл тарабынан куугунтукталган башкаруучулардын келе тургандыгы белгилүү болгондон кийин бүткүл Италия көтөрүлгөн. Тоскана, Моден жана Пармдагы улуттук жыйналыштар Пьемонт менен биригүү чечимин кабыл алышкан. Гарибальди ыктыярдуулар менен Ломбардиядагы согуштарга катышкандыктан, Кавурга, Римге бирге жүрүш жасоону сунуш кылган. Бирок, Пьемонт королу ага тыюу салган. 1860-жылы апрелде Сицилиядагы көтөрүлүш неополитан аскерлери менен басылганда, Гарибальди жана анын ыктыярдуулары 2 кеме менен сицилиялыктарга жардамга барышкан. Бул отрядда бир минден ашык жоокер болсо да, Гарибальдинин «Миң колу» деп аталган. Ал ар Сицилиядагы неополитан аскерлерин тез арада талкалап, августтун ортосунда Италиянын түштүгүнө




Италия бириктирүү мезгилинде (1859–1870)

өтүшкөн. 7-сентябрда Гарибальдинин аскерлери Неаполго кирген. Королдун жоокерлери өз борборун сактап калууга аракет кылышкан, бирок 1-октябрда Гарибальди аларды Вольтурно дарыясынын жээгинде талкалаган. Эми патриоттор үчүн Римге түз жол ачылган. Радикалдар Гарибальдини борборго барууга чакырышкан. Түндүктөн аны карай Пьемонт армиясы тосуп чыккан. Король Виктор Эммануил II менен Кавур бардык жеңиш Гарибальдиге ыйгарылышын каалашкан эмес. Башында Мадзини турган радикалдардын Италияны республика деп жарыялоону талап кылганына карабай, Гарибальди бардык бийликти Пьемонт королуна өткөрүп берет. 1861-жылы февраль айында

Туринде биринчи жалпы италиялык парламент ачылган, ал эми 17-мартта Виктор Эммануил бириккен Италиянын королу болуп дайындалган. Чындыгында, өлкө толук бириктирилген эмес эле. Австриялыктар ээлеп алган Венеция областы, Рим борбору болгон Папа областы да өзүнчө калган. 1866-жылы австрия-пруссия согушунун жыйынтыгында Венеция Италияга кайтарылган. Ал эми төрт жылдан кийин кезек Римге жеткен. Мына ошентип 1870-жылы 20-сентябрда Италиянын биригиши аяктаган. 1850-жылдын аягында, Рисорджиментонун акыркы этабындагы ийгилиги «төмөнкү» жана «жогоркулардын» согушунан эмес, алардын улуттук-боштондук үчүн биригишинин натыйжасында келип чыккан. Рисорджименто өзүнүн маңызы боюнча буржуазиялык кыймылга кирген, анын ийгилиги Италиянын биригишине гана эмес, өлкөдөгү капиталисттик өнүгүүнүн арымынын тездешине алып келген. Италия Европа мамлекеттеринин арасындагы азыркы татыктуу орунга жөн эле ээ болгон эмес, XIX к. экинчи жарымында, улуттук биригүүдөн кийин гана өнүгүүгө жол ачылган.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Италиядагы негизги эки саясий агым жана анын бириктирүүдөгү максаттары?
2. Камилло Кавур жөнүндө эмне билесиңер?
3. Гарибальдинин Сицилияга жардамга келиши.
4. Италиянын биригиши качан аяктаган?
5. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 18. ГЕРМАНИЯНЫН БИРИГИШИ

**Аймак:** Европа
**Мезгил:** XIX к. экинчи жарымы
**Теманын хронологиясы**




**Негизги даталар**

1862 – Отто Бисмарктын Пруссиянын канцлеры болушу
1864 – Шлезвигдин Пруссияга өтүшү
1866, июнь – Пруссия Австрияга каршы согуш ачкан август
1866, август – Түндүк Германия союзунун түзүлүшү
1871, январь – Германия империясы түзүлгөн

**Билим:** Германиянын биригиши
**Түшүнүктөр:**

- канцлер
- империя

**Биригүүнүн өбөлгөлөрү**

Вена конгрессинин чечимине ылайык Германиядагы биригүү «жогортон» башталган. Курамына 35 монархия жана 4 эркин шаар кирген Германия союзунун түзүлгөндүгү баарынарга белгилүү. Келечектеги Германияны башкарууну көздөп теңтайлашкан эки мамлекет – Австрия жана Пруссия жаңы союзга толугу менен кирген жок, чыгыштагы жерлер алардын чегинен сырткары калды. Меттерних Германия союзуна Австриянын үстөмдүк кылуусуна жетишкен: анын өкүлү союздук сеймдин (парламенттин) төрагасы болгон, ал эми сеймдеги добуштар дайыма Австрия көпчүлүк добушка ээ болгондой бөлүштүрүлчү. 1834-жылы Пруссиянын демилгеси менен өзүнө 18 герман мамлекетин бириктирген Бажы союзу түзүлгөн. Ага карабастан, Наполеон согуштарынын дооруна караганда, Германия союзунун сандык курамы кескин айырмаланган, 360 мамлекеттин ордуна 39 гана мамлекет калган.

1840-жылдын акырында герман мамлекеттеринин капиталисттик экономикасы бир кыйла бекемделген. 1847–1848-жж. алар экономикалык кризистен ийгиликтүү чыгышкан. Ошол эле мезгилде 1840-жж. аягындагы Европадагы революциянын толкундары да реформанын зарылдыгын көргөзгөн.

1848–1849-жылдары Германиянын ар кайсы жерлериндеги революция немецтердеги патриоттуулуктун, улуттук биригүүгө болгон умтулуунун күчөшүнө шарт түздү. 1848-жылы апрелде Германиянын ар тарабынан келген коомдук ишмерлердин жыйынында, жалпы Германиялык конституцияны иштеп чыгуу жана бирдиктүү өкмөттү шайлоо үчүн Франкфуртта уюштуруу чогулушун чакыруу жөнүндө чечим кабыл алынган. Франкфурт парламенти 18-майда шаардык чиркөөлөрдүн биринде чогулган, анын 560 делегаттарынын ичинде: университеттин профессорлору, адвокаттар, помещиктер, врачтар, буржуазиянын өкүлдөрү, ал түгүл бир дыйкан да болгон. Австрия үстөмдүк кылган бийлик шайланган да, ал эми али түзүлө элек Германиянын империялык наместниги болуп, либералдык буржуазиянын өкүлү, австриялык эрцгерцог Иоганн шайланган.

**Германияны бириктирүүнүн башталышы**

Италиядагы сыяктуу эле, Германиянын биригиши да «жогортон» башталган. Бирок, Италиянын башында Пьемонт королу турган италиялык «жогоркулардын» аракети жетишсиз келип, алар төмөнкүлөрдүн жардамы менен ийгиликке жетишсе, Германиядагы «жогоркулардын» аракети тез жана ишенимдүү болгон. 1850-жылдардын башында Пруссиянын же-

текчилиги астындагы Бажы союзу да бир кыйла бекемделген. Ага Ганновер да кошулган. Бажы союзу менен келишими бар, бирок ага формалдуу үстөмдүгүнө коркунуч түзүлгөндүгүн байкаган Австриянын Пруссия менен мамилесиндеги карама-каршылык ого бетер күч ала баштаган. 1850-жылы ноябрда Пруссия, Гессен герцогдугундагы саясий кризистен пайдаланып, аны басып алууга аракеттенген. Гессен чек арасына Пруссиянын аскерлери басып кирген. Бирок, Германия союзундагы сеймдин колдоосуна таянган (көпчүлүк добушка ээ болгондугу белгилүү) Австрия да өз аскерлерин Гессенге жөнөткөн. Ошол эле мезгилде, австриялыктар Николай I колдоосун суранышкан. Ал Пруссиялыктарды Россиянын да кийлигише тургандыгы менен коркуткан. Акырында Пруссия өз аскерлерин алып чыгып, австриялыктардан кечирим суроого аргасыз болушкан.



Отто фон Бисмарк

Пруссия бул басынууну көпкө чейин унута алган эмес. Алар Россиянын каршылыгын да эсинен чыгарган эмес. Бирок, ири чыгыштагы держава менен чатакташууга Пруссиянын күчү келген эмес, ошондуктан таптакыр карама-каршы саясатты – Россия менен чырдашпоо, аны менен мүмкүн болушунча жакшы мамиле түзүүгө аракеттенген. Бул саясат күчтүү немец дипломаты жана саясатчысы Отто Бисмарктын (1815–1898) ысымы менен тыгыз байланышкан эле. Бранденбург дворянынын урпагы Бисмарк юридикалык билим алган, башында согуштук мансапка жетип атак алган, бирок, акырында көп жылдар бою Пруссиянын, кийинчерээк Германиянын саясатын аныктаган адам болуп чыккан. 1859–1862-жылдары Бисмарк Пруссиянын Россиядагы элчиси болот да, Александр II менен достошот, ал түгүл Александр II аны Россияга кызмат өтөөгө чакырат. 1863–1864-жылдары Польша көтөрүлүшүнүн убагында Бисмарк (ал кезде Пруссиянын биринчи министри болгон) падышага көтөрүлүштү басууга жардамын сунуш кылгандан кийин, алардын достугу ого бетер чыңдалган. 1863-жылы апрелде Россиянын Польшадагы иш-аракетине Франция жана Англия каршылыгын билдиргенден кийин, Россия үчүн мындай колдоо эң маанилүү болгон. Австрия да ушундай каршылык билдиргендиктен, Бисмарк Россия эми Австрияны колдобой тургандыгын түшүнгөн. Бисмарк ыңгай келгенде мындай учурдан пайдаланууну чечет. 1863-жылы Даниянын королу каза болот. Пруссия анын мураскеринин германиялык Шлезвиг жана Гольштейн герцогдугун



Германиянын биригиши (1864–1871)

башкаруусун жокко чыгарууга аракет кылат. Австрия да өзүнүн сын пикири менен чыгат. Натыйжада 1864-жылы январь–май айларында 60 миң аскерден турган Австрия-Пруссия армиясы (бул бириккен армия Бисмарктын демилгеси менен түзүлгөн) Шлезвиг жана Гольштейн герцогдугун жана Даниянын аймагынын бир бөлүгүн да басып алган. Шлезвигди Пруссия, Гольштейнди Австрия ээлеп алган. Бирок Бисмарк бир катар ыраатту дипломатиялык кадамдар аркылуу Россиянын ж. б. ири мамлекеттердин бейтараптыгына же алардын Пруссияны колдоосуна жетишкен. 1866-жылы 8-июнда Пруссия Гольштейнди каратып алган, ага жооп катары Австрия Пруссияга согуш ачкан. 16-июнда пруссиялык армия коргонуу ирээтинде Австрияга басып кирген. Бир нече күндүн ичинде австриялыктардын каршылыгынын мизи кайтарылып, 3-июлда Садова шаарынын (Чехия) жанында алардын армиясы толугу менен талкаланган.


Пруссиянын королу Вильгельм I, андан ары Венага чейин басып алууга аракет кылган, бирок Бисмарк аны бул идеядан баш тартууга көндүргөн. 26-июлда Пруссиянын шартына ылайык өз ара макулдашуу түзүлгөн. Кырдаалдан пайдаланып, Пруссия Ганноверди жана бир нече майда герман мамлекеттерин өзүнө кошуп алган. Австрия Кустоцтун жанында италиялык армияны, андан кийин Лиссага жакын жерде италиялык флотту талкалаган. Бирок, бул жеңиштер австриялыктарга моралдык канааттанууну гана алып келген, себеби Венеция баары бир италиялыктардын колунда калган. Бул чагылгандай тез согуштун натыйжасында Пруссия Австрияны экинчи планга сүрүп чыгуу менен Германияны бириктирүү үчүн болгон күрөштө башкы лидер болуп калган. 1866-жылы август айында башында Пруссия королу турган 22 мамлекет биригип, Түндүк Германия союзун түзүшкөн. 1871-жылы 18-январда Париждин алдында Версаль сарайында Германия империясы жарыяланган. Вильгельм I Кайзер (император) болуп шайланган. Германиянын «жогортон» биригүүсү ушундайча аяктаган. Европанын борборунда капиталисттик жол менен өнүгө баштаган жаңы, күчтүү мамлекет түзүлгөн. Бириккен Италиядан айырмаланып, Германия империясы Европадагы саясий жана экономикалык уюткуга айланган.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Германиянын биригиши үчүн өбөлгөлөр.
2. Отто Бисмарк жөнүндө эмне билесиңер?
3. Түндүк Германия союзу качан түзүлгөн? Германиянын биригүүсү качан аяктаган?
4. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## §19–20. АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ

**Аймак:** Түндүк Америка
**Мезгил:** XIX к.
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1823 – «Монро доктринасы»
1828 – демократиялык партиянын түзүлүшү
1846–48 –Америка-Мексика согушу
1854 – республикалык партиянын түзүлүшү
1859 – Джон Браундун көтөрүлүшү
1860 – Авраам Линкольн президенттикке шайланган
1861–65 – жарандык согуш
1863 – кулчулукту жоюу мыйзамы
1877 – түштүктү реконструкциялоонун аякташы

**Билим:** АКШда кулчулукту жоюу жана экономикалык өнүгүү мезгили

**Түшүнүктөр:**

- фермерлер
- аболиционисттер
- кулдар
- конфедерация

### XIX кылымдын биринчи жарымындагы АКШнын экономикалык өнүгүшү

АКШ улуттук көз карандысыздыка ээ болгондон кийин буржуазиялык жол менен өнүгүүсү тездеген. Бул иммиграциянын өсүшү аркасында өлкөнүн калкынын көбөйүшү менен камсыз болгон. Иммиграннттардын көпчүлүгү фабрикаларга жумушчу болуп киришкен. 1815-жылы АКШнын текстилдик фабрикаларында жалпысынан 130 миң чарык болсо, 1860-жылдары алардын саны 5 236 миңге чейин көбөйгөн. XIX кылымдын биринчи жарымында АКШнын аймагынын кеңейиши жол транспортун жана байланыш түйүндөрүн курууну талап кылган. 1810-жылдан баштап, өлкөдө суу кемеси тез өнүгө баштады. 1807-жылы эле ирландиялык инженер Роберт Фултон (1765–1815-жж.) АКШга келип Клермонт кемесин курган. 1883-жылдан баштап АКШ – Европа каттамдары туруктуу иштей баштаган. 1830-жылы АКШда узундугу 64 *км* жеткен Чарлстон-Огаста темир жол линиясы ачылган, ал эми 1840-жылдан тартып темир жол курулушу бүткүл өлкө боюнча кулач жайган. Бул ички рыноктун чыңдалышына жана келгиндердин батышка карай улам илгерилеп отурукташуусу үчүн шарт түзгөн.

Айыл чарбасы да тез өнүгө баштады. Негизги жумуштарды жеке чарба фермерлер, фермер ижарачылар жана жалчы жумуш-

чулар аткарышкан. 1880-жылы АКШда 2,4 миллион фермерлер каттоодон өткөн. Айыл чарбасында баардыгы 800 миң жалчы жумушчулар болгон. Европадан алып келинген ар түрдүү машиналар, шаймандар колдонулган. Бирок акырындап алар АКШнын өзүндө да даярдала баштаган. 1830-жылдардын башында фермерлер О. Хасси жана С. Макормик эгин чапкыч машина ойлоп табышып, 1848-жылдан баштап Макормик аны Чикагодогу менчик заводунда массалык түрдө чыгара баштаган. Жаш мугалим Э. Уитни 1793-жылы пахта тазалоочу машинаны ойлоп тапкан. Ал улам өркүндөтүлүп, 1820-жылы бир күндө 1000 фунт кадак пахта тазалоого жетишкен. Уитнинин машинасынын өркүндөтүлүшү жана негр кулдардын арзан эмгегин колдонуу пахтаны өндүрүүнү көбөйткөн.

### АКШнын аймагынын кеңейтилиши

1803-жылы АКШ Франциядан 15 миллион долларга Луизиананы сатып алгандан баштап, улам жаңы жерлерди ээлеп, батышты көздөй жыла баштаган. 1810-жылдары АКШга испандык Флорида бириктирилген (1810–1813-жж. батышы, 1818-жылы чыгышы). 1823-жылы декабрда АКШнын президенти Джеймс Монро дүйнөнү Америкалык жана Европалык системага шарттуу түрдө бөлүштүрүү жөнүндөгү доктринасын жарыялады. Монронун доктринасы (ал ошентип аталган) Европадагы ыйык союздун түзүлүшүнө жана АКШ үчүн белгилүү бир коркунучтарды алып келген бирдиктүү күчтөргө жооп иретинде пайда болгон. Бул коркунуч Латын Америкасынын элдеринин испандыктарга каршы күрөшүнө байланыштуу өскөн. АКШ Латын Америкалыктарга жардам бербей бейтараптыкты сактоого милдеттенме алган. Бирок Европалык державалардын Испанияны колдоп, кийлигишүүсүнө да жол бергиси келген эмес. 1820-жылы америкалыктар Мексиканын провинциясы болгон Техаска көчүп келе башташкан. Мексика 1821-жылы сентябрда көз карандысыздыкка ээ болгондуктан мындай көчүп келүүлөр ар түрдүү келишимдер менен коштолуп турган. 1830-жылы башында көчүп келгендердин саны аябай көбөйгөн, алар өз алдынчалыкты талап кылышкан. 1834-жылы генерал Антонио Лопес де Санта Мексикада диктатураны орноткон. Ошондон кийинки эле жылы техастыктар көтөрүлүшкө чыгышып жеңилип калышкан, бирок техастыктар Сем Хьюстондун жетекчилиги менен мексикалык армияны талкалап, Лопес де Сантаны туткунга алышкан. Техастыктар он жыл бою көз карандысыз республика катары жашап, 1845-жылы 28-штат катары АКШга кошулган. 1846–1848-жж.

Америка-Мексика согушунун натыйжасында Мексиканын территориясынын 55% АКШга өткөн.

**Түндүк жана Түштүк штаттары жана алардын абалы**

Түндүктө XIX кылымдын башында эле кулчулук жоюлуп, 1850-жылга карата 31 штаттан турган союзда 23 млн. адам жашаган. XVIII кылымдын аягындагы Американын көз карандысыздыгы үчүн Англияга каршы күрөштө биринчи буржуазиялык революциянын жеңип чыгышы АКШда капитализмдин өнүгүшүнө шарт түзгөн. Экономиканын тез өнүгүшүнө жаратылыш шарттары да: ыңгайлуу климаты, түшүмдүү жерлери, токойлору, кен байлыктарынын арбындыгы көмөк берген. Түндүк штаттарда буржуазиялык тартиптер тездик менен орноп, айыл чарбасында фермердик чарба өсүп, капиталисттик өнөр жай өнүккөн.

Түштүк штаттарда болсо, 9 млн. адам жашап, алардын 4 млн. негр кулдар болгон. 20 эле кулу бар фермер да плантатор деп эсептелинген, өлкөнүн капиталисттик жол менен өнүгүшүнө кул элөөчүлүк түзүлүш тоскоолдук кылган. Түштүктө плантациялык чарба үстөмдүк кылып, пахта, кант камышы, тамеки, күрүч өстүрүлгөн. 1850-жылга карата Американын Түштүгүндө дүйнө жүзүндөгү пахтанын 80% өстүрүлгөн. Ошол эле жылдары эгин 35 млн. дон 1860-жылы 60 млн. го көбөйгөн. Кул ээлөөчүлүк Түндүк менен Түштүктүн ортосундагы региондук жана экономикалык айырмачылыктарды курчуткан. Түштүктүктөр өз региондорунун артта калышын Түндүктүн өсүп-өнүгүшү менен байланыштырышкан. Ал эми Түндүктүктөр бул региондун артта калыш себебин кул ээлөөчүлөрдөн көрүшкөн.

Түштүктүн саясий жетекчилери жана жумушчу табы менен кызматчыларынын көпчүлүгү кул ээлөөчүлүктү колдогондуктарын жашырган эмес. Кулдарды ырайымсыздык менен эзишкен. Адам сатуу менен үй-бүлөлөрдү ажыратуу көнүмүш адатка айланган.

**Аболиционисттер**

Кулчулукту жоюуну көздөгөн эң алгачкы кыймылдардын аркасында 1808-жылы конгресс кул соодасына тыюу салган. XIX кылымдын 30-жылдарында пайда болгон аболиционисттик кыймыл кулчулукту жоюу үчүн кажыбас кайраттуулук менен күрөшкөн. Массачусетстик жаш жигит Уильям Ллойт Гаррисон 1831-жылы 1-январда өзүнүн «Бошотуучу» деген газетасын чыгарып, анда «Мен кулдарга тезинен шайлоого катышуу укугун берүү үчүн жигердүү күрөшөм» деп жазган, анда көздөгөн башка максатта-

ры жөнүндө айтылган. Гаррисондун мындай иштери Түндүктөрдүн кул ээлөөчүлүктү жек көрүү сезимдерин ойготкон жана бул газета түштүктө да таркатылган. Гаррисонго качып келген дагы бир кул Фредерик Дуглас кошулган. Ал Массачусетстеги кул ээлөөчүлүккө каршы жыйында эл алдында сүйлөгөн жана аболиционисттик «Түндүк Жылдызы» газетасын басып чыгарган. «Жашыруун жол» деген уюм XIX кылымдын 30-жылдарында Түндүктөгү штаттардын бардык бөлүктөрүндө иштеген. Алар бир гана Огайодо 1830-жылдан тартып 1860-жылга чейин 40 миңден кем эмес кулдардын эркиндикке чыккандыгын эсептеп чыгышкан. 1833-жылдын аягында Америкада кул ээлөөчүлүккө каршы коом түзүлгөн. Алардын максаты кулчулукту толук жоюу болгон. Аболиционисттердин мындай иштерине кыжыры келген плантаторлор газеталарды куугунтуктап, кыйратышкан. Кулчулукка каршы чыккандарды өлтүрүшкөн. 1835-жылы адамдардын жоон тобу түштүк Каролинадагы Чарлстондо аболиционисттердин басмаканасын жана почта бөлүмүн талкалап салышкан. Аболиционисттер «Жер астындагы темир жол» деп аталган жолду түзүшкөн. Булар качкан кулдарга баш калкалай турган жай беришкен жана аларды бир станциядан экинчисине чейин жеткирип, андан ары Канадага жөнөтүшкөн. Өзүнүн эр жүрөктүгү менен негр аял Гарриед Табмен түштүктөн 300 дөн ашык кулду түндүккө жеткирген. Кул ээлөөчүлөр аны кармай албагандыктан, ал үчүн 40 миң доллар сыйлык жарыялашкан.

### Канзастагы куралдуу күрөш

1820-жылдары Миссурилик келишим боюнча кул ээлөөчүлүктүн түндүктү көздөй таркатылышына жол берилбестиги айтылган. Бирок Миссуриде артыкчылыкка ээ болушкан кул ээлөөчүлөр Канзаска эркин аймак статусун берүүгө каршы чыгышкан. Анткени алардын штаты кулчулуктан эркин болгон үч штат (Иллинойс, Айова, Канзас) менен чектеш жайгашкандыктан бул штаттагылар да эркиндикти талап кылышат деп коркушкан. Ошондуктан кул ээлөөчүлөр Канзаста кулчулукту киргизе баштакан. Буга жооп кылып аболиционисттер (фермерлер, жумушчулар, кол өнөрчүлөр, интеллигенция) кулчулуктун жайылышына жол бербөө үчүн Канзаска карай бет алышкан. Бирок жаңы штаттын түзүлүшүн жактаган кул ээлөөчүлөр 1855-жылы мартта Канзастын мыйзам чыгаруу жыйынында шайлоодо жеңип чыгышты. Натыйжада бул штатта жарандык согуш башталды. Куралдуу кагылышуулардын жүрүшүндө абол-

ционисттер кул ээлөөчүлөрдү Канзастан сүрүп чыгарышкан. Бирок ал 1861-жылы январда гана АКШнын курамына кул ээлөөчүлүк эмес штат катары кабыл алынган. Кулчулук маселеси боюнча күрөш жана Канзастагы кагылышуу күч алып турган абалда 1854-жылы февралда республикалык партиясы түзүлүп, I жыйыны жайында болуп өткөн. Анда кулчулукка каршылык көргөзүү анын батышка таркашына жол бербөө сыяктуу аболционисттикке жакындашкан программа менен чыгышкан. Бул партияга буржуазия, фермерлер, жумушчулар тартылышкан. Республикачылар батышта бардык каалоочуларга жер берүү, жергиликтүү өнөр жайдын кызыкчылыгын коргоо үчүн АКШга чет өлкөлүк товарларды алып келүүдө жогорку бажы алымын киргизүү талабын коюшкан. 1856-жылы бул партия президенттикке талапкерликке батышка жасаган саякаттары менен белгилүү болгон Джон Фримондду көрсөтүшкөн, бирок президенттик шайлоодо алар чечкиндүүлүк көрсөтө алышкан эмес. Анын программасында жерди бекер таратуу, кулчулукту жоюу жөнүндө талаптар жок болчу. Фримонд шайлоодо жеңилип калган. Бирок жаңы республикачылар партиясы түндүктө кеңири тараган. Президенттикке саясатчы жана дипломат демократиялык партиянын (1828-ж. түзүлгөн) өкүлү Дж. Бьюкенен шайланган. Демократтар кулчулук жөнүндө маселеге кийлигишпейбиз деп чыгышканы менен иш жүзүндө кул ээлөөчүлөрдү колдошкон.

**Джон Браундун көтөрүлүшү**

1859-жылы 16-октябрда Джон Браун жетектеген 22 куралдуу аболиционисттер Виргинияда кулдардын көтөрүлүшүн чыгарууга аракеттенишкен. Джон Браун – ак фермер Канзастагы жарандык согуштун катышуучусу болгон. Ал кулчулукту жактаган Канзастагы 5 адамды өлтүрүп, адамдарды барымтага алган жана Харпер талаасындагы федералдык курал-жарак кампасын басып алган. Көптөгөн түндүктүктөр анын ишин мыйзамды, тартип бузуу катары карашып, аны колдошкон эмес. Эки күндүк кармашуудан кийин Браун жана анын аман калган жолдоштору полковник Роберт Ли жетектеген моряктар тарабынан түрмөгө камалышкан. Алардан Бүткүл Түштүктө көтөрүлүш чыгаруу жөнүндө документтер табылган. Джон Браун жана ал тараптагылар 1859-жылы 7-декабрда дарга асылган.


Джон Браун

**АКШ дагы Жарандык согуш. Аврахам Линкольндун президент болуп шайланышы**

1860-жылы ноябрда президенттик шайлоодо республикалык партиянын өкүлү Аврахам Линкольн жеңип чыккан. Ал кедей фермер карагайчынын баласы болгон. Кентукки штатынан чыккан. Жаш кезинен эле атасына көп жардамдашкан, мыкты карагайчы жана сал агызуучу болгон. Ал өз алдынча тынбай окуу менен 1836-жылы экзамен тапшырып, адвокаттык ишке аралаша баштаган. 1834–1841-жылдары аны Иллинойс штатынын мыйзам чыгаруу жыйынына, ал эми 1847–1849-жылдары Конгресстин өкүлдөр палатасына мүчө кылып шайлашкан. Президенттикке Линкольндун шайланышынан улам Түштүк Каролина 1860-жылы 21-декабрда АКШнын курамынан чыгып кеткен. 1861-жылы 1-февралга карата дагы 5 штат: Миссисипи, Флорида, Алабама, Джорджиа, Луизиана бөлүнүп кеткен. 1861-жылы 4-февралда бөлүнүп чыккан жети штат кул ээлөөчүлүк мамлекеттердин конфедерациясын түзүшкөндүгүн жарыялашкан. Борбору Ричмонд (Виргиния) болуп калды. 1-февралда конфедерациянын убактылуу конституциясын бекитишкен. Конфедерациянын президенти болуп эң ири плантатор Джефферсон Денис дайындалды. 1861-жылы 4-мартта Аврахам Линкольн АКШнын президентинин антын берген. Ал өзүнүн инагуарациялык сөзүндө «бөлүнүү бул укуктук жактан мыйзамсыз көрүнүш» деп баа берген. Ал өз сөзүн союзга кайрадан биригүүгө чакыруу менен аяктаган.



Аврахам Линкольн

**Жарандык согуш**

Конфедерация жоокерлери 1861-жылы 12-апрелде Форт Сантеридеги федералдык аскерлерге ок атышкан. Жарандык согуш башталган. 1861-жылы 15-апрелде Линкольн армияга 75 миң ыктыярдуулар керек деп жарыялаган. Бирок жыйын пункттарына 300 миң адам келген. Ал эми конфедерацияда 6-мартта эле 100 миң ыктыярдууларды чогулта алган. Ар бир тарап тез эле жеңишке жетишүү үчүн согушка киришти. Киреше булагы (ресурс) боюнча Түндүк чоң артыкчылыкка ээ болгон. Түндүктүн 22 млн. эли бар 23 штатынын индустриялдык артыкчылыгы, анын армиясын курал-жарак, кийим-кече ж.б. менен камсыз кылып турган. Ошондой эле Түндүктүн темир жолдор түйүндөрүнүн артыкчылыгы чексиз




Жарандык согуштун маанилүү аракеттери

эле. Америкалык 1108 офицер менен генералдардын 795 түндүктө калган. Алардын 313 гана түштүк тарапта салгылашкан, 9 млн. (4 млн. негрлер) эли бар Түштүк да бир топ артыкчылыктарга ээ болгон. Алардын эң маанилүүсү географиялык шарты болгон. Түштүк өз жеринде салгылашкан. Ошондой эле алар согушчан эл болуп тажрыйбалуу согуш жетекчилери менен даңкталган. Ошондой болсо да согуш түндүктүктөр үчүн ийгиликсиз башталган. 1861-жылы 21-июлда Вашингтонго жакын Булл Ран суусунун жанында түштүктүктөр аларды талкалашкан. Линкольн баш-

кы командачыны алмаштырып, анын ордуна Джордж Макклелланды дайындады. Ал жакшы үйрөтүлгөн армияны түзгөн. Бирок чечкинсиз болгон. Түндүктүктөрдүн генералдары Улисс Грант жана Уильям Шерман батышта ийгиликтүү аракеттенишкен. 1862-жылы апрелдин аягында флот башчысы адмирал Девид Фаррагут Түштүктүн эң чоң шаары Жаңы Орлеанды ээлеген. Виргинияда союздун аскерлери жеңилүүнүн артынан жеңилүүгө дуушар болушкан. Конфедерациянын борбору Ричмондду басып алууга союздун аскерлери бир нече жолу аракеттенген, бирок артка сүрүлүп ташталды. Мында конфедерациянын эки артыкчылыгы болгон. Вашингтон менен Ричмондун ортосундагы жолду бөлүп турган күчтүү коргонуу өңүтү, союздук аскер башчыларынан артыкчылык кылган Роберт Ли менен Томас Джексон сыяктуу эки генералы бар болучу. 1867-жылы союздук аскерлердин башчысы Джордж Макклеллан Ричмонду басып алуу үчүн аракет жасаган. Бирок 25-июндан 1-июлга чейин созулган 7 күндүк согушта союздук аскерлер артка сүрүлүп, эки тарап тең зор жоготууларга учураган. 1862-жылы 20-майда Линкольн Гомстеддер жөнүндө мыйзамдарга кол койгон. Гомстеддерде (англ. жер бөлүгү) 21 жашка чыккан жана жер иштетүүнү каалаган америкалыктарга батыштын бош жаткан жерлеринен жер берүү жөнүндө айтылган. Мындай демократиялык кадам көптөгөн фермерлерди, жумушчуларды, кол өнөрчүлөрдү, шаар, кыштактардагы кедейлерин түндүк тараптагыларга тарткан. Ошентип согуш түштүктүктөр үчүн ийгиликтүү жүрүп жатса да алардын күчү кете баштады.

### АКШдагы жарандык согуштун аякташы

Президент Линкольн 1863-жылы 1-январынан тартып негр кулдарды бошотуу жөнүндө өзүнүн чечимин жарыялаган. Ошол эле учурда негрлерди союздун аскерлеринин катарына алууга уруксат берилди жана алардан түзүлгөн полк эрдик менен салгылашып жатты. Линкольндун мындай чечкиндүү кадамы АКШнын тарыхында анын атын түбөлүккө калтырды. 1863-жылы 4-июль АКШнын көз карандысыздык күнүндө Гранттын армиясы бир жарым ай курчоого алгандан кийин Миссисипи өзөнүндө маанилүү Виксбургду ээлеп алды. Конфедерациянын 5 миң солдаты жана офицерлери куралын ташташты. Ошол эле 13-июль күндөрүндө Пенсильванияда Геттисбергдин алдында чоң салгылашуу болду. Союздун күчтүү аскерлери Геттисбергге кетүүчү жолдо Роберт Линин аскерлеринин жолун тороп чыккан. Бул 3 күндүк чоң салгылашууда конфедерациянын аскерлери союздун аскерлерин жарып өтө албай



Түштүк штаттар аркылуу түндүк армиясынын жүрүшү

оор жоготууга учурап, артка чегиништи. Бул Геттисбергдин алдындагы салгылашууда союздун 3 миңден ашык, конфедерациялыктардын 4 миңге жакын аскерлери курман болгон. Эки тараптан тең жарадар болгон жана дайынсыз жоголгондордун саны 20 миң адамга жеткен. Түндүктөрдүн Виксбург менен Геттисбергдин алдындагы жеңиштери согуштагы бурулуш болгон. Бирок сентябрда түштүктүктөр дагы бир жолу абалды өзгөртүүгө аракеттенип, Чикамого суусунда Түндүктүктөрдү талкалашты. Алар эң чоң Чаттануга темир жол түйүнүнө чегинишкен. Согуш болгон жерге генерал Грант келип, коргонуу иши жолго коюлган. Андан кийин 17 миң армиясы менен генерал Шерман таң калаарлык жүрүш жасап, аларга жете келген. Ал 675 миль аралыкты 3 жумадан көп эмес убакта басып өткөн. 23–25-ноябрдагы катуу салгылашта көтөрүлүшчүлөр талкаланган. Чаттануга курчоодон бошотулду. Грант башкы командачы болуп дайындалды. Ал душмандарды талкалоодо бирдиктүү стратегиялык планды иштеп чыккан. 1864-жылы 4-майда Гранттын жеке өзүнүн колбашчылыгы менен чабуул башталды. Көп жоготууларга учураган катуу салгылаштан кийин Р. Линин аскерлерин Ричмонд жана Питерсбург шаарларын көздөй кысып киришип, узак айларга созулган курчоого алышты. Грант тарабынан ойлонулган дагы бир операция боюнча Шерман башында турган армия Джорджия штатынын аймагы аркылуу Атлантика океанына жарып өтүп, конфедерацияны экиге бөлмөк. Бул

операция Шермандын деңизге жүрүшү деп аталып калган. Генерал Уилльям Шерман 4-майда чабуул баштап, көтөрүлүшчүлөрдүн катуу каршылыгын жарып өтүп, Джорджиянын борбору Атлантаны 1-сентябрда басып алды. Андан кийин 68 миң армиясын алып Атлантиканын жээктери менен жүрүп отурган. 1864-жылы 21-декабрда Саваннаны басып алып, конфедерациянын аймагы экиге бөлүндү. 1865-жылы февралда жарандык согуштун биринчи огу атылган, Түштүк Каролинанын Чарлстонун басып алды. Ал эми Грантка түштүктүктөрдүн ооругунда операцияларды ишке ашырган, генерал Ф. Шеридандын аскерлери марттын аягында келип кошулду. Роберт Ли 1865-жылдын мартында түштүккө чегинүүгө аракеттенип, Питерсбург менен конфедерациянын борбору Ричмонду таштап кеткен, бирок кеч болуп калган. 1865-жылы 9-апрелде союздун аскерлери аны курчоого алды. Роберт Ли Анпоматокстун алдында Улисс Грантка багынып берди. Жарандык согуш аяктады. Аврахам Линкольн 1864-жылы шайлоодо жеңип чыгып, президенттикке экинчи мөөнөткө шайланды. Ал 14-апрелде министрлер кабинетинин жыйынында акыркы жолу төрагалык кылган. Ошол күнү кечинде ал аялы жана аларга конокко келген эки жаш менен Форд театрына оюнга барып, отурган жеринен актер Джон Уилик Бус тарабынан атылып, 15-апрелде дүйнөдөн кайткан. 1861–1865-жылы өтө каардуу жана кан төгүлгөн согуш болгон. Түндүктөн 2,7 млн. адам согушка катышып, 360 миңи курман болгон. Түштүктөн 1,1 млн. адам катышып, 250 миңи жоготууга учураган.

**Жарандык согуштун натыйжасы**

Түндүктүктөрдүн жарандык согуштагы жеңиши өлкөдөгү экономикалык жана саясий айырмачылыктарды жоюуну кам-сыз кылган. Кулчулук жоюлуп, батыш жерлерин кул ээлөөчүлөр тарабынан басып алуу коркунучу жоюлду. АКШнын кеңири аймагында айыл чарбасы фермердик жол менен өнүгө баштады. Бирдиктүү улуттук рынокту түзүү жана жарандардын демократиялык укуктарын кеңейтүү ишке ашырылды.

**Түштүктү кайра түзүү**

Түштүктү кайра түзүүнүн максаты түштүк штаттарында буржуазиялык демократиялык кайра түзүүлөрдү жүргүзүү жана мурдагы кул ээлөөчүлөрдүн бийлигин чектөө болгон. 1865-жылдын декабрында Конгресс Конституцияга кул ээлөөчүлүккө тыюу салган, 13 ондоону киргизген. 1867-жылы мартта бийлик толугу менен федералдык согуш башкармалыгына берилди. Негр жарандардын добуш берүү укугун бекиткен 14 оңдоону кабыл алышты. АКШ-

нын жаңы президенти түштүктүк Эндро Джонсон кайра түзүүнү өз жердештерине пайдалуу жүргүзгөнгө аракет кылган. Конфискацияланган менчик мүлктүн көпчүлүгү ар кандай формада кайрылып берилди. Ошондой болсо да, ал мурдагы кул ээлөөчүлөрдүн катуу каршылыгына учурады. Түштүктө мурдагы кул ээлөөчүлөр жашыруун куклуксклан уюмдарын түзгөн. Алар бардык ыкмаларды колдонуу менен негрлердин саясий жана башка укуктарын колдонуусуна тоскоолдук кылууга аракеттенишкен. Көпчүлүк учурда аларды катуу жазалашкан. Аларга жооп кылып негрлер куралдуу бөлүктөрдү түзүп, түнкүсүн ак адамдарга кол салып турушкан.

Түштүктө негрлердин жерге ээ болуусуна, соода жүргүзүүсүнө, шайлоого катышуусуна тоскоолдук кылган ж.б. ар кандай мыйзамдарды кабыл алышкан. Мындай мыйзамдар «кара кодекстер» деп аталган. 1869–1877-жылдары АКШнын президенти болуп жарандык согуштун баатыры Улисс Грант дайындалган. Анын саясий иштерге такыр эле шыгы болгон эмес. Мына ушундан авантюристтер, биржалык чайкоочулар жана саясатчылар билгичтик менен пайдаланышкан. Бийликтин кадыр-баркы төмөндөгөн. Ошондой болсо да кайра түзүү бир топ жакшы нерселерди берген. Анын жүрүшүндө акырындап болсо да негрлердин коомдогу абалы жакшыра баштады. Негрлер окуган мектептер көбөйүп, алар үчүн алгачкы университеттер ачылды. Мурдагы кул ээлөөчүлөрдүн жана аларды жактоочулардын катуу каршылыгына карабай негрлер түштүк штаттардын башкаруу органдарында иштеше башташты. Ошону менен бирге кайра түзүүгө каршы чыккан күчтөр көбөйгөн. Түштүктөгү штаттар түндүктүктөрдү сүрүп чыгышкан. Коомдук кызматтарды ээлөөгө аракеттенишкен негрлерди коркутуп үркүтүшүп, демократиялык партиянын мүчөлөрүн башкаруу уюмдарына шайлай башташкан. 1876-жылга карата республикачылар түштүктөгү 3 штатта гана бийликте калышат. Ошол 1876-жылдагы президенттик шайлоо республикачы Руте Форд Б. Хейзсдин пайдасына чечилген. Бул үчүн республикачылар кайра түзүүнү аягына чыгууга жана түштүктү демократиялык партиянын колуна калтырууга убада беришкен. Ошентип 1877-жылы кайра түзүү аяктады. Анын эң башкы натыйжаларынын бири – өлкөнүн түштүгүндө капиталисттик мамилелердин өнүгүшүнө шарт түзүлгөндүгүндө эле.


**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XIX кылымдын биринчи жарымында АКШнын экономикасынын өнүгүшү.

2. Түндүк жана Түштүк штаттарынын абалы жана аболиционисттер Авраам Линкольндун президент болуп шайланышы, жарандык согуштун башталышы.
3. АКШдагы жарандык согуштун тарыхый мааниси.
4. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 21–22. РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫ

**Аймак:** Россия империясы
**Мезгил:** XIX – XX к.
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1861, февраль – крепостнойлук укуктун жоюлушу
1878 – Сан-Стефано тынчтык келишими
1907 – Россия менен Англиянын аскердик союзу

**Билим:** Россияда жеке бийликтин өнүгүшү
**Түшүнүктөр:**

- крепостнойлук укук
- сословиелик шаты

### Россиянын экономикасы XIX жана XX кылымдын башында

XVIII кылымдын аягында Россиянын калкынын саны 36 млн. го, XIX кылымдын орто ченинде 59,3 млн. го жетип, Европа калкынын төрттөн бирине жакынын түздү. Калктын саны табигый өсүш менен эле эмес, жаңы кошулган аймактардагы калктын эсебинен да өскөн.

Россия империясы агрардык өлкө болгондуктан, калктын 90% айыл жерлеринде жашаган. Шаар калкы акырындык менен өсүп отурду. XIX кылымдын биринчи жарымында жаңы шаарлар пайда болуп, алардын жалпы саны 1032 жетти.

Айыл чарбачылыгы өлкөнүн экономикасынын негизин түзгөн. Ички жана тышкы рыноктун кеңейишинин натыйжасында, айыл чарбачылыгында товардык өндүрүш жогорулады. Помещиктердин бир бөлүгү чарбачылык жүргүзүүнүн жаңы ыкмаларын колдоно баштады. Ага жалданма жумушчулардын эмгегин пайдалануу, айыл чарба машиналарын пайдалануу, жасалма жер семирткичтерди колдонуу сыяктуу капиталисттик өндүрүштүн белгилери мүнөздүү болгон. Бирок мындайлар жалпы чарбанын 34%ин эле түзгөн.

Өлкөдөгү өнөр жай төңкөрүшү XIX кылымдын 30–40-жж. туура келет. XIX кылымдын биринчи чейрегинде жеңил өнөр жайдын пахта тазалоочу, тери иштетүүчү жана жибек токуучулук тармактарында капиталисттик фабрикалар жана мануфактуралар (эркин жалданма эмгекке негизделген) вотчиналык жана мезгил-мезгили менен иштөөчү мануфактураларды сүрүп чыгара баштады. Фабрикалык өндүрүш өнөр жай буржуазиясынын жана пролетариаттын калыптанышына шарт түздү.

Экономикалык турмуштагы жылыштар транспорттук системадагы өзгөрүүлөрдү пайда кылды. 1837-ж. Петербург-Царское Село темир жолунун курулушу аяктады, ал эми 1851-ж. Петербургдун жана Москванын ортосундагы поезддердин кыймылы башталды. Суу транспорту да өнүгүп жатты. Россиядагы биринчи буу кемелери 1816–1818-жж. пайда болду. 30-жж. ортосунда буу кеме байланыштары Балтика жана Кара деңизде, ошондой эле, ага жакын жайгашкан дарыяларда иштеген.

Бирок россиялык экономиканын өсүшүн крепостнойлук түзүлүш тоскоолдук кылган. Алдыңкы Европа өлкөлөрүнөн артта калуу өсө берген.

1861-ж. реформадан кийин Россиянын экономикалык өнүгүшү бир кыйла тездеген. 60–70-жж. башкы тармактарда өнөр жай төңкөрүшү аяктаган. Өнөр жайда товар жүгүртүүсү бир кыйла өстү. Ага телеграфты жүргүзүү, мамлекеттик банктын негизделиши, акционердик коммерциялык банктардын пайда болушу шарт түздү. 80–90-жж. машиналык өндүрүштүн ролу өстү. 1893-ж. тартып XIX кылымдын аягына чейин Россиянын тарыхында болуп көрбөгөндөй өнөр жай өндүрүшүнүн жогорулоосу болуп өттү. Ал өзгөчө оор өнөр жайында кулач жайды. Чет өлкөлүк капиталдын агымы күчөп, банк иши өнөр жай менен бутакташа баштады.

90-жж. өнөр жайдагы жогорулоо учурунда ири өнөр жай продукциясын чыгаруу эки эсеге өстү. Россиянын өнөр жайынын өсүшүнүн темпи Германиянын жана АКШнын көрсөткүчтөрүнөн ашкан. Майда өнөр жай ал жылдарда өнүгүүсүн уланта берген, бирок продукциянын наркы боюнча андан ири өнөр жай өндүрүшү ашып кеткен.

Терең адистешүү бул мезгилдеги айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүшүнүн айырмалоочу белгиси болуп калган. Помещиктик жерлер сатылганга караганда көбүрөөк сатылып алынган. Аны ижарага берүү кеңири таралган көрүнүш болгон. Орто дыйкан чарбаларынын кыскарышынын эсебинен айылдык буржуазия жана айылдык пролетариат калыптанды.

80–90-жж. дүйнөлүк агрардык кризис айыл чарбачылыгына бир кыйла оорчулук келтирди. Помещиктердин жер банктарына карыздары өсүп, айыл-кыштакта социалдык абал оорлогон. Эгин өндүрүүдө, техникалык өсүмдүктөрдү өндүрүүгө өтүүдө жана мал чарбачылыктын өнүгүшүндө төмөндөөлөр байкалды.

XX кылымдын башында россиялык капитализм системасы толугу менен калыптанды. Жумушчу күчүнүн дүйнөдөгү эң жогорку деңгээлдеги топтолушу, анын айырмалоочу белгиси болуп калды. Бул өз кезегинде, монополиялардын түзүлүшүнө алып келди. Россиядагы биринчи монополиялар XIX кылымдын 80-жж. синдикаттар түрүндө (продукцияны биргелешип сатуу максатындагы бирикмелер) пайда болду. 1900–1903-жж. кризистен кийин монополиялаштыруу процесси кыйла күчөдү. Монополиялар өндүрүштүн дээрлик бардык ири тармактарында пайда болду. Синдикаттардын ордуна тресттер жалпы чарбалык жана финансылык ишкердиктин негизиндеги бирикмелер келди.

Өнөр жайдын топтолушу менен катар эле, банк капиталынын топтолушу жүрдү. XX кылымдын башында Россиянын беш эң ири банкы өнөр жайга багытталган негизги финансылык каражаттарды көзөмөлдөп турган. Натыйжада банк жана өнөр жай капиталынын бутакташуусу жүрүп, финансылык олигархия пайда болду.

XX кылымдын башында Россия империясы дүйнөдөгү эң ири мамлекеттердин бири болгон. Калктын саны боюнча ал дүйнөдө үчүнчү (Кытай жана Индиядан кийин) орунда турган. Дүйнөлүк өнөр жай өндүрүшүнүн 8,2% Россияга туура келген. Бул көрсөткүч боюнча ал Франция менен 4–5-орунду бөлүшүп, АКШ, Германия жана Великобританиядан артта турган.

### Россияда жарандык коомдун калыптанышы (XIX–XX кк.)

XIX кылымда Россия өкүлчүлүк органдары болбогон чексиз монархия болуп эсептелген. Өлкөнүн бардык калкы сословиелерге бөлүнгөн. Россиядагы сословиелик түзүлүштүн калыптанышында мамлекет активдүү катышкан.

«Сословиелик шатынын» биринчи баскычында, мураcталуучу жана мурассыз (мураска калбайт) деп бөлүнгөн дворяндар турган. Жер ээлөөчү дворяндар помещиктер табын түзгөн. Дин кызматчылары артыкчылыктуу экинчи сословие болгон. Андан ары көпөстөр туруп, алар үч гильдияга бөлүнгөн. Биринчи, экинчи гильдиядагылар дворяндар менен бирдей укуктарга ээ болгон. Шаар калкынын көпчүлүгү мещандык сословиеге (үй

кызматкерлери, кустарлар, кол өнөрчүлөр ж. б.) тиешелүү болгон. Дыйкандар Россиядагы эң көп сандуу сословие болгон.

Жеке бийликтин социалдык саясаты, биринчи кезекте, монархиялык түзүлүштү милдеттүү түрдө сактоо менен дворяндар сословиесин бекемдөөгө багытталган. Ошол эле мезгилде Россияны конституциялык монархияга айландырууну болжолдогон мамлекеттик кайра курууга анча-мынча аракеттер жасалган. Александр I нин жакын жан-жөкөрү М. Сперанскийдин долбоору боюнча өлкөдө мыйзам чыгаруучу Мамлекеттик дума, ошондой эле, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары түзүлүүгө тийиш болгон. Бирок бул план кескин сынга дуушар болуп, 1812-ж. М. Сперанский сүргүнгө айдалган. Өздөрүнүн конституциялык долбоорлорун декабристтердин лидерлери Н. Муравьев жана П. Пестель иштеп чыгышкан.

XVII–XIX кк. чегинде крепостнойлук түзүлүштүн кризиси ачык-айкын көрүнө баштады. 1797-ж. барщинаны жуманын үч күнү менен чектеген указ ал эми 1803-ж. «эркин дан эгүүчүлөр» тууралуу жарлык (дыйкандарга акча төлөп жери менен боштондукка чыгууга уруксат берилген) чыккан. 1842-ж. Николай I дыйкандарды жерсиз бошотуу тууралуу мыйзам кабыл алган.

Бирок айрым жарлыктар менен жашап турган системаны өзгөртүүгө мүмкүн эмес эле, анткени алардын баары тең сунуш кылуучу мүнөздө гана болүчу. Россия коомчулугу дыйкандарды толук боштондукка чыгаруу зарылдыгын акырындык менен түшүнгөн. Бул процесс Крым согушунда жеңилип калгандан кийин бир кыйла тездеди.



Александр II

1861-ж. 19-февралда Александр II крепостнойлук түзүлүштү жоюу тууралуу долбоорго жана манифестке кол койду. Дыйкандар жеке эркиндик алышты, алар келишим түзүүгө, мүлккө ээ болууга, окуу жайларга кирүүгө ж.б. укуктарга ээ болушту. Помещиктер аларга пайдалануу үчүн жер үлүштөрүн беришкен, аны дыйкандар мамлекеттен жылына 6% ке карыз алуу менен жерди сатып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Дыйкандар мамлекетке карызынан 49 жылдын ичинде кутулууга тийиш болгон. 1861-ж. реформа чоң мааниге ээ болгон, анткени, мурдагы экономикалык мамилелер системасы жоюлуп, өлкөдө капитализмдин өнүгүшү үчүн шарт түзүлгөн.

Крепостнойлук түзүлүштүн жоюлушу мамлекеттик башкаруунун бүткүл системасын өзгөртүүнү, андан ары реформаны жүргүзүүнү талап кылган. Алардын ичинен маанилүүсү 1864-ж.

сот реформасы болуп саналат. Ал боюнча империянын бардык букаралары мыйзам алдында тең укуктуу деп таанылган. Сот процессиндеги маалымдуулук жана атаандаштык жарыяланган, ошондой эле, присяжный заседателдердин институту түзүлгөн.

Шайлануучу жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын – земстволордун киргизилиши чоң, мааниге ээ болгон. Алар (бийликтин көзөмөлдүгү астында) саламаттыкты сактоо, элге билим берүү, кайрымдуулук ж.б. маселелер боюнча иш жүргүзүшкөн. 1870-ж. шаардык өзүн-өзү башкарууну кайра түзүү жүргүзүлдү, ал таптакыр эле кароосуз калган жергиликтүү чарбаны казынадан минималдуу чыгымдарды жумшоо менен абалды жакшыртууга мүмкүндүк берген.

Аскердик кайра түзүүлөр чоң роль ойноду. Рекруттук аскерге алуу жоюлуп, жалпы аскердик милдет киргизилип, аскердик округдар уюшулган. Аскердик даярдык жакшыртылып, армияны кыйла жаңы куралдар менен куралдандыруу тездеди.

Бул реформалардын баардыгы өлкөнүн нормалдуу өнүгүшү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түздү. Бирок тактыга Александр III олтургандан кийин өлкөдө ачыктан-ачык реакция башталды. Басма сөз жана мектеп анын биринчи курмандыгы болгон, бийлик сот процесинин натыйжаларына таасир эте баштады.

XIX к. 80-жж. Россияда алгачкы марксисттик уюмдар пайда болду. 1897-ж. тартып еврей жумушчуларынын жалпы союзу (Бунд) иштей баштады, 1898-ж. Минск шаарында Россиянын социал-демократиялык жумушчу партиясынын (РСДРП) I съезди болуп өттү. 1903-ж. II съезде уюштуруу маселелерин чечүүдө РСДРП бөлүнүп, В. И. Лениндин тарапкерлери большевиктер, каршылаштары меньшевиктер деп аталып калды. Ошол эле мезгилде социалист-народниктердин бирикмеси В. Чернов башында турган социалист-революционерлердин партиясына биригишти. Алардын иш-аракеттеринин тактикасы жекече террорго негизделген.

### XIX жана XX кк. башындагы Россиянын тышкы саясаты

XIX кылымдын башында Россия Франция менен союздаш болуп, Англия менен согуш абалында эле. Бирок, Александр I Франция менен согуш шексиз деп эсептеп, Англия менен достук келишимге кол коюп, 1805-ж. Англия жана Австрия менен бирге Францияга каршы согушка кирди. 1807-ж. Фридланддын алдында орус аскерлери жеңилип калгандан кийин Тильзитте тынчтык келишимине кол коюлган, ал боюнча Россия континенталдык блокадага кошулууга тийиш

болгон. Россия тарабынан бул келишимдин бузулушу 1812-ж. согуштун негизги себептеринин бири болуп калды.

Түштүктө Россиянын тышкы саясаты Молдавиянын чыгыш бөлүгүн – Бессарабиянын бириктирилиши менен белгиленди. Швеция менен болгон согуш (1808–1809-жж.) Россиянын жеңиши жана ага Финляндиянын кошулуп алышы менен аяктады.

1815-ж. Александр Інин демилгеси боюнча Европанын бардык монархтарынын (Англия жана Осмон империясынан башкасы) Ыйык союз түзүлдү. Союздун максаты, европалык монархтарга революциялык жана улуттук-боштондук кыймылдарга каршы күрөштө колдоо көрсөтүү болгон.

Орус өкмөтүнүн дагы бир маанилүү багыты – чыгыш маселеси, б. а. Россиянын саясий таасирин Жакынкы Чыгыш аймактарына, Балканга таратуу жана Кара деңиздеги кысыктарга толук көзөмөлдүктү орнотуу болгон. 1821-ж. Россия түрк эзүүсүнө каршы гректердин көтөрүлүшүн колдоду жана 1828–1829-жж. Түркияга каршы ийгиликтүү согуш жүргүзүп, Дунайдын деңизге куйган жерин жана Анападан Батумга чейинки Кавказдын Кара деңиздеги жээгин алды. 1833-ж. Египеттеги Түркияга каршы көтөрүлүштөн пайдаланып, Россиянын талабы боюнча Жер ортолук деңиздеги кысыктарды жабууга Түркияны милдеттендирген Ункяр-Икелес келишимин түздү. Россиянын дипломатиялык жеңиштери Франция жана Англия менен мамилесин курчутту. Ал 1853–1856-жж. Крым согушунда чечилди.



Севастополду коргоо

Крым согушунун башталышы Россия үчүн ийгиликтүү болду. Бирок 1854-ж. башында Англия жана Франция Түркия тарапта согушка кирди. 1855-ж. сентябрда тынчтык сүйлөшүүлөрү башталып, 1856-ж. 18-мартта Париж тынчтык трактаты түзүлдү. Россия Бессарабиянын түштүк бөлүгүнөн айрылып, Кара деңизде аскердик флот күтүү укугунан ажырады. Ошентип, Россиянын Жакынкы Чыгыштагы таасири кыйла начарлаган.

Париж тынчтык келишиминин шарттарын кайра кара чыгуу андан аркы 15 жылдагы башкы милдет деп эсептелген. Бирок, 1871-ж. Лондондо чогулган Эл аралык конференция гана Россияга Кара деңиз флотун жана аскер-деңиз базаларын калыбына келтирүүгө укук берди.

Балкандагы боштондук кыймылынын өнүгүшү славян элдерин колдоонуу күчөтүүнү талап кылды. 1877-ж. Россия Түркияга каршы согуш жарыялады, ал Осмон империясынын согуштук кыйроосу менен аяктады. 1878-ж. Сан-Стефано тынчтык келишимине кол коюлду. Сербия, Черногорья жана Румыния толук көз каранды эместикке жетишип, Болгария автономиялуу княздык болуп калды.

Россиянын Балкандагы таасиринин күчөшү Батыш Европалыктарды чочутуп, алар эл аралык конференцияны чакырууну талап кылды. 1878-ж. жайында Берлинде Балкандын согуштан кийинки курулушу тууралуу конференция болуп өттү. Натыйжада, Болгария экиге бөлүнүп, Англия Кипрди окуппациялап, Австрия – Венгрия, Босния жана Герцоговинаны басып алды.

XIX кылымдын ичинде Россия империясы Орто Азия багытында бир топ жылышка жетишти. Бул региондогу Россиянын саясатына Англия каршы турган. Орто Азияны каратып алуу 60-жж. ортосунда башталды. Генерал Н. Г. Черняев командачылык кылган орус аскерлери 1864-ж. Чимкентти, 1865-ж. Ташкентти ээлеп алышты. Басылып алынган аймакта Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлүп, анын башына генерал К. П. Кауфман коюлду. 1868-ж. Бухара эмираты жана Кокон хандыгы Россияга вассалдык көз карандылыгын тааныды. Акыркы көз каранды эмес мамлекет Хива хандыгы өзүнүн Россияга көз карандылыгын 1873-ж. тааныды. 1873–1876-жж. элдик көтөрүлүш басылгандан кийин Кокон хандыгы жоюлуп, анын ордуна Фергана областы түзүлдү. 1881–1884-жж. түркмөн уруулары моюн сунгандан кийин, Орто Азияны каратып алуу аяктады. Бухара эмираты жана Хива хандыгы өзүнүн ички автономиясын сактап калды. Орто Азияны каратып алуу менен Россия империясын түзүү аяктады.

**XIX жана XX кылымдын башындагы орус маданиятынын өнүгүшү**

XIX жана XX кылымдын башында ата мекендик маданият коомдо болуп өткөн өзгөрүүлөрдүн натыйжасында тездик менен жогорулоону башынан өткөрдү. Адабият, живопись, театр, архитектура, музыка, скульптура жаатында олуттуу жылыштар болду.

Орус улуттук маданиятынын өнүгүшүндө орус адабий тилинин түзүүчүсү А. С. Пушкин көрүнүктүү роль ойноду. А. С. Грибоедов, М. Ю. Лермантов, А. П. Чехов, Н. В. Гоголь, И. С. Тургенев ж. б. акын-жазуучулар да адабияттын өнүгүшүнө олуттуу салым кошушту.

М. И. Глинка орус классикалык музыкасынын негиздөөчүсү болуп калды. «Падыша үчүн жашоо» жана «Руслан жана Людмила» деген операсы аны дүйнөлүк классиканын деңгээлине көтөрдү. М. П. Мусоргскийдин, А. П. Бородиндин, П. И. Чайковскийдин, Н. А. Римский-Корсаковдун чыгармалары дүйнөгө таанылды. Москва жана Петербург консерваториялары Россиядагы музыкалык искусствонун эң ири борборлоруна айланды.

Илим тез жана жемиштүү өнүгүп жатты. В. И. Вернадский биосфера тууралуу окууну, К. Е. Циолковский ракеталык кыймыл теориясын түзүштү. Н. Е. Жуковский жана анын окуучусу С. А. Чаплыгин абада учуунун өнүгүшүнө олуттуу салым кошушту. И. П. Павлов шарттуу рефлекс тууралуу окууну иштеп чыкты. И. И. Мечников иммунология жана инфекциялык оорулар боюнча изилдөөлөрдү жүргүздү. 1895-ж. А. С. Попов радиону ойлоп тапты. М. И. Туган-Барановский, А. А. Чупров, П. Б. Струве



Стрелецкидеги өлүм жазасынын таңы (В. Суриков. 1881 ж.)

экономикалык проблемаларды үйрөнүү жаатында көп нерселерди жасашты.

Бул мезгил орус поэзиясынын, адабиятынын жана искусствосунун тарыхына «Күмүш кылымы» деген ат менен кирди.

Сүрөт искусствосунун өнүгүшүнө В. М. Васнецов, И. Е. Репин, В. И. Суриков, И. И. Левитан олуттуу салым кошушту. П. М. Третьяков өз галереясына сүрөтчүлөрдүн чыгармаларын сатып алып, сүрөт искусствосунун өнүгүшүнө маанилүү материалдык жана моралдык салым кошту.

Россиянын маданий турмушунда театр зор роль ойноду. XIX к. аягында Москва көркөм театры ачылды. Көрүнүктүү театр режиссерлору жана теоретиктери К. С. Станиславский жана В. И. Немирович-Данченко анын негиздөөчүлөрү болуп калды. Мындан тышкары да көптөгөн жеке менчик театрлар ачылды.

Петербургдагы Мариинск театры жана Москвадагы Чоң театр опералык маданияттын маанилүү борборлорунан болуп саналган. Орус маданиятынын гүлдөп өнүгүшү чет өлкөлөр менен маданий байланыштардын кеңейишине шарт түздү.


**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XIX к. аягы XX к. башында Россиянын экономикасында кандай өзгөрүүлөр болгон?
2. Крепостнойлуктун жоюлушу коомдо кандай жаңылануунун пайда кылды?
3. Россиянын тышкы саясатындагы негизги багыттар кандай эле?
4. XIX к. аягы XX к. башындагы маданиятка мүнөздөмө бер.
5. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

# III бөлүм
# ЛАТЫН АМЕРИКАСЫНДАГЫ, АЗИЯДАГЫ ЖАНА АФРИКАДАГЫ ӨЛКӨЛӨР ЖАҢЫ ДООРДО

## § 23. ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ

**Аймагы:** Латын Америкасы
**Мезгил:** XVII–XIX кк. ортосу
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1791–1803 – Гаитидеги Туссен Лувертюрдун жетекчилигиндеги көтөрүлүш
1804 – Көз карандысыз Гаити мамлекетинин түзүлүшү
1810–1818 – улуттук-боштондук көтөрүлүштүн биринчи этабы
1819–1826 – улуттук-боштондук көтөрүлүштүн экинчи этабы

**Билим:** Латын Америкасынын элдеринин улуттук-боштондук көтөрүлүшү жана улуттук мамлекеттердин түзүлүшү

**Түшүнүктөр:**

- метрополия
- улуттук боштондук кыймылы

### Европа мамлекеттеринин Латын Америкасындагы ээликтери. Колониялык коом

Түштүк жана Борбордук Американы испандык конкистадорлордун басып алуу процесси жүздөгөн жылдарга созулган. XVII к. экинчи жарымында Юкатандагы Майя жана Чилидеги араукан урууларынын акыркы каршылык көрсөтүүсү басылган. Басып алуунун жана колониялаштыруунун жүрүшүндө метистешүү процесси күчөгөн – испандык жана португалдык баскынчылар жергиликтүү элдер менен аралашып *метистердин* өзгөчө катмары – европалык жана индейлердин тукуму түзүлгөн. Негр-кулдарды алып барган райондордо *мулаттар* калкы жаралган. XVII к. аягында ар түрдүү расадагы жана этностук топтордогу элдердин негизги сүйлөшүү тили испан колонияларында испан тили болгон да, испан тилиндеги этнос калыптанган. Португалия басып алган Бразилияда XVIII к. аягында португал тили үстөмдүккө ээ болгон. Латын Америкасы деген

аталыш XIX к. кирген, себеби бул областтарды испандык жана португалиялык б. а. роман элдери ээлегендиктен тил акырындык менен латын тилинде калыптанган. XVI–XVII кк. испандык-португалиялык колониялык система түзүлгөн. Басып алынган территорияларда Испания XVI к. вице-королдук системаны түзгөн. Вице-королдукка Жаңы Испания – азыркы Мексика, Түндүк Америка ээликтери жана Кариб бассейининин бир бөлүгү кирген. Вице-король жогорку аскердик-жарандык бийликти жүргүзгөн. Испандык вице-королдор жогорку дворяндардан гана дайындалган жана колонияны башкаруучу жогорку аппарат да алардан гана түзүлгөн. Испандык колония 300 жыл жашап, андагы 170 вице-королдун 4 гана жергиликтүүлөрдөн болгон.

**Экономикалык өнүгүүлөр**

Латын Америкасынын экономикасы ар түрдүү чарбалык укладдардан түзүлүп, колониялык мезгилде көп өзгөрүүлөргө туш болгон. XVI–XVIII кк. негизги укладдар: индей жамааттарынын натуралдык-патриархалдык чарбасы, кул ээлөөчүлүк, плантациалык кулчулук, феодалдык, тоо-кен өндүрүшүндө кара кулдардын эмгегин пайдалануу; майда товардык чарба: шаардык кол өнөрчүлүк, райондордогу колонист дыйкандардын чарбасы; колониялык чарбаларда: капиталисттик укладдын элементтери орун алган. XVII к. ири жер ээликтери (латифундия) түзүлөт. Латифундияларда пеондор иштеген. Пеондор жалданып иштегендер болуп саналат. Чарбаны иштетүүнүн жаңы формасы – асьенда пайда болгон. Асьендада жалданма эмгекти колдонушкан. Асьендалар акырындык менен товардык чарбага айланган. Кант камышы, пахта, тамеки, күрүч өндүрүлүп, ички жана тышкы рынокко чыгарылган. Майда товардык кол өнөрчүлүк өндүрүшү өнүккөн Мексикада, Колумбияда жергиликтүү рыноктор түзүлгөн. Ар бир колония Испания менен тыгыз байланышта болгон. Метрополия тоо-кен өндүрүшүн колдогон. Баалуу металлдар экспорттун өзөгүн түзгөн. XVIII к. башында метрополиялардын тоскоолдуктарына карабастан экономикада чоң өзгөрүүлөр болгон. Шаардык өнөр жайда жана соодада капиталисттик элементтер: акча-товар мамилеси өсүп, мануфактуралар жаралган, шаарда жана айылдарда жалданма эмгекти пайдалануу кеңейген. Бразилияда соода капиталы негизги ролду ойногон. Колонияны португалдык король дайындаган генерал-губернатор башкарып, борборлошкон администрациялык аппаратты түзгөн. Бразилияда плантациялык кулчулук чарба үстөмдүккө ээ болуп, кант камышын, күрүч, тамеки өндүрүлгөн. Соодада 1649-ж. түзүлгөн моно-

полиялык соодагерлер бирикмеси – «Бразилия соодасынын Генералдык компаниясы» негизги ролду ээлеген.

**Латын Америкасындагы боштондук күрөштөр. Семион Боливар. Көз каранды эмес өлкөлөрдүн жаралышы**

XVIII к. аягында XIX к. башында Латын Америкасында боштондук кыймылдардын күч алышы үчүн тарыхый шарттар түзүлөт. Революциялык процесстин өнүгүшүн Улуу Француз революциясынын натыйжасы тездетти. 1791-жж. Гаити аралында мурдагы кул Туссен Лувертюр жетектеген негр-кулдардын революциясы чыкты. Бул көтөрүлүш кулдардын тарыхтагы алгачкы жана жеңип чыккан бирден бир революциясына айланган, алар бийликти тартып алышып, өздөрүнүн кичинекей, бирок көз каранды эмес мамлекетин түзүшкөн. Революция көз карандысыздыкты жарыялап, кулчулукту жоюп, жарандарга тең укуктуулукту берген. Жаңы 1804-жылы түзүлгөн мамлекет Гаити деп аталган. Негр-кулдардын көтөрүлүшү, кулчулуктан толук эркиндикке гана чыкпастан, көз карандысыздыкты да жеңип алды. 1791–1804-ж. Гаитиде улуттук-боштондук революция болуп, башка Латын Америка элдерине эркиндиктин жолун көрсөттү. Гаитидеги жеңиш Борбордук жана Түштүк Америкадагы колониялык системага катуу сокку уруп, эркиндик кыймылдары күч алган. Көз карандысыз Гаити мамлекети Латын Америкасындагы эгемендүүлүк үчүн күрөшкөндөргө аскердик жардам берип турган. Испаниядагы



Колумбияны бошотуу (1819)


Симон Боливар

колониялык кризис XIX к. башында улуттук-боштондук буржуазиялык революцияны жаратты. Француздук буржуазиялык, андан кийинки наполеондук согуш колония менен метрополиянын ортосундагы соода байланышын начарлатып колониялык экономиканын кризисин терендеткен. Испания өзүнүн колонияларында экономикалык жана саясий контролдукту сактоого жөндөмсүз болуп чыкты. Креолдук кыймылдарга помещиктер менен интеллигенция кошулуп, революциялык үгүттөр жүргүзгөн. Латын Америкасындагы көз каранды эместик согуш эки мезгилге бөлүнөт. Биринчи 1810–1818-жж. согуш мезгилинде, мурдагы колониялардын көпчүлүгү көз каранды эместикке жетишип, көз каранды эмес республикалар түзүлгөн. Экинчи, 1819–1826-жж. мезгилдерде Борбордук жана Түштүк Америкадагы аймактарда испан армиясы көз каранды эмес мамлекеттерге чабуулга өтүп, көз каранды эмес мамлекеттер жоюлат. Бирок ага каршы жалпы элдик массалык көтөрүлүштүн натыйжасында Куба менен Пуэрто-Рикадан башка бардык испаниялык колонияларда көз каранды эмес республикалар түзүлөт. Биринчи этапта боштондук согушунун башкы революциялык борбору Венесуэла болгон. 1811-ж. 5-июлда Каракаста Улуттук конгресс өлкөнүн көз каранды эместигин жарыялаган. Жылдын аягында конституция кабыл алуу менен Венесуэла республика болуп калган. Венесуэлада жаш офицер Симон Боливар активдүү роль ойногон.

Симон Боливар (1783–1830) белгилүү креолдун үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энесинен эрте ажырап, Европага билим алууга жөнөтүлгөн. Францияда жүргөндө Француз революцияларынын идеялары менен терең таанышкан. Өлкөсүнө кайткандан кийин 1808–1810-жж. окуяларга активдүү катышып, боштондук кыймылынын жетекчиси болуп калган. Терең билимдүү, көрүнүктүү оратор, публицист гана болбостон, ал колбашчылык талантка да эгедер болгон. Америкадагы испан колонияларынын боштондук кыймылында көрүнүктүү орунду ээлеген. 1812-ж. испан армиясынын чабуулу аркасында Венесуэла республикасы кулаган. Боливар 1810-ж. 20-июлда эле көз каранды эместиги жарыяланган Жаңы Гренадага кеткен. Жаңы Гренадалык армиянын колдоосуна таянган Боливар башкы командачы болуп дайындалып, Венесуэлага жортуул жасаган, натыйжада 1813-ж. экинчи жолу көз каранды эмес Венесуэла республикасы түзүлгөн. Бирок жаш республика өтө алсыз болгон.




Латын Америкасы XVIIIк. аягында – XIXк. биринчи жарымында

Креолдорду революцияда эл массасы колдобогондугун пайдаланып испаниялыктар жана аларды колдогондор, экинчи республиканы талкалаган. Креолдук жетекчилер жеңилгенден кийин өздөрүнүн программасына социалдык талаптарды киргизүү зарыл экендигин түшүнгөн. Эл массасынын кызыкчылыгы кулчулукту жоюну жана жер маселесин чечүүнү талап кылган. Мындай жыйынтыкка Боливар эмиграцияда жүргөндө келет. Анын «Ямайкадан кат» (1815) деген боштондук кыймылынын

жаңы программасында кулчулукту жоюу жана боштондук армиясынын аскерлерине жер үлүшүн берүү каралган. 1818-ж. Боливар революциялык армияны түзүп Венесуэлада испан армиясын талкалайт. 1819-ж. Боливар армиясы менен Андынын бийик тоосун ашып, Жаңы Гренадага түшөт да бул аймактарды испан армиясынан бошоткон. 1821-ж. башында Венесуэла толук бошотулуп, республика калыбына келтирилет. Ангостура шаарындагы конгресс бириккен мамлекет – Улуу Колумбия түзүлгөнүн жарыялайт, ага Венесуэла, Жаңы Гренада, Панама жана эркиндикке чыккандан кийин Эквадор кирет. 1818-ж. Чили, 1821–1822-жж. Перу боштондукка ээ болгон. 1810–1815-жж. Мексикада көз карандысыздык үчүн согуш жүрөт. 1824-ж. Бразилияда көз карандысыз жаңы мамлекет түзүлүп, Педро I император болгон. Испаниялык мурунку колониялардын ордунда көз карандысыз Мексика, Борбордук Американын Кошмо Штаттары, Улуу Колумбия, Боливия, Аргентина, Парагвай, Перу жана Чили республикалары жаралган. XIX к. аягында Куба жана Пуэрто-Рико гана испаниялык ээликте калган. Көз карандысыздык үчүн согуш мезгилинде Латын Америкасынын мамлекеттеринде капиталисттик өнүгүүгө тоскоолдуктар жоюлуп, сословиелик жана расалык теңсиздиктерге, инкивизациянын ишине тыюу салынган. Республикалык түзүлүш орногон. Агрардык маселе чечилген эмес, бардык эгемендүү мамлекеттерде ири латуфиндисттер сакталган. Латын Америкасындагы буржуазиялык революциялар аягына чыкпай калган катары мүнөздөлөт. Себеби көтөрүлүштөргө активдүү катышкан дыйкандар жерге ээ болгон эмес.

### АКШ жана Латын Америкасы

Латын Америкасындагы социалдык кагылыштар жана олигархиялык режимдин улутка каршы саясаты мамлекеттерди начарлатып тышкы экспансиянын күчөшүнө жол ачкан. XIX к. 20-жылдарында мексикалык өкмөт АКШнын колонисттерине Техастан орун алууга уруксат берген. 20–30-жж. америкалыктардын саны тездик менен өскөн. Мексиканын экономикалык жана ички саясий оор абалынан пайдаланып, АКШ Техасты гана эмес кен байлыкка бай Калифорния менен Жаңы Мексикага да көз арткан. 1835-ж. америкалык колонисттер Техаста козголоң уюштуруп, Мексикадан бөлүнгөн Техас республикасы түзүлөт. 1845-ж. АКШ өкмөтү Техаска аскер киргизет, ошентип Мексикага куралдуу интервенция башталат, б. а. 1846–1848-жылдары Мексика-АКШ согушу жүргөн. 1847-ж. америкалык армия Мексиканын борбору Мехикону басып алат. Мексикада согуштагы ийгиликсиздер элдин наразылыгын күчөткөн.

Партизандык кыймылдар башталган. 1848-ж. Мексиканын башкаруу чөйрөлөрү АКШ менен келишим түзүп, ал боюнча Мексиканын: Жаңы Мексика, Жогорку Калифорния, Техас ж. б. областтары АКШга берилет. Мексика өзүнүн аймагынын жарымын жоготкон. АКШнын демократиялык түзүлүшү, экономикасы кандайдыр бир деңгээлде Латын Америка өлкөлөрүнүн өнүгүшүнө таасир тийгизген. Андан тышкары Латын Америкасын Европалык державалардын басып алууларынан коргогон.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XIX к. башында европалык мамлекеттердин Латын Америкасындагы колонияларын картадан тапкыла.
2. 1791–1804-жж. Гаити аралында өткөн окуялардын мүнөзүн аныктагыла.
3. Колонияларда башкаруу системасы кандай болгон?
4. Латын Америкасында улуттук-боштондук көтөрүлүштөр кандай жүргөн?
5. Симон Боливар жөнүндө эмне билесиң?
6. Эмне үчүн Мексика менен АКШнын ортосунда согуш чыккан жана ал кандайча аяктаган?
7. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 24. ОСМОН ИМПЕРИЯСЫ XVII К. АЯГЫ XX К. БАШЫНДА

**Аймак:** Осмон империясы
**Мезгил:** XVIII к. аягы жанаXX к. башы
**Теманын хронологиясы:**

1793 1812 1829 1839 1865 1876 1890

**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1792–1793-жж. – Селим III реформасы
1812-ж. – Бухарест тынчтык келишими
1828–1829-жж. – орус-түрк согушу
1808–1839-жж. – Султан Махмуд II башкаруусу
1839-ж. – ноябрь Танзимат реформасы
1865-ж. – жаңы түрктөр коому
1876-ж. – Конституциянын кабыл алынышы
1877-ж. – парламенттин чакырылышы
1890-ж. – жаш түрктөр коому

**Билим:** Осмон империясынын социалдык-экономикалык абалы, реформалар жана улуттук боштондук кыймылдар.

**Түшүнүктөр:**

· тимариот · сеператизм · зеамет

## Осмон Империясынын XVII к. аягындагы саясий жана социалдык экономикалык кризиси

Осмон империясында XVII к. аягы XIX к. башында экономикалык жана саясий кризис ого бетер курчуган. Буга түрткү берген Европадагы алдыңкы өлкөлөрдөгү эки чоң окуя – Франциядагы 1789-жылкы революция жана Англиядагы өнөр жай төңкөрүшү болгон. Франциядагы буржуазиялык революция жана Англиядагы өнөр жай төңкөрүшү, бул өлкөлөрдөгү социалдык-экономикалык прогресстин жаңы этабын ачты. Европалык өлкөлөргө караганда Осмон империясы бир кыйла артта калды.

Осмон империясынын экономикасынын эң негизги тармагы айыл чарбасы – терең кризистин кучагында калган. Жер ээлөөчү тимариоттук системасы сакталып кала берген. XVIII к. аягында Осмон империясында өндүрүлгөн айыл чарба продукциясына европалык өлкөлөрдүн суроо талабы өскөн. Бул Кичи Азия жана Балканда феодалдардын дыйкандарды эзүүсүн күчөтүүгө алып келген. Феодалдар дыйкандар өндүргөн продуктыларды ачык эле тартып алышкан. Шаардык кол өнөрчүлөр жана соодагерлер да эзүүнүн күчөшүнө туш болушкан. Мамлекет финансылык кризистин даамын тата баштаган.

Саясий кризистин өсүшүнө ири феодалдардын сепараттык маанайларынын күчөшү кошумча болгон. Бүт империяда сепараттык чыгуулар болгон. Ири феодалдардын өз армиясы болуп өз пайдасына салыктарды чогултkan, кээде өз алдынча тышкы саясатты да жүргүзүшкөн. Бирок алар өкмөткө негизги коркунучту түзө алышкан эмес, алардын өкмөт менен биригип туруусуна эзилген жергиликтүүлөр жана эксплуатацияланган Бал-



Стамбул

риясынын эл аралык абалынын начарлашы себеп болгон.

XVIII к. акырында Балкан элдери түрк эзүүсүнө каршы жаңы толкун менен чыккан. Улуттук-боштондук кыймылдын күчөшүнүн факторлорунун бири 1768–1774 жана 1787–1791-жж. кургакта жана деңизде Осмон империясынын үстүнөн Россиянын ири жеңиштери болду. Эзилген Балкан элдери орус аскерлерин бошотуучу катары кабыл алган. Мындай окуялар Балкан элдеринин ички улуттук-кыймылынын өнүгүшүн күчөттү.

**Селим III реформасы**

Ички кыйынчылыктар, феодалдык сепаратизм, улуттук-боштондук кыймылдын өсүшү, Осмон империясынын эл аралык абалынын начарлашы анын башкаруу чөйрөлөрүнө коркунуч туудурду. Мындай шартта ал армиянын күчүнө өтө муктаж болгон. Ал эми аларды канаттандыруучу күчтүү армия жок болуучу, бул абалды ого бетер курчуткан. Осмон империясында армиянын эски түзүлүшү сакталган. Анын негизин феодалдык атчандар жана янычарлар түзгөн. Бирок ленник-тимариоттор эчак эле аскер кызматынан алыстай баштаган, а янычарлар көпчүлүк убактарын кол өнөрчүлүккө жана соодага жумшаган же болбосо жөн гана каракчылык менен алектенишип мурдагы аскердик жөндөмдүүлүктөрүн жоготушкан. Армияда тартип төмөндөгөн, массалык качуулар күчөгөн. Армиянын мындай абалы башкаруучу чөйрөлөргө, армияны европалык үлгүдө толук кайра куруу керек экендигин айгинеледи. 1792–1793-жж. султан Селим III реформа жүргүздү. Ал реформа «низам-ы-джедид» же «жаңы түзүлүш» деген жалпы атка ээ болгон. Султан өзгөчө указы менен аскердик милдетин аткарбаган тимариоттордун жана зеаметтердин жерлерин тартып алуу, европалык үлгүдөгү аскердик корпус түзүү, реформа үчүн атайы акча бөлүү жарыяланган. Аскердик реформа француздук офицерлердин жетекчилиги менен жүргөн. Жаңы корпустар өтө жай түзүлгөн. 1798-ж. анда 34 миң солдат болсо 1804-ж. 12 миң солдатка чейин гана көбөйгөн. Аскердик-инженердик окуу жайы түзүлгөн, флотту жаңыртуу башталган. Аскердик реформаны финансылаш үчүн жаңы салыктар киргизилип, ал аскер кызматынан баш тарткан тимариоттор менен зеаметтерден алынган.

Селим III реформасы цехтердин жоюлушун жана анын ордуна мануфактуралардын пайда болушун тездетти. Бирок бул мануфактуралар өндүрүштүн өнүгүшүн көтөрө алган эмес, негизинен алар аскердик муктаждык үчүн гана иштешкен. Көптөгөн





тимариоттор жана зеаметтер реформага каршы турушкан. Алсак ири феодал Пазваноглу аскер жыйнап 1797-ж. бүт Болгарияны басып алды жана султанга баш ийүүдөн баш тартты. Пазваноглу өз акчасын чыгарып башка державалар менен өз алдынча сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Жүз миң адамдан турган султандын жөнөткөн армиясы Пазваноглыдан жеңилүү ызасын тарткан. Албетте бул реформанын жүрүшүн төмөндөткөн. Империянын башка аймактарында да абал тынч эмес эле.

### XVII к. аягы XIX к. башындагы, Турциянын эл аралык абалык жана ички саясаттагы реформалар

Алсызданган империяга улуттук кыймылдар гана коркунуч алып келген эмес. Осмон империясынын басып алган территориялары күчтүү европалык державалардын көңүлүндөгү объектилерге айлана баштаган. 1807-ж. Тильзитте эле Наполеон Александр I менен жолугушуусунда осмондордун европадагы ээликтерин Франция, Россия жана Австрия ортосунда бөлүп алуу сунушун айткан. Россияны өзгөчө Кара деңиз кысыктарына ээ болуу кызыктырган, анткени Кара деңизге толук ээ болуу, Жер ортолук деңизине түз чыгууга өбөлгө түзмөк. XIX к. башында Осмон империясы ээлик аймактарынан ажырай баштаган. Россия менен болгон согуштан кийин 1812-ж. майда Бухарест тынчтык келишиминин натыйжасында Турция Бессарабиядан кол жууган. 1828–1829-жж. орус-түрк согушунан кийин Осмон империясы Кара деңиздеги негизги территорияларды Россияга берди, ошол эле убакта эркиндик үчүн күрөшүп келген Греция көз карандысыздыкка жетишип, Осмон империясынан Сербия, Алжир, Египет бөлүнүп кетти.

### Махмуд II реформасы

Түрк бийликтегилери өздөрүнүн ээликтеринин ажырап бара жатканын түшүнүшкөн. Кандай гана болбосун тез арада мамлекеттик терең иш чараларды жүргүзүү керек эле. Султан Махмуд II 1808–1839-жж. өлкөнү башкарып, 1820-жж. ортосунда бир катар реформаларды баштаган. Армияда реформа жүргүзүп, туруктуу бөлүктөрдү түзгөн. Аларды окутуу үчүн Европадан инструкторлор чакырылган. Бирок армиядагы мындай реформа империянын ички кризисин курчуткан.

Себеби жаңы түзүлгөн туруктуу бөлүктөр янычарларга караганда көбүрөөк айлык алышкан. 1826-ж. июлда наараазы болгон янычарлар бунт чыгарышып, бирок султандын армиясы тарабынан катуу талкаланган. Көтөрүлүшчүлөр талкалангандан кий-

ин янычарлык армия толук жоюлган. Махмуд II жер ээлөөчүнүн эскирген лenndик-системасын модернизациялоого аракет кылган. Тимариоттордун жерлери алынган да, алар мамлекеттик жер фондусун толуктаган.



Султан Абдул-Меджит

Империянын экономикасында феодалдык укладдын үстөмдүгү европалык державалардан артта калууну күчөткөн. 1839-ж. ноябрда жаңы султан Абдул-Меджид Танзимат – «реформа саясатын» жарыялаган. Танзиматта: армияны жаңылоо, акча реформасы, салыкты тартипке келтирүү, соодада өзгөрүүлөрдү киргизүү, сот жана административдик жаңылануулар жөнүндө айтылган. Бул реформалар соода буржуазиясынын кызыкчылыгын жактаган бирок өтө жай жүргөн, анткени феодалдар тарабынан каршы кабыл алынган. 1850-ж. ортосунда танзимат саясаты активдүү жүргүзүлө баштаган. 1858-ж. агрардык мыйзам кабыл алынып, дыйкандардын абалы бир аз жеңилдеген. Бул мыйзам боюнча жерди арендалоо укугу киргизилген, бирок дыйкандардын абалы жакшырган эмес. Өлкөдө финансылык абал төмөндөгөн, чыгым кирешелерден ашкан. Өкмөт чыгымдарды жабуу үчүн тыштан карыз алууну күчөткөн. Мисалы 1854-жылдан 1869-жылга чейин Турциянын тышкы карызы 2 391 млн. франкты түзгөн. Турциянын финансылык абалынын начарланышынан пайдаланып чет элдик капиталисттер пайдалуу артыкчылыктарга ээ болгон жеке банктарды ачышкан.

Жаңы буржуазия жана помещиктер, андан тышкары чет элдик капиталисттер Турцияда административдик бийликтин жумшарышына, алар үчүн коммерциялык жана ар кандай иш-кердиктерди ишке ашырууга шарт түзүп берүүсүнө муктаж болушкан. Султандык өкмөт жаңы шарттарга ылайыкташуу максатында 1858-ж. кылмыш кодексин 1861-ж. коммерциялык процессуалдык кодексти, 1869-ж. граждандык кодексти кабыл алган. 1864, 1867–1871-жж. француздук үлгүдөгү жаңы административдик реформаларды жүргүзгөн. 1863-ж. элге билим берүү боюнча мыйзам чыккан. Жаңы кабыл алынган кодекс жана мыйзамдар бир топ эле оң маанилерге ээ болгон, бирок ал үстөмдүк кылуучу режимдин негизине эч кийлигишкен эмес. үстөмдүк кылуучу режимди өзгөртпөгөн реформалар ойдогудай натыйжаларды берген жок.




1789–1870-жылдардагы Балкан жарым аралындагы өлкөлөр

**Түркияда XIX к. аягында антифеодалдык кыймылдардын күч алышы**

1853–1856-жж. Крым согушу Түркиянын экономикалык ресурсун түгөттү. Эл массасынын абалы өтө начардаган. Салык өскөн, эгер 1850-ж. салык жыйымы 2,5 млн. лир болсо 1860-ж. 4 млн. лирге жеткен. Крым согушунун мезгилинде Түркиянын европалык

державалар менен жакындашуусу, өлкөдөгү интеллигенция, офицерлер, жаш буржуазиянын Европа менен байланышы антифеодалдык кыймылды күчөткөн. Антифеодалдык наразылыктардын өсүшүнө салым кошкон адабиятчы жана окумуштуу Ибрахим Шинаси жана акын, драматург Намык Кемаль болгон. Шинаси негиздеген газета «Тасвири эфкяр» (Идеялар доору) Стамбулдагы прогрессивдүү элементтердин башын кошуп, газетанын редакциясы өзүнчө эле борборго айланган.

1865-ж. июнда жаш осмондор коому түзүлүп, ал өлкөдө төңкөрүш жасап, конституциялык парламенттик түзүлүштү орнотуу максатын көздөгөн. Бул жашыруун коомдун уюштуруучуларынын арасында Ибрахим Шинаси жана Намык Кемалдан тышкары ири чиновник жана адабиятчы Зияя-бей жана Крым согушунда түрк армиясынын башкы кол башчысы Омер-паша бар эле. Жашыруун коомго баардыгы болуп 40 адам мүчө болгон. Жаш осмондор султан Абдул-Азизге каршы кутум уюштурушкан, бирок ал ишке ашпай калган. Жетекчилери Парижге жана Лондонго качышкан. Алар эмиграцияда жүрүп «Хуррийет» (Эркиндик) газетасын чыгарып, Турцияда ал жашыруун түрдө таратылып турган. Жаш осмондордун пропагандалык иштери өз жемиштерин бере баштаган. 1870-ж. башында улуу вазир болгон көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Мидхад-паша (1822–1884) жаш осмондордун позициясын колдогон. Бул мезгилдерде империянын ички кризиси күч алган. 1875-ж. октябрда Турция өзүнүн финансылык банкроттугун жарыялаган. Бийлик буга чет элдиктер күнөөлүү деп чыккан, кээ бир шаарларда мусулмандар христиандарга кол сала баштаган. Мындай чыгуулардын натыйжасында 1876-ж. майда Франциянын жана Германиянын консулдары өлтүрүлгөн. Европалык державалар күнөөлүүлөрдү катуу жазалоо талабын койгон. Турция бул талапты кабыл алып, бир нече адамды өлүм жазасына тарткан. Бул өкмөттүн мындай иш аракети Стамбулда толкундоолордун чыгышына алып келди. Куралданган адамдар султан Абдул Азизтин сарайын курчап, аны бийликтен баш тартышын талап кылды. Коркуп кеткен султан жаңы реформа жүргүзүүгө даяр экенин жарыялаган, бирок жашыруун түрдө Россия жана Австрия элчилигинен куралдуу жардам көрсөтүүнү суранган. Муну билип калышкан Мидхад-паша башында турган бир нече министрлер 1876-ж. 30-майда армия жана флоттун жардамы менен Абдул Азизти бийликтен кулатышты. 1876-жылы Турцияда конституция кабыл алынды, өлкөгө жаңы султан Абдул Хамид II келген. 1877-ж. 19-мартта биринчи түрк парламенти чакырылган. 115 депутаттын 69 мусулман жана 46сы мусулман эмес

болушкан. Парламенттин көпчүлүк бөлүгү султанга баш ийген. Бирок парламен те да султандык бийликке катуу сын-пикирлер айтылган. Султан өз айланасына күчтүү адамдарды топтоп, 1878-ж. 26-февралда парламентти таркатып жиберген. Конституциялык монархияны түзүү ишке ашпай калган.

1890-ж. Турцияда жашыруун революциялык кыймыл түзүлөт – ал Европада жаш түрктөр деп аталган. Жаш түрктөрдүн астына койгон максаты, султанды бийликтен алуу, конституцияны киргизүү жана парламентти чакыруу болгон. Бул аракеттер жашыруун түрдө жүргүзүлө баштаган.

1902-ж. Парижде жаш түрктөрдүн биринчи съезди болгон жана анда келечектеги Осмон империясынын түзүлүшү кеңири талкууланган. Жаш түрктөр 1876-ж. конституцияны калыбына келтирүү жана конституциялык монархияны сактоо боюнча бирдиктүү максатта болушкан. Бул жашыруун коом менен катар эле эзилген элдердин арасында улуттук-боштондук кыймылдар өскөн. Өзгөчө 1903-ж. 2-августта Македонияда араб, армян кыймылдары күчтүү болгон. Жаш түрктөр менен улуттук-боштондук кыймылдардын ортосунда байланыштын жоктугу АбдулХамиддин тирандык башкаруусуна каршы күрөшкө зыяндуу таасир тийгизген. Турциядагы революциялык этаптын башталышына Россиядагы 1905–1907-жж. революция чоң, түрткү берген.

**Маданияты**

XIX кылымда Турция теократиялык мамлекет болгону менен маданиятта бир топ эле жаңылануулар башталган. Бирок бул жаңы башталыштар мусулман динчилдеринин көптөгөн тоскоолдуктарына учураган.

Биринчи маданий реформа агартуу тармагында болгон. Селим III тарабынан башталган жана Махмуд II уланткан аскер реформасы өз учурунда билимдүү офицерлерди, врач, инженер жана башка адистерди талап кылган. Бул талаптарды канааттандыруу үчүн аскер окуу жайлары түзүлгөн. 1826-ж аскердик медициналык мектеп ачылган. XIX к. 40-жж. мектеп реформасы жүргүзүлгөн. 1857-ж. агартуу министрлиги түзүлүп, динден ажыратылган алгачкы орто жана жогорку мектептер системасы түзүлгөн. Реформанын натыйжасында 1864-ж. Турцияда 15 миң башталгыч мектеп иштеп, аларда 660 миң окуучу окуган. 1869-ж. жалпы билим берүү мыйзамы кабыл алынган.

Маданияттын өнүгүшүндө өзгөчө орунду басма сөз иши ээлеген. 1825-ж. Измирде биринчи газета чыккан, алгач ал француз тилинде болсо, Ибрахим Шинаси тарабынан түрк тили реформалангандан кийин 1832-ж. тартып түрк тилинде чыга баш-

таган. 1861-ж. «Осмондук илимий коом» түзүлгөн. Ал батыш илимин жана маданияттын жайылтуу максатын көздөгөн.

1859-ж. биринчи драм театр ачылып, театрдык искусствонун өнүгүшүнө жол ачылган.


АбдулХамид II нин Турциядагы реакциячыл саясаты өлкөдө түптөлүп калган маданий өнүгүшкө терс таасирин тийгизген. 1870-ж. ачылган Стамбул университети 1871-ж. эле кайра жабылган. Мектеп реформасы үзгүлтүккө учураган. Түрк адабиятындагы прогрессивдүү жазуучулар куугунтукталган бирок XIX к. 90-жж. адабиятта кайра жаралуу болгон. 1890-ж. «Сервети фюнун» (билимдердин казынасы) деп аталган журнал чыгат. Анын демилгечилери акын Тевфик Фикрет (1867–1915) жана прозаик Халид Зияя Ушакогиль (1866–1945) болгон. Маданияттын кайра жаралуу доору Турцияда жаш түрктөрдүн революциясынан кийин гана күч алган.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Осмон империясынын XVIII к. аягындагы саясий жана социалдык абалы кандай болгон?
2. Селим III жана Махмуд II нин реформаларынын окшоштуктары жана айырмачылыктары?
3. Абдул-Меджиттин реформасы, анын тарыхый мааниси?
4. Эмне үчүн Осмон империясындагы реформалар иш жүзүнө ашкан эмес?
5. XIX к. аягындагы Турциядагы антифеодалдык кыймылдардын күч алышы жөнүндө айтып бергиле.
6. Турциядагы маданияттын өнүгүшүнө тоскоолдук кылган факторлор?
7. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 25. ИРАН XVIII К. АЯГЫ XIX К. ОРТОСУНДА

**Аймак:** Иран
**Мезгил:** XVIII к. аягы XIX к. ортосу
**Теманын хронологиясы:**




**Негизги даталар:**

1801-ж. – 4-январь Англо-Ирандык келишим.
1804–1813-жж. – Орус-Иран биринчи согушу.
1813-ж. 12-октябрь – Гулистан келишими.
1821–1823-жж. – Иран-Түрк согушу.
1826–1828-жж. – экинчи Орус-Иран согушу.
1828-ж. – 10-февраль Түркмөнчай келишими.

1848–1852-жж. – Бабиддердин көтөрүлүшү.
1851-ж. – Таги мырзанын өлтүрүлүшү .
1856–1857-жж. – Англо-Иран согушу.

**Билим:** Ирандагы XVIII к. аягындагы XIX к. ортосундагы социалдык, саясий-экономикалык абал жана ички, тышкы саясаты.

**Түшүнүктөр:**

- халисэ
- вакф
- райят
- илят
- шах
- садр-азан
- вазир
- велает
- эялет
- бабиддер
- реформа

**Социалдык-экономикалык түзүлүшү.** XVIII к. аягы XIX к. башында Ирандын экономикалык түзүлүшүндө феодалдык мамилелер үстөмдүк ролду ойногон. Бардык жердин ээси болгон шах, аскердик-лендик системанын негизинде феодалдарга кызматы үчүн жер берген жана алар, алган жерлерин мураска калтыруу укугуна ээ болушкан. Ошол мезгилде менчиктин төмөнкүдөй формалары болгон: мамлекеттик жер (халисэ); мураска калтырылуучу феодалдык жерлер; мечит же жогорку дин өкүлдөрүнүн жери (вакф), урууларга тиешелүү жер (чындыгында жердин ээси уруу башчысы болгон). Мындан тышкары жер фондусунда анча чоң эмес бөлүгүн жеке жер ээлери помещиктердин жерлери (мүлк), жамаат жерлери: жайыттар, майда жер ээлөөчүлөр (хардемалек) түзгөн.

Дыйкандар (райят) жерге ээ болгон эмес, алар феодалдардын жерлерин иштетишкен. Түшүм дыйкандар менен феодалдардын ортосунда орто кылымдык мамиле менен, башкача айтканда жер, суу, үрөн, мал кимдин колунда болсо ошого жараша бөлүштүрүлгөн. Дыйкандар жер жана суу, андан тышкары үрөн жана малга ээ болбогондон кийин түшүмдүн 1/3 бөлүгүн, кээде 4/5 бөлүгүнө чейин феодалдарга берүүгө аргасыз болгон. Райяттар феодалдарга милдеттүү түрдө май, жүн, тоок, жумуртка мындан тышкары мамлекеттик мал салыгын, түтүн салыгын жана ар кандай жыйымдарды берип турушкан. Салыктарды жана натуралдык жыйымдарды дыйкандардан хандар тарабынан дайындалган башкаруучулар жыйнашкан.

Өтө оор феодалдык эксплуатация жана феодалдар ортосундагы тынымсыз согуштар дыйкандардын ачарчылыгын, жакырчылыгын жана ар кандай оорулардын жайылышын күчөткөн.

Өлкөнүн калкынын 1/3–1/4 бөлүгүн көчмөндөр жана жарым көчмөндөр – иляттар түзгөн. Көчмөндөр негизинен мал чарбачылыгы менен оокат кылышкан. Көчмөн уруулардын баш-

чылары феодалдык хан болуп, жөнөкөй иляттарды феодалдык негизде эзген. Иляттар феодалдарга мал жана анын продуктуларын салык катары төлөгөнгө милдеттүү болушкан.

Шаарларда кол өнөрчүлүк өнүккөн. Кол өнөрчүлүктө орто кылымдын цехтик түзүлүш сакталып калган. Кездеме өндүрүүчү жөнөкөй мануфактуралар да болгон. Иранда негизинен чыт, жибек жана жүндөн жасалган кездеме, килем, темир жана жез жасалгалары өндүрүлүп, көпчүлүгү өлкөнүн ичиндеги суроо-талаптарды канаттандырууга арналган. Килем жана кездеме ички сооданы өнүктүрүүдөгү негизги товар болуп эсептелген. Бул товарлар тышка да, мисалы Россияга жана Батыш Европага ташылган, бирок XIX к. башындагы ич ара согуштардын натыйжасында тышкы соода анчалык өнүккөн эмес.

Иран феодалдык монархия болгон. Мамлекеттин башында шах турган. Шах кээ бир учурларда феодалдар жана дин өкүлдөрүнөн турган кеңешти чакырган. Өкмөттүн ишин башкаруу садразанга (премьер-министр) тиешелүү болгон. Аскер иши, финансы жана тышкы иштер вазирлери (министрлер) негизги ролду ойногон. Иран область (велает) жана провинцияга (эялет) бөлүнгөн. Областтарды шах дайындаган губернатор (хаким), ал эми провинцияларды губернаторлорго караганда бийлик укугу жогору болгон шахтын наместниктери башкарган. Провинцияларга шахтын наместниктери шахтын уулдары (шахзада) же анын жакын туугандары болгон.

Каджарахка жакын Азербайжанды шахтын мураскору башкарган. XIX к. биринчи чейрегинде Азербайжандын башкаруучусу Фатх-Али шахтын уулу Аббас-мырза болгон. Провинция жана областтардын башкаруучулары өз алдынча феодалдык князьдар болуп эсептелишкен. Алар өз акчасын чыгарышып, өз аскерлерин күтүшкөн, бажы алымын чогултушкан, салык, жыйнашкан. Кээ бир феодалдар шахка баш ийбей койгон учурлар да болгон. XVIII к. аягы XIX к. биринчи жарымында каджар династиясынын шахтары Хорасан, Керманга окшогон аймактардын баш ийбеген феодалдары менен күрөшүп келген. Шахтын жана областтарды башкаруучулардын аскерлери жөө феодалдык ополчениеден, ал эми атчандар – көчмөн уруулардан турган.

Өлкөнүн коомдук-саясий жашоосунда эң негизги ролду мусулмандардын шайыктар бутагы ойногон. Коомдук эрежелер куран жана шарият жолу менен гана жөнгө салынган. Жогорку дин өкүлдөрү ири жер ээлери болгон. Алар элге билим берүүгө жана граждандык сотко көзөмөлдүк кылышкан.

XVIII к. аягы XIX к. кылымдын башында Ирандын экономикалык жана коомдуксаясий абалы так ушундай болгон.

**XIX к. биринчи жарымындагы Европа державаларынын Иран үчүн болгон күрөшү.**

XIX к. башында жакынкы Чыгышты ээлеп алуу үчүн Англия жана Франция Ирандын ички иштерине активдүү кийлигишип, аны өздөрүнүн колониясына айландырууну көздөшкөн. Иранды өздөрүнө баш ийдирүү үчүн жана француздар Иран аркылуу Индияга кол салбашы үчүн англичандар 1800-жылы өз өкүлүн капитан Малькольмду Иранга жөнөткөн. Малькольм шахка көптөгөн пара берүү менен 1801-жылы 4-январда саясий жана соода келишимин түзүүгө жетишет. Бул келишим боюнча Афган башкаруучусу Индияга кол салса, шах өз аскерлерин Афганстанга киргизүүгө жана Иранга француздардын киришине каршы күрөшүүгө тийиш болгон.

Англиялык соодагерлер Ирандын бардык портторунда эркин соода кылууга жана өлкөдөн товарларды алымы жок эле алып чыгып кетүүгө укуктуу болушкан. Бул келишим Ирандын Англияга көз каранды болуусуна жол салган, о. э, келишим Россияга каршы багытталган.

XVIII к. башында шах жана ирандык феодалдар Россияны башкы душман катары эсептешкен. Себеби Закавказьени басып алууга Россия чоң тоскоолдук кылган. Ошондуктан шах Россияга каршы союздаш издеген. Ошол эле мезгилде Турция Грузияны басып алууга умтулган.

Иран шахынын жана феодалдарынын талап-тоноочу жортуулдарынан жана Турциянын баскынчылыгынан Закавказья эли Россиядан жардам күткөн. Грузин падышасынын кайрылуусу менен 1801-жылы Грузия Россия империясынын курамына кирген.


Закавказьелик хандыктар Армения жана Азербайжан, шахтын жана Иран хандыктарынын өтө катуу эзүүсүнөн тажап, алар да Россияга кошулууга умтулушкан. Россиядагы падышалык бийлик Закавказьени ээлеп алууну көздөшкөн.

Закавказье үчүн күрөш биринчи орус-иран согушуна алып келди. 1804-жылы согуш башталып, орус аскерлери алгачкы эле салгылашууларда шахтын мураскору Аббас Мырза баштаган Иран аскерлерин жеңилишке учураткан. 1805-ж. Шеки, Ширван жана Карабах хандыктары Россияга өтүп, ал жерлерди орус аскерлери ээлеген. 1808-жылы орус аскерлери Ереванды курчоого алган. 1812-жылы октябрда орус аскерлери Аббас Мырзанын армиясы толук талкалаган. Ошондон кийин ортодо сүйлөшүүлөр жүрүп, натыйжада 1813-жылы 12-октябрда Гүлстан келишимине кол коюулат.

Бул келишим боюнча Иран Дагестан, Грузия жана Түндүк Азербайжанга таламдарынан баш тартат жана булардын Рос-

сияга киришин тааныйт. Россия Каспий деңизинде аскер флотун кармоо укугуна ээ болот. Орус көпөстөрү Иранда эркин соода кылууга мүмкүнчүлүк алышты. Биринчи орус-иран согушунун жыйынтыгы жана Гүлистан келишими Англиянын Иранды ээлөө планына сокку урган. Россиянын Иранга таасиринин өсүшүнөн чочулаган англиялыктар 1814-жылы 25-ноябрда Ирандыктар менен жаңы келишим түзөт, бул келишимдин негизинде шах Россияга тарттырып жиберген аймактарды кайра алууга умтулган.

1821–1823-жылы Иран-түрк согушу болгон, бул чек ара чырчатагынан келип чыккан. Англичандардан жардам алып турган Иран армиясы түрктөрдүн бир нече шаарларын ээлеп алышкан. 1823-жылы мартта Эрзурум тынчтык келишиминин неги-




Иран XIX к. биринчи жарымында

Россияга бириктирилген территориялар: 1 – 1813-ж. Гүлстан келишими боюнча, 2 – 1828-ж. Түркменчай келишими боюнча, 3 – бабиддер көтөрүлүшүнүн борбору жана ал жайылган аймактар, 4 – бабиддерди массалык уруп-сабаган жай, 5 – мамлекеттик чек ара.

зинде басып алган жерлерин жеңишке жетишкен Иран шахы кайтарып берген, себеби, Россия менен согушууга даярданып жатып, шах Турция менен мамилесин курчуткусу келген эмес. Түрк-иран согушунан кийин шахтын айланасындагылар, дин өкүлдөрү жана англичандар Россияга каршы согуштук пропагандаларды жүргүзүшкөн. 1826-ж. июлда шах армиясы күтүүсүздөн орус армиясына кол салган. Алгач орус армиясы чегине баштаган, бирок алар абалды тез эле оңдоп, англичан инструкторлору тарабынан үйрөтүлгөн Аббас-мырзанын армиясынын чабуулдарын токтотуп, аларды чегинүүгө мажбур кылган. 1827-ж. октябрда орус армиясы Ереванды, андан кийин Тербиз, Хой, Маранд ж.б. шаарларды ээлешкен.

1828-ж. 10-февралда Түркмөнчай тынчтык келишими түзүлөт, анын негизинде Арменияның чыгышы Россиянын курамына кирген. Иран-орус чек арасы Аракс суусу боюнча аныкталган. Түркмөнчай тынчтык келишими менен XIX к. биринчи жарымында орус-иран согушу аяктаган. Шахтын айланасындагылар, дин өкүлдөрү согуштан жеңилгенден кийин Россияны жек көрүшкөн. Түркмөнчай келишиминен кийин Иранга элчи болуп А. С. Грибоедов дайындалган.

Россияны жек көргөн дин өкүлдөрү көкүткөн фанатиктер 1829-ж. 11-февралда орус элчилигине кол салып А. С. Грибоедовду жана анын кызматташтарын мыкаачылык менен өлтүрүшкөн. XIX к. биринчи жарымында Хораан, Герат ж. б. областтардын жергиликтүү хандары шахка жана наместниктерге баш ийбей, көтөрүлүш чыгарып турушкан. Ич ара согуштар өлкөдөгү абалды оорлоткон. Ошол эле мезгилде Ирандын чет өлкөлөргө экономикалык көз карандылыгы күчөй баштаган. 1854-ж Франция, Австрия ж. б. европалык мамлекеттер, ал эми 1856-ж. АКШ, Иран менен тең эмес соода келишимдерин түзгөн, өзгөчө Англиялык товарлардын Иранга кириши күчөгөн. XIX к. экинчи жарымында Иранга Англиялык текстиль товарларынын кириши 90% түзгөн. Чет элдик капиталдын кириши, Ирандагы кол өнөрчүлүктү жана үй өндүрүштөрүн кыйраткан. Алар фабрикалык товарларга туруштук бере алышкан эмес. Жакырчылык күчөгөн. Айыл чарбада феодалдык эзүү күчтүү бойдон кала берген. Дыйкандар жерлерин таштап, шаарга кетип, шаар калкынын саны көбөйткөн.

### 1848–1852-жж. бабиддердин көтөрүлүшү

Элдик нааразылыктар шахтын жана хандардын бийлигине каршы стихиялык чыгууларга өсүп жетти. XIX к.

40-жж. көптөгөн областтарда көтөрүлүштөр чыкты. XIX к. ортосунда бул чыгууларга бабиддер жетекчилик кылды. Бабиддер сектасынын негиздөөчүсү Баб деген атка ээ болгон. Бабдын чыныгы аты – Али Мохаммед. Ал 1820-ж. соодагердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Али Мохаммед шейхтердин сектасына кирген жана ал өзүн жерде тынчтыкты, акыйкаттыкты, акыйкат башкарууну орнотуучу катары сезген. 1844-ж. Али Мохаммед өзүн Баб деп атаган. Баб – элдин эркин аткаруучу. 1847-ж. «Беян» (ачылыш) деген китебин жазып, анда өз окуусунун негиздерин жарыялаган. Баб өлкөдөн чет элдиктерди кууп чыгуу, алардын мүлкүн конфискациялап бабиддерге тартып берүү, эл массасын феодалдык эзүүдөн бошотуу, алардын теңдикте жана бактылуу жашоосу жөнүндө айткан. 1848-ж. сентябрда бабиддер көтөрүлүш чыгарышкан. Бабиддерге 2 минден ашык жакырланган кол өнөрчүлөр жана дыйкандар кошулган. Дыйкандар бабиддерге азыктүлүк алып келсе, кол өнөрчүлөр курал-жарак даярдашкан. Бабиддер өз лагерлеринде жеке менчикти жоюшкан, мүлктү тең бөлүшкөн, элдердин теңдигин жарыялашкан. Көтөрүлүшчүлөргө каршы шах, хандар артиллериясы менен күчтүү аскерлерди жөнөткөн. Сегиз ай бою бабиддер шахтын армиясынын чабуулунун мизин кайтарышкан. 1849-ж. майда гана шах бийлиги көтөрүлүшчүлөрдү алдоо жолу менен талкалашкан.

1850-жылы майда Зенджан аймагында молдо Мохаммед-Али жетектеген бабиддердин көтөрүлүшү чыккан. Тез эле бабиддердин саны 100 миң адамга чейин жеткен. Бабиддердин көтөрүлүшүнүн күчөшүн токтотуу максатында шах Насер-эд-дин 1847-жылы эле камалган Бабды, 1850-жылы июлда Тербиз шаарына алып келип даргага аскан. Бабдын өлтүрүлүшү көтөрүлүштү басаңдаткан эмес. Зенджандагы көтөрүлүш 1850-жылдын аягына чейин созулган. Катуу салгылашуулар, ачкачылык акырындык менен бабиддердин алын кетирген, акыры алар багынып берүүгө аргасыз болушкан.

Көтөрүлүштөрдөн майнап чыкпагандан кийин бабиддер террор жолуна өтүшкөн. 1852-ж. августа алар Насер-эд-дин шахка кол салышкан, бирок аны өлтүрүү планы ишке ашкан эмес. Тегеранда, өлкөнүн ж. б. булуң-бурчтарында бабиддерди камоо жана өлтүрүү күч алган.

Бабиддердин көтөрүлүшү демократиялык, антифеодалдык мүнөздө болгон, алар Ирандын чет элдик капиталга көз каранды болуусуна да каршы болушкан. Көтөрүлүштүн негизги кыймылдаткыч күчү дыйкандар, кол өнөрчүлөр жана майда соодагерлер эле.

Бабиддердин көтөрүлүшүнүн жеңилишинин себеби: көтөрүлүш стихиялуу, начар уюшулган, бирдиктүү жетекчилик борбор болгон эмес жана кыймылдын ачык-айкын максатынын жоктугунан улам, күрөш ийгиликке жетише алган жок.

### Амир Низамдын реформасы

Бабиддердин көтөрүлүшү Ирандагы социалдык карама-каршылыктардын өтө курч экендигинин күбөсү болду. Үстөмдүк кылуучу таптын прогрессивдүү бөлүгү абалдан чыгуунун жолун реформа жүргүзүүдөн көргөн. Реформа жүргүзүүгө кызыккандар барынан мурун феодалдык ак сөөктөргө кирбеген, рынок менен тыгыз байланышкан жер-ээлөөчүлөр болуп эсептелген. Алардын кызыкчылыгын колдоочу садразан Таги-Хан мырза ошол эле мезгилде шахтын армиясынын башкы командачысы болуп Амир-Низам титулуна ээ болгон. Ал борбордук бийликти чыңдоо максатында армияны жана финансы системасын кайра түзүүнү көздөгөн. Казнаны талап-тоноочулука, паракорлукка, андан тышкары дин өкүлдөрүнүн мамлекеттик иштерге кийлигишүүсүнө каршы болгон. Көптөгөн чиновниктер кыскартылган. Амир-Низам Ирандын улуттук өз алдынчалыгын бекемдөө максатында улуттук ирандык фабрика-заводдук өндүрүштүн өсүшүн каалаган, тышкы державалардын, өзгөчө Англиянын Ирандын ички ишине кийлигишүүсүнө каршы аракеттенген.

Амир Низамдын саясатына дин төбөлдөрү, феодалдык ак-сөөктөр жана англичандар каршы болушкан. Оппозициянын башында Тегеран динчилдеринин жетекчиси болгон шахтын энеси турган. Ал өз тарабына алгач реформаны жактаган шах Насырэндинди тарта алган. Натыйжада 1851-жылдын аягында Таги хан мырза садразан кызматынан четтетилип, көп өтпөй өлтүрүлүп, реформасы токтотулган.

Бабиддердин көтөрүлүшүнүн басылышы жана Амир Низамдын реформасынын үзгүлтүккө учурашы Ирандын чет элдик капиталга көз каранды болуусун күчөткөн.

### 1856–57-жж. Англо-Ирандык согуш

XIX к. ортосунда Азияга карата англо-орустук атаандаштык курчуган. Анын натыйжасында 1853–1956-жж. Крым согушу келип чыккан. Бул согушка Англия катышып, Кавказдан, Закавказьеден жана Закаспий областынан Россияны сүрүп чыгаруу максатын көздөгөн. Индияны коргоо дегенге жамынып Англия Иран, Хива жана Бухараны өзүнө баш ийдирүүнү көздөгөн. Англия 1855-ж. Афганистан эмири Дос-Мухаммед менен достук жөнүндө келишим түзүп, Кандагарга ээ болгон.

Крым согушунда англичандардын Севастополду курчоо менен колу байлангандыгынан пайдаланып, Иран шахы Гератты басып алууну чечкен. 1856-ж. Иран аскерлери Гератты курчап, октябрда ээлеп алышкан. Буга жооп кылып Англия 1856-ж. 1-ноябрда Иранга согуш жарыялаган. Ан кени Герат англичандар үчүн Иранды жана ОртоАзияны басып алуу үчүн негизги плацдарм болуп эсептелген. 4-декабрда англиялык эскадра Харг аралын ээлейт да, 10-декабрда Бушир портуна десант түшүрөт. 1857-ж. мартта англичандар Мохаммер портун басып алып, Карун суусу аркылуу өйдөлөп 1-апрелде Ахваз шаарын оккупациялайт. Иран толук талкаланып калуу коркунучу алдында калат. Бирок 1857-ж. башында Индияда антиангиялык чыгуулар башталып, англичандар Иран менен согуш аракеттерин тез эле токтотот. Бул окуя Ирандыктардын толук талкаланышынан сактап калган. 1857-ж. 4-мартта Парижде англо-ирандык тынчтык келишими түзүлөт. Келишим боюнча шах Гераттан өз аскерлерин чыгарып кетүүгө милдеттенет, ал эми Англия Ирандан аскерлерин чыгарууга милдеттендирилген. Англия менен Ирандын ортосунда дипломатиялык мамилелер 1857-ж. калыбына келтирилген.

Феодалдык Ирандын Англия менен болгон согушта жеңилиши анын жарым колонияга айланышына жагымдуу шарттарды түзгөн. Бул процесс XIX к. 60–70-жж. өзгөчө күч алган.

**XVIII к. аягы XIX к. ортосундагы Иран маданияты**

Ирандын экономикалык жана саясий жактан артта калуусу, өлкөнүн коомдук саясий түзүлүшүндө орто кылымдык, феодалдык калдыктардын үстөмдүгү, алдыңкы европалык өлкөлөрдөн изоляцияланышы XIX к. биринчи жарымында маданияттын төмөндөшүнүн негизги себеби болгон.

Адабиятта, искусстводо, коомдук ой жүгүртүүдө эч кандай өсүш болгон эмес. Ошол мезгилде көптөгөн акындар болгон (Реза Кулихан өзүнүн антологиясында 350 акындын атын көргөзөт), бирок алардын көрүнүктүүлөрү да, (мисалы: Саба, Каани, Ягма, Шейбани) поэзияга эч жаңы идея киргизишкен эмес, алар орто кылымдык поэзияны гана улантуучулардан болушкан.

Архитектура жана искусство төмөндөө абалында турган. Живопись тармагында, өзгөчө портреттик живописте европалык үлгүлөр жарала баштаган.

XIX к. ортосунда Таги мырзанын реформасына байланыштуу өлкөдө агартуучулук жайылтылып, Ирандын маданий жашоо нун кээ бир тармактарында илгерилеп өнүгүү орун алган. Таги мырзанын демилгеси менен 1852-ж. Тегеранда жогорку европалык типтеги – Дар Эль-фунун мектеби негизделген. Бул

жерде аскер иши, медицина, математика, табият таануу жана гуманитардык илимдер, искусство окутулган. Окуучулар окуу китептерин, илимий-популярдык жана адабий чыгармаларды чет тилинен перс тилине которушкан. Иранда жумасына бир жолу жарык көрүүчү газета чыгарылган. Иран жаштары билим алуу үчүн чет өлкөлөргө жөнөтүлүп, ал эми чет элдик профессорлор жана окутуучулар Иранга чакырылган. Таги-мырзанын реформасы үзгүлтүккө учураса да анын демилгеси менен жүргүзүлгөн тартуучулук Ирандагы маданияттын өнүгүшүнө кандайдыр бир ченемде түрткү берген.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XVII к. аягы XIX к. башында Ирандын социалдык-экономикалык абалы кандай болгон?
2. Саясий түзүлүшүнө мүнөздөмө бергиле?
3. XIX к. башында Англия менен Франциянын Иранга карата кандай саясат жүргүзүшкөн?
4. Гүлстан жана Түркмөнчай тынчтык келишимдери жөнүндө айтып бергиле?
5. Бабиддер көтөрүлүшү жана Амир-Низаминин реформасы жөнүндө кошумча материалдарды пайдаланып реферат же доклад даярдагыла? Англо-иран согушу жана анын Иранга тийгизген таасири кандай болду?
6. XVII к. аягы XIX к. башында Иранда эмне себептен маданият төмөнкү деңгээлде болгон?
7. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла?

## § 26. ЯПОНИЯ

**Аймак:** Япония
**Мезгил:** XVII к. аягы – XX к. биринчи жарымы
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар:**

1603 – Токугава сегунаттыгынын түзүлүшү
1854 – АКШ менен Япониянын келишими
1868 – Мейдзи революциясы
1904–1905 – Орус-Япон согушу
1889 – Буржуазиялык конституция
1890 – Парламенттин чакырылышы

**Билим:** Токугава сегунаты жана Мейдзи революциясынын натыйжасы

**Түшүнүктөр**

- деспотия
- самурай
- сегун
- Мейдзи революциясы
- феодалдык диктатура

**Японияда бытырандылыктын жоюлушу жана борборлошкон мамлекеттин түзүлүшү. Токугава сегунаттыгы**

XVI к. экинчи жарымына чейин Япония саясий бытырандылык абалда болгон. 1580-жылы Япониянын саясий ишмеринин бири Ода Нобунага (1534–1582) өлкөнүн провинцияларынын жарымын ээлеп, өлкөдөгү бытырандылыкты жоюу максатында реформа жүргүзгөн. Япониянын толук биригүүсү Тоетоми Хидзесинин (1536–1598) башкаруусунун тушунда аяктаган. Жер мамлекетке тийиштүү болуп, жерге бекитилген дыйкандар мамлекетке жана ири феодалдарга оброк жана барщина түрүндө салык төлөшкөн. Шаарда жана соода иштеринде мамлекеттик чиновниктер тарабынан текшерүү күчөгөн. Калк социалдык жактан: ири феодалдар – даймелерге, орто жана майда аскердик феодалдар – самурайларга, ошондой эле бир жерге баш оту менен бекитилген дыйкандарга бөлүнгөн. Тоетоми Хидзеси каза болгондон кийин бийлик анын жактоочуларынын бири Токугава Иэясуга өтүп, ал 1603-жылы өзүн сегун деп жарыялаган. Ошол мезгилден тартып 1868-жылга чейин Японияны Токугава сегундарынын династиясы башкарып келди. Формалдуу түрдө мамлекеттин башчысы болуп император эсептелгени менен өлкөнү сегун башкарган. Ошентип Японияда сегунаттык формадагы аскердик-феодалдык диктатура орногон. Токугава өлкөнү башкарууга мыйзамдуу укугу болбогондуктан, анын негизги иш-аракети кандай да болсо бийликти колдон чыгарбоо болгон. Натыйжада Японияда катаал зулумдук саясат жүргүзүлгөн. Өлкө бириккенден кийин тез эле Токугава Иэясу ири атаандаштарын жок кылган. 1634-жылы сегун князьдарды үй-бүлөсү менен борборго Эно шаарына отурукташуусуна буйрук берген. Бир аз шек туудурган князьдар үй-бүлөлөрү менен жок кылынган. Японияда сегундар «жабык эшик» саясатын жүргүзүп, европалык таасирлердин киришине каршы болгон. Токугаванын тушунда реформалар жүргүзүлүп, натыйжада: самурай, дыйкан, кол өнөрчү жана соодагерлер сословиелери аныкталган. Ар бир сословиенин жашоосу катуу эрежеге салынган. Дыйкандардын жашоосу атайын мыйзамда аныктаган, ошого карабастан япондук дыйкандардын керт башы эркин болуп, жер үлүшүн ижарага алуучулар гана болуп эсептелишкен. Алар ири феодалдарга ижарага алынган жер үчүн түшүмдүн 50% берген. Мындай экономикалык түзүлүшү менен Япония чыгыш мамлекеттеринен айырмаланган. Өлкөдө буддизм жана синтоизм диндери үстөмдүк кылган. Өлкөнүн биригиши жана бир катар реформалардын жүрүшү Япониянын экономикасын чыңдаган. Ич ара согуш, ижара акысынын убактылуу төмөндөшү

10-264

айыл чарбасынын өсүшүнө түрткү берген. XVII к. айдоо жерлери 100% ке, ал эми түшүм 50% ке жогорулаган. Кол өнөрчүлүк өнүккөн, соода жанданган. Тышкы дүйнө менен байланышы аз болсо да, Японияда капиталисттик мамилелердин өнүгүшү байкалган, ал мануфактуралардын пайда болушунан көрүнгөн. Бирок XVIII к. Японияда феодалдык тартиптин үстөмдүгү, дыйкандардын көз карандылыгы экономикалык кризисти жаратты. Өндүрүш токтогон, кыштакта дыйкандар жерсиз калган. Сословиелик чектер бузулган. Дыйкандар акырындык менен айылдык орто төбөлдөргө жана жери аз ижарачылар массасына бөлүнгөн. Самурайлардын аскердик эмес иштерге өтүүсү күчөгөн. Катардагы самурайлар дарыгерге жана окутуучуларга же жөн эле ишсиз адамдарга айланган. Княздардын бир бөлүгү жер рентасынан түшүүчү кирешелер азайгандыктан мануфактураларды жана соода үйлөрүн ачууга киришкен. Экономикалык кризис XIX к. 30-жылдарында күч алган. Ушул эле мезгилдерде жакырланган дыйкандардын массалык көтөрүлүштөрү чыккан. Сегундук өкмөткө каршы көпөстөрдөн, сүткорлордон жана самурай интеллигентеринен оппозициялар түзүлгөн. Сегундардын күч кубатынын начарланышынан өлкөнүн түштүк-батышындагы княздар пайдаланышкан. Алар сегундук бийликке наразы топтордун башын кошууга аракеттене башташкан эле. Ошол мезгилде борбордук бийликтин кадыр-баркынын кетишине «Япониянын ачылышы» сокку берген. XIX кылымдын ортосунан баштап АКШ жана башка бир катар өлкөлөр Японияга соода байланышын түзүү максатын көздөп келе башташкан. Дүйнөлүк сооданын өнүгүшү жана европалык мамлекеттердин аскердик экспедициясы Япониянын ачылышына алып келген. 1853-жылы июлда Япониянын борбору Эдого америкалык төрт аскер кемеси келген. Америкалык эскадранын башкы командачысы Перри АКШнын президенти М. Филмордун катын Сегун өкмөтүнө тапшырган, анда соода байланышын түзүү талабы коюлган. Бир жылдан кийин Перри өтө күчтүү аскердик эскадра менен Япон жээгине келген. Натыйжада 1854-ж. 31-мартта АКШ менен Япониянын ортосунда «тынчтык жана достук жөнүндө» кийин 1858-ж. 29-июлда соода байланыштары жөнүндө келишимдерге кол коюлган. Мындай келишимдер европалык бир катар мамлекеттер: Англия, Россия, Голландия, Франция менен да түзүлгөн. Европалык товарлардын массалык түрдө Японияга алынып келиниши, чет элдик капиталдын кириши улуттук экономиканын төмөндөшүнө алып келди. Мисалы, 1859–1867-жылдардын чегинде тыштан келген товарлар 17 эсе өскөн. Бул дыйкандардын жакырланышына, кол өнөрчүлөрдүн бүлүнүшүнө, ал

гана эмес феодалдардын да кирешесине катуу сокку урган. Ошентип ири феодалдардын жана соода буржуазиясынын кызыкчылыгы жалпы элдин кызыкчылыгы менен бириккен. Япондуктардын сегундар өкмөтүнө жана чет элдиктерге болгон нааразылыгы күн санап өстү. Бул оор жылдарда император япондуктар үчүн улуттук кайра жаралуунун символу болуп калган.

### 1868-ж. революция жана анын натыйжасы

1867-жылы январда император Комей дүйнөдөн кайтат, такка анын мураскору жаш Муцухито (1852–1912) келет. Түштүктүн феодалдары жаңы императордун айланасына баш кошуп, сегундарга каршы күрөш ачышкан. 1868-жылы 3-январда 15 жаштагы император Муцухито принц Арисугава башында турган өкмөттү түзөт. Натыйжада Японияда 1868–1869-жылдарды кучагына алган жарандык согуш жүрүп, Токугава династиясы жетектеген сегунаттын кулашы менен аяктаган. Японияда сегундук аскердик-феодалдык диктатура кулагандан кийин капиталисттик мамилелерге өтүү үчүн бир катар буржуазиялык реформалар жүргөн. Өлкөнүн жашоосун толук өзгөрткөн, 1867-жылы эле башталган бул реформалык мезгил Мэйдзи революциясы деп аталган. Революциянын жүрүшүндө феодалдык бийлик чектелген, княздыктардын ортосундагы чек аралык тосмолор жана бажыканалар алынып салынган, орто кылымдык гильдия жана цехтер жоюлган. Чет элдик державалар менен мурдагы келишимдер күчүндө калып, алар менен соода байланышы улантылган. 1871–73-жж. арасында агрардык реформа жүрүп, анын натыйжасында ири жер ээлөө чектелип, жер ижарасынын шарты жеңилдетилген. Дыйкандар төлөгөн салыктар азайтылган, бирок ошол эле убакта алардын жикке бөлүнүүсү күчөгөн. Жакырданган дыйкандар арзан жумушчу күчүн түзгөн. Борборлошкон буржуазиялык мамлекеттик аппараттын түзүлүшүнө өлкөдө жүргүзүлгөн администрациялык, сот реформалары көмөк берген. Финансы саясатынын өзгөрүүсү менен бирдиктүү акча системасы кабыл алынган, өкмөттөн башка акча чыгаруу ишине тыюу салынган. 1872-жылы жалпы аскер милдеттүүлүгү жөнүндө мыйзам чыккан, натыйжада Японияда туруктуу армия негизделген андан тышкары европалык билим берүү мыйзамы кабыл алынган. Жогорудагылардын бардыгы келечекте Япониянын өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн.

### Япониянын ыраакы чыгыштагы эң ири державага айланышы

Япония батыштын техникалык жетишкендиктерин тез өздөштүрүп алардын державага айланышы шайкеш,

ылайыкташтырышкан, жергиликтүү жумушчу күчүн мүмкүн болушунча пайдаланышкан. Буржуазиялык экономика тез жогорулай баштаган. Япониядагы капитализмдин тез өнүгүшү аскердик иште эң үзүрлүү болгон.


Муцухито

1894–1895-жж. Кытай менен болгон согушта жеңип чыккандан кийин Япония Чыгышта Россиянын ири атаандашына айланган. 1904–1905-жж. орус-япон согушу капиталисттик тез өсүп-өнүгүүнүн артыкчылыгын көрсөттү. Япондуктар кыска убакыттын ичинде алдыңкы аскер өндүрүшүн жана эң сонун куралданган армия түздү.

Япония 1905-ж. 27–28-майда Цусима кысыгында орус эскадрасын талкалады. 1905-ж. сентябрда Портсмутта орус-япон тынчтык келишимине кол коюлду. Япония Кореядагы абалын бекемдеди, Россиядан Түштүк Сахалин жана Кытай порту Порт-Артурду ижаралоо укугуна ээ болду. Бул жетишкендиктер Японияны Чыгыштагы эң күчтүү өнөр жайлуу жана аскердик державага айландырды. 1889-ж. Муцухитонун атынан буржуазиялык конституция кабыл алынган. 1890-ж. парламент чакырылган. Парламенттин жогорку палатасы аксөөктөрдөн жана император тарабынан дайындалган адамдардан турган, ал эми төмөнкү палата болсо шайланган депутаттардан топтолгон. Парламент тарабынан кабыл алынган мыйзамдар император бекиткенден кийин гана күчүнө кирген. Ошентип Япония батыштык жана улуттук тажрыйбаларды айкалыштыруу менен Ыраакы Чыгыштагы эң күч-кубаттуу державага айланды.

### XIX к. аягы XX к. башындагы япон маданияты

Японияда буржуазиялык революциядан кийин европалашуу багыты өлкөгө кирип, батыш европалык жана америкалык маданияттын негизинде күч ала баштады. «Эркиндик жана элдердин укугу үчүн кыймыл» деген жаңы идеялар пайда болду. Көрүнүктүү ойчул Фукудзава Юнита (1834–1901) 1872-жылы жазган «Батышты сүрөттөө» жана «Илимге чакырык» аттуу эмгектеринде, европалык өлкөлөрдүн мамлекеттик түзүлүшүн, илимин жана башка жетишкендиктерин окууга, үйрөнүүгө чакырган. Фукудзава Японияда агартууну пропагандалоодо чоң роль ойногон. 1871-жылы атайы императордун буйругу менен

өлкөдө «коомду агартуу» багыты жарыяланат. Көптөгөн жаштар Европага жана АКШга окууга жөнөтүлгөн, чет элдик адистер Японияга чакырылган. 1872-жылы мектептерде реформа жүргүзүлүп, анын негизинде жалпыга милдеттүү орто билимге ээ болуу системасы киргизилген. Алгач эркек балдар үчүн мектептер болсо, 90-жылдары кыздар үчүн да окуу жайлары ачылган. Аскердик академия ачылып окутуу англис тилинде жүргүзүлгөн.

XIX к. 80–90-жж. япон адабиятында реалисттик багыт өнүгө баштаган, чет өлкөлүк адабий чыгармалар япон тилине которулган.

1874-жылы биринчи япон газетасы чыга баштап, элди маалымат менен күн сайын тааныштырып турган.

Искусство тармагы да ири жылыштар менен башталган. 1899-ж. Токиодогу «Кабукидзе» театрында биринчи япон киносу көрсөтүлгөн. 1909-ж. белгилүү режиссер Осанаи Каору (1882–1928) «Эркин театр» уюмун түзгөн. 1882-жылдан баштап эле Токиодо императордук музей негизделип, 1888-ж. Уэнодо көркөм окуу жайы ачылды.

Япон калкынын турмушунун бардык тармактарында европалык маданияттын жайылышын, алардын кийими, тамак-ашы, жүрүш-турушунан да көрүүгө болот эле. Натыйжада Японияда маданият-салты акырындык менен европалык маданиятка орун бошото баштаган.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Японияда эмне үчүн бирдиктүү мамлекет түзүү идеясы жаралды?
2. Токугава династиясы качан түзүлгөн жана сегун деген эмне?
3. Аскердик-феодалдык диктатурага кандай түшүнөсүң?
4. Тышкы саясаттагы «жабык эшик», Япониянын экономикасына кандай таасир тийгизди деп ойлойсуң?
5. Европалык мамлекеттердин Японияга умтулуусу эмне менен шартталат?
6. Мейдзи революциясы, анын мааниси?
7. Япониянын улуу державага айланышын далилдегиле?
8. Сегун, диктатура, реформа, жарандык согуш, самурай жана дайме деген терминдерди жана түшүнүктөрдү жазгыла.
9. Колдонмо дептердеги иштерди аткаргыла

# § 27. КЫТАЙ XVII К. АЯГЫ XX К. БАШЫНДА

**Аймак:** Кытай
**Мезгил:** XVII к. аягы XX к. башы
**Темалардын хронологиясы**

1644 — 1757 — 1850 — 1856 — 1905 — 1912

**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар**

1644 – Цин династиясы
1757 – Обочолонуу жарлыгы
1840–1842 – Биринчи апийим согушу
1856–1860 – Экинчи апийим согушу
1850–1864 – Тайпиндер көтөрүлүшү
1905 – «Бириккен союз»
1911 – Учандагы революция
1912 – Конституциянын кабыл алынышы

**Билим:** Кытайдын чет элдик бийликке каршы улуттук аң-сезиминин ойгонушу

**Түшүнүктөр**

- манчжурлар
- тайпиндер
- апийим согушу

### Кытай манчжурлардын бийлиги астында

XV к. баштап Кытайда кризистер байкалып, акырындык менен терең төмөндөөгө алып келген. Мин династиясынын башкаруучусуна болгон нараазылык жалпы элдик көтөрүлүшкө айланган.

Башында Ли Цзычэн турган дыйкандар көтөрүлүшү өлкөнүн тарыхындагы эң узак көтөрүлүш болуп, ал 1628-жылдан 1644-ж. чейин созулган. Пекинге келе жаткан көтөрүлүшчүлөрдү токтотууга Мин башкаруучуларынын күчү жеткен эмес. 1644-ж. жазда Ли Цзычэндин дыйкандар армиясы Пекинди ээлеп, ал өзүн император деп жарыялаган. Кытай ак сөөктөрү Түндүктөгү көчмөн манчжурлардан жардам сураган. Манчжурлардын күчтүү атчандар армиясы 1644-ж. Пекинге кирип, көтөрүлүшчүлөрдү талкалап, жаңы манчжурдук Цин (таза) династиясын негиздешкен. 1683-ж. манчжурлар бүт Кытайды өзүнө багындырган, андан кийин анын согуштук жоортуулдары XVI–XVII кк. күч алып, ири империя түзүлгөн. Ошентип Кытайдагы көп жылдык ич-ара күрөш чет элдиктердин үстөмдүгүнүн орношуна алып келген. Циндер өлкөдө саясий гана бийликти колго алып, ал эми экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдөгү салттык эрежелерди өзгөртүүсүз сактап калган. Манчжурлар кытай маданиясы-


тын кабыл алган, ал гана эмес өздөрүнүн тилин да унутушкан. Кытайда жер жеке менчикке таандык болгон, бирок калктын көпчүлүгүнөн улам жер ээликтери түзүлгөн эмес. Феодалдардын орточо жер ээликтери 36 га, ал эми дыйкандардын жер үлүшү 0,3–0,6 га болгон. Көпчүлүк дыйкандар феодалдын жерин ижарага алып, алынган түшүмдүн 70% ке чейинкисин ижара акысына беришкен. Кытайда экономикалык жана социалдык турмуштун негизин тууган-туушкан үй-бүлөлөрдөн турган жаамат түзгөн. Жаматтык жерлер орток жана жеке жерлерге бөлүнгөн. Орток жерден алынган киреше айылдык мектепке, храмдарга ж. б. жардам көрсөтүү максаттарына жумшалган. Жеке менчиктеги жерлерди сатууга же ижарага берүүгө мүмкүн эле. Иштетилүүчү жердин бир аз бөлүгү мамлекетке тиешелүү эле. Кытайда артыкчылыктуу сословие манчжур баскынчылары болгон. Экинчи иерархиялык тепкичте шэньши (окумуштуулар) турган алардан чиновниктер дайындалган. Ар бир кытай шэньши боло алган, ал үчүн окумуштуулук даражага ийгиликтүү экзамен тапшыруу жетиштүү болгон. Ошол мезгилде феодал жана дыйкан бир сословиени – жер ээлөөчүлөр сословиесин түзүп, эмгек милдеткерликтерин аткарууга милдеттүү болгон. Кол өнөрчүлөр менен соодагерлер бир сословиеге кирген. Сословиеден тышкаркылар жакырлар жана кулдар болуп эсептелген. Цин Кытайынын саясий түзүлүшү чексиз монархия болгон. Бүткүл бийлик императордун колунда болгон. Император кудай менен теңештирилип, анын жүзүн көрүүгө жана ысмын атоого тыюу салынган. XVII–XVIII кк. кытай өкмөтүнүн тышкы саясаты агрессиялуу мүнөздө болгон. Батыштагы жана Түштүк-батыштагы: Монголия, Чыгыш Түркстандагы Жунгар хандыгы жана Кашкар басылып алынган. Түштүк-батышта Тибет XVIII к. күч менен каратып алынган, бир гана Индокытай өлкөлөрү Бирма жана Вьетнам баскынчыларга катуу каршылык көрсөтүп, аларды Циндер багындыра алган эмес. Баскынчылык саясаттын натыйжасында Кытайдын аймагы өтө кеңейген. Бул жерлерди кармап туруу үчүн казынага түшкөн салыктын үчтөн бир бөлүгү кеткен.

1757-ж. Циндер Кытайды башкалардан, баарынан мурда батыш европалык өлкөлөрдөн обочолонуу саясатын негиздеген жарлык чыгарган. Бүткүл тышкы сооданы цин бийлигинин контролдугу астында, Кантон аркылуу гана жүргүзүүгө уруксат берилген. Чек араларды кармап турууга көп каражат жумшоо жана обочолонуу саясаты XVIII к. IV чейрегинде экономикалык кризистин белгилерин пайда кылып, социалдык абал кыйындаган. Жер ээлөөчүлөргө жана кол өнөрчүлөргө салынган салык

көбөйгөн. Жер жетишпей ижара шарттары начарлаган. Айылдык кедейлер жакырланып, жерсиз эмгекчилерге айланган. Борбордук бийлик бул процесстерди токтото алган эмес.

### Апийим согуштары жана Кытайдын жарым колонияга айланышы

Англиялык соодагерлер Индиядан мыйзамсыз түрдө Кытайга апийим алып келе баштаган. Массалык түрдө баңги заттарынын алынып келиши, өлкөдөгү күмүштүн тышка ташылып кетишине жана кылмыштуулуктун өсүшүнө алып келген. Богдыхан Цзян бир нече жолу апийим алып келүүгө тыюу салган. Бирок англичандар контрабандалык жол менен апийим алып өтүүнү токтоткон эмес. 1839-ж. кытай өкмөтү Кантондогу европалык соодагерлерден апийимдин запастарын бийликке өткөрүп берүүсүн талап кылган. Өкмөттүк катуу ишчаралардан кийин алар 20 миң ящик апийимди өкмөткө тапшырган. Бирок бул проблеманы чечкен эмес. 1839-ж. ноябрда англиялык кемелер кытайлык сакчы кемелерге карай ок аткан. Циндер Англия менен болгон соода байланышын токтоткон. Бул жаңжалдын негизинде 1840-ж. июнда жарыяланбаган апийим согушу башталган. Күчтүү куралданган англиялык армия 1842-ж. июнда Шанхайды ээлеп, Нанкинге жакындаган. Кытайлыктар 1842-жылы 29-августа өздөрү үчүн оор келишимге кол коюуга аргасыз болушкан. Мындай теңсиз келишимдин натыйжасында кытайлык беш порт ачылып, Гонконг баскынчыларга түбөлүк берилип, Кытай англичандарга 21 миллион доллар контрибуция



Кантондун ачылышы


төлөөгө тийиш болгон. Кытай жарым колонияга формалдуу түрдө өз алдынча, бирок бир кыйла деңгээлде экономикалык жана саясий жактан капиталисттик державаларга көз каранды өлкөгө айлана баштаган. 1856–1860-жж. жаңы апийим согушу башталды. Англиялык жана Франциялык бириккен аскерлер Пекинге кире бериште кытайлыктарды талкалап, аларды кайрадан оор келишимдерге кол коюга мажбур кылган.

### Дыйкандар согушу жана тайпиндер мамлекети

Цин өкмөтүнүн чет өлкөлүк агрессияга сокку берүүгө жөндөмсүздүгү, улуттук аң-сезимдин басмырлануусу, жеңүүчүлөр тарабынан салынган контрибуцияны төлөө үчүн жаңы салыктардын киргизилиши, ижара акысынын өсүшү, чет өлкөлүк товарлардын жергиликтүү кол өнөрчүлөрдүн жакырдануусуна алып келиши 1850-ж. кубаттуу дыйкандар согушунун чыгышына алып келди. Бул түштүктө башталган көтөрүлүштүн башында айылдык мектеп окутуучусу Хун Сюцюань турган. Ал жалпы тең укуктуулук идеясын тараткан жана «Улуу жыргалычылыктын асман мелжиген мамлекетин» түзүүгө чакырган (кытайча «Тайпин тяньго»). Ошондуктан дыйкандар согушунун катышуучуларын *тайпиндер* деп аташкан. Дыйкан тайпиндер күчтүү армияны түзүшкөн, ал Кытайдын борбордук провинцияларын көздөй тез жүрүш жасап, 1851-ж. аягында саны 50 миң адамды түзүп, тынымсыз өскөн. Көтөрүлүшчүлөр Янцзы дарыясына чыгышып, андагы Нанкин шаарын ээлешкен. Нанкинде Тайпиндер мамлекети түзүлүп, Хун Сюцюань император деп жарыялан-



Тайпиндердин отряды салгылашып жатат




Кытай XIX к. биринчи жарымында.
1850–1864-жылдардагы тайпиндер көтөрүлүшү

ган. Тайпиндер дыйкандардан алынуучу салыктарды жана ижара акысын төмөндөткөн. Бардык элдин эмгектенүүгө милдеттүүлүгү жарыяланган. Адамдардын тең укуктуулугуна жетишүүгө умтулушкан. Тайпиндер ээлеген аймактарда катуу көзөмөлдөө жүргүзүлгөн. Турмуш-тиричиликтеги катаал талаптар тайпиндердин ичинде наразылыктарды жараткан. 1856-ж июнда эң көрүнүктүү өкмөт башчысы жана колбашчы Ян Сюцин кутумчулар тарабынан өлтүрүлгөн. Нанкинде өз ара согуш башталып, бир нече миң тайпиндер жана анын душмандары курман болгон. Бул тайпиндерди өз ара жаатташтырып, акырындык менен көтөрүлүшчүлөрдүн мамлекети начарлай баштаган. Богдыхандын армиясы англичан, фран-

цуз жана америкалык отряддардын жардамы менен 1864-ж чабуулга өтүп, Нанкин шаары басып алынган. Тайпиндердин негизги күчтөрү талкаланган, ал эми Хун Сюцюань душмандардын колуна түшүүнү каалабай өз өмүрүн кыйган.

### Демократиялык кыймылдын пайда болушу. Сунь Ятсен

Кытайда батыш державаларынын таасиринин өсүшү, чет элдик капиталдын кеңири кириши өлкөдө буржуазиялык өнүгүүнү тездетти. Манчжурлардын бийлиги бошоңдой баштады. Коомчулукта жаш улуттук интеллигенция Кытайдын көз каранды эместигин калыбына келтирүү чакырыгы менен чыга баштаган. Кытайда жаңы улуттук кыймыл жаралган. Бул кыймылдын башында улуттук лидер жаш врач Сунь Ятсен (1866–1925) турган. 1905-ж. башында Сунь Ятсен «Бириккен союз» коомун түзгөн. «Бириккен союздун» программасында «элдик үч принцип» – улутчулдук, демократия, элдин жыргалчылыгы жарыяланган. Коомдун негизги милдети манчжур династиясын кулатуу жана буржуазиялык демократиялык республиканы орнотуу болгон. 1911-жылы октябрда Учанда циндерге каршы көтөрүлүш чыгат. Ал тез эле бүт өлкөгө тарап, буржуазиялык революциялык мүнөзгө айланган. Манчжур династиясынын ар кандай жеңилдиктерге баруу жөнүндөгү сүйлөшүүлөрүнөн майнап чыккан эмес. 29-декабрда көтөрүлүшкө чыккан провинциялардын делегаттары Нанкинде чогулушуп, Кытай республикасын жарыялашкан, анын президенти Сунь Ятсен болгон. Жарым жылдан кийин анын ордуна революциянын либералдык канатынын лидери Юань Шикай президент болот. 1912-жылы августта Бириккен союз либералдар менен биригип, жаңы Гоминьдан партиясы түзүлөт. Юань Шикайдын жетекчилигинде Кытай конституциясы кабыл алынып, анда президенттин укуктары кеңейтилген. Конституциянын жарыяланышы Кытайдын келечеги үчүн чоң мааниге ээ болгон.

### XIX к. аягы XX к. башындагы Кытай маданияты

Кытайдагы орошон окуялар өз мезгилинде маданий турмуштун бардык жагында өзгөрүүлөрдү алып келди. «Жаңы илим» багыты пайда болду. Ал дүйнөлүк цивилизациянын жетишкендиктерин кытай коомунда жайылтууу, табийгый жана так илимдерди, чет тилдерди окууну пропагандалаган. 1898-ж Пекин университетинин ачылышы «Жаңы багыттын» жетишкендиги болгон. Көптөгөн студенттер чет өлкөлөргө жөнөтүлүп, мектептерде англис тилин үйрөтүү күч алган.

Кытай адабияты жана искусствосундагы өзгөрүүлөр коомдун алга жылуусун шарттады. 1874-ж. Ван Таонун жетекчилиги астында «Сюньхуань жибао» газети чыккан.

Көркөм адабиятта антиимпералисттик мүнөздөгү, терең патриоттук чыгармалар пайда болду. Жазуучу жана окумуштуу Хуан Цзун Сянгонун (1848–1905) чыгармалары мына ушундай мүнөздө болгон. Анын патриоттук поэтикалык чыгармалары адабияттын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Дагы бир көрүнүктүү жазуучу Ли Баоцзянын «1900-жылкы көтөрүлүш» деген романы антиимпералисттик багытта жазылган. 1903-ж. Кытайда биринчи жолу кинофильм көрсөтүлгөн.

XX к. биринчи чейрегинде Кытайда «жаңы маданият үчүн кыймыл» багыты күч алган. Анын жактоочулары батыштын идеологиялык жана этикалык концепцияларын, адабият жана искусствосун окуп үйрөнүүнү алдыларына максат кылып койгон. Бул багыттын негизги бөлүгүн «адабий революция» түзгөн. Басмаканалар, адабий бирикмелер жана чыгармачыл топтор пайда боло баштаган. Кытай маданияты жаңы багыты акырындык менен көтөрүлө берген.

## ДОКУМЕНТТҮҮ МАТЕРИАЛДАР

### Тайпиндердин көргөн иш чаралары ( 1853-ж. мыйзамы)

1. «Эркек аял дебестен, бардык жер жан башына бөлүнөт»
2. «Асман астындагы бардык талааларды Асман астында туруучулардын бардыгы иштетишет» (башкача айтканда, жер алууга ар ким укуктуу деп айтылган)
3. «Эгер жер болсо, ал биргелешип иштетилет: эгер тамак болсо, биргелешип ичип желет: суу болсо, биргелешип ичилет: акча бар болсо, биргелешип чыгымдалат. Бардык жерде тең бөлүү керек, ар кимдин курсагы ток, кайгысы жок болууга тийиш».

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Качан жана кандай шарттарда Кытайда Цин династиясы орногон?
2. XVII–XVII кк. Циндердин ички жана тышкы саясатына мүнөздөмө бергиле.
3. Эмне үчүн Кытай XVII–XVIII кк. «обочолонуу» саясатын жүргүзгөн, сенин оюн кандай?
4. Кытайдын апийим согуштарындагы жеңилиштеринин себептери эмнеде?
5. XIX к. Кытайдын жарым колонияга айланышын ырастай аласыңбы, өз жообуңду далилде.
6. Тайпиндер көтөрүлүшүнүн себептери эмнеде? Эмне үчүн жеңилип калды, себептерин аныктагыла.
7. Сунь Ятсендин демократиялык үч принцибин кандай түшүнөсүң? Алар кытай элинин кайсы катмарларына арналган?
8. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 28. ИНДИЯ XVII К. АЯГЫ XX К. БАШЫНДА

**Аймак:** Индия
**Мезгил:** XVII к. аягы – XX к. башы
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**
**Негизги даталар**

1526 – Улуу могол династиясы
1757 – Ост-Индия компаниясынын Индияга ээ болушу
1857–1859 – Сипайлар көтөрүлүшү
1885 – Индия улуттук конгрессинин түзүлүшү
1907 – ИУК съезди

**Билим:** Улуу моголдор жана Британиялык колония мезгилиндеги Индия
**Түшүнүктөр**

- аскердик лендик система
- раджалар
- мээлүүндөр
- сипайлар
- четкилер

### Улуу Моголдор державасы жана анын кулашы

XVI к. башында Индиянын түндүгүндө күчтүү мусулман Могол империясы түзүлүп, XVII к. Индиянын түштүк бөлүгүнүн кыйла чоң бөлүгүн ээлеп алган. Державанын негиздөөчүсү теги кыргызстандык Ош жана Анжиянды башкаруучунун уулу, Тимуриддердин урпагы Бабур (1483–1530) болгон. Ал 1526-ж. Делини басып алып, Улуу Могол династиясына негиз салган. Ошентип, Индияда Кытай сыяктуу эле бийликтин башына чет элдиктер келген. Моголдордун бийлиги Акбар (1452–1605) бийлеген мезгилде бекемделген, борбор Агра шаарына көчүрүлгөн, Гуджарат жана Бенгалияны басып алуу аяктап деңизге чыгууга мүмкүнчүлүк ачылган. Империянын түзүлүшү менен Индияда ал-абал жакшырып, ичара согуштар токтогон, өлкөнүн райондорунун борборлорунун ортосунда соода жөнгө салынган. Индиянын ички чарбасына басып алуучулар ири өзгөртүүлөрдү киргизген эмес. Индиялыктар өз каада-салттары менен жашашкан. Индиялык жамаат сакталып калган. Маңызы боюнча индия жамааты мамлекеттин ичиндеги мамлекет болуп эсептелген. Жамааттардын өздөрүнүн кол өнөрчүлөрү жана жер ээлөөчүлөрү, өздөрүнүн полициялык башчысы, айыл аксакалы, соту, ал гана эмес өздөрүнүн храмы болгон. Жамаат менен мамлекеттин байланышын салык гана түзгөн. Индиядагы Могол доору өнүккөн феодалдык мамилени өнүктүргөн. Аны борборлошкон бийлик бекемдеп, жөнгө салган. Индиядагы жердин көпчүлүк

бөлүгү мамлекеттик менчик деп жарыяланган. Мамлекеттик жер фондусун бардык басып алынган жерлер түзгөн. Түшүмдүн үчтөн бири мамлекеттин пайдасына алынган. Феодалдык рента мамлекеттик салык түрүнө ээ болгон. Пайдаланылган бардык түшүмдүү жерлерге империянын финансылык ведомствосу көзөмөлдүк жүргүзүүгө милдеттүү эле. Акбардын тушунда борбордук аймактардагы дыйкандар салыгы акчага алмаштырылып, рыноктук мамилеге өтө баштаган. Ири мамлекеттик жер фондусу аскердик-лендик системаны жараткан. Башкаруучулар өлкөнүн жерлерин жагирлерге аскер кызматы үчүн бере баштašкан. Алган жерден түшкөн кирешелерге жагирлер аскер отряддарын кармап турууга милдеттүү болушкан. Империяда жагирлерден тышкары ири жеке жер ээлери феодал-заминдарлар болгон. Шейх жана мусулман өкүлдөрүнүн жетекчилеринин да жеке жерлери болгон.

Кол өнөрчүлүк гүлдөп өнүгүп, токуу өнөрү өзгөчө барктальган. XVII к. өлкөнүн экономикалык борбору Бенгалия болгон. Ал жерде кездеме токуу, тамеки жана селитра өндүрүү жакшы жолго коюлган. Гуджаратта кеме куруу өнүккөн. Мадрас түштүктөгү токуу борбору болуп калган. XVII к. башында Улуу Могол империясынын алгачкы кризиси байкала баштаган. Жагирлер аскер кызматы үчүн алынган жерлерди мураска калтыруу талаптарын ишке ашырууга умтула баштаган. Диний касташуулар күч алган. Падыша Аурангзебдин (1658–1707) тушунда анын туура эмес жүргүзгөн саясатынын натыйжасында империя төмөндөй баштаган. Падыша индустарды жана шейиттерди куугунтукка алган, музыкага, живописке жана бийге тыюу салынган. Мусулман эместер салыгы кайрадан киргизилген. XVII кылымдын экинчи жарымында Түндүк Индияда антимоголдук көтөрүлүштөр башталган. 1858-жылы империя жоюлган, бирок моголдор Түндүк-чыгыш Индияда бийлик жүргүзүүсүн улантышкан.

### Европалыктардын келиши. Британиянын колониялык үстөмдүгүнүн орношу

Индиянын жомоктогудай байлыгы жөнүндөгү аңыз кеп байыртадан эле европалык мамлекеттердин бүйрүн кызытып келген. XVII кылымдын биринчи жарымында англиялык Ост-Индия компаниясынын өкүлдөрү Индиянын ири порт шаарларына келе баштаган. Калькутта, Мадрас, Бомбейде англиялык соода компаниясынын соода факториялары түзүлүп, алар ири бийликке ээ болушкан. Бул факторияларда анча чоң эмес аскер гарнизондору болгон. 1757-жылдан тартып англиялык Ост-Индия компаниясы

Индиянын толук кожоюнуна айлана баштаган. Ост-Индия компаниясынын ээликтери улам кеңейе берген. Индустардан турган жалданма армия түзүлүп ал – сипайлар деп аталган. Англиялык офицерлер жетектеген сипайлар компаниянын кызыкчылыгын коргогон. Жергиликтүү башкаруучу раджалар формалдуу түрдө бийликте калып, англичандарга толук көз карандылыкта болушкан. Компаниянын администрациясы ар түрдүү салыктарды киргизип, өлкөнүн кен байлыктарын талап-тоной баштаган. 1773-жылы Англия парламенти Индиядагы Ост-Индия компаниясынын бийлигин мыйзамдаштырган. Компания байыган сайын жергиликтүү калктын наразылыгы да өсө баштаган.

**1857–1859-жж. сыпайлардын көтөрүлүшү**

Колонизаторлордун эксплуатациясына жооп катары ар кайсы жерлерде көтөрүлүштөр чыккан. 1857–59-жж. элдик көтөрүлүш өлкөнүн бир кыйла бөлүгүн кучагына алган. 1857-ж. англичандар жаңы үлгүдөгү окту колдонууга өтүшкөн. Алар уй менен чочконун майына майланган. Сипай аскерлеринин арасында индус жана мусулмандар болгон. Биринчисине уй ыйык болсо, экинчисине чочко дин тарабынан тыюу салынган айбан болгон. Натыйжада ар диний топтордогу сипайлардын наразычылыктары бирдей болуп чыккан. 1857-жылы 10-майда Делиге жакын жерде сипайлардын үч полку көтөрүлүшкө чыккан. Ал тез эле башка сипай аскерлеринин бөлүктөрүнө тарап, көтөрүлүшчүлөрдүн саны 230 миң адамга жеткен. Көтөрүлүшчүлөр



Делинин алдындагы салгылашуу. 1857-ж.




Индиядагы 1857–1859-жылдагы элдик көтөрүлүш

Делини ээлеп, могол империясынын императору Бахадур-шах IIни такка отургузушкан. Сипайларды жалпы эл колдоп чык-кан. Бул көтөрүлүш тышкы баскынчыларга каршы чыныгы бош-тондук согуш болгон. Англичандар болгон күчүн жумшап, сен-тябрь айында Делини көтөрүлүшчүлөрдөн бошоткон. 1859-жылы жазда англичандар жаңы күчкө ээ болуп, көтөрүлүшчүлөрдү би-ротоло талкалаган. Көтөрүлүштүн түздөн-түз натыйжасында Лон-



Туткундалган сипайлардын англичандар тарабынан атылышы

дондо парламент Индиядагы Ост-Индия компаниясын башкаруу укугунан ажыраткан. 1858-ж. июлда эле парламент Индияны Англия мамлекетинин колониясы деп расмий түрдө жарыялаган. Көтөрүлүштөн кийин англиялык парламент Индиядагы колониялык саясатын жумшарткан. 1859-жылы өлкөдө чектелген жер реформасы жүргүзүлгөн. Салыктар жеңилдетилген, кээ бир дыйкандар топтору туруктуу ижара жерлерине ээ болушуп, аны сатууга же башкаларга ижарага берүүгө укук алышкан. Өлкөдө темир жол куруу күч алган. Ал XIX кылымдын аягында 30 миң километрди түзгөн. Ошентсе да өлкөнүн көпчүлүгүн түзгөн дыйкандар барган сайын жакырданышкан. XX кылымдын башында Индия өнөр жайы жаңыдан өнүгө баштаган жакыр, агрардык өлкө болгон.

### Индия XX кылымдын башында

Англиялык саясат жана европалык маданияттын күч менен кириши акырындык менен Индияда буржуазиялык укладды пайда кылып, Индияда улуттук буржуазия жана интеллигенцияны түзгөн. 1885-ж. аягында Бомбейде буржуазиялык саясий уюм – Индия улуттук конгресси түзүлгөн. Анын башкы урааны колониялык режимге каршы тынчтык оппозициясын түзүү болгон. ИУК көп убакыт бою жалпы эл массасынан алыс болгон. Бирок акырындык менен алардын пропа-

гандасы күч колдонбоо акциясына (англиялык товарларга бойкот жарыялоо, атайы улуттук кийимдерди кийүүгө өтүү ж.б.) өтүп, уюмду жактоочулар көбөйө баштаган. ИУКтун солчул канатынын лидери юрист Балгангадхар Тилак (1856–1920) калк арасында өтө белгилүү болгон жана ИУКтун кадыр-баркын көтөргөн. 1907-жылы декабрда ИУКнын кезектеги съездинде ИУК расмий түрдө экиге бөлүнөт: «чечкиндүүлөр» жана «солгундар». «Чечкиндүүлөр» Тилактын жетекчилигинде антиколониялык чыгууларды уюштурган, бирок көп өтпөй эле Тилак баш болгон лидерлер түрмөгө камалган. Өлкөдө массалык демонстрациялар жана иш таштоолор күч алган. Ал кийинчерээк полиция жана англиялык армия менен кандуу кагылышууга чейин жеткен. 1914-ж. августа ИУКтун лидерлеринин бири Мохандас Ганди Индия элинин боштондук күрөшүнүн жаңы жетекчиси болуп калган. Саясий уюмдун ийгиликтүү иш-аракеттери ушул адамдын ысмына байланышкан. ИУКтун ишинин жогорку чекке жетиши соңку жаңы тарыхтын мезгилине туш келет.

**XIX к. аягы XX к. башындагы Индиянын маданияты**

Колониялык Индиядагы капиталисттик мамилелердин өнүгүшү коомдогу саясий-социалдык турмушту өзгөртүү менен өлкөнүн маданий жашоосуна да чоң, таасир тийгизген. Илим, адабият, искусство өнүгүү жолуна түштү. XIX к. гуманитардык илимдер – санскритология, археология, тарых өнүктү. Индияда өз таасирин бекемдөө максатында англичандар Индия коомун европалаштырууга умтулду. Бирок алар байыркы Индия маданияты жана жергиликтүү салт менен эсептешкен эмес. Ошондой болсо да европалык цивилизациясынын жайылуусуна кадам ташталды. 1835-жылы англичандар тарабынан билим берүү тармагында реформа жүргүзүлдү. Орто мектептер ачылып европалык программанын негизинде окуу процесси башталды. Калькутта, Мадрас жана Бомбей жогорку окуу жайлары 1857-ж. ачылып, анда окутуу англис тилинде жүргүзүлгөн. Европалык билимге ээ болгон интеллегенция тобу өлкөнүн экономикалык артта калуусун касталык бөлүнүүдөн жана катаал салттардан көрө баштаган. Ата-мекенинин патриоту белгилүү инсан Рам Мохан Рай (1772–1833-жж.) өлкөдөгү касталык бөлүнүүнү жана башка катаал салттарды жок кылууга умтулгандардын башында туруп, өз өмүрүн Индияны агартуу ишине арнаган. 1821-ж. Рам Мохан Рай алгачкы газетаны негиздеп, ал англис жана бенгал тилдеринде чыгып агартуучулук тармакта зор ролду ойногон. Адабият жаатында колония-

лык абалга жана империализмге каршы чыгармалар XX кылымдын башында пайда боло баштаган. Алсак, британдык колониялык режимдин жана улуттук эзүүнүн душманы, атактуу жазуучу Дханпатрай Ширивас (1880–1936) 1909-ж. биринчи жарымында чыгармалар жыйнагын чыгарган, андагы «Ата-мекенди сүйүү» аңгемеси буга күбө болот. Живопись тармагында көрүнүктүү живописчи Рави Варма (1848–1906) жана анын шакирттеринин чыгармалары улуттук-боштондук күрөшүнүн багытын чагылдырышып азыркы улуттук искусствого негиз салышкан. XX к. башында Калькуттада Виктория мемориалы, Бомбейде Альберта музейи ачылган. Маданият жана искусствонун прогрессивдүү ишмерлери өздөрүнүн чыгармаларын индия элинин көз каранды эместик үчүн күрөшүнө арнашкан.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XVI кылымдарда Индиядагы улуу моголдор империясынын саясаты кандай болгон?
2. Улуу моголдордун империясынын кыйрашынын себеби эмнеде болгон?
3. Индияга Ост-Индия компаниясы кандай турмуштук өзгөртүүлөрдү алып келди?
4. Сипайлардын көтөрүлүшү жана анын жүрүшү жөнүндө айтып бер.
5. XIX кылымдагы англиялык парламенттин Индиядагы колониялык саясатына мүнөздөмө бер.
6. ИУКтун иши жөнүндө эмне билесиң?
7. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 29. АФРИКА

**Аймак:** Африка
**Мезгил:** XVIII к. аягы XIX к. башы
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар**
1847 – Алжир көтөрүлүшү
1867 – 1868 – Эфиопия-Англия согушу
1869 – Суэц каналынын курулушу
**Билим:** Африкадагы улуттук боштондук кыймылдар
**Түшүнүктөр**

- африканерлер
- бурлар

**Африканын жаңы доордогу саясий картасы**

Африканын Түндүк бөлүгүнөн, Сахаранын түштүк бөлүгүнө чейин орто кылымдардан тартып араб жана бербер калкы басымдуулук кылат; анда эфиоптор, башка элдер да жашайт. Судандын Түндүк бөлүгүнүн жана Сомалинин калкы – эфиоптордун өң-түстөрү европалыктарга окшош. Бирок чачтары кара түстүүлөрдүкүндөй тармал. Континенттин калган бөлүгүнүн көпчүлүгүндө кара расадагы элдер жашайт. Мадагаскар аралындагы негизги калк – Индонезия калкына тектеш малагасийликтер. Араб халифаты талкаланып жок болгондон кийин Африканын Түндүгүндө бир катар феодалдык мамлекеттер, анын ичинде Египет, Ливан, Тунис, Алжир жана Марокко сакталып калган. Мароккодон башкасы XVI к. Осмон империясына баш ийдирилген. Ошондой болсо да, XVII к. анын бийлиги начарлаган жана чындыгында ал жердеги башкаруучулар жергиликтүү ири феодалдар болушкан.

Эфиопиялык княздар өз алдынчалыгын сактап калышкан. Конго бассейнинде, Чад көлүнүн аймагында, Инди океанынын жээгинде Гвинея булуңунун жээгинде жана андан Түндүктө бир катар байыркы мамлекеттер пайда болгон. Аларда бир кыйла деңгээлде урук-уруу мамилелери сакталып калган. Материктин түпкү аймактары менен Түштүгүндөгү уруулар жана элдер алгачкы жамааттык түзүлүш шарттарында жашашкан.

Африка мамлекеттери менен ири уруу бирикмелеринин белгилүү жалпы таанылган аймактары болгон эмес. Алардын көпчүлүгүнүн ортосунда тигил же бул аймакка ээ болуу үчүн тез-тез согуш чыгып турган.

Африка дүйнөлүк маданиятка өзүнүн сүрөт искусствосу, өзгөчө жыгачка оюу салуу боюнча баалуу салым киргизген. Африка элдеринин байыркы эстеликтери – байыркы Зимбабве шаарынын калдыктары, Бениндин статуялары жана миңдеген башка эстеликтер буга күбө болот. Бул континент европалыктарды байыртадан эле өзүнө тартып, кызыктырып келген.

**Европалыктардын басып алуулары**

Африкадагы колониялык басып алуулар португалиялыктардын XV кылымда Атлантиканын жээгинен чакан аймакты басып алуусунан тартып башталган, ал жер кийинки басып алуулар үчүн база болгон. Африканын аймагына тереңдеп кирүүгө жасалган аракеттер жергиликтүү калктын каршылык көрсөтүүсүнүн натыйжасында ийгиликсиз аяктаган.

XVII к. англиялыктар, француздар жана голландиялыктар Алтын жээкке (азыркы Гана) бекем орношуп алышкан. Француздук отряд Сенегал дарыясынын чатына форт негиздеген. Голландиялыктар Ыйык Үмүт тумшугун басып алышып, Кап колониясын түзүшкөн. Африканын Түштүгүндө европалыктардан, негизинен голландиялык колонисттерден – бурлар деген же азыркы кезде «африканерлер» деп аталган өзүнчө элдер түзүлгөн. Алар жергиликтүү калктын жерлерин басып алышкан, алардын малын олжолоп, өздөрүн кулга айландырышкан.

Кап колониясын Англия басып алгандан кийин бурлардын көп бөлүгү Түндүк чыгышка Ореанжевая жана Вааль дарыяларын көздөй жылышкан. Кара түстүү африкалыктардан тартып алынган аймакта бурлар Ореанжевая жана Трансвааль республикаларын негиздешкен.

Колонисттер Европага пил сөөгүн алып кетип турушкан, ал үчүн пилдердин сансыз үйүрлөрү кырылган, алтын, алмаз жана башка асыл таштарды да алышкан. Кулдукка сатуу үчүн кара түстүү африкалыктарды кармап кетүү баюунун башкы булагы болгон.

XVIII к. баштап Африкадагы колониялык саясат өзгөргөн. Батыш Европада жана Түндүк Америкада капитализмдин өнүгүшү менен колониялык басып алуулардын максаттары өзгөрдү. Африка колонияларынан кулдарды эмес, пил сөөктөрүн, айыл чарба продуктылары менен өнөр жай үчүн сырьёлорду, алмаз менен кымбат баалуу металлдарды алуу улам барган сайын чоң мааниге ээ болгон. Бул англиялык жана француздук колонизаторлор үчүн түрткү болуп, алардын арааныи ачкан. Африкадан таяныч ордун эптеп табууга АКШ да аракет кылган. Алар Африкага кулчулуктан бошотулган кулдарды жиберишип, аларды жайгаштыруу үчүн Гвинея булуңунун батыш бөлүгүнөн чакан аймакты сатып алышкан, ал жер кийин башка жерлерди да басып алуунун эсебинен кеңейтилген. 40-жж. бул аймактар АКШнын таасири астында болгон Либерия республикасы деп жарыяланган.

### Колонизаторлорго каршы чыгуулар

Баскынчыларга каршы африканын эркиндикти сүйгөн элдери боштондук көтөрүлүшүнө чыгышкан. Найза, жаа, жебе менен куралданышкан чачкын африкалыктар ок атуучу куралдар менен куралданышкан колонизаторлорго каршы жан аябай күрөшүшкөн. Бирок бул аракеттер текке кетип дайыма, жеңилүү ызасын тартышкан. Ошого карабастан күрөш күч алып турган.

Анголада XV к. аягы жана XVIII к. баш ченинде калк португалиялык баскынчылар менен партизандык күрөш жүргүзгөн. Легендалар менен элдик уламыштар португалдык колонизаторлорго каршы куралдуу көтөрүлүштөрдүн башында турган эр жүрөк башкаруучу Анна Нзин жөнүндө баяндайт.

XVIII к. аягынан тартып каршылык көрсөтүү бир кыйла уюшулган түргө өтүп күч ала баштаган. Көпчүлүк африкалыктар ок атуучу куралдарга ээ боло баштаган. Мисалы, түштүк Африканын жергиликтүү калкынын коса жана зулу уруулары бүтүндөй жүз жыл бою бурларга каршы, андан кийин англиялыктарга каршы кандуу согуштарды жүргүзгөн.

XVIII к. жана XIX к. чегинде Египетте мамлюк-аскерлери жана жергиликтүү калк өлкөгө басып кирген Наполеон Бонaparттын француздук армиясына каршы күрөшкө катышкан. Француздук аскерлердин калдыктары капитуляциялангандан кийин египеттиктерге англичандарды кууп чыгуу үчүн күрөшүүгө туура келди. Египет формалдуу түрдө Осмон империясынын жогорку бийлиги астында болгон, бирок чындыгында дээрлик толук өз алдынчалыгын сактап калган. Бирок бийликте турган феодалдар көбүнчө элге каршы саясат жүргүзүп турушкан жана



Британдык аскерлери менен зулу урууларынын ортосундагы согуш

Франция менен Англиянын Египетти экономикалык эзүүсүнө көмөктөш болушкан. Египеттик хедив (башкаруучу) француз капиталисттерине Суэц каналын казууга концессия берген. Жумуш 11 жылга созулган. Анын курулушуна айдалган дыйкандардын 120 миңи аёсуз эмгек азабынан өлгөн. Канал 1869-ж. ишке берилген.



Абдэль-Кадыр

Баскынчыларга каршы улуттук-боштондук күрөш жүргүзгөн Алжирдин калкы француздук колонизаторлорго жан аябай каршылык көрсөткөн. Алжирдин батыш бөлүгүндөгү уруулардын башында арабдардын көрүнүктүү жол башчысы Абдэль-Кадыр турган. 1847-ж. Абдэль-Кадырдын отряды курчоого алынып, өзү алдоо менен туткундалган. Бирок арабдар менен берберлер ондогон жылдар бою баскынчыларга каршы партизандык согуш жүргүзүшкөн. Марокконун калкы өлкөнү түп көтөрө жойлогон португалиялык, испандык жана француздук колонизаторлорго ийгиликтүү каршылык көрсөтүшкөн. Африканын байыркы мамлекеттеринин бири Эфиопия арабдарга, түрктөргө, португалиялыктарга каршы көз каранды эместик үчүн узакка созулган күрөш жүргүзгөн. XIX к. ортосунда Эфиопия кайраттуу жана эр жүрөк император Теодрос Пинин бийлиги астында бириктирилген. Борбордук бийликтин чыңдалышына наааразы болгон князьдар менен жең ичинен келишип алган Англия Эфиопияга каршы согуш (1867–1868-жж.) ачкан. Императордун аскерлери жеңилип калган. Бирок жалпы элдик көтөрүлүштүн коркунучу астында англичандар өлкөнү таштап кетүүгө аргасыз болушкан. Эфиопия өзүнүн көз каранды эместигин сактап калган.

Колонизаторлор Африканын аскердик-техникалык артта калгандыгынан, анын элдеринин байланышынын жоктугунан, көптөгөн феодалдар менен уруу башчыларынын элдин кызыкчылыктарына чыккынчылык кылышынан пайдаланышкан. Бирок элдин каршылык көрсөтүшүнүн натыйжасында европалыктар континенттин аймагынын 11%ин гана басып алууга жетишишкен. Элдик боштондук кыймылдын салт-санаасы, анын баатырлары жөнүндөгү уламыштар африка элдеринин эстеринде сакталат.

XIX к. 70-жж. Африканын ичиндеги зор мейкиндиктер европалыктарга дээрлик белгисиз болгон. Бул аймактарды капиталисттик мамлекеттердин ортосунда колонияларга бөлүштүрүү


жаңы тарыхтын экинчи мезгилинде XIX к. аягында XX к. башында жүргүзүлгөн.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XVI–XIX кк. Африкада кайсы элдер жашаган жана алардын социалдык экономикалык өнүгүшүнүн деңгээли кандай болгон?
2. XVII к. ортосунда жана 1870-ж. карай Африкадагы колониялык басып алууларды картадан көрсөткүлө.
3. Колонизаторлордун жүргүзгөн саясатына мүнөздөмө бергиле.
4. Африкадагы элдик боштондук үчүн күрөш кандай жүргөн?
5. Колдонмо дептердеги тапшырмаларды аткаргыла.

## § 30. XIX XX КК. ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

**Аймак:** Европа жана Азия
**Мезгил:** XIX–XX кк.
**Теманын хронологиясы**




**Мезгил сызыгы**

**Негизги даталар**

1882 – Үчтүктөр союзу
1902 – Англия-Бур согушу
1907 – Антанта союзу

**Билим:** Эл аралык мамилелердин курчушу жана согуштук саясий блоктордун түзүлүшү

**Түшүнүктөр**

- согуштук саясий блок
- оккупация

### Дүйнөнү бөлүштүрүү үчүн күрөштүн башталышы

XIX к. аягы XX к. башында эл аралык абал оордоп, империалисттик державалар менен колонизаторлорго каршы күрөшкөн колониялардын элдеринин жана көз каранды өлкөлөрдүн ортосунда карама-каршылык курчуду. Империалисттик державалардын өздөрүнүн ортосундагы карама-каршылыктар курчуп, алардын ар бири барган сайын өздөрүнүн колониялык ээлигин жана таасир көрсөтүүчү чөйрөсүн кеңейтүүгө аракет жасашкан. Экономикалык өнүгүүнүн бир кылка эместигинин натыйжасында империалисттик державалар Германия, АКШ, Япония колонияларды жана таасир көрсөтүү чөйрөсүн кайра бөлүштүрүүгө жетишүүгө аракеттенип жатышты. Бирок

башка империалисттик державалар Англия, Франция өздөрү мурда басып алган жерлерин колдон чыгаргылары келишкен эмес. Бардык империалисттик державалар дүйнөнү кайра бөлүштүрүү үчүн согушка даярдана баштады. Эң ири капиталисттик державалардын ортосундагы карама-каршылыктардын курчушу 1914-жылкы дүйнөлүк биринчи согушка алып келди.

**Үчтүктөр жана Антанта союзунун түзүлүшү**

XX кылымдын башында ири капиталисттик державалардын ортосунда тирешүүлөр курчуду. Согуштук саясий эки союз түзүлдү. Алардын бири үчтүктөр союзу. Германия тарабынан 1882-жылы эле негизделген. Бул союзга Германия, Австрия-Венгрия, Италия кирип, Англия жана Францияга каршы багытталган. Ушундай абалда 1893-жылы Россия менен Франция согуштук конвенцияга кол коюшту. Көп убакыт ойлонуудан кийин жана Германиянын деңиздеги куралдуу күчтөрүнүн өсүшүнөн улам аларга Англия кошулду. Ал 1904-жылы Франция менен келишим түзүп, Россия менен жакындаша баштады. Англия менен Россиянын Азиядагы бир катар карама-каршылыктары, 1907-жылы Англия-Россия конвенциясы менен жөнгө салынды. Ошентип, 1907-жылы курамына Англия, Франция, Россия кирген Антанта союзу түзүлдү (француз тилинде макулдашуу).

**Улуу Британиянын колониялары жана тышкы саясаты**

70–80-жылдар колониялык басып алууларга жык толгон жана алар колонияга каршы күрөш менен коштолуп турган. Улуу Британиянын тышкы саясатынын башкы максаты империяны коргоо жана кеңейтүү, деңиз жолдорундагы үстөмдүктү сактап калуу, Европа континентине башка державанын үстөмдүгүнө жол бербөө болгон.

1882-жылы Англия Египет элинин боштондук күрөшүн басып, Египетти оккупациялап алды да, аны өз колониясына айландырды. Ошону менен бирге ал жакында эле курулган Суец каналын өз контролдугуна алды. Египеттик аскерлерди пайдалануу менен англичандар чыгыш Суданды басып алды. Британдык чыгыш Африка деп аталган колониялардын тобу түзүлдү. Улуу Британия 1902-жылы Англия-Бур (бурлар голландиялык, француздук жана немецтик тектүүлөр) согушунда жеңишке жетишип, Түштүк Африканы басып алууну аяктады. 1910-жылы Кап колониясы Наталь, Ореанжевая республикасы жана Трансвааль бириккен, башкача айтканда өзүн-өзү башкаруу укугуна

ээ болуп, Түштүк Африка союзун түзүштү. XIX кылымдын аягында Улуу Британия Түштүк Чыгыш Азияда Бирманы, Малайяны жана башка жерлерди басып алды. Ошондой эле Кытайга, Афганистанга, Орто Азияга, Батыш Африкага, Тынч океандын аралдарына басып кирди.

XIX кылымдын 90-жылдарына чейин Англиянын колониялык басып алуудагы атаандаштары Азияда – Россия, Африкада – Франция болуп келген. Бирок кылымдын аягында англиялык, германиялык карама-каршылык курчуган.

**Франциянын колонияларын кеңейтиши**

Франциянын башкаруучу чөйрөлөрү 1870–1871-жылдары Германиядан жеңилип калгандыгы үчүн реванш алууга умтулушуп, өздөрүнүн согуштагы жоготууларынын ордун колонияларды кеңейтүү менен толтурууга умтулуп, Германиянын абалын начарлатууга аракет кылышкан.

Франция Тунисти, Түндүк Батыш Африканын бир кыйла бөлүгүн, Мадагаскарды, Сомалинин бир бөлүгүн, Индокытайды басып алган. Бул басып алуулар Англия менен кагылышууларга алып келген. Германия менен согуш алдында турган Франция Англия менен мамилесин бузгусу келген жок. Алар Англия менен Африканы бөлүп алуу жөнүндө макулдашышты. Франция Азиядан Кампучияны, Лаосту, Вьетнамды, Тынч океандын көп сандаган аралдарын басып алды. 1884–1885-жылдагы согушта Кытай Франциядан утулуп калды. XIX кылымдын 70-жылдарынын аягынан тартып 1914-жылга чейин ал өз колонияларын 10,5 эсеге көбөйтүп алды.

**Япониянын Кытай, Россия менен болгон согушу жана Кореяга таасирин жайылтышы**

Японияда капиталисттик түзүлүштүн өнүгүшү, өндүрүлгөн товарларды сатуу үчүн жаңы рынокту издөөгө, аларда жаңы ишканалар куруп ашыкча жумушчуларды көчүрүүгө мажбурлады. Жаңы куралдуу күчтөрүн түзгөн, Япония барган сайын агрес ияга көбүрөөк ык алды. Япония биринчи кезекте Тайван аралына жана Корея жарым аралына ээ болууну көздөгөн. Япония 1894-жылдагы согушта Тайванды ээлеп, өзүнүн биринчи колониясын түзгөн. Жакшы куралданган аскерлери жана согуштук кемелери бар Японияга Корея дагы каршы тура алган жок. Япондуктар Манчжурияга басып кирүү үчүн өз тылын бекемдөөнү көздөгөн. Бул Кытай менен согушууга алып келди. 1895-жылы Кореяга өз аскер күчтөрүн түшүргөн Япония начар уюшулган Кытай аскерлерин талкалап,

Порт Артур чебин басып алышты. Кытай армиясы жана флоту талкаланып, 1896-жылы Япония менен Кытайдын ортосунда тынчтык келишими түзүлдү. Кытайдын жеңилиши Кытайда империалисттик мамлекеттердин колониячыл саясатынын активдешүүсүнө алып келген. Башкаларга караганда колониялык басып алууларга эрте киришкен ири империялар – Англия, Франция, Голландия, Бельгия жана башкалар болушкан.

**Россиянын колониялык саясаты**

Россия колониялык империя катары деңиздин аркы аймактарга ээ болгон эмес, бирок аймактык ээликтерин Орто Азия жана Ыраакы чыгышка карай кеңейткен. 60-жылдардын башында Кавказды каратып алгандан кийин Орто Азиянын феодалдык мамлекеттерин багындырууга киришти. 1865-жылы орус аскерлери Ташкентти, 1868-жылы Самаркандды, Бухара эмирлигин ээлешкен. 1873-жылы Хива хандыгы Россиянын бийлигин тааныган. Россия Түндүк Кыргызстанга 1863–1968-жылдары өз үстөмдүгүн орноткон. Ал эми Түштүк Кыргызстан 1873–1876-жылдарда элдик кыймылдардан кийин жана 1876-жылдын жайында Алай кыргыздарынын орус букаралыгын таануусу менен толук каратылган. 1876-жылы 19-февралда падыша Александр II Кокон хандыгынын жоюлушун жарыялаган.

**Европа мамлекеттеринде милитаризмдин күч алышы**

Дүйнөнү жана таасир чөйрөлөрүн кайра бөлүштүрүүгө умтулуу, ошондой эле капиталисттик мамлекеттердин ич ара карама-каршылыгы армиянын санынын көбөйүшүнө жана жарыша куралданууга шарт түзгөн. Милитаристтик саясат феодалдык өлкөлөргө (Россия, Италия) жана экономикалык жактан өнүгүп жаткан өлкөлөргө (Германия, Япония) да мүнөздүү болгон.

1869–1897-жылдары Европанын 6 улуу державаларынын куралдуу күчтөрү 40% ке өстү. Чарбаны милитаризациялоодо капиталисттик өлкөлөрдүн бири-бирине болгон аймактык дооматы чоң роль ойногон. Эльзас жана Лотарингия үчүн Германия менен Франциянын, Польша үчүн Россия менен Германиянын Балкан жарым аралы жана Батыш Украина үчүн Австрия-Венгрия менен Россиянын ортосунда талаш-тартыштар жүрүп турган. Ошону менен бирге бири-биринин күч алуусуна жол бербөөгө аракеттенүү Европа өлкөлөрүнүн ортосундагы өз ара мамилелерди курчутуп ийген. Германиянын жогорулоосу Франциянын жана Россиянын тынчын алган. Германия XIX к. аягында то-

вар өндүрүү боюнча Европада биринчи, дүйнөдө экинчи орунду ээлеген. Согуштук, химиялык, электротехникалык өнөр жайлары, машина куруу тездик менен өнүккөн. Россиянын акыркы мезгилдеги экономикасынын өнүгүү темпинин жогорулашы да Европа өлкөлөрүнө жаккан эмес.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Үчтүктөр жана Антанта союздары качан түзүлгөн?
2. Улуу Британиянын колониялары жана өзүн-өзү башкарууга ээ болгон өлкөлөр.
3. Япониянын тышкы саясаты кандай багытты көздөгөн?
4. Россиянын колониялык саясаты кандай жүргөн?
5. Колдонмо дептердеги иштерди аткаргыла.

## § 31–32. XVIII К. АЯГЫ XIX К. БАШЫНДАГЫ МАДАНИЯТ

**Аймак:** Европа
**Мезгил:** XVII к. аягы XIX к. биринчи жарымы
**Билим:** Маданият жана искусствонун өнүгүшү
**Адабият:**

*Джордж Байрон* – «Ыйык союз поэмасы»
*Виктор Гюго* – «Париждик Кудай Эненин собору»
*Генрих Гейне* – «Токуучулар» ыры
*Оноре де Бальзак* – «Адам комедиясы»
*Чарлз Диккенс* – «Домби жана уул» роман

**Музыка**

*Бетховен Л.* – «Ким эркин адам», Симфония № 9
*Шопен Ф.* – «Революциялык этюд»

**Живопись**

*Гойя Ф.* – «Көтөрүлүшчүлөрдү атуу»
*Делакруа* – «Хиос аралындагы кыргын»
*Курбе Г.* – «Таш сомдоочулар»

**XVIII к. аягы XIX к. башындагы өнөр жайындагы илимий-техникалык прогресс**

XVII к. Англияда жип ийирүүчү машиналар, механикалык токуу станоктору кеңири колдонулуп калган, буу машиналары бар фабрикалар курулган. XIX к. башынан тартып өнөр жай төңкөрүшү Францияга жана бир аз кийинчерээк 1839–40-жж. Батыш Европанын башка өлкөлөрүнө жана фабрикалык өндүрүш өнүгө баштаган АКШга жайылган. Фабрика өнөр жайынын өсүшү адатта керек-жарак буюмдарын өндүрүшүн (жеңил өнөр жайын) кучагына алган. Кебезден кездеме токуу өндүрүшүнүн тез ке-

ңейиши маанилүү болгон, бирок пахтанын жетишсиздиги аны солгундаткан, анткени пахта булаларын чигитинен кол менен ажыратуу эмгекти өтө көп талап кылган. XVIII к. аягында пахта тазалоочу машинаны ойлоп чыгарылышы АКШда пахта плантацияларынын дүркүрөп өсүшүнө жана Америкадан пахтанын Европага чыгарылышына түрткү берди.

Жаңы ойлоп табуулар машина чыгарган кездемелердин сапатын жакшыртууга алып келди. Француз инженери Жаккард XIX к. башында токуу станогун чыгарган, анда түстүү жиптерди түрдүүчө жайгаштыруу жолу менен оймо-чиймелүү кездемелерди механикалык түрдө токуу жолу табылган.

Металлды өндүрүү жана кайра иштетүү өркүндөтүлгөн. XVIII к. экинчи жарымынан тартып Англияда, андан кийин башка өлкөлөрдө домна мештеринде суюк чоюндарды эритишкен, таш көмүрдөн алынган коксту пайдалана башташкан. Абаны үйлөтүү үчүн буу машиналары кыймылга келтирген кубаттуу көөрүктөр жана насостор чыгарылган. Ысык абаны үйлөтүү пайда болгон.

XIX к. ортосунда машина жасоодо бекем болотко болгон талап көбөйгөн. 60-жж. француз инженери Мартен чоюнду темир же болоттун сыныктары же шлактары менен бирге эритүү аркылуу болотту алуучу мешти курган. Мартен меши бессемердик конвертерге караганда бир кыйла жогорку сапаттуу болот берген. XIX к. 70–80-жж. болот эритүүнүн бул эки жолу тең кеңири колдонууга ээ болгон.

XIX к. металлды механикалык так иштетүүчү жаңы станоктордун пайда болушу менен машина куруунун өркүндөшү үчүн негиз салган. Токардык станоктор өркүндөтүлүп, машиналардын металл тетиктерин иштетүү үчүн фрезердик станоктор ойлоп табылган. Машиналардын бирдей тетиктерин (стандарттуу) буроолорду, сайлуу гайкаларды ж.у.с. массалык даярдоо башталган. Бургулоочу, оюучу станоктор күндөлүк турмушка кирген. 50-жж. тетикти өзү иштетүүчү, алгачкы автомат-станоктор түзүлгөн.

XIX к. 50–60-жж. машиналарды машиналык өндүрүшүнүн өнүгүшү фабрикалык өндүрүш үчүн техникалык бекем базаны түзүп, өнөр жай төңкөрүшү аяктаган.

Өнөр жай төңкөрүшүнүн жүрүшүндө аспаптарды жана машиналарды, темир жолдорду, буу кемелерин куруу үчүн негизги материал катарында темир менен болот колдонула баштаган. Буу машинасы негизги кыймылдаткыч болуп калган. XIX к. тарыхка темирдин жана буунун кылымы катары кирген.

Эң маанилүү отун таш көмүр болуп калган. XIX к. ортосунда чырак майы катары керосинди өндүрүү үчүн нефти иштетиле баштаган. 60-жж. аягында ичинен күймө кыймылдаткычтар ойлонуп табылган, бирок алардын иште колдонулушу XIX к. 70-жж. таандык.

### Дыйканчылык

Феодализмдин тушунда жер буурсун, жыгач соко, кээ бир жерлерде кетмен менен начар иштетилген. Айдоо аянттары аз болгон. Дыйканчылыктын которуштуруп айдоо жана кезмектүү айдоо системасы колдонулган. Которуштуруп айдоо системасында арыктаган жерди кыртышта азык заттары калыбына келгенче иштетишкен эмес жана башка дың жерлерди иштетүүгө өтүшкөн. Шаардык калктын өсүшү дыйканчылыктын кеңейишин жана жакшырышын талап кылган. Капитализм учурунда айыл чарбасы бир кыйла кеңири өнүккөн алдыңкы өлкөлөрдө, мисалы Англияда, айыл чарбасы бир кыйла кеңири өнүккөн аймактарда которуштуруп айдоо системасы жайылтыла баштаган. Которуштуруп айдоо системасында бүткүл жер адамга керектүү тигил же бул өсүмдүк үчүн пайдаланылат, мында жаңы өсүмдүк мурдагы жылдагы өсүмдүктүн топурактан алган азык заттарын кайра калыбына келтирген.

Сатуу үчүн айыл чарба продуктылары өндүрүүнү көбөйтүү үчүн айдоо аянттары кеңейтилген. Жерге кык көп төгүлө баштаган, акиташ, сөөк уну сыяктуу семирткичтер да колдонулган. Темир соко өркүндөтүлгөн жана кеңири тараган. Атка чегилме көп тиштүү соколор пайда болгон. XIX к. айыл чарба машиналары – эгин чапкыч машиналар, чөп чапкыч машиналар, буу молотилкалары киргизиле баштаган. Дыйканчылыктын алдыңкы ыкмалары негизинен помещиктердин же ири фермерлердин чарбаларында колдонулган.

### Транспорт жана байланыш

XIX кылымдын транспорт тармагында да темир менен буунун кылымы болгон. 1830-ж. дүйнөдө 332 *км* темир жол болуп, алардын көпчүлүк бөлүгү Англияда болсо. 40-жж. темир жол курулушу Германияда, Францияда кулач жайган. 1870-ж. карай 200 миң чакырымдан ашык темир жолдор курулган.

XIX к. 20-жж. тартып буу машинасы менен иштеген баралуу дарыя кемеси кеңири колдонула баштаган. Кийинчерээк 30-жж. аягынан тартып, океан аркылуу Индия менен Америкага баралуу буу кемелери каттай баштаган. Бара-бара бараны суу

жирегич винттер сүрүп чыккан. 50–60-жж. бүткүл дүйнөдө жел кемелүү деңиз флоту буу кемелерине орун берген.

XVIII к. 80-жж. француздук абада учуучу бир тууган Монгольфьелер ысык аба толтурулган аба шары менен учушкан. Кийинчерээк Парижде водород толтурулган аэростат сыналган. XVIII к. француз революциясынын учурунда алар салгылашуу талаасын байкоо үчүн согуштук максаттарда колдонулган. Аэростаттардан түшүү үчүн парашют да ойлонулуп табылган.

Байланыш да өркүндөтүлгөн. Байыркы заманда эле белгилүү болгон оптикалык телеграфтын ордуна XIX к. ортосунда электрдик зым телеграфы жайылтылган. Морзе алиппеси ойлонуп табылган жана тамга терүүчү машина түзүлгөн. XIX к. ортосундагы кургактагы телеграф линияларынан тышкары суу асты аркылуу кабелдер жүргүзүлө баштаган. Атлантика аркылуу алгачкы телеграфтык кабель 60-жж. аягында өткөрүлгөн.

Телеграфтын пайда болушу жаңы тарыхтын биринчи мезгилинде электрдин иш жүзүндө баштапкы колдонулушу болгон. Техниканын ийгиликтери XVIII к. экинчи жарымында жана XX кылымда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн зор өсүшүн мүмкүн кылды.

**Адабият**

Капитализмдин ийгиликтеринин таасири астында адегенде Голландия менен Англияда, андан кийин башка өлкөлөрдө XVII к. жана өзгөчө XVIII к. көркөм адабиятта бара-бара буржуазиялык идеялар чагылдырыла баштаган.

Көптөгөн алдыңкы жазуучулар абсолюттук монархтардын зомбулугун тайманбай ашкерелешкен, падыша сарайындагы аксөөктөрдү, чиркөөнү мыскылдашкан, сословиелик айырмачылыктар менен ырым-жырымдарга каршы, адамдын керт башынын эркиндигин даңазалап, коомдун крепостнойлуктун жолунан жана расмий динден бошонушун жактаган. Буржуазиялык агартуучуларга удаа эле алар жеке менчикке жана адамдардын тең укуктуулугуна, соода менен өнөр жайынын эркиндигине негизделген коомдун өнүгүшүнө чакырышкан.

Бул идеялар адабиятта XIX к. 30-жж. чейин, капиталисттик түзүлүштүн өзүнүн ички карама-каршылыктары толук бойдон ашкереленгенге чейин басымдуулук кылган.

**Джордж Байрон**

XIX к. биринчи он жылдыгында эле кол өнөрчүлөрдүн бүлүнүшү, жумушчулардын жакырданышы, 1820-жж. революциялардын басылышы алдыңкы адамдардын терең иренжүүлөрүн пайда кылган.

Алар буржуазиялык революциялардын жемиштери байлардын энчисине тийгендигин көрүшкөн жана алардын бетин ачуу, калктын эзилген катмарын коргоо үчүн чечкиндүүлүк менен чыгышкан.



Джордж Байрон

Англиялык белгилүү акын лорд Байрон козголоңчу, революциялык-романтик акын болуп калган. Лорддор палатасында лудиттерге каршы аёосуз чараларды ал ачык эле айыптаган жана жакырчылыкка жеткирилген жумушчулардын ыймансыз абалы жөнүндө жазган.

**Виктор Гюго**



Виктор Гюго

Франциядагы 30–70-жж. революциячыл-демократиялык багыттагы көрүнүктүү жазуучусу Виктор Гюго (1802–1885) болгон. Анын драмалары менен романдарында элдин төмөнкү катмарларынан чыккан асылзат адамдар, чексиз бийликтүү ак сөөктөр, дин кызматкерлери жана коомдук турмуштагы кагылыштар көрсөтүлгөн. «Париждеги кудай эне собору» романы феодалдык эзүүнү, дин кызматкерлеринин эки жүздүү турмушун көрсөткөн. «Өч алуу» деген ырлар жыйнагында ал Экинчи империянын саясаты менен француздук буржуазияны айыптаган. Гюго тарабынан кийинчерээк жазылган «Токсон үчүнчү жыл» романында 1793-ж. контрреволюцияга каршы якобинчилердин күрөшү көрсөтүлгөн

**Генрих Гейне**



Генрих Гейне

Атактуу немец акыны Гейне (1797–1856) XIX к. дүйнөлүк улуу акындарынын бири болгон, анын көптөгөн чыгармалары курч саясий мүнөздө болгон. Ал реакцияга, «Ыйык союздун» саясатына, немец буржуазиясынын коркоктугу менен майдалыгына наалат айткан. 1830-ж. июль революциясынан кийин Гейне Парижге кетип, өмүрүнүн акырына чейин саясий эмигрант бойдон калган. Өмүрүнүн акыркы он жылын катуу ооруп, төшөктө жатып өткөрдү, би-

рок ал кайраттуулугун жоготкон жок жана өзүнүн идеалдарынан тайган эмес. Гейненин айрым ырларына анын Маркс менен тааныштыгынын таасири тийгендиги билинип турат. Акын жумушчу табынын күрөштөрү жөнүндө ойлонгон жана аны акыры жеңет деп ишенген. Гейненин «Германия» деген мыкты саясий поэмасы немецтик князьдар менен буржуазияга каршы багытталган сатиралык ырларга, революциялык чакырыктарга толтура. Анда ал өлкөнүн бытырандылыгына каршы чыккан, германиялык мамлекеттердин монархиялык өкмөттөрүнүн санда жоктугун жана мещандыгын мыскылдаган.

Реакционерлер Гейнени жек көрүшкөн жана такай куугунтукташкан. Жүз жыл өткөндөн кийин анын китептери гитлердик Германияда фашисттер тарабынан өрттөлгөн. Азыр Гейне көптөгөн өлкөлөрдүн прогрессивдүү адамдарынын эң сүйүктүү акындарынын бири.

**Сын реализми**

Капиталисттик турмуш эл массасынын муктаждыктары менен жакырчылыктары айласыз абалга жеткен кезде алдыңкы жазуучулар феодалдык тартиптерди сынга алуудан байлык, акча бийлигин, б. а. капиталисттик коомдун кемчиликтерин ашкерелөөгө өтүшкөн. Коомдун турмушуна терең кирүү көп жазуучулардын буржуазиялык түзүлүшкө сын көз менен карап, чындыкты реалисттик чагылдырууга умтулууларын пайда кылган. XIX к. 30-жж. тартып Европалык адабиятта сын реализминин багыты пайда боло баштайт. Бул багытка таандык жазуучулар өз чыгармаларында капиталисттик коомдун көптөгөн карама-каршылыктарын туура чагылдырган.

**Оноре де Бальзак**


Оноре де Бальзак

Оноре де Бальзак (1799–1850) XIX к. биринчи жарымындагы Франциядагы сын реализминин ири өкүлү болгон. Аны ишке таң калаарлык жөндөмдүүлүгү жана чексиз чыгармачыл кыялы менен айырмаланган. Адабий эмгеги менен жашаган, ал суткасына 14–16 саат жазып, жазгандарын бир канча жолу кайрадан ондоп, иштеп чыккан жана буржуазиялык коомду туура сүрөттөөдө ага теңдеш эч ким болгон эмес. Бальзак бир нече миң каармандар катышкан «Адам комедиясы» деген жалпы ат менен чыккан роман-

дар менен повесттердин зор сериясын жараткан. Анын максаты көркөм образдарда коомдун мүнөздүү белгилерин, анын бардык катмарларынын типтүү өкүлдөрүн ачып көрсөтүү болгон. Буржуазиянын ач көздүгүн ашкерелеп, Бальзак убактысы өтүп кеткен аристократияны сүйгөн, ошондой болсо да ал өз чыгармаларында анын өкүлдөрүнүн керт башынын пайдасынан башка эч нерсеге кызыкпагандыгын, бой көтөрүүчүлүгүн жана бекерпоздугун айкын сүрөттөгөн. Ал байлыктын артынан түшүп, адамдык бардык мыкты сапаттардан ажырагандарды таамай көрсөтө алган («Горио ага» романы ж. б.). Бальзак капитализмдин шарттарында адамдын акчанын бийлигинде калгандыгынын бетин ачкан. Бальзактын романдарынын каармандары – өз байлыктарынын кылмыштын аркасында көбөйтүшкөн банкирлер менен көпөстөр, таш боор, ырайымсыз сүткорлор өз максаттарына жетүү үчүн эч нерседен кайра тартынбаган уятсыз, бузуку, ач көз, мансапкорлор (бир катар романдарда Растиньяктын образы) болгон. «Евгений Гранде» романында миллиондогон каражаты болуп туруп, бир чагым кантты эсептеген ач көз бай өзүнүн сарандыгы менен жакын адамдарынын турмушун бузат.

**Чарлз Диккенс**

Англиялык ири реалист Чарлз Диккенстин (1812–1870) романдары да буржуазияны айыптаган. Элдин төмөнкү катмарларынан чыккан, жан багуу үчүн бала кезинен тартып оор эмгекте иштеген. Ал Англиянын карапайым элине болгон сүйүүсүн бүт өмүр бою сактаган.

Автордун даңкын чыгарган «Маркум Пиквик клубунун каты» деген алгачкы юмордук романында элдин арасынан чыккан адамдын, мистер Пиквиктин кызматчысы – Сем Уэллердин образы көрсөтүлгөн. Ага: жаратылышынан акылдуулук, чындык, куудулдук, муңайбастык жана тапкычтыктык сыяктуу элдик мүнөздөр таандык болсо, Пиквик кайрымдуу, керт башынын камын ойлобогон, апенди катарында көрсөтүлгөн. Анын ак ниеттүүлүгү, ак көңүлдүгү ал түгүл момундугу китеп окуучуларынын көңүлүнө жагат.

Диккенс өзүнүн кийинки романдарында өзү жашаган коомду курчураак сынга алууга өткөн – «гүлдөп жаткан» капиталисттик Англияда элдин жакырчылыгы жана үстөмдүк кылуучу таптардын кемчиликтерин чагылдырган. Анын романдары англиялык мектептердеги балдарды аёсуз уруп-сабоону («Девид Копперфилд»), иш үйлөрүндөгү кыйынчылыктарды («Эки шаар баяны»), парламенттик ишмерлердин, чиновниктердин, соттордун саткындыгын, буржуазиянын өзүмчүлдүгү менен дүйнөкордугун таамай сүрөттөйт.

Диккенстин «Домби жана уулу» деген романы ашкерелөөчү зор күчкө ээ болгон чыгарма. Бул соода фирмасынын аты. Анын ээси Домбинин образында ырайымсыздык менен дүнүйөкордук көрсөтүлгөн. Адамдык бардык сапаттары, анын байлыкты көздөөсүнө баш ийет. Ал фирманын кызыкчылыгын өз кызынын тагдырынан да жогору көрөт. Анын өзүмчүлдүгү автордун төмөнкү сөздөрүнөн көрүнүп турат: «Жер Домби жана анын уулу үчүн, алар соода иштерин жүргүзө алуусу үчүн жаралган».

Диккенс кайгылуу жана ырайымсыз капитал дүйнөсүнө турмуштун кандайдыр бир жакшы жактарын карама-каршы коюуга умтулган жана адатта өз романдарын бактылуу аяктаган: бактысыз каарманга «боорукер» капиталист жардамга келген.

Диккенс да, Бальзак да революциялык маанайдагы жазуучулардан болушкан эмес. Бирок буржуазиялык коомдун карама-каршылыктарын жана кемчиликтерин реалисттик көрсөтүү алардын чыгармачылыгынын туу чокусу бойдон кала берет. Европанын бардык өлкөлөрүндө алдыңкы адабият элдин ак сөөктөр менен байлардын эзүүсүнөн бошонуусун жактаган. Бир катар славян өлкөлөрүнүн, Венгриянын, Италиянын, Ирландиянын жазуучулары улуттук эзүүгө каршы күрөшкө чакырышкан. Дүйнөлүк маданиятка алдыңкы орус адабияты зор салым кошкон.

Чыгыш өлкөлөрүнүн адабияты жаңы тарыхтын алгачкы мезгилинде негизинен феодалдык коомдун карама-каршылыктарын чагылдырган, европалык колонизаторлордүн таш боордугун көрсөткөн.

### Л. Бетховен

XIX к. башындагы Улуу француз буржуазиялык революциясынын жана улуттук-боштондук кыймылынын алдыңкы идеялары менен учурдун каармандык умтулуулары улуу немец композитору Людвиг ван Бетховендин (1770–1827) чыгармаларында чагылдырылган.



Л. Бетховен

Он тогуз жашар студент кезинде Франциядагы революция жөнүндө угуп, Бетховен «Ким эркин адам» деген ырын жазып бул ырды өз жолдоштору менен ырдаган. Бетховен жаш кезинен эле демократ жана революциячыл маанайдагы адам болгон. 1804-ж. жазылган өзүнүн «Баатырдык» (үчүнчү) симфониясын Наполеон Бонапартка арноого ниеттенген, бирок Наполеон өзүн

император деп жарыялагандан кийин, ал эл алдында бул оюнан ачык баш тарткан. Бетховенди испандыктар тарабынан даргага асылган, нидерланддардын көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн Эгмонттун образы кызыктырган жана ал Гётенин «Эгмонт» деген трагедиясына увертюра жазган. Анын башталышы каармандын трагедиялык өлүшүн, ал эми салтанаттуу финал элдин кыжырдануусун жана революциянын жеңишин чагылдырат.

Бетховендин симфониялары менен башка чыгармаларында трагедиялык окуялар көп, бирок жалпысынан анын чыгармачылыгы оптимисттик маанайда жазылган. Шандуу жана толкундуу финалдар акыры жакшылыктын салтанат курушунун ишенимдүүлүгүн далилдейт. Белгилүү Тогузунчу симфониянын финалында Шиллердин «Кубаныч одасын» аткарган хордун киргизилиши бекеринен эмес. «Миллиондор, кучакташкыла!» деген улуу акындын бул чакырыгы музыкалык адамдарды бириктирген кубаттуу финалы менен үндөшүп турат.

Бетховендин музыкасы дүйнө менен адамдын тагдыры жөнүндөгү терең ойлорго жуурулушат. Адамдын тынчтык эмгегине жана жаратылыштын сулуулугуна суктануу, Бетховендин «фантазияларынын» биринде чагылдырылат, ал да адамды даңктаган хордун катышуусу менен аткарылат.

Бетховендин музыкасындагы эрдикке жана күрөшкө чакырык анын турмушунун өзү болгон. Ал музыкант үчүн эң коркунучтуу кайгыга кабылган кырк жашында таптакыр дүлөй болуп калган. Укпай калса да Бетховен башкалар үчүн кандай угулаарын гениалдуу сезгичтиги менен аныктап, атактуу чыгармаларын жаратууну уланта берген.

**Ф. Шопен**

XIX к. улуттук-боштондук кыймылдын жана европа элдеринин маданиятынын өнүгүшү улуттук искусствонун жогорулашына алып келген. Бир катар өлкөлөрдө улуу композиторлор өз чыгармаларында музыкалык чыгармаларында элдик ырларды жана бийлерди кеңири чагылдырып, кайра иштеп чыгышып, улуттук жана дүйнөлүк маданиятка зор салым кошушкан. Польшалык улуу композитор Фридерик Шопен (1810–1849) XIX к. 30–40-жж. польшалык музыкалык маданияттын мыкты сапаттарын жана дүйнөлүк музыкалык искусствонун жетишкендикте-


Ф. Шопен

рин камтыган фортепиано үчүн эң мыкты чыгармаларды жараткан.

«Теги боюнча варшавалык, жүрөгү боюнча поляк, таланты боюнча дүйнөнүн жараны» деп айтышкан Шопен жөнүндө. Шопендин вальстары мазуркалык лирикага же кубанычтуу же кайгылуу элдик обондорго каныккан. Анын музыкалык балладалары сырдуу жана чексиз кыял чабыттарына толтура. Композитордун концерттери менен сонаталары эзилген мекенинин тагдыры жөнүндө обон салат. Австрия менен Германия – Франц Шуберт жана Роберт Шуман, Венгрия – Ференц Лист, Италия – Джоакино Россини жана Джузеппе Верди, Чехия – Берджих Сметана сыяктуу улуу композиторлорду берди. Россияда улуттук жана дүйнөлүк музыкалык маданиятты Глинка, андан кийин Римский-Корсаков, Чайковский жана башка композиторлор менен байытты.

**Живопись** XVII – XVIII кк. чексиз монархиялардын ак сарайларында салтанаттуу, бирок расмий жана көңүлсүз сарай живописи гүлдөп өркүндөп турган. Анда орто кылымдарга караганда диний сюжеттер аз болгон. Байыркы Римдин жана мифологиянын тарыхынан темалар, королдордун,



Ф. Гойя. «Күрөшчүлөрдү атуу»

колбашчылардын портреттери, салгылашуу көрүнүштөрү басымдуулук кылган.

XVII к. жашаган испандык сүрөтчү Бартоломе Мурильо негизинен диний темадагы сүрөттөрдү тарткан, ошондой эле элдик турмуштан жанрдык көрүнүштөрдү чеберчилик менен чагылдырып көрсөткөн.

XVII к. сүрөтчүлөр жаратылышты сүрөттөп тарта башташкан. Жаңы мезгилдин реалисттик искусствосунун негиз салуучусу англиялык пейзажчы Джон Констебль (1776–1837) болгон. Ал натуралай этюд түшүрүүнү биринчи болуп киргизген жана өз жаратылышын чагылдырган эң сонун полотнолорду жараткан.

Живописteги бул багыттын эң көрүнүктүү өкүлү Жак Луи Давид (1748–1825) болуп калган. Улуу француз революциясына чейин эле ал «Горацийлердин анты» деген картинасын тарткан. Картинада атасы уулдарын республиканын душмандары менен согушууга жөнөтүп, батасын берип жаткандыгы көрсөтүлгөн.

Диний жана көшөкөр багыттагы тематиканы алып таштап, Давид курч коомдук-саясий темадагы картиналарды жараткан. Революциянын убагында ал якобинчилер жагында болгон, королду өлүм жазасына тартууну жактап чыккан жана Конвентке Луврдагы королдук чогулушка тиешелүү болгон картиналар менен статуяларды улуттук, б. а. мамлекеттик музейге айландыруу жөнүндө сунуш киийрген.

Давид революция темасына арналган бир катар сүрөттөрдү, анын ичинде «Мараттын өлүмү» сүрөтүн жараткан.

Давиддин окуучусу Жан Огюст Энгр (1780–1867) француздук реалисттик искусствонун андан ары өнүгүшүнө зор таасирин тийгизген мыкты живописчи болгон.

**Ф. Гойя**

Реализмге бет алуу, улуттук-боштондук күрөштүн баатырларын көрсөтүү, чиркөөлүк душмандыктын бетин ачуу XVIII к. аягындагы жана XIX к. биринчи жарымындагы испандык улуу сүрөтчү Франсиско Гойянын (1746–1828) чыгармачылыгы үчүн мүнөздүү.

Гойянын көркөмдүк чеберчилиги өтө өзгөчөлүү болгон. Мисален, королдун тапшыруусу боюнча ал королдун үй-бүлөсүнүн чогуу портретин тарткан. Адаттагы сарай алдындагы живописке ылайык фигураларды, алардын кийимдерин жана формасын туура жайгаштырып, Гойя королдун тукумунун начарлап баратышынын ачык-айкын белгилери менен, королдун аялынын жагымсыз, текеберлүү жана ырайымсыз жүзүн тайманбастан



Э. Делакруа «Эркиндикке умтулуу»

жана реалисттик түрдө көрсөтө алган. Ошол эле учурда Испаниянын жөнөкөй адамдарына арналган картиналарда Гойя элдин адеп-ахлактык сулуулугун чеберчилик менен көрсөткөн. Ал испандык аялдарды – сыймыктуу, турмушту сүйгөн, өздөрүнүн кадыр-барктарын сактаган аялдар катарында тарткан. «Күрөшчүлөрдү атуу», «Кандай эрдик!» ж. б. картиналар революциялык чакырыкка бөлөнгөн.

**Э. Делакруа**

Живопистеги романтизмдин көрүнүктүү өкүлү француз сүрөтчүсү Эжен Делакруа (1798–1863) болгон. 1830-ж. июль революциясы жөнүндөгү белгилүү картинасында ал революцияны элди күрөшкө шыктандырган сулуу жана кайраттуу чала жылаңач баррикададагы аял түрүндө көргөзгөн. Анын «Хиос аралындагы кыргын» деген картинасынын атагы чыккан, анда грек көтөрүлүшүнүн учурундагы осмон аскерлеринин аралдын калкын кандуу кыруусу көрсөтүлгөн.



Г. Курбе. «Таш сомдоочулар»

**Домье, Курбе, Милле**

30–70-жж. художниктери живописте реализмге өтүшкөн. Алар Франциядагы 1930-ж. июль революциясынан кийин өз сүрөттөрү менен чыга башташкан. Революциялык-демократиялык багыттын көрүнүктүү реалист сүрөтчүсү жана карикатуранын устаты Оноре Домье (1808–1879) болгон. Лион көтөрүлүшү басылгандан кийин көп узабай эле, аскерлер Парижде көтөрүлүш чыгарган жумушчуларды кандуу жазалаган кезде Домье «Траснонен көчөсү» деген картинасын тарткан. Анда өз бөлмөсүндө өлтүрүлгөн жумушчунун үй-бүлөсү реалисттик маанайда көрсөтүлгөн. Домье саясий карикатуранын ченемсиз чебери болгон. Ал бардыгы болуп төрт минден ашык карикатура жараткан. Домье менен дээрлик бир мезгилде реалисттик живопистин туусун Гюстав Курбе (1819–1877) да көтөргөн. Ал социалисттердин, демократтардын жана республикачылардын идеяларын бөлүшүүчү, революциянын талапкери жана андан тышкары «абдан реалист, б. а. чыныгы чындыктын ак ниеттүү жактоочусу» экендигин ачык билдирген. «Таш сомдоочулар», «Кездешүү», «Эгин сапырган аял» деген картиналарында Курбе эмгек адамдарын, алардын күчүн, кадыр-баркын көрсөткөн. Эл менен нукура байланышын өзүнүн искусствосу менен гана эмес, Курбе өз турмушун менен да далилдеген. Париж Коммунасынын күндөрүндө ал анын мүчөсү болгон, кийин түрмөгө түшкөн жана эмиграция-

да жүрүп өлгөн. Француздук улуу сүрөтчү Жан Милле (1814–1875) өзүнүн полотнолорунда жер иштетүүчү дыйкандардын оор эмгегин көрсөткөн. Анын «Машак терген аялдар», «Үрөөн себүүчү» деген картиналарында айылдык эмгекчилердин образдары көрсөтүлгөн.

**Архитектура** Коомдун турмушунда архитектура, өзгөчө мамлекеттик жана коомдук маанидеги ири имараттар чоң мааниге ээ болгон. Капитализм жеңген жана орногон доордо илим менен техниканын ийгиликтери чоң имараттарды, көпүрөлөрдү жана башка курулуштарды бир кыйла тезирээк курууга мүмкүндүк берди. Архитектуралык стилде болсо адегенде дворяндык монархиялардын, андан кийин буржуазиянын өсүп бараткан таасири үстөмдүк кылган. XVII–XVIII кк. биринчи жарымындагы архитектурада дворяндык классицизм жана барокко үстөмдүк кылган. Версалдын башкы сарайлары негизинен зор жана келишимдүү колонналары, портиктери, түз линиялары менен байыркы римдик (классикалык) имараттардын формасын элестетишкен. Бул имараттар архитектурадагы классицизмдин үлгүсү болуп кызмат кылат. Бул стиль Францияда көпкө жашаган. Ал Англияда да кеңири колдонулган (мисалы, Лондондогу ыйык Павел собору). Европалык бир катар өлкөлөрдө, өзгөчө Голландияда, Германияда жана Польшада XVII–XVIII кк. биринчи жарымында башка стиль пайда болгон. Ал жерде куполдору менен карниздери ийри-буйру, оор оймо-чиймелүү, дубалдар бирде ичке ийилсе, бирде сыртка карай сүйрү тарткан скульптуралык жасалгалары көп сарайлар менен чиркөөлөр курулган. XVII–XVIII кк. бул архитектуралык стиль тарыхта барокко деген ат менен белгилүү. Анын мисалдарынын бири XVII к. бүткөн Римдеги ыйык Петрдун собору. Барокко стилинде немец княздарынын көптөгөн сарайлары менен сепилдери, соборлор менен монастрлар курулган. Барокколук архитектура Польшада, Украинада жана Россияда өтө артыкчылыкка, көркөмдүккө жеткен.

Өнөр жай төңкөрүшүнүн натыйжалары искусствонун бардык түрлөрүнө, анын ичинде архитектурага да таасир берген. XIX к. ортосунда фабрика өндүрүшүнүн жана чоң шаарлардын өнүгүшү менен курулушта жаңы материалдар, өзгөчө темир, болот көп колдонула баштаган. Жаңы типтеги вокзалдар, болот көпүрөлөр, биржалар жана банктар, чоң дүкөндөр, көргөзмөлөрдүн имараттары, квартиралары ижарага берилүүчү турак үйлөр, жаңы театрлар, музейлер жана китепканалар пайда болгон.

Францияда Экинчи империянын стили, ал эми Англияда викториялык стиль (королева Викториянын ысымы боюнча) деп аталган, XIX к. ортосундагы архитектурада классицизмден четтөө жана мурдагы өткөн доорлордун ар кайсы стилдерин кайталаган сырткы оймо-чиймелери скульптуралык жасалгалары пайда болгон. Бул стиль байлыкка жана куру ысырапсыздыкка кулдук урууну көрсөткөн. Париждин «Гарнд Опера» театры мындай имараттын мисалы болуп саналат. Англияда жана айрым башка өлкөлөрдө орто кылымдагы готиканы (жалган готика стили) тууроо өнүккөн.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. XIX к. ортосунда илимий техникалык өнүгүшкө эмне түрткү берген?
2. Транспортто жана байланыштын өнүгүүсүн эмне менен далилдесе болот?
3. Көркөм адабиятта жазуучулар абсолюттук монархияны кандай ашкерелешкен?
4. Жазуучу жана акындардын чыгармаларындагы сын реализми кандай көрсөтүлгөн?
5. Музыка жанры кандай өнүктү, көрүнүктүү өкүлдөрү кимдер?
6. Живопись жана архитектурада XIX к. ортосунда кандай жаңылыктар болду?
7. Колдонмо дептердеги иштерди аткаргыла.

# СӨЗДҮК

**Аболиционисттер–** Америкадагы кулчулукту жоюу кыймылынын катышуучулары

**Абсолюттук монархия –** Мамлекеттин башкаруу формасы, ага ылайык саясий бийлик бир адамдын – монархтын колуна топтолот.

**Агрессия –** Бир мамлекеттин же улуттун эркине жана аймактык бүтүндүгүнө, саясий көз каранды эместигине каршы экинчи мамлекеттин куралдуу кол салуусу.

**Апийим согушу –** Англиянын апийимди жана башка англиялык товарларды, өзгөчө кездемелердин алынып келишин мыйзамдаштыруу үчүн Кытай менен болгон согушу.

**Аскердик-лендик система –** Мамлекетте аскер кызматын өтөгөнү үчүн жер алуу жана аны укумдан тукумга мураска калтырылуучу система.

**Африканерлер –** Африканын Түштүгүндө европалыктардан негизинен голландиялык укум-тукумдан чыккан колонистер өздөрүн ушундай атаган.

**Бойкот –** Айрым адам, мамлекет жана башкалар менен кандайдыр бир мамилелерди токтотуп коючу күрөштүн куралы.

**Бонопартизм –** Тарыхый жактан таптардын ортосунда «жылмалоочу» саясий-согуштук диктатуранын формасы.

**Генералдык штат –** XIV–XVIIкк. феодалдык Франциядагы сословиелик өкүлдүктүн жогорку органы.

**Гомстед –** Үй куруу үчүн жер, чарбак, үлүш жер.

**Граждандык согуш –** Социалдык конфликтти чечүүнүн акыркы чегине жеткен курч формасы, бир мамлекеттин чегиндеги улуттук топтордун, социалдык топтордун, таптардын ортосундагы бийлик үчүн уюштурулган күрөш.

**Доминион –** Колониялык империянын чегинде өзүн-өзү башкаруу укугун алган колония.

**Диктатура –** Мамлекетте бийликти ишке ашыруу системасын мүнөздөөчү түшүнүк, бийлик бир кишинин – диктатордун, же бир нече кишинин колуна топтолуп, мамлекеттик бийлик эч чектелбей куралдуу зомбулук, террор жолу менен жүргүзүлөт.

**Зеамет** – Ирандагы ири жер ээси.

**Заговор (кутум)** – Белгилүү бир саясий максатты көздөгөн, саясий күчтөргө кирген бир нече адамдардын бирөөгө же саясий бийликке каршы макулдашып уюшулушу.

**Касталар** – Индиядагы бири-бирине өтүүгө мүмкүн болбогон адамдардын тобуна бөлүнүүсү.

**Концессия** – Мамлекеттик ишкананы кимдир бирөөгө белгилүү мөөнөткө эксплуатациялоого өткөрүп берүү жөнүндөгү келишим.

**Каолиция** – Эки же бир нече мамлекеттин жалпы душманга каршы саясий жана согуштук союзу.

**Капиталисттик монополия** – Ири ишкана ээлери же ишкана ээлеринин союзу тарабынан пайда табууну көбөйтүү максатында бир же көп өлкөлөрдө белгилүү бир тармактын бир кыйла же а түгүл басымдуу бөлүгүнө контролдук орнотуу.

**Креол**– Латын Америкадагы жергиликтүү болуп калган испандыктар.

**Латифундия** – Латын Америкасындагы ири жер ээлөөчүлөр.

**Луддизм** – Жумушчулардын күрөшүнүн бир формасы машиналарды жана фабриканын имаратын талкалоо.

**Мулат** – Америкадагы европалыктар менен африкалыктардын никесинен туулган балдар.

**Протекторат** – Көз карандылыктын формасы, мында бир мамлекет (калкалоочу) коргойм деген шылтоо менен экинчи бир мамлекеттин (калкалануучу) тышкы саясий өз алдынчалыгынан ажыратат да өзүнүн резиденти аркылуу чындыгында анын иштерин контролдойт.

**Парламенттик монархия** – Мамлекетти башкаруунун формасы: өкмөт королдун алдында эмес, парламенттин алдында жоопту болушу.

**Республика** – Башкаруунун формасы: мамлекеттик бийликтин жогорку органдары же шайланышат же жалпы улуттук өкүлчүлүк уюмдары тарабынан түзүлүшөт.

**Роялисттер** – Бурбондордун династиясынын жолун жолдоочулар (монархистер).

**Рассалык дискриминация** – Адамдын расалык тиешелүүлүгүнө к ата укуктарын чектөө жана эзүү.

**Революция** – Коомдун турмушундагы түп-тамырынан бери болгон бурулуш анын жүрүшүндө мамлекеттик бийликтин жана менчиктин үстөмдүк кылган түрүнүн алмашылышы ишке ашат.

**Рассизм** – Расалардын жана элдердин теңсиздиги жөнүндө реакциячыл көз караш.

**Сипайлар** – Ост-Инд компаниясы жергиликтүү индустардан жалданма армия түзгөн.

**Саясий кризис** – Саясий бийликтин ишинин туруксуздугу, шайкеш келбестиги, экономикалык процесстерде башкаруу мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөшү.

**Тайпиндер** – Кытайдагы дыйкандар согушунун катышуучулары. Алар жалпы тең укуктуулук идеясын тараткан жана «Улуу жыргалчылыктын асман мелжиген мамлекетин» түзүүгө аракет кылышкан.

**Тең укуктуу эмес келишим** – Күчтүү держава тарабынан андан алсыз мамлекетке бир жактуу түрдө милдеттер таңууланган келишим.

**Теократия** – Мамлекеттик башкаруунун түрү: мамлекетти башкаруу көбүнчө дин кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт.

**Терроризм** – Саясий күрөштүн ыкмасы: саясий жана башка каршылаштарын коркутуу жана басым көрсөтүү максатында эч нерсе менен чектелбеген, зордук-зомбулуктун колдонулушу.

**Тимары** – Осмон империясында аскер кызматын өтөгөндүгү үчүн берилүүчү жана мураска калтырылуучу жер.

**Тимариот** – Мураска калтырылуучу жердин ээси.

**Шайлоочу мүлк цензи** – Буржуазиялык мамлекеттерде шайлоо укугун алуу үчүн зарыл кирешенин же мүлктүн көлөмү.

**Энциклопедия** – Латын сөзүнөн келип чыккан, билимдердин, ыкмалардын чөйрөсүнө үйрөтүү азыркы учурда ар кайсы предметтер боюнча толук макалалардын сөздүгү.

**Өнөр жай төңкөрүшү** – Бул жумушчунун кол эмгегин алмаштырган машинанын ойлонуп чыгарылышы жана колдонулушу.

**Янычарлар** – Осмон империясындагы атайы даярдалган аскерлер. Алар осмондор басып алган аймактардагы христиан дининдеги балдардан түзүлгөн.

# КАРТАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

Англия буржуазиялык революциянын мезгилинде.
Нейзбинин алдындагы салгылашуу
Англиянын өнөр жай өнүгүшү. XVIII к.
1775–1783-жылдарда Түндүк Америкадагы революциялык согуш
Улуу француз буржуазиялык революциясынын башталышы.
Вальманын жанындагы салгылашуу.
Революциячыл Франциянын 1792–94-жж. тышкы жана ички контрреволюцияга каршы күрөшү.
Франциядагы революциялык согуштар.
Россия XVII к. аягы XVIII к. 60-жылдарына чейин (европалык бөлүгү).
Европадагы 1848–1849-жж. революциялар.
Италия бириктирүү мезгилинде (1859–1870).
Германиянын биригиши (1864–1871).
Жарандык согуштун маанилүү аракеттери (АКШ).
Латын Америкасы XVIII к. аягында – XIX к. биринчи жарымында.
1789–1870-жж. Балкан жарым аралындагы өлкөлөр.
Иран XIX к. биринчи жарымында.
Кытай XIX к. биринчи жарымында.
1850–64-жж. тайпиндер көтөрүлүшү.
Индиядагы 1857–59-жж. элдик көтөрүлүш.

# ИЛЛЮСТРАЦИЯЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

Оливер Кромвель.
Карл I Стюартты өлүм жазасына тартуу.
Ричард Аркрайттын фабрикасы.
«Дженни» ийирүү станогу.
Джеймс Уаттын буу машинасы.
Барометри, микроскоп, телескоп.
А.Лемоньер. Жоффрен айымдын салонунда энциклопедисттердин жыйналышы.
Шарль Монтескье.
Франсуа Вольтер.
Жан Жак Руссо.
«Көз каранды эместик Декларациясын кабыл алуу».
«Бостондук чай ичүү» 1773-ж.
Джордж Вашингтон.
Томас Джефферсон.
Бенджамин Франклин.
Генерал Корнуэлистин англиялык аскерлеринин капитуляциясы.
Бастилияга чабуул.
Улуттук чогулуш.
Максимилиан Робеспьер.
Жан Поль Марат.
Наполеон Бонопарт.
П. Бержере. Наполеон жана Александр I.
Поляктарды кууп чыгуу.
Улуу Петр I (1689–1725).
А.В.Суворов Альпыда.
М. Ломоносов.
Англиядагы биринчи темир жол (1825).
Эссендеги завод (Германия).
Металлургиялык цех (Франция).
Джузеппе Гарибальди.
Чартистердин парламентке петиция алып бараткан учуру.
Виккер заводундагы чоюн эритүүчү цех.
Сен-Дени дарбазасынын жанындагы салгылашуу (Париж 1830-ж., 28-июль).
Луи Бонапарт.
Париж көчөлөрүндөгү кармашуулар.
Камилло Кавур.
1860-ж. Гарибальди менен король Эммануилдин кездешүүсү.
Отто фон Бисмарк.
Джон Браун.
Аврахам Линкольн.
Түштүк штаттар аркылуу Түндүк армиянын жүрүшү.
Александр II.
Севастополду коргоо.
Стрелецкидеги өлүм жазасынын таңы (худ. В. Суриков. 1881 г.).
Колумбияны бошотуу (1819).
Симон Боливар.
Стамбул.
Султан Абдул Меджид.
Муцухито.
Тайпиндердин отряды салгылашып жатат.
Кантондун ачылышы.
Делинин алдындагы салгылашуу (1857).
Туткундалган сипайлардын англичандар тарабынан атылышы.
Британдык аскерлери менен зулу урууларынын ортосундагы согуш.
Абд-эль-Кадыр.
Джордж Байрон.
Виктор Гюго.
Генрих Гейне.
Оноре де Бальзак.
Людвиг ван Бетховен.
Фридерик Шопен.
Ф. Гойя. «Күрөшүүчүлөрдү атуу».
Э. Делакруа. «Хиос аралындагы кыргын».
Г. Курбе «Таш сомдоочулар».

# МАЗМУНУ

Кириш сөз ........................................................... 3

*I бөлүм*

**Буржуазиялык революциялык доорунда**

§ 1. XVII к. Англиядагы буржуазиялык революция ........................... 5
§ 2. XVIII к. Англия. Өнөр жай революциясы .. ........................... 12
§ 3. Агартуу доору.......................................................... 15
§ 4. Түндүк Америка XVIII кылымда.......... ................................ 20
§ 5–6. XVIII к. Улуу Француз буржуазиялык революциясы ................... 29
§ 7. Термидорлор мезгилиндеги Франция жана биринчи
империянын түзүлүшү ...................................................... 40
§ 8–9. Россия мамлекети XVII–XVIII кылымдарда .......................... 47

*II бөлүм*

**Европа жана Түндүк Америка өлкөлөрү XIX кылымда**

§ 10–11. Европалык өлкөлөрдүн өнүгүшүнүн жалпы багыттары ............... 61
§ 12–13. Европадагы 1848–1849-жылдардагы революциялар.
Франциядагы 1848-жылдагы февраль революциясы ............................ 69
§ 14. Улуу Британия ........................................................ 78
§ 15–16. Франция .......................................................... 84
§ 17. Италиянын улуттук биригүүсү ........................................ 92
§ 18. Германиянын биригиши ................................................ 96
§ 19–20. Америка Кошмо Штаттары .......................................... 100
§ 21–22. Россия империясы ................................................ 112

*III бөлүм*

**Латын Америкасындагы, Азиядагы жана Африкадагы
өлкөлөр жаңы доордо**

§ 23. Латын Америкасы ..................................................... 121
§ 24. Осмон империясы VIII к. аягы XIX к. башында ......................... 127
§ 25. Иран XVIII аягы XIX к. ортосунда ..................................... 135
§ 26. Япония ............................................................... 145
§ 27. Кытай XVII к. аягы XX к. башында ..................................... 149
§ 28. Индия XVII к. аягы XIX к. башында .................................... 157
§ 29. Африка ............................................................... 165
§ 30. XIX–XX кк. эл аралык мамилелер ....................................... 168
§ 31–32. XVIII к. аягы XIX к. башындагы маданият ........................... 172
Сөздүк ................................................................... 187
Карталардын тизмеси ...................................................... 190
Иллюстрациялардын тизмеси ................................................ 190

*Окуу басылмасы*

**Дөталиев Асылбек Көбөгөнович**
**Иманкулов Мурат Калматович**
**Саалаев Өскөн Балталиевич**

ЖАҢЫ ТАРЫХ
8-класс
Орто мектептер үчүн окуу китеби

Редактору *Ж. Шейшеналиев*
Көркөм редактору *Ж. Субанов*
Компьютердик калыптоочу *Ж. Субанов*
Корректорлору *С. Дуулатова, Э. Сакеева*
Техн. редактору *Г. Жатаева*

Терүүгө 5.01.07 берилди. Басууга 7.03.07 кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60x90/16 12,0 ф.б.т. «ShoolBookCTT» ариби. Нускасы 68000.

Бишкек ш., «Билим-компьютер» басмасы, Эркиндик, 25.

«Учкун» ААК басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24.